# МАЗМУНУ


Кыскартуулардын тизмеси 3

КИРИШҮҮ 5

1-БӨЛҮМ.
Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) жана анын аппаратынын 2020-жылдагы ишмердүүлүгүнүн багыттары 7

1.1. 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) келип түшкөн арыз-даттануулардын саны жана мүнөзү 7
1.2. КР Акыйкатчы аппаратынын «115 шыр байланыш» телефону аркылуу 2020-жылдын ичиндеги кайрылуулар тууралуу маалымат 17
1.3. Кыргыз Республикасы – эл аралык коомчулуктун бөлүгү 23
1.4. Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү 27
1.5. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2020-жылдагы Көңүл буруу актылары 39
1.6. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2019-жылкы баяндамасында каралган сунуштамаларды аткаруу жөнүндө 44

2-БӨЛҮМ.
Социалдык, экономикалык жана маданий укуктар 47

2.1. Эркинен ажыратуу жана чектөө жайларындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын (ДМЧА) укуктары 47
2.2. Саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин укуктарынын сакталышы 59
2.3. Жашы пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» жөлөкпулга болгон укугу 66

3-БӨЛҮМ.
Аялдардын жана балдардын укуктары 69

3.1. Аялдардын жана балдардын укуктары жана COVID-19 шартында жабык мекемелерге мониторинг жүргүзүү боюнча ишмердүүлүк 69
3.2. Туулгандыгын каттоо укугу – ар бир баланын укугу 71
3.3. Жарандардын алименттерди өз убагында алуу укугу 75
3.4. Балдардын жатак мекемелеринде балдарды зордук-зомбулуктан жана аёосуз катаал мамилелерден коргоону камсыз кылуу 80

4-БӨЛҮМ.
Жарандык жана саясий укуктар 85

4.1. Эмгек мигранттарынын укуктары 86
4.2. Жарандардын шайлоо укуктары 93

5-БӨЛҮМ.
Адилеттүү соттук териштирүүгө укук 103

5.1. Сот отурумдарына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары (адилеттүү соттук териштирүүгө болгон укуктун бузулушуна даттануулар) 103
5.2. Адилеттүү соттук териштирүүгө укук 108
5.3. Соттук териштирүүнүн ачыктыгын камсыздоо кепилдиктеринин актуалдуу маселелери 111

6-БӨЛҮМ.
Эркиндиги чектелген жана эркиндигинен ажыраткан жайларда жаткан жарандардын укуктары 114

6.1. Өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаалдар шартында укук коргоо органдарынын аракеттерине болгон жарандардын даттануулары 116
6.2. Пандемиянын шартында тергөө изоляторлорунда адам укуктарынын жана саламаттыгынын сакталышы 121

7-БӨЛҮМ.
Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктары 126

ТИРКЕМЕЛЕР 137

1-Тиркеме. 2020-жылы жарандын жана адамдын укуктарын бузган, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамалары менен эсептешпеген мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси 137
2-тиркеме. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2020-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет 140

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| АИЖВ | Адам иммунитетинин жетишсиздигинин вирусу |
| АТС | Автоматтык телефондук станция |
| АТФ | Азия-Тынч океан форуму |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираты |
| БИМ | Билим берүү жана илим министрлиги |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| БУУӨП | Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасы |
| БжК | Бузуулар жөнүндө кодекси |
| БШК | Борбордук шайлоо комиссиясы |
| БСУ | Бүткүл дүйнөлүк саламаттык уюму |
| ДИМК | Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия |
| ДМЧА | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар |
| ДПМ | Дарылоочу психиатриялык мекемелер |
| ЕАЭБ | Евразиялык экономикалык биримдик |
| ЕККУ | Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму |
| ЖААК | Жарандык абалдын актыларын каттоо |
| ЖАК | Жазык аткаруу кодекси |
| ЖАМК | Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы |
| ЖжК | Жоруктар жөнүндө кодекс |
| ЖК | Жазык кодекси |
| ЖМК | Массалык маалымат каражаттары |
| ЖӨБ | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу |
| ЖПК | Жазык-процесстик кодекси |
| ЖПК | Жарандык процесстик кодекси |
| ЖСУЭП | Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты |
| ЖУУКБ | Жашы жетпеген укук бузуучуларды убактылуу кармоочу борборлор |
| ИИБ | Ички иштер башкармалыгы/бөлүмү |
| ИИББ | Ички иштер башкы башкармалыгы |
| ИИМ | Ички иштер министрлиги |
| КИМК | Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети |
| КЖБР | Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КР ЖК | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| КР ЖПК | Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси |
| КР ЖПК | Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодекси |
| КР ЖС | КР Жогорку соту |
| КБ | Коомдук бирикме |
| КМШ | Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги |
| КФ | Коомдук фонд |
| КЭУ | Коммерциялык эмес уюм |
| МКК | Мамлекеттик каттоо кызматы |
| МКЮЖ | Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам |
| МКЮЖ КБ | Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо борбору |

| | |
|---|---|
| ММКФ | Милдеттүү медициналык камсыздоо фонду |
| МСЭК | Медико-социалдык эксперттик комиссия |
| ӨА | Өзгөчө абал |
| ӨК | Өзгөчө кырдаал |
| ӨКМ | Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| ӨЭА | Өмүр бою эркинен ажыратылган |
| ПСБ | Психиатриялык саламаттык борбору |
| РБПО | Республикалык балдар психиатриялык ооруканасы |
| РИИБ | Райондук ички иштер башкармалыгы |
| РПО | Республикалык психиатриялык оорукана |
| РПСБ | Республикалык психикалык саламаттык борбору |
| РФ | Россия Федерациясы |
| САКБ | Сот аткаруучулар кызматы бөлүмү |
| СДМ | Социалдык дарылоо мекемеси |
| СМБ | Стационардык медициналык борбор |
| ССМ | Стационардык социалдык мекеме |
| СУИБ | Саясий укуктук изилдөөлөр борбору |
| СЭС | Санитардык эпидемиологиялык станция |
| ТИЗО | Тергөө изолятору |
| ТИМ | Тышкы иштер министрлиги |
| ТК | Түзөтүү колониясы |
| УКЖ | Убактылуу кармоо жайы |
| УКМК | Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети |
| ҮДБ | Үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору |
| ШМБ | Шаардык милиция бөлүмү |
| ЭСӨМ | Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги |
| ЭЭУ | Эл аралык эмгек уюму |
| ЮНИСЕФ | БУУнун Балдар фонду |

# КИРИШҮҮ

Сиздердин назарыңыздарга 2020-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмениниң) баяндамасы сунушталууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 108-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзөт. Акыйкатчынын ишмердигинин тартиби жана Жылдык баяндама берүүгө талаптар «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында[1] аныкталган.

Баяндамада Акыйкатчынын жана аппарат кызматкерлеринин кароосуна ар түрдүү ыкмалар менен – жазуу жүзүндөгү кайрылуулар, 115 шыр байланыш кызматынын кыска номерине келип түшкөн телефон чалуулар, жабык мекемелерге мониторинг жүргүзүп барган учурлардагы арыздардын саны жана мүнөзү тууралуу маалыматтар камтылган. Ошондой эле адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жакшыртуу боюнча ишмердик тууралуу жана буга чейинки жылдардагы сунуштамалардын аткарылышы боюнча маалыматтар келтирилген.

Баяндамада Кыргыз Республикасынын адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелерине байланыштуу БУУнун адам укуктары боюнча негизги келишимдеринде катышуусу боюнча маалыматтар, мамлекеттин «келишимдик органдар» деп аталган (БУУ комитеттери) уюмдарга 2020-жылдагы отчеттуулугу, баяндамалардын даярдалышынын жана каралышынын абалы (пандемиянын айынан КР айрым баяндамаларын кароо БУУ комитеттеринин кийинки сессияларына жылдырылган) жөнүндө маалыматтар камтылган. Басылмада тиешелүү сурап-билме маалыматты алуу үчүн: БУУнун Адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге катышуусу, улуттук баяндамаларды берүүнүн мөөнөттөрү, мурдагы баяндамалар боюнча сунуштамалар, баяндамаларды берүү процессинде Кыргыз Республикасына даректелген суроолордун тизмеси боюнча шилтемелер келтирилген.

Баяндамада Акыйкатчынын башка мамлекеттердин адам укуктары боюнча улуттук мекемелери менен эл аралык кызматташтыгы жана алардын аймактык бирикмелердеги (ассоциациялардагы) өз ара аракети тууралуу маалымат бар. Эл аралык принциптерге ылайык, ал көз карандысыз жана адам укуктарын коргоо жана илгерилетүү боюнча ишмердигин натыйжалуу жүргүзүү үчүн мандатка ээ болот, ошондой эле ага тиешелүү талаптар коюлуп, көз карандысыз баалоо жүргүзүлөт (рейтинг ыйгарылат). КР Акыйкатчысы жана Кыргыз Республикасы үчүн мамлекеттин беделинин бир бөлүгү катары мамлекеттик укук коргоо институтунун жогорку беделин алуусу үчүн Омбудсмендин ишмердигинин натыйжалуулугунун зарыл кепилдиктерин камсыздоо өтө маанилүү.

Коронавирус пандемиясы бүткүл дүйнөдөгү абалга таасирин тийгизди. Кыргыз Республикасында да башка өлкөлөр менен бир катарда коронавирустун жайылышына баам салынып, анын залакаларын азайтуу боюнча чаралар көрүлдү, экинчи тарабынан, адамзат үчүн келип чыккан жаңы чакырыкты, реалдуу, экономикалык, уюштуруучулук жана техникалык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен, мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун камсыздоо талап кылынды.

Баяндамада бир катар органдардын ишинин натыйжалуулугу жана келип чыккан көйгөйлөрдү ыкчам чечүү маселеси көтөрүлгөн. Акыйкатчы пандемия шарттарында (саламаттыкты сактоо, сот адилеттигине жетүү жана процесстеги тараптардын теңдигин камсыздоо максаттарында, чектөөлөргө жол коюлгус абсолюттук укук жана эркиндиктердин

[1] Караңыз. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1093.

болушу) укуктар менен эркиндиктерге киргизилген чектөөлөрдүн шайкештиги, юрисдикциясында турган адамдар үчүн мамлекеттин жоопкерчилиги, ошондой эле эл аралык кызматташтык маселелерин көтөргөн.

Баяндаманын тиешелүү тематикалык бөлүмдөрүндө укук коргоо институту катары Акыйкатчынын (Омбудсмендин), борбордук аппараттын бөлүмдөрүнүн жана кызматкерлеринин, аймактык өкүлчүлүктөрүнүн жана Психиатриялык мекемелерде жүргөн бейтаптардын укуктарын коргоо Кызматынын иши тууралуу маалыматтар ачып берилген. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан сакталышына парламенттик контролду жүзөгө ашырат. Бир жагынан Акыйкатчы, мажбурлоо механизмине ээ эмес жана жоопкерчиликке өз алдынча тарта албайт. Экинчи жагынан, Акыйкатчы белгилүү бир укук бузуулар боюнча көңүл буруу актыларын жолдоп, айрым кызмат адамдарын жоопкерчиликке тартуу маселесин коюу укугуна ээ.

Баяндаманын тиешелүү бөлүмдөрүндө укук бузуучуларды белгилүү бир учурларда атап өтүүдөн тышкары, баяндаманын 1.5-бөлүмчөсүндө КР Акыйкатчысынын Көңүл буруу актылары жөнүндө маалыматтар келтирилген, ал эми №1 Тиркемеде жарандын жана адамдын укуктарын бузган, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамалары менен эсептешпеген мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси берилген. Кызмат адамдарынын аракети же аракетсиздиги зарылдыгына жараша Акыйкатчынын баяндамасынын тиешелүү бөлүмдөрүндө ачыкталып берилген. Ал эми арыз ээлери тууралуу маалыматтар мыйзам талаптарына ылайык, баяндамада алар макул болгон шартта толук берилип, ал эми башка учурларда адамдын жеке жашоосуна аяр мамиле жасап, купуялуу мүнөздө да берилген.

Акыйкатчынын борбордук аппаратынын дареги: 720040, Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү 120, эл. дарек ombudsman@inbox.ru, сайт www.ombudsman.kg, тел. +996(312)66-32-80 (канцелярия), 66-31-47 (басма сөз кызматы), факс +996 (312) 66-33-32, 115 шыр байланыш – кыска номери (КР аймагындагы бардык стационардык жана уюлдук телефондордон, анын ичинде жабык мекемелерди кошо алганда, акысыз чалууга болот).



# 1-БӨЛҮМ.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) ЖАНА АНЫН АППАРАТЫНЫН 2020-ЖЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БАГЫТТАРЫ

## 1.1. 2020-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНА (ОМБУДСМЕНИНЕ) КЕЛИП ТҮШКӨН АРЫЗ-ДАТТАНУУЛАРДЫН САНЫ ЖАНА МҮНӨЗҮ

2020-жылы Акыйкатчыга (Омбудсменге) 9 572 адам кайрылган. 132 кайрылуу жамааттык мүнөздө болгон. 4 267 жаран өз укуктары боюнча тиешелүү кеп-кеңештерди алышты. Арыздар тууралуу маалыматтар аймактар боюнча, кайрылуу формасы, кайрылуу органы, ошондой эле арыз берүүчүнүн социалдык статусу боюнча берилет. Ошондой эле «115 шыр байланыштын» аткарган иши тууралуу маалымат берилет.


Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ар бир адамга жеке өзү же өкүлү аркылуу мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү бийлик органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылуу укугуна кепилдик берет, алар ага мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрдө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү.[2]

[2] КР Конституциясынын 41-беренеси http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913


КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердүүлүгүнүн негизги багыты – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулганы тууралуу жарандардын кайрылууларын карап чыгуу, фактыларды текшерүү, укуктары бузулган учурларда аларды калыбына келтирүү болуп саналат. Адам укуктары ага төрөлгөндөн баштап таандык, ошондуктан алар бөлүнгүс жана ажырагыс жана мамлекеттин карамагында турган ар бир адамга кепилденген.

Акыйкатчыга келип түшкөн бардык кайрылуулар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын өзү же анын орун басарлары тарабынан мамлекеттин мыйзамдарына ылайык, аппараттын кызматкерлерине териштирип кароо үчүн тиешелүү тапшырмалар берилет. 2020-жылы КР Конституциясында жана өлкөнүн ченемдик укуктук актыларында каралган ченемдерге ылайык, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине республиканын жарандарынан жана чет мамлекеттердин жарандарынын атынан 3 255 жазуу түрүндөгү кайрылуу келип түшкөн. Келип түшкөн 3 255 жазуу жүзүндөгү кайрылуунун ичинен 2 017си (61,9%) Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын борбордук аппаратына келип түштү, бул өткөн жылга салыштырмалуу 668 (17%) кайрылууга аз болду. Анын ичинен 2 050 адам кол койгон 132 (4,05%) жамааттык кайрылуулар болгон. Ошондой эле, 4 267 адамга маселени чечүү үчүн кайсы органдарга кайрылышы керектиги тууралуу тиешелүү оозеки түшүндүрмөлөр, юридикалык кеп-кеңештер жана сунуштар берилди. 2020-жылы кайрылган жарандардын жалпы саны 9 572 адамды түздү.

***1.1.1-диаграмма. 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келип түшкөн оозеки жана жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын саны жөнүндө маалымат***




***1.1.2-диаграмма. 2016-2020-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келген кайрылуулардын жалпы саны жөнүндө маалымат***



*1.1.3-таблица. 2020-жылы КР Акыйкатчысынын борбордук аппаратына жана анын аймактык өкүлчүлүктөрүнө келген кайрылуулардын саны жөнүндө маалыматтар*

| № | Аталышы | 2020-жылы кат жүзүндөгү кайрылуулардын жалпы саны | 2020-жылдын 31-декабрына карата аткарылган жана көзөмөлдөн алынган кайрылуулардын саны | Аткарылган арыздардын пайыздык чемеми | Арыз ээсинин пайдасына чечилген арыздардын саны | Арыз ээсинин пайдасына чечилген арыздардын пайыздык чени | Караулудагы арыздардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Борбордук аппарат, Бишкек ш. | 2 017 | 1 734 | 85,9 | 112 | 6,4 | 283 |
| **Аймактардагы өкүлчүлүктөргө келген кайрылуулардын саны (облустар боюнча)** | | | | | | | |
| 2. | Чүй облусу | 251 | 218 | 86,8 | 51 | 23,0 | 33 |
| 3. | Ысык-Көл облусу | 305 | 303 | 99,3 | 49 | 16,1 | 2 |
| 4. | Ош облусу | 210 | 202 | 96,2 | 33 | 16,3 | 8 |
| 5. | Жалал-Абад облусу | 125 | 114 | 91,2 | 28 | 24,5 | 11 |
| 6. | Нарын облусу | 180 | 173 | 96,0 | 53 | 30,6 | 7 |
| 7. | Баткен облусу | 116 | 106 | 91,4 | 5 | 4,7 | 10 |
| 8. | Талас облусу | 51 | 50 | 98,0 | 12 | 24,0 | 1 |
| | | **3 255** | **2 900** | **89,0** | **343** | **11,8** | **355** |

Мурунку жылдардагыдай эле, жалпы 3 255 жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын ичинен эң көбү – 2 017 (61,9%) Акыйкатчынын борбордук аппаратына келген, ошондой эле, Акыйкатчынын аймактардагы жети өкүлчүлүктөрүнө келип түшкөн кайрылуулардын саны: Чүй облусуна – 251 (7,6%), Ош шаары жана Ош облусуна – 210 (6,5%), Ысык-Көл облусуна – 305 (9,3%), Нарын облусуна – 180 (5,8%), Жалал-Абад облусуна – 125 (3,8%), Баткен облусуна – 116 (3,6%) жана Талас облусуна – 51 (1,6%).

2020-жылы келип түшкөн жазуу түрүндөгү 3 255 арыздын ичинен 2 900 арыз (89,0%) аткарылып, көзөмөлдөн чыгарылган, анын ичинен 343 (11,8%) кайрылуу арыз ээлеринин пайдасына чечилген. Мисалы, алардын катарында майыптар, пенсионерлер, көп балалуу үй-бүлөлөр, жумуштан мыйзамсыз бошотулган жарандар, камактагылар, турак жай көйгөйлөрү жана башка маселелер бар. Бардык арыз ээлери мыйзамдарга ылайык, өз убагында жазуу жүзүндө жооп алышат. 2020-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүндө жана аймактык өкүлчүлүктөрүндө 355 жазуу түрүндөгү кайрылуулар каралып жаткан же иликтенүү учурунда болгон – алар негизинен 2020-жылдын декабрь айынын акыркы күндөрүндө келип түшкөн, кароо мөөнөтү өтө элек же узартылып 2021-жылдын кароосуна өткөн кайрылуулар болгон.

Арыздар жана даттануулар негизинен жергиликтүү аймактарда мамлекеттик тилде, ал эми шаарларда расмий тилде келип түшөт. Өлкөнүн мыйзамдарына ылайык, кайрылуу кайсы тилде келсе, аларга ошол тилде жооп кайтарылат.

Отчеттук мезгилде Акыйкатчынын борбордук аппаратына келип түшкөн 2 017 жазуу жүзүндөгү арыздарды иликтеп караганда 1 090 (54,04%) арыз – шаар тургундарынан, 710 (35,2%) арыз – айыл жергесинин тургундарынан, 118 (5,85%) арыз – эркинен ажыратылган жайлардагы

адамдардан, 45 (2,23%) арыз – чет элдик жарандардан, 38 (1,88%) арыз – «115 шыр байланыш» телефону аркылуу, 16 (0,79%) арыз – туруктуу жашаган дареги жок жарандардан келген.

***1.1.4-таблица. Кайрылууларды арыз ээлеринин жынысы боюнча бөлүштүрүү***

| | Аймактар | Аялдар | Эркектер | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Борбордук аппарат | 1 026 | 991 | 2 017 |
| 2 | Баткен обл. | 67 | 49 | 116 |
| 3 | Жалал-Абад обл. | 72 | 53 | 125 |
| 4 | Ысык-Көл обл. | 115 | 190 | 305 |
| 5 | Нарын обл. | 79 | 101 | 180 |
| 6 | Ош обл. | 131 | 79 | 210 |
| 7 | Талас обл. | 32 | 19 | 51 |
| 8 | Чүй обл. | 152 | 99 | 251 |
| | **Баардыгы** | **1 674** | **1 581** | **3 255** |

Жылдык анализ көрсөтүп тургандай, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына көпчүлүк учурларда жумушсуз жарандар жана пенсионерлер кайрылышат. Мисалы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) 2020-жылы жазуу жүзүндө арыз менен кайрылгандардын саны боюнча маалыматтарга ылайык, социалдык курамы боюнча кайрылгандардын көпчүлүгү жумушсуздар болгон – 777 (23,9%), андан кийин пенсионерлер – 550 (16,9%), ошондой эле, бюджеттик уюмдардын кызматкерлери – 202 (6,20%) болду, ал эми, эң аз кайрылгандар – студенттер, мектеп окуучулары, аскер кызматкерлери, КР ЖКнын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары болушту.

***1.1.5-таблица. 2020-жылдагы социалдык топтордун кайрылуулары боюнча маалыматтар***

| № | 2020-жылы Акыйкатчыга жазуу жүзүндө кайрылган жарандардын социалдык курамы | Кайрылуулар-дын саны | Пайыз менен |
|---|---|---|---|
| 1 | Жумушсуздар | 777 | 23,9 |
| 2 | Пенсионерлер | 550 | 16,9 |
| 3 | Бюджеттик уюмдардын кызматкерлери | 202 | 6,2 |
| 4 | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар | 113 | 3,5 |
| 5 | Камактагылар, соттолгондор, айыпталгандар | 145 | 4,5 |
| 6 | Адвокаттар | 124 | 3,8 |
| 7 | Саясий партиялардын жана ӨЭУ мүчөлөрү | 157 | 4,8 |
| 8 | Бизнесмендер, ишкерлер | 75 | 2,3 |
| 9 | Фермерлер | 41 | 1,3 |
| 10 | Студенттер жана мектеп окуучулары | 15 | 0,4 |
| 11 | КР ЖКнын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары | 4 | 0,1 |
| 13 | Аскер кызматкерлери | 24 | 0,7 |
| 14 | Чет элдик жана КМШ өлкөлөрүнүн жарандары | 53 | 1,6 |


| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Башкалар | 251 | 7,7 |
| 16 | Кайрылууда өздөрүнүн социалдык абалын көрсөтпөгөндөр | 724 | 22 |
| | **Баардыгы** | **3 255** | **100%** |

Акыйкатчынын (Омбудсмендин) наамына кайрылгандардын жаш курагы боюнча жүргүзүлгөн анализ көрсөтүп тургандай, 2020-жылы 51 жаштан 60 жашка чейинки жарандардын саны 568ди же 17,45% көпчүлүктү түздү, ал эми, эң азы 91 жаш жана андан улуулардан болгону 8 гана же 0,2% кайрылуу болду. Ошондой эле, 18 жашка чейинки жашы жете элек өспүрүмдөр тарабынан 12 гана арыз түшкөн, бул кайрылгандардын жалпы санынын 0,03%ын түзөт.

***1.1.6-таблица. 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) кайрылган жарандардын жаш курагы боюнча маалымат***


| №/№ | Жашы | Кайрылуулардын саны | Пайыз менен % |
|---|---|---|---|
| 1 | 18 жашка чейин | 12 | 0,36 |
| 2 | 18-25 | 75 | 2,3 |
| 3 | 26-30 | 171 | 5,25 |
| 4 | 31-40 | 382 | 11,7 |
| 5 | 41-50 | 389 | 11,9 |
| 6 | 51-60 | 568 | 17,45 |
| 7 | 61-65 | 151 | 4,6 |
| 8 | 66-70 | 155 | 4,76 |
| 9 | 71-80 | 70 | 2,15 |
| 10 | 81-90 | 33 | 1,01 |
| 11 | 91 жаштан жогоркулар | 8 | 0,2 |
| 12 | Такталбагандар (кайрылууда жаш курагы көрсөтүлгөн эмес) | 1 255 | 38 |
| | **Баардыгы** | **3 255** | **100%** |

***1.1.7-диаграмма. 2016-жылдан тартып 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) кайрылган жазуу түрүндөгү арыздардын санынын өзгөрүү динамикасы***



Жазуу түрүндөгү кайрылуулар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына ар кандай жолдор менен келип түшөт. Мисалы, 2020-жылы 3 255 кайрылуунун ичинен 2 063 (63,37%) кайрылууну Акыйкатчынын борбордук аппаратынын жана облустук өкүлчүлүктөрүнүн коомдук кабылдамасы аркылуу жарандар өздөрү келип жазып кетишкен; 599 (18,40%) кайрылуу – почта аркылуу келип түшкөн; 261 (8.01%) кайрылуу – электрондук почта аркылуу келген жана жалпыга маалымдоо каражаттарынан алынган; 160 (4.91%) кайрылуу – Акыйкатчы жана анын кызматкерлери тарабынан өз жеринде алынган; 134 (4,11%) кайрылуу – факс аркылуу келген; 38 (1,16%) кайрылуу – «115 шыр байланыш» телефону аркылуу келген арыздар болду. Негизинен, көпчүлүк өлкө ичиндеги жарандар Акыйкатчы аппаратына өздөрү келип, кызматкерлерден тиешелүү юридикалык консультацияларды алып, жеринде арыз жазууну туура көрүшөт.


***1.1.8-диаграмма. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келген кайрылуулардын келүү жолдору***




КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Т.Б. Мамытов ар жуманын шаршемби күнү мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан адамдардын жана жарандардын укуктарынын бузулушу тууралуу жана ар кандай маселелер боюнча жарандарды жеке кабыл алат. Зарыл болгон учурларда, Акыйкатчы күн сайын жеке кабыл алууну жүргүзөт, мисалы, 2020-жылы өлкөнүн бардык аймактарынан Акыйкатчынын жеке кабыл алуусунда жалпысынан 458 жаран болду. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) өлкөнүн бардык аймактарынан келген жарандар менен тыгыз байланыш түзүп, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын жеке кийлигишүүсүн талап кылган маселелер боюнча адам укуктарына байланыштуу кечиктирилгис көйгөйлөрдү тез арада, өз убагында карап чыгып, оң чечүү максатында жеке кабыл алууну үзгүлтүксүз жүргүзүп келет. Негизинен, булар башка мамлекеттик органдар тарабынан адилеттүү чечим таппаган жарандар. КР Акыйкатчысы жарандардын арыз-даттануларын угуп, алардын кайрылууларын кабыл алат жана адам укуктарына байланыштуу маселелерди өлкө мыйзамдарынын чегинде чечүү үчүн бардык иш-аракеттерди жүргүзөт.

2020-жылы КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери тарабынан ар кандай маселелер боюнча 4 267 же 48,8% оозеки юридикалык консультациялар берилди, алар негизинен арыз ээлери тарабынан аныкталган белгилүү бир көйгөйлөрдү чечүү үчүн кайсы органдарга кайрылышы керектиги жана башка маселелер боюнча болду. Эгерде оозеки кайрылууда көрсөтүлгөн фактылар жана көйгөйлөр ачык-айкын болуп, кошумча текшерүүнү талап кылбаса, анда жарандын макулдугу менен кайрылууга жооп Акыйкатчы аппаратынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан оозеки түрдө берилген. Акыйкатчы аппаратында жарандардын оозеки кайрылуулары менен иштөө өлкөнүн колдонуудагы мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына жараша жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппараты жөнүндө Жобого ылайык жүргүзүлөт.

***1.1.9-диаграмма. 2016–2020-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына келген жарандардын оозеки кайрылууларынын жалпы санынын динамикасы***




Оозеки жана жазуу түрүндөгү кайрылуулардын анализи көрсөткөндөй, көпчүлүк учурда Акыйкатчысы (Омбудсмени) келип түшкөн арыздарды кароо жана укуктук маселелер жана эл аралык, улуттук мыйзамдар боюнча кеп-кеңештерди берүүсү ар түрдүү чөйрөдөгү адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна жол бербөөгө жана алардын алдын алууга өбөлгө түздү.

***1.1.10-таблица. 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келген кайрылууларда көтөрүлгөн маселелердин темалары***

| № п\п | Жеке жана юридикалык жактардын кайрылууларында көтөрүлгөн маселелердин тизмеси | Кайрылуулардын саны | Пайыз менен |
|---|---|---|---|
| 1 | Акыйкатчынын өкүлүн соттук отурумга жиберүү тууралуу | 1 077 | 33,08 |
| 2 | Милиция кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 396 | 12,16 |
| 3 | Сот органдарынын аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 113 | 3,47 |
| 4 | Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 101 | 3,1 |
| 5 | Жер участкаларын, турак-үйлөрдү бөлүштүрүү тууралуу | 110 | 3,37 |
| 6 | Сот чечимдерине макул болбогондугу тууралуу | 33 | 1,01 |
| 7 | Прокуратура органдарынын кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 139 | 4,27 |
| 8 | Социалдык камсыздоо маселелери | 64 | 1,96 |
| 9 | Саламаттыкты сактоо тармагындагы кызматкерлердин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 37 | 1,13 |
| 10 | Эмгек укуктарынын бузулушу тууралуу | 67 | 2,05 |
| 11 | Билим берүү тармагындагы маселелер | 21 | 0,64 |
| 12 | Кыйноолорду колдонуу боюнча даттануулар | 25 | 0,76 |
| 13 | Сот органдарынын карамагына кирген маселелер | 103 | 3,16 |
| 14 | КР Президентинин, КР Өкмөтүнүн, КР Жогорку Кеңешинин аппаратынын ишинин маселелери | 38 | 1,16 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Кызмат адамдарынын кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануусу жөнүндө | 29 | 0,89 |
| 16 | Чет элдик жарандардын укуктарынын бузулушу тууралуу | 35 | 1,07 |
| 17 | Үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу | 30 | 0,92 |
| 18 | Экстрадициялоо жөнүндө өтүнүчтөр | 3 | 0,09 |
| 19 | Балдардын укуктарынын бузулушу тууралуу | 39 | 1,19 |
| 20 | КР УКМК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 43 | 1,32 |
| 21 | Ички иштер органдарынын карамагына кирген маселелер | 15 | 0,46 |
| 22 | Сот чечимдеринин аткарылбагандыгы тууралуу маселелер | 14 | 0,43 |
| 23 | Саламаттык сактоо органдарынын карамагына кирген маселелер | 40 | 1,22 |
| 24 | Аялдардын укуктарынын бузулуулары жөнүндө маселелер | 18 | 0,55 |
| 25 | Паспорт берүү маселелери | 32 | 0,98 |
| 26 | Прокуратура органдарынын карамагына кирген маселелер | 16 | 0,49 |
| 27 | ЖАМК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 51 | 1,56 |
| 28 | Дин маселелери боюнча | 6 | 0,18 |
| 29 | Аскер кызматкерлеринин укуктарынын бузулуулары жөнүндө | 10 | 0,3 |
| 30 | ЖАМК органдарынын карамагына кирген маселелер | 7 | 0,2 |
| 31 | Үй-бүлөлүк укук (алименттер жана башка) | 9 | 0,27 |
| 32 | Башка маселелер | 534 | 16,40 |
| | **Баардыгы** | **3 255** | **100** |

Азыркы сот системасынын абалы Акыйкатчынын жылдык баяндамасынын дайыма белгилеп кетүүчү темасына айланды, анын ичинде акыркы учурларда өлкөдөгү саясий кырдаалга байланыштуу резонанс жараткан көптөгөн иштер боюнча да сөз кылууга болот. Бүгүнкү күндө көптөгөн юристтер, адвокаттар жана жөнөкөй жарандар биздин соттун көз карандысыз жана компетенттүү экендигинен күмөн санашат. Буга мисал катары, көпчүлүк учурларда соттук чечимдер адилетсиз кабыл алынып жаткандыгынан улам, адам укуктарын коргоого байланыштуу биздин дарекке келип түшкөн кайрылуулардын санын айтууга болот. Өз кезегинде, сот системасынын өкүлдөрү Акыйкатчы, жарандык коом жана көз карандысыз эксперттер тарабынан айтылган сын пикирлерге, күмөн саноолорго олуттуу көз караш менен карап келишет. Анткен менен, мамлекетибизде сот реформасы бир нече жылдан бери иш жүзүнө ашырылып келет.

Мисалы, мурунку жылдардагыдай эле, 3 255 жазуу жүзүндөгү кайрылуулардын ичинен көпчүлүгү, атап айтсак, 1 898 же (58,3%) кайрылуу укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине же аракетсиздигине карата экендигин белгилей кетүү керек. Негизинен, келип түшкөн кайрылуулар адамдын укуктары менен эркиндиктери боюнча жазык-процесстик мыйзамдарынын ченемдеринин бузулгандыгын көрсөтүп турат. Тактап айтканда, сот системасынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу кайрылуулар 267 (8,2%) арыз-даттанууларды түздү, ал эми, соттук процесстерге мониторинг жүргүзүү өтүнүчү боюнча 1 658 (50,9%) кайрылуу болду. Укук коргоо органдарынын жана сот системасынын кызматкерлерине карата арыз-даттануулардын жалпы саны боюнча 2016-2020-жылдар аралыгындагы маалымат төмөнкү таблицада көрсөтүлөт.

***1.1.11-таблица. 2016-2020-жылдар аралыгында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келип түшкөн укук коргоо органдарынын жана сот системасынын кызматкерлерине карата даттануулар боюнча маалымат***

| Кайрылуулардын тематикасы | 2016-жыл | Жалпы сандын % | 2017-жыл | Жалпы сандын % | 2018-жыл | Жалпы сандын % | 2019-жыл | Жалпы сандын % | 2020-жыл | Жалпы сандын % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1. Сот органдарынын маселелери боюнча кайрылуулар:** | **1 925** | **50,7** | **1 390** | **42,9** | **1223** | **37,8** | **1 538** | **39,2** | **1 237** | **38,0** |
| Сот органдарынын кызматкерлеринин иш-аракеттерине жана аракетсиздигине карата кайрылуулар | 133 | | 129 | | 191 | | 138 | | 113 | |
| Соттун чечимдери менен макул болбоого карата кайрылуулар | 99 | | 70 | | 117 | | 210 | | 33 | |
| Сот чечимдеринин аткарылбоосуна карата кайрылуулар | 35 | | 22 | | 39 | | 39 | | 14 | |
| Сот процессине катышуу жөнүндө өтүнүч | 1 658 | | 1 169 | | 876 | | 1 151 | | 1 077 | |
| **2. Укук коргоо органдарына карата даттануулар:** | **724** | **19** | **629** | **19,4** | **701** | **21,7** | **686** | **17,4** | **661** | **20,3** |
| Милиция кызматкерлеринин иш-аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар | 416 | | 387 | | 423 | | 491 | | 396 | |
| Кыйноолорду жана башка катаал мамиленин түрлөрүн колдонуу боюнча даттануулар | 70 | | 62 | | 60 | | 44 | | 25 | |
| Прокурорлордун иш-аракеттери/аракетсиздиктерине карата даттануулар | 162 | | 107 | | 133 | | 15 | | 139 | |
| КР УКМК кызматкерлеринин иш-аракеттери/аракетсиздиктерине карата даттануулар | 21 | | 24 | | 27 | | 29 | | 43 | |
| ЖАМК кызматкерлеринин иш-аракеттери /аракетсиздиктерине карата даттануулар | 46 | | 49 | | 38 | | 99 | | 51 | |
| ЖАМК компетенциясына караштуу маселелер боюнча даттануулар | 9 | | - | | - | | 8 | | 7 | |
| **Баардыгы** | **2 649** | **69,7** | **2 019** | **62,3** | **1924** | **59,5** | **2 224** | **56,6** | **1 898** | **58,3** |

Оозеки, жазуу жүзүндөгү, жамааттык жана жеке кайрылууларда, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында көтөрүлгөн адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо тууралуу маселелерди чечүү үчүн, Акыйкатчы мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, чет элдик укук коргоо уюмдары, ошондой эле мамлекеттик бардык уюмдар менен тыгыз иш алып барат. Мисалга алсак, 2020-жылы Акыйкатчынын борбордук аппараты тарабынан кайрылууларда көрсөтүлгөн маселелер боюнча ар кандай уюмдарга жана мекемелерге 4 682 кат жөнөтүлгөн:

| | |
|---|---|
| - жарандардын (арыз жазгандардын) дарегине | 2 045 |
| - прокуратура органдарына | 559 |
| - КР Президентинин аппаратына | 81 |
| - КР Өкмөтүнүн аппаратына | 207 |
| - КР Жогорку Кеңешине | 47 |
| - КР Ички иштер министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө | 294 |
| - КР Жогорку сотуна жана жергиликтүү соттorго | 185 |
| - КР Саламаттык сактоо министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө | 106 |
| - КР Билим берүү жана илим министрлигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө | 41 |
| - КР Тышкы иштер министрлигине | 145 |
| - КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК | 211 |
| - КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине | 5 |
| - КР УКМК | 87 |
| - Соттор кеңешине | 16 |
| - КМШ өлкөлөрүнүн укук коргоо органдарына | 87 |
| - КР Мамлекеттик кадр кызматына | 40 |
| - КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик каттоо кызматына | 74 |


«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, 2020-жылы КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) мамлекеттик ар кайсы органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына 42 Көңүл буруу актысын жөнөткөн:

| | |
|---|---|
| 1. Прокуратура органдарына | 14 |
| 2. Сот органдарына | 13 |
| 3. КР ИИМ | 2 |
| 4. ЖАМК | 2 |
| 5. КР ССМ | 1 |
| 6. КР Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы Штабына | 1 |
| 7. КР ЮМ | 1 |
| 8. Бишкек шаарынын Мэриясына | 1 |
| 9. КР Соцфондуна | 1 |
| 10. Мамлекеттик Салык кызматына | 1 |
| 11. КР Улуттук статистика комитетине | 1 |
| 12. КР УКМК | 1 |
| 13. КР Өкмөтүнө | 1 |
| 14. Адвокаттардын этикасы боюнча тартиптик комиссиясына | 1 |
| 15. Мамэкотех коопсуздук инспекциясына | 1 |

2020-жылы КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) мамлекеттик ар кайсы органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына карата жөнөткөн Көңүл буруу актыларынын жарымынан көбү оң чечилген.

Ошондой эле, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) облустук өкүлчүлүктөрү тарабынан жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына карата 50 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн.

***1.1.12-диаграмма. 2016–2020-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнөткөн Көңүл буруу актыларынын динамикасы***




Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына келип түшкөн арыздаттануулардын саны мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан иштелип жаткан иштин натыйжалуулугун жогорулатуу жана адам укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча чараларды өркүндөтүү зарыл экендигин көрсөтүп турат.

## 1.2. КР АКЫЙКАТЧЫ АППАРАТЫНЫН «115 ШЫР БАЙЛАНЫШ» ТЕЛЕФОНУ АРКЫЛУУ 2020-ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕГИ КАЙРЫЛУУЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ

2020-жылы Акыйкатчы аппаратынын кыска номерлүү «115 шыр байланышы» аркылуу өлкөнүн ар бир аймагынан стационардык жана мобилдик телефондордон 13 179 чалууларды кабыл алган, анын ичинде 1 423 үн билдирүүлөр болгон. Короновирус пандемиясы менен күрөшүү шартында «шыр байланыш» өзүнүн иши жана жеткиликтүү жардамы тууралуу маалымдап турду. Telegram мессенжеринин базасында чат-бот суроо жооптору киргизилди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 41-беренесине ылайык, ар бир адам мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу, алар ага мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдө негиздүү жооп берүүгө милдеттүү.

КР Акыйкатчысынын демилгеси менен 2015-жылы балдарга жардам көрсөтүү максатында күнү-түнү кабыл алуучу «115 шыр байланыш» телефондук кызматы ачылган. КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын алдында ачылган бул кызматты ачуунун максаты – жаш балдардын кайрылууларын мамлекеттик органдарга жеткирүү үчүн БУУнун Адам укуктары боюнча Комитетинин сунушун аткаруу болгон.

Бирок, 2017-жылдын 1-январынан тартып «115 Шыр байланыш» телефону аркылуу жаш балдардын кайрылууларын эле эмес, КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) кайрылууга башка адамдардын да кызыгуусу көп болгон, алардын ичинде, эркиндикти чектеген жайлардан (УКЖ, ТИЗО), балдар үйлөрүнөн, психиатриялык жайлардан, түзөтүү колонияларынан, тарбиялоо колонияларынан, карылар үйлөрүнөн жана балдар үчүн атайын мектептерден кайрылуулар болгон.

Өздөрүнүн мыйзамдык укуктары бузулду деген жарандар үчүн мындай формадагы кайрылуу тез арада тиешелүү жардамдарды жана консультацияларды алууга мүмкүнчүлүктү түзөт.

Белгилей кетүүчү нерсе, «115 шыр байланыш» ишмердүүлүгүн андан ары өнүктүрүү жана Адам укуктары боюнча БУУнун Комитетинин сунушун ишке ашыруу үчүн КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын Жарандардын кайрылуулары менен иштөө жана документтик камсыздоо башкармалыгынын алдында 2020-жылы «115 шыр байланыш» (мындан ары – «Шыр байланыш») түзүмдүк кызматы түзүлгөн. Буга чейин операторлордун кызматы донорлор тарабынан каржыланып келген, ал эми 2020-жылы КР Өкмөтү КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты үчүн мамлекеттик кызматкерлердин 12 штаттык бирдигин бөлүп берди, анын 4 штаттык бирдиги «Шыр байланыш» кызматынын операторлоруна бөлүндү.

Ошентип, «Шыр байланыш» кызматы өз ишин демейдегидей эле улантып келет. Кыска номерлүү 115 шыр байланышы аркылуу өлкөнүн ар бир аймагынан стационардык жана мобилдик телефондордон акысыз чалуулар дүйшөмбү жана жекшемби күндөрү 9:00дөн 21:00гө чейин кабыл алынат. Ал эми, башка убакыттарда үн билдирүүлөр үн почтасына жазылып калат. Анын купуялуулугун сактоо максатында, ар бир билдирүү «Шыр байланыш» кызматынын кызматкерлери тарабынан каралып чыгат.

«Шыр байланыш» кызматынын ишмердүүлүгү «КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган колдонмолорго ылайык ишке ашат. Япония Өкмөтүнүн каржылык колдоосу менен БУУӨПтүн «COVID-19 боюнча, инклюзивдик жана көп сектордуу чара көрүүгө колдоо көрсөтүү жана анын Кыргыз Республикасына тийген социалдык-экономикалык залакаларын четтетүү» долбоорунун алкагында мини-автоматтык телефон станциясы сатылып алынды, адам укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү үчүн иштелип чыкты, ошондой эле мессенджерде чат-ботту иштеп чыгуу жана киргизүү колдоого алынган.

Интерактивдүү чат-ботту иштеп чыгуу боюнча техникалык тапшырмага кыргыз жана орус тилдеринде маалымат берүү кызматы киргизилген. Баштапкы этапта, чат-ботто атайын түзүлгөн жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан 9 категориядан турган 130 суроого жооп берилет, жумушчу топто: Акыйкатчы институтунун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борборунун (МКЮЖКБ), Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК), Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги (ЖӨБЭММА), Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги (ЭСӨМ) жана Кыргызстандын юридикалык клиникаларынын Ассоциациясынын (ЮКА) өкүлдөрү кирген.

2020-жылы «Шыр байланыш» телефону аркылуу 13 179 чалуулар кабыл алынган, анын ичинде 1 423 үн билдирүүлөр болгон. Чалуулардын тактыгын көзөмөлдөө үчүн кээ бир учурларда 273 жолу кайталап чалуулар да болду (көзөмөлдөө, ошондой эле үн билдирүүлөргө жооп катары чалуулар).

«Шыр байланыш» телефонуна келип түшкөн кайрылуулардын ичинен, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча 3 956 түшүндүрмөлөр жана ошондой эле башка кызыктырган маселелер боюнча консультациялар берилди. «Шыр байланышка» келип түшкөн бардык кайрылуулар иликтенди, алар боюнча сунуштамалар берилди, зарыл болгон учурларда психологиялык жардам көрсөтүлдү. Бардык кайрылууларда аз камсыз болгон жана социалдык жактан камсыздалбаган жарандардын укуктук билим деңгээли эске алынат.

Жарандардын телефон аркылуу кайрылууларындагы маалыматтарында (билдирүүлөрүндө) аппараттын тиешелүү бөлүмдөрүндө кароону талап кылган олуттуу укук бузуулар жөнүндө фактылар бар деп эсептеген учурларда, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кароосуна киргизилген.

Ошентип, 2020-жылы «Шыр байланыш» кызматы аркылуу келип түшкөн кайрылууларды карап чыгуунун жыйынтыгында жарандардын 38 кайрылуулары Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кароосуна киргизилди. Бардык кайрылуулар аппараттын бөлүмдөрү тарабынан каралып чыкты, тиешелүү чаралар көрүлдү, түшүндүрмөлөр берилди, каттар тиешелүү органдарга жөнөтүлдү.

Акыйкатчы аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан адам укуктарын коргоо боюнча каралган кайрылуулардын оң чечимдеринин натыйжасында, ошондой эле, бул кызматтын иши жөнүндө коомчулуктун маалыматы боюнча 2020-жылы «Шыр байланыш» кызматына жарандардын кайрылуу санынын көбөйүү тенденциясын байкоого болот.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ишинин негизги багыттарынын бири болуп, калктын укуктук сабаттуулугун, аларды коргоонун формаларын жана ыкмаларын жогорулатуу саналат. Иштин бул чөйрөсүнүн актуалдуулугу келип түшкөн кайрылуулардын статистикасы менен тастыкталат, анткени алардын жарымынан көбү укуктук жоболорду тактоону талап кылат жана тиешелүү юридикалык кеңештер берилет.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы маалымат саясатын жарнамалык-маалыматтык материалдарды, баннерлерди, таратылуучу материалдарды (эскерүүлөр, буклеттер, маалымат) жайгаштыруу жолу менен жүргүзөт, ошондой эле аппарат кызматкерлери тарабынан ар кандай мекемелерде мониторинг учурунда, анын ичинде Facebook социалдык тармагы аркылуу да жүргүзүлөт. Адам укуктарынын бузулушу, кыйноолор жана катаал мамилелер жөнүндө маалыматтарга өзгөчө көңүл бурулуп келет.

Отчеттук мезгил учурунда «Шыр байланыш» телефонуна келип түшкөн кайрылуулардын анализи көрсөткөндөй, негизинен жарандар кеп-кеңештерди алуу үчүн төмөнкү маселелер боюнча жардам сурап кайрылышат:

| № | Маселенин мүнөзү | |
|---|---|---|
| 1. | Ички иштер органдарынын, прокуратура органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракеттерине (аракетсиздигине) даттануулар | 60 |
| 2 | Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине (аракетсиздигине) даттануулар | 18 |
| 3 | Сот органдарына даттануулар | 12 |
| 4 | Өздүгүн тастыктоочу документтерди калыбына келтирүү жана берүү маселелери боюнча | 11 |
| 5 | Медициналык мекемелердин жана медициналык кызмат көрсөтүү кызматкерлеринин үстүнөн арыздар | 16 |
| 6 | Материалдык жардам алуу, эмгек акыларды, пенсияларды, жөлөкпулдарды жана компенсацияларды төлөө маселелери боюнча | 25 |
| 7. | Пара талап кылуу, коррупциялык фактылар жөнүндө маселелер | 4 |
| 8 | Үй-бүлөлүк чыр-чатактар жана пикир келишпестик маселелери боюнча | 11 |
| 9 | Менчик мүлктөр жана жер талаш маселелери боюнча | 11 |

| | | |
|---|---|---|
| 10 | КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик жаза аткаруу кызматынын кызматкерлеринин мыйзамсыз аракеттери тууралуу жабык мекемелерде кармалган адамдардын (алардын туугандарынын) камакта кармоо шарттары жөнүндө арыздары | 17 |
| 11 | Балдарга, аялдарга карата кыйноо, катаал мамиле жана зомбулук маселелери боюнча | 22 |
| 12 | Эмгек талаш-тартыштары (жумуш берүүчүлөргө карата даттануулар) | 14 |
| 13 | Мугалимдерге жана мектеп жетекчилигине карата арыздар | 17 |
| 14 | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү (мониторинг), адвокат берүү маселелери боюнча | 9 |
| 15 | Гуманитардык жардам көрсөтүү | 12 |

Жарандар, негизинен, жеке жана социалдык укуктарын коргоо боюнча жардам алуу үчүн «Шыр байланыш» телефонуна кайрылышат. Кызматкерлердин айтымында, мындай тенденция жылдан-жылга өсүп жатат. Биринчи орунда социалдык-экономикалык укуктарды коргоо жана сактоо маселелери турат.

Мамлекеттик органдарга жиберилген арыздар жана даттануулар тууралуу сурамжылоо боюнча өз убагында жооп алууга байланышкан көйгөй дагы эле бар. Айрым учурларда жарандар тигил же бул жардамды алуу үчүн кайда кайрылыш керектигин билишпей кыйынчылыктарга туш болушат. Мындай учурларда кайрылган жарандарга компетенттүү мамлекеттик органдарга, телефондорго же адистерге жардам сурап кайрылуусу үчүн тиешелүү кеп-кеңештер берилет.

Бирок, көпчүлүк учурда, арыз ээлери жардам сурап кайрылышканда, укук коргоо жана көзөмөл органдары тарабынан алардын укуктарынын бузулгандыгын белгилешет.

Кайрылуулардын белгилүү бир бөлүгү мүлк талаштарын, жер талаштарын чечүүгө байланыштуу көйгөйлөргө, ошондой эле саламаттыкты сактоо, билим берүү, эмгек мамилелери жаатындагы маселелерге тиешелүү болот.

Жарандарды социалдык жактан коргоо жаатындагы маселелерге байланышкан жөлөкпулдардын өз убагында төлөнбөгөндүгүнө жана аларды каттоодогу көйгөйлөргө байланыштуу мыйзам бузуулар тууралуу өзүнчө кайрылуулар да болот.

Ошол эле учурда, көпчүлүк кайрылуулар юридикалык кеңеш сурагандар болгон. «Шыр байланыш» кызматынын адистери тарабынан кырдаалды жөнгө салуу жана ушул маселелерди оң чечүү үчүн кайсы органдар менен байланышуу керектиги, кайсы телефон номерлерине чалуу кайрылган адамдардын укугун бузган адамдар менен кайтарым байланыш түзөрү тууралуу көмөк жардам көрсөтүлөт жана кеп-кеңештер, сунуштар берилет.

Өткөн жылдардагыдай эле, жабык мекемелерде кармалган адамдар «Шыр байланыш» телефонуна кайрылышып, аларды камактан бошотууга жана камакта кармоо шарттарын жакшыртууга жардам сурап кайрылышат. Ошону менен бирге, айрым учурларда физикалык жана психологиялык кысым көрсөтүлүп жаткандыгына жардам сурап, нааразы болуп жана ооруларына байланыштуу бошотууну суранышкан. Бирок, мындай учурларда «Шыр байланыш» кызматкерлеринин жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, анткени алардын маселеси тиешелүү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктары менен байланыштуу. Ушул сыяктуу арыздар токтоосуз Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кароосуна киргизилет.

Көрсөтүлгөн категориядагы адамдардын «Шыр байланыш» телефон номуруна эркин кайрылуу көйгөйлөрү тиешелүү шарттардын жоктугуна байланыштуу (өзүнчө бөлмөлөр, стационардык телефондор) дагы эле орун алууда. Көпчүлүк кайрылгандар тиешелүү кызматкерлердин кысымынан же кандайдыр бир тартип бузуулардан коркуп, жашыруун калууну каалашат.

Мындай көйгөйлөр жабык мекемелерде кызматтык милдеттерин аткарып жаткан адамдардын аракетинен укуктары бузулган маселелерди чечүү үчүн «Шыр байланыш» кызматынын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын тиешелүү түзүмдөрү жана компетенттүү кызмат адамдары менен өз ара иш алып баруусун талап кылат.

Балдарга жана аялдарга карата катаал мамиле жана зомбулук темасы өзүнчө талкууга татыктуу.

Жүргүзүлүп жаткан иштер менен катар, «Шыр байланыш» кызматынын кызматкерлери тарабынан үй-бүлөлүк чыр-чатактардын жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн кордугунун кесепетинен улам жаш балдары бар, үй-жайы жок калган аялдарга жардам көрсөтүлгөн. Мисалы, Гүлмирага жардам көрсөтүлдү (аты өзгөртүлдү), ал эки жаш баласы менен баңгизат колдонгон күйөөсүнөн качууга аргасыз болгон. Анын тууганы жана жашаган жери жок болгондуктан Бишкекти көздөй бара жатып «Шыр байланыш» телефонуна кайрылган. «Шыр байланыш» кызматынын кызматкерлери Кайрымдуулук борбору менен байланышып, Гүлмираны балдары менен жайгаштырууга макулдашылган. Ошондой эле, жашы жете элек эки балалуу 26 жаштагы Айгүлгө жардам көрсөтүлдү. Арыз ээсинин айтымында, ал күйөөсү менен ажырашкандыктан бара турган жери жок болуп, ата-энеси үй берүүдөн баш тарткан. Ал «Шыр байланыш» телефонуна кайрылып, жардам сураган. «Шыр байланыш» кызматынын кызматкерлери «Ак-Жол» кризистик борборунун жетекчилиги менен байланышып, Гүлмирага ушул борбордун жардамын алууга макулдашышкан.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлүү маселелер «Шыр байланыш» телефонуна кайрылган маселелердин баары эмес. Көп учурда, «Шыр байланыш» кызматкерлерине турмуштук оор кырдаалга дуушар болгон адамдарга психологиялык колдоо көрсөтүүгө туура келет.

Жогоруда айтылгандар менен бирге, коронавирус пандемиясы менен байланышкан өзгөчө кырдаал учурунда, «Шыр байланыш» кызматы өз ишин үзгүлтүксүз улантып келгендигин белгилей кетүү керек. Мисалы, жарандарга гуманитардык жардам көрсөтүү, гуманитардык жардам көрсөткөн органдарга (тизмелер боюнча) телефон чала албоо маселелери боюнча кайрылуулар тынымсыз болуп жатты. «Шыр байланыш» телефону аркылуу жардам сурап кайрылгандарга райондук штабдын номерлери берилип турду.

«Шыр байланыш» кызматынын адистери ыкчам байланышка кайрылгандардын арасынан каржылык абалы оор жарандарга гуманитардык жардам көрсөтүү боюнча атайын ыктыярчыларды (Демилгелүү жаштар борбору: Элзар Матосмонов – төраганын орун басары, Нурболот Акылбек уулу – Кеңештин мүчөсү) тартуу боюнча жигердүү иш алып барышты. Арыз ээлерине Бишкек шаарындагы жана региондордогу аймактык штабдардын телефон номерлери берилип турду.

Оорулардын оордугунан улам адам өлүмү көп болуп жаткандыгына байланыштуу кырдаал курчуп турган шартта, жарандар оорулуу туугандарын ооруканага жаткырууга көмөктөшүү үчүн «Шыр байланыш» кызматына кайрылып жатышты. Туугандарынын дене табынын көтөрүлүшү узак убакытка чейин созулуп жатса да, «Тез жардам» бригадасынын чакырууга келүүдөн баш тарткан учурлары боюнча да арыздар түшкөн.

Мындай кырдаалдарда «Шыр байланыш» кызматынын адистери жарандарга психологиялык колдоо көрсөтүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп турушту. Бирок, айрым учурларда кызматкерлер Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин жетекчилигине кайрылып, тезинен ооруканага жаткырууга муктаж жарандардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн телефон номерлерин билдиришкен. Мындан тышкары, жарандардын ковид маселеси менен кайрылууларына: оорулуу туугандарын кайда жайгаштыруу керектигин, күндүзгү стационарлардын жайгашкан жерин дайым билдирип турушту.

Кыргыз Республикасында жашаган жарандардын Россия Федерациясындагы туугандарынын үйлөрүнө кайтышына байланыштуу көйгөйлөргө туш болгон учурлар, ошондой эле Кыргыз

Республикасынын Россия Федерациясындагы элчилигинин ишине наразычылыктар болгон. Мисалы, алардын туугандары жумушсуз, акчасы жок калгандыгын маалымдап жатышты. Мындай учурларда Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин компетенттүү органдары менен биргеликте иш уюштурулуп, Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Элчилигинин кызматкерлеринин байланыш телефондору берилип турду.

Балдарды мектептерге жайгаштыруу боюнча балдардын өздүгүн тастыктаган документтердин жоктугуна байланыштуу кайрылуулар чоң тынчсызданууну жараткан. Адам укуктарын калыбына келтирүү үчүн «Шыр байланыш» кызматы мындай кайрылууларды Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) кароосуна тез арада киргизет.

Шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүрүшүндө шайлоочулардын тизмесин каттоого жана түзүүгө байланыштуу кайрылуулар болуп жатты жана бул маселелер боюнча жарандарга керектүү түшүндүрмөлөр берилип турду. Шайлоочулардын тизмесин №2 формада түзүүлөргө байланыштуу айрым жарандар жашаган жери боюнча тизмеде жок экендигин жана башка округдардагы шайлоо участкаларынын тизмесинде экендигин билдирип кайрылып жатышты.

Күн сайын «Шыр байланыш» телефонуна жарандардан келип түшкөн арыздар жана даттануулар тез арада иштелип чыгууну, ал көйгөйлөрдү өз убагында жана натыйжалуу чечүү үчүн тиешелүү органдарга таандыктыгын аныктап так багыттоону талап кылат. Өз кезегинде, «Шыр байланыш» кызматы Акыйкатчы (Омбудсмен) менен жарандын ортосундагы байланыштыруучу көпүрө болушу керек. Ошентип, «Шыр байланыш» телефонуна кайрылган жарандардын психологиялык, эмоционалдык абалы, суроолордун мүнөзү боюнча Акыйкатчы (Омбудсмен) институту мыйзам бузууларды четтетүү, бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө жардам берүү үчүн жарандардын акыркы үмүтү болуп келет.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо Акыйкатчы институтунан бүгүнкү күндөгү колдо болгон иш жүргүзүү ыкмаларынын натыйжалуулугун жогорулатууну талап кылат. Жарандардын кайрылуулары менен «Шыр байланыш» телефонунун ишин жакшыртуу бир катар факторлорго байланыштуу. Алардын катарына кызмат көрсөтүү адистеринин кесиптик даярдыгынын деңгээлин көтөрүү, иштин жаңы формаларын издөө, адам укуктарын коргоо боюнча мыйзамдарда каралган ыйгарым укуктарды кыйла жигердүү пайдалануу маселелери кирет.

## СУНУШТАМАЛАР:

### *1. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:*

- *социалдык төлөмдөрдүн өз убагында төлөнбөгөн учурларынын алдын алуу жана ал боюнча ишти күчөтүү, аларды төлөөгө тиешелүү документтерди өз убагында карап чыгуу жана аткаруу боюнча чараларды көрсүн.*

### *2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына:*

- *эркиндигинен ажыратылган жана эркиндиги чектелген жайларда кайрылууларды жана арыздарды кабыл алуунун жүрүшүн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери менен «Шыр байланыш» кызматынын кызматкерлеринин бирдикте өткөрүүсүнө көмөк көрсөтүү;*
- *Эркиндигинен ажыратылган жайларда «Шыр байланыш» телефонунун иши жөнүндө маалыматтык иштерди жүргүзүүгө көмөктөшүү сунушталат.*

# 1.3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ – ЭЛ АРАЛЫК КООМЧУЛУКТУН БӨЛҮГҮ

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) БУУнун адам укуктары боюнча негизги келишимдери боюнча Кыргыз Республикасынын милдеттенмелеринин аткарылышы жөнүндө улуттук баяндамалардын өз убагында берилиш маселелерин көзөмөлдөйт. Акыйкатчы башка мамлекеттердин улуттук укук коргоо мекемелери жана алардын ассоциациялары менен эл аралык кызматташтыкты колдойт. БУУнун Париж принциптерине ылайык, адам укуктарынын ар бир улуттук мекемесинин статусу ишмердүүлүктүн көз карандысыздык абалына карата бааланат. Буга байланыштуу Акыйкатчы тарабынан парламент менен биргеликте «КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү маселелери каралууда.

Кыргыз Республикасы, эл аралык коомчулуктун толук кандуу жана жооптуу мүчөсү катары глобалдуу жөнгө салуу органдарынын ишине жигердүү катышып жана өзүнүн бараандуу салымын кошуп келүүдө, анын далили катары өлкөнүн эл аралык жана аймактык уюмдарындагы жигердүү мүчөлүгү, ошондой эле дүйнөлүк коомчулук үчүн бир катар заманбап тышкы саясий демилгелерди [3] алып чыгуусу эсептелет.

Эл аралык укуктун субьектилеринин бири жана БУУнун Уставынын негизги максаттарынын жолун улоочу катары, Кыргыз Республикасы адам укуктары боюнча эл аралык негизги келишимдерге кошулган жана ратификациялаган, муну менен эл аралык ченемдерди улуттук мыйзамдарга кийирүү жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди өзүнө алган.

1991-жылы октябрь айында Парижде БУУнун Адам укуктары боюнча комиссиясынын камкордугунда өткөн Улуттук укук коргоо институттарынын эл аралык кеңешмесинде бардык улуттук укук коргоо мекемелери ылайык келүүгө тийиш болгон негизги принциптер [4] иштелип чыккан. Париж принциптерине ылайык, улуттук укук коргоо мекемелеринин ишмердигиндеги негизги принциптердин бири болуп Омбудсмендин көз карандысыздыгы эсептелет, ошондой эле омбудсмен эл аралык кызматташтыктын алкактарында улуттук мыйзамдардын мамлекет анын катышуучусу болуп эсептелген адам укуктары боюнча эл аралык документтерге шайкеш келүүсүн камсыздайт, БУУ менен жана башка өлкөлөрдүн аймактык жана улуттук мекемелери менен адам укуктарын колдоо жана коргоо маселелеринде компетенттүү болгон мекемелер менен кызматташат.

Эл аралык координациялык комитеттин аккредитациялоо боюнча комитетчеси улуттук укук коргоо мекемесинин Париж принциптерине ылайыктыгы маселесине аккредитациялоо жол-жобосу аркылуу жоопкерчиликте болот, аккредитациялоого келип түшкөн билдирмелерди карайт жана талдайт, ошондой эле Эл аралык координациялык комитеттин бюросуна мамлекет тарабынан Париж принциптеринин сакталышы боюнча сунуштамаларды берет.[5]

Бүгүнкү күндө КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институту «В» статусунда аккредиттелген, бул Париж принциптерине толук ылайык келбөөчүлүктү билдирет.[6] Бул чечим БУУнун Эл аралык координациялык комитети тарабынан 2012-жылдын март айында кабыл алынган.[7] «В» статусундагы мекемелер эл аралык жана аймактык ишмердүүлүктөрдө жана улуттук мекемелердин отурумдарына байкоочу катары катыша алышат. Алар добуш бере алышпайт жана Бюронун же анын комитетчелеринин курамына кире алышпайт. Аларга улуттук укук коргоо мекемелеринин идентификациялык карточкасы берилбейт, алар күн тартибинин пункттары

---

[3] Кыргыз Республикасындагы туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө улуттук ыктыярдуу сереп.

[4] 1992-ж. бекитилген, БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1993-ж.№48/134 резолюциясы менен жактырылган.

[5] https://www.ohchr.org/Documents/Publications/PTS-4Rev1-NHRI_ru.pdf

[6] Караңыз. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/paris.shtml.

[7] Караңыз. https://nhri.ohchr.org/EN/AboutUs/GANHRIAccreditation/Documents/Status%20Accreditation%20-%20Chart%20(%20 27%20November%202019).pdf.

боюнча чыгып сүйлөй алышпайт жана Адам укуктары боюнча кеңешке документтерди бере алышпайт.

«А» статусуна жетишүү максатында КР Акыйкатчы институту менен Жогорку Кеңеш (парламент) «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын Париж принциптерине [8] толук ылайык келүүчү жаңы редакциясын илгерилетүү боюнча иштер жүрүп жатат.

Мамлекеттин адам укуктары маселелери боюнча эл аралык-укуктук кызматташтыгынын эң маанилүү негизи катары, жалпы таанылган эл аралык стандарттар боюнча милдеттенмелердин аткарылышына көмөк көрсөтүү эсептелет, ал адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү улуттук механизмдердин ишмердигинин негизин түзөт. Мисалы, КР Акыйкатчысынын милдеттеринин бири болуп, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду жүргүзүү аркылуу эл аралык принциптердин жана адам укуктары чөйрөсүндөгү ченемдердин аткарылышына көмөк көрсөтүү эсептелет.

БУУнун Адам укуктары боюнча конвенцияларынын жоболорун аткаруу боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди ишке ашырууну мониторингдөөнүн негизги каражаттарынын бири болуп, эл аралык келишимдерди аткаруу жана улуттук мыйзамдарга имплементациялоо боюнча кабыл алынган чаралар жөнүндө мезгилдик баяндамаларды берүү саналат. Катышуучу мамлекеттер тарабынан эл аралык келишимдердин аткарылышы келишимдик органдар – БУУнун комитеттери тарабынан көзөмөлдөнөт, алар улуттук мыйзамдарды карашат жана алар боюнча сунуштамаларды кабыл алышат.

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун ишмердиги улуттук мыйзамдарга жана адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга ылайык ишке ашырылат.

## Эл аралык кызматташтык

Укук коргоо органдарынын эл аралык жана аймактык кызматташтыгы жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча эл аралык стандарттардын сакталышына негизделген.

КР Акыйкатчы (Омбудсмен) институтунун эл аралык ишмердиги: Омбудсмендердин Евразиялык Альянсы, Азия Омбудсмендеринин ассоциациясы (АОА), Евразия Омбудсмендеринин институту (ЕИО) жана Азия-Тынч океан форуму сыяктуу бир катар аймактык укук коргоо мекемелери менен кызматташууну өзүнө камтыйт, мындай кызматташтык жарандардын чет өлкөлөрдө укуктарынын бузулуу фактыларын токтоосуз кароо, өз ара аракеттенүү жана алдыңкы тажрыйбалар менен алмашууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Омбудсмендер коомчулугу менен өз ара аракеттенүү, түз байланыштарды орнотуу, тажрыйба алмашуу жана арыз ээлерине ыкчам жардам көрсөтүү үчүн 2017-жылы Омбудсмендердин Евразиялык альянсы түзүлгөн. Ал Армения, Иран, Кыргызстан, Монголия, Россия Федерациясы, Сербия, Тажикстандын укук коргоо институттарын бириктирет. 2020-жылы бул альянска Казакстан кошулган.

Альянстын мүчөлөрү келечекте Альянстын мүчө-мамлекеттеринин жарандарын биргелешип кабыл алуу, анын ичинде видео-конференц байланышты колдонуу аркылуу кабыл алууларды жүргүзүүнү кеңейтүү, ошондой эле Омбудсмендердин Евразиялык ассоциациясынын жарандардын кайрылуулары менен иштөө жөнүндө маалыматтык-эске алуу системасын түзүү менен, ишти жандантуу каралган.

КР Акыйкатчы институту ошондой эле Европа Омбудсмендер институтунун мүчөсү болуп саналат, адам укуктары боюнча аймактык, улуттук жана эл аралык уюмдар менен кызматташууга көмөк көрсөтүүчү уюм, анын ичинде БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссары жана Европа Кеңешинин адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен кызматташтыкка

[8] Кыргыз Республикасындагы туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүгө улуттук ыктыярдуу сереп.

көмөк көрсөтөт. ЕОИ адам укуктарын коргоо маселелери боюнча жана омбудсмендердин ишмердиги боюнча изилдөөлөрдү жүргүзөт, иш чараларды өткөрүүнү уюштурат, эксперттик жумушту жүргүзөт, илимий архивди түзөт, университеттер жана илимий институттар менен кызматташат.

2018-жылы КР Акыйкатчы институту Омбудсмендердин Азия-Тынч океан форумунун (АТФ) толук кандуу ассоциацияланган мүчөсү болуп калды. АТФ ири аймактык бирикме болуп саналат, анын максаты – катышуучу-өлкөлөрдүн улуттук укук коргоо институттарынын өнүгүшүнө жана чыңдалышына эл аралык кызматташтыкты координациялоо, окутуу, тажрыйба жана ресурстарды жайылтуу аркылуу көмөк көрсөтүү болуп саналат. Форумдун ишинин алкактарында аялдардын теңдиги, майыптыгы бар адамдардын теңдиги жана айрым расалык топтордун теңдиги сыяктуу көйгөйлөр каралат.

Кыргыз Республикасы Азия Омбудсмендеринин ассоциациясына катышат (АОА), анын курамына азиялык 17 мамлекеттин укук коргоо мекемелери кирет. Азия Омбудсмендеринин ассоциациясы Омбудсмендердин принциптерин жана мыкты тажрыйбаларын жайылтуучу Азия Омбудсмендеринин аймактык, өкмөттүк эмес, көз карандысыз кесиптик форуму болуп эсептелет.



## БУУнун адам укуктары боюнча комитетине Кыргыз Республикасынын отчеттуулугу

Соңку жылдары Кыргыз Республикасы Балдар укуктары жөнүндө конвенциянын,[9] Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциянын[10] жана Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазаларга каршы конвенциянын[11] ишке ашырылышы боюнча баяндамаларды берген. 2021-жылы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактты жана Бардык эмгекчи мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенциянын жана Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын Кыргыз Республикасы тарабынан ишке ашырылышын кароо пландалууда.

---

[9] Баяндаманын V-VI циклы, 12-ноябрь, 2019-ж.

[10] Баяндаманын VIII-X циклы, 16-декабрь, 2016-ж.

[11] Баяндаманын III циклы, 31-январь, 2019-ж.

Кыргыз Республикасында адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелерди ишке ашыруу максатында КР Өкмөтүнүн алдындагы Адам укуктары боюнча координациялык кеңеш жыл сайын бекитилүүчү планга ылайык ишти уюштурат. Универсалдык мезгилдик серептин (УМС) экинчи циклынын сунуштамаларынын аткарылышынын жүрүшүндө Адам укуктары боюнча 2019-2021-жылдарга иш-аракеттер планы иштелип чыккан.

Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазаларга каршы конвенциянын ченемдерин аткаруу боюнча III улуттук мезгилдик баяндаманы коргоо 2021-жылдын ноябрь-декабрына пландалууда, ал эми 2021-жылдын 8-26-февралында БУУнун комитетинин 78-сессиясында Кыргыз Республикасы тарабынан Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциянын ченемдеринин аткарылышы боюнча (2013-2018-жылдар үчүн) Бешинчи мезгилдүү баяндаманы кароо пландалууда.

Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын январында Универсалдык мезгилдик сереп (УМС) жобосу боюнча III Улуттук баяндаманы берүүсүнүн жыйынтыгында БУУнун адам укуктары боюнча кеңешине (35-сессия) БУУнун мүчө-мамлекеттеринен 232 сунуштама түшкөн, алардын 193үн (83%) Кыргыз Республикасы колдоого алды, 39 сунуштамалар эске алынды.

БУУнун негизги келишимдеринин аткарылышы жөнүндө КР баяндамаларын берүүнүн жакынкы мөөнөттөрү:[12]

| **Келишимдин аталышы (аббревиатура)** | **КР баяндамасын берүүнүн акыркы мөөнөтү, мезгилдүү баяндаманын номери** |
|---|---|
| Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жана жазаларга каршы конвенция (ЭККК ) | *III мезгилдүү баяндама Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жыл 28-январындагы Буйругу менен жактырылган, аны коргоо 2021-жылдын ноябрь-декабрына жылдырылган.* |
| Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (ЖСУЭП) | *БУУнун комитети тарабынан III мезгилдүү баяндаманы кароо 2021-жылдын октябрь айында болот.* |
| Аялдарга карата кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция (АКДЖК) | *2013-жылдан 2018-жылга чейин Конвенциянын ченемдеринин аткарылышы боюнча V Мезгилдүү баяндама БУУнун Башкы катчылыгына жөнөтүлгөн, аны коргоо 2021-жылдын февралына жылдырылган.* |
| Балдардын укуктары жөнүндө конвенция (БУК) | *V-VI бирдиктүү баяндама КР Өкмөтүнүн буйругу менен 2019-жылдын 6-ноябрында жактырылган* |
| Бардык эмгекчи мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенция (ЭМЭК) | *Кыргыз Республикасы БУУнун адам укуктары боюнча комитетинен II мезгилдүү баяндама боюнча катышуучу-мамлекетке жөнөтүлгөн суроолордун бекитилген тизмегин күтүүдө.* |
| Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (ЭСМУЭП) | *IV мезгилдүү баяндама.*<br>*Баяндаманын долбоору даярдалган, мамлекеттик органдарга макулдашууга жөнөтүлгөн. Долбоорду жеткире иштеп чыгуу жүргүзүлүүдө.* |
| Расалык кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө эл аралык конвенция (РКЖК) | *2022-жылдын 5-октябры, XI-XII бириктирилген мезгилдүү баяндама* |
| Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция (МУК) | *2021-жылдын 21-июну* |

[12] https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/TreatyBodyExternal/countries.aspx?CountryCode=KGZ&Lang=RU

# 1.4. АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ

2020-жыл аралыгында Акыйкатчы (Омбудсмен) мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөктөшүү максатына багытталган ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкактарында, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктеринин сакталышы, аларды коргоо механизмдерин өнүктүрүү ж.б. маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына талдоо жүргүздү.

Акыйкатчы айрыкча төмөнкү маселелер менен алектенди:

– *мамлекеттик жана коомдук керектөөлөр үчүн турак-жайды алып коюу механизмдерин жана адекваттуу компенсацияны камсыздоону караган ченемдик укуктук актылардын долбоорун иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун ишине катышты;*
– *адам укуктары жана эркиндиктерине кандайдыр тиешеси болгон мыйзамдардагы карама-каршылыктарды жана кемчиликтерди жоюу максатында мыйзамдарды жакшыртууга багытталган мыйзамдык сунуштарды иштеп чыккан;*
– *соттук системаны реформалоо боюнча мыйзам чыгаруу сунуштарын киргизди.*

Келип түшкөн мыйзам долбоорлорун жана колдонуудагы ченемдик укуктук актыларды талдоонун жыйынтыгында, мыйзам чыгаруу демилгесинин субъектилерине бир катар сунуштар жана сын пикирлер даярдалып жөнөтүлдү, алардын ичинде:

1) *КР Конституциясынын жаңы редакциясына;*
2) *КР Жазык-аткаруу кодексине;*
3) *КР Жарандык-процесстик кодексине;*
4) *«Кыргыз Республикасынын Жазык мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын кабыл алынган мыйзамына;*
5) *«Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» КР Мыйзамына;*
6) *«Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» КР Мыйзамына;*
7) *«Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына;*
8) *«Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына;*
9) *«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамына*
10) *Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине;*
11) *Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине.*

Акыйкатчынын мыйзамдарды жакшыртуу боюнча сунуштары бир жагынан, жарандардын Конституцияда жана башка ченемдик укуктук актыларда кепилденген укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууга тоскоолдук жаратуучу мыйзамдардагы кандайдыр бир карама-каршылыктарды жана шайкеш эместиктерди жоюуга багытталган. Экинчи жагынан, Акыйкатчынын мыйзамдарды жакшыртуу боюнча сунуштары Акыйкатчынын (Омбудсмендин) жана анын аппаратынын кызматтык ыйгарым укуктарын толук кандуу ишке ашырууну камсыздоо зарылдыгына байланыштуу болду, анткени учурда мыйзамдардын системасында буга тоскоолдук жаратуучу бир катар карама-каршылыктар жана шайкеш келбестиктер бар.

2020-жылы жолдонгон бул мыйзамдык мүнөздөгү сунуштардын айрымдары тууралуу төмөнкү мисалдарда баяндалат.

## Акыйкатчынын ишмердигин жөнгө салуучу Мыйзамга конституциялык мыйзам статусун берүү тууралуу

КР Конституциясынын 108-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөлдү Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзөт. Бирок «КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамында каралган кээ бир ыйгарым укуктар ишке ашпаган бойдон калууда, анткени Омбудсмен тууралуу эчтеке айтылбаган башка юридикалык күчү бирдей болгон мыйзамдар же юридикалык күчү жогору болгон кодекстер менен шайкеш келбестиктер бар.

КР Конституциясынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт.

Адам укуктарынын маанилүүлүгүн жана артыкчылыгын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы Акыйкатчы тарабынан көрсөтүлгөн карама-каршылыктарды жоюу максатында, «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын жаңы редакциясын кабыл алуу маселесин көтөрүүгө убакыт келип жетти деп эсептейбиз.

Мыйзамга конституциялык статус берүү башка мыйзамдар менен кодекстердеги белгиленген карама-каршылыктарды алып салууга шарт түзөт, анткени конституциялык мыйзам аларга салыштырмалуу жогору күчкө ээ болот.

Россиянын жана Азербайжандын Омбудсмендеринин ишмердиги ушундай жол менен конституциялык мыйзам аркылуу жөнгө салынат. Мындай жагдайлар дүйнө омбудсмендеринин ыйгарым укуктарын жөнгө салуучу Париж жана Белград принциптерине да ылайык келет жана Кыргызстандын беделин адам укуктарына ыктаган, укуктук мамлекет катары көрсөтүүнү шарттайт.

Бул идеяны иш жүзүнө ашыруу үчүн эң оболу, Кыргыз Республикасынын Конституциясына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

## Соттук-укуктук реформа боюнча Акыйкатчынын сунуштары

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) адам укуктарын коргоо боюнча ишмердигин жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун соттук коллегияларынын Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген адам укуктарынын бузулушуна алып келген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын орой бузууга жол берген соттук өкүмдөрдү (зарыл болгон шартта жүйөлөрдү далилдөөчү документтер сунушталат) чыгарышкан бир катар учурлар аныкталды. Мында, тилекке каршы, КР Жогорку сотунун соттук коллегияларынын актылары кайра каралбай турган болуп эсептелет жана даттанууга жатпайт.

Мындай кырдаалдар сот системасынын ишмердиги ага Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жүктөлгөн талаптарын тиешелүү деңгээлде жана кыйшаюусуз сактоо менен, сот адилеттигин жүргүзүүнү толук масштабдуу камсыздоо боюнча үмүттөрдү толугу менен актабаганын күбөлөндүрөт.

Жогоруда баяндалган жагдайлар, институционалдык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен, сот системасын реформалоо зарылдыгын көрсөтүп турат, бул сот адилеттигин талаптагыдай жүргүзүүнү камсыздоо боюнча сот бийлигинин алдына коюлган максаттарга толугу менен жетүүгө шарт түзмөк. Жогорку соттун айрым актыларында олуттуу каталар жана укук бузуулар бар, мындайга таптакыр жол койбоо керек, анткени анда адам тагдырлары жана алардын мүлк маселелери чечилет.

Буга байланыштуу, КР ЖК тармактык комитетинин сунушу боюнча Конституциялык соттун укук колдонуу тажрыйбасынын конституциялуулугун кароону жүргүзүү үчүн ыйгарым укукка

кайтып келүүнү караштырган төмөнкү мыйзам ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени кароону сунуштоо максатка ылайыктуу.

Мындай сунуштарды КР Жогорку Кеңешинин Тармактык комитети тарабынан гана киргизүү биринчиден, КР Конституциясынын 76-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Жогорку Кеңештин комитеттери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган мыйзамдарды жана чечимдерди турмушка ашырууга контролдук кылары менен байланышкан.

Экинчиден, бул КР Конституциялык сотунун дарегине негизсиз же анча мааниге ээ болбогон кайрылууларды жөнөтүү учурларын алып таштоого мүмкүндүк берет.

Белгилеп коюу керек, 2003-жылга чейин КР Конституциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда жарандардын конституциялык укуктарына тиешеси болгон укук колдонуу тажрыйбасынын конституциялуулугу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктары бар болчу.

17 жыл өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын конституциялык көзөмөл органынан жогоруда көрсөтүлгөн ыйгарымдарды алып коюу, жарандардын конституциялык укуктарынын сакталышы боюнча жагдайды жакшыртууга алып келбегенин, тескерисинче, Кыргызстандын Жогорку соту жана жергиликтүү соттору өздөрүнүн вердикттеринде адам укуктары менен эркиндиктерин олуттуу бузууларга жол коё баштаганын белгилеп кетүүгө болот.

Анан калса, мындай жагдай Кыргызстандын эли соңку 17 жыл ичинде башынан өткөргөн бир нече социалдык-саясий толкундоолордун келип чыгышына таасирин тийгизди.

Сот системасын реформалоо жана натыйжалуулугун арттыруу жолдорунун бири болуп, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Президиуму институтунун ишмердүүлүгүн жандандыруу максаттуу болуп турат, ал 2007-жылы 7-майда № 69[13] Мыйзамга ылайык алынып салынган эле.

2020-жылдын ноябрында мамлекеттик деңгээлде конституциялык реформа жүргүзүлгөндүктөн, Акыйкатчы (Омбудсмен) тиешелүү өзгөртүүлөрдү КР Конституциясынын долбooруна киргизүү сунушу менен Конституциялык кеңешменин төрагасы Б. Бөрүбашевге булар тууралуу кат жолдогон.

## Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын долбоору боюнча Акыйкатчынын сунуштары

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясынын коомдук талкууга коюлган долбоору менен таанышып чыккандан кийин, Акыйкатчы тарабынан төмөнкүдөй сунуштар киргизилген.

**1. КР Конституциясынын жаңы редакциясынын долбоорунун 3-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасында элдин бийлиги саясий институттардын, идеологиялардын жана пикирлердин көп түрдүүлүгүнүн негизинде жүзөгө ашырылат.**

Мындай баяндоо нравалык баалуулуктар бийлигин жактоого ыктаган кайсы бир үстөмдүк кылган идеологиянын орношуна, ошондой эле коом бул баалуулуктар багытынан четтеген учурда жазалоо практикасына алып келиши мүмкүн ж.б.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы бардык адамдарга эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга укуктуулукту кепилдейт (31-берененин 1-бөлүгү). 7-берененин 1–2-бөлүктөрүнө ылайык, Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес. Дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган.

[13] Кар.: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202102?cl=ru-ru.

Ушуга байланыштуу КР Конституциясынын жаңы редакциясынын долбоорунун 3-беренесинин 2-бөлүгүндө баяндалгандарды алып салуу сунушталган.

**2. КР Конституциясынын колдонуудагы редакциясынын 12-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, жайыттар жеке менчикте болушу мүмкүн эмес.**

Конституциянын жаңы редакциясынын долбоорунда мындай тыюу салуу жок. Статистика органдарынын маалыматтарына ылайык, Кыргызстандагы жайыттардын аянты 9 миллион гектардан ашат.

Жайыттар жеке менчикке берилсе, жайыттардын көпчүлүк бөлүгүн ири чарбалар гана сатып алышы мүмкүн деген тобокелчилик келип чыгат.

Буга байланыштуу, колдонуудагы Конституциядан Конституциянын жаңы редакциясынын долбооруна жайыттар жеке менчикте болушу мүмкүн эмес деген ченемди киргизүү (имплементациялоо) зарыл.

**3. КР Конституциясынын колдонуудагы редакциясынын 22-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, «Эч ким кыйноолорго жана башка адамгерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болушу мүмкүн эмес».**

Колдонуудагы Конституциянын 20-беренесине ылайык, ар бир эркинен ажыратылган адамдын адамгерчиликтүү мамилеге жана адамдык кадыр-баркын урматтоо укугуна кепилдик берилет. Ошондой эле: бала эмгегин эксплуатациялоого, кулчулукка жана адамдарды соодалоого, инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоого тыюу салынган.

Өзгөчө мааниге ээ болуп жана актуалдуулугун бүгүнкү күнгө чейин жоготпогондугуна карабастан, Конституциянын жаңы редакциясында мындай тыюу салуу кепилдиктери каралган эмес. Мисалы, инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоого тыюу салуу көбүнчөсүн коомдун оппозициялык маанайдагы өкүлдөрүн бийлик ж.б. тараптан кысымга алуудан коргоого багытталган. Мындай кепилдиктер демократиялык коомдо өзгөчө зарыл жана социалдык чыңалууну төмөндөтөт.

Кыргыз Республикасы бир катар эл аралык келишимдердин катышуучусу экенин жана жогоруда саналып өткөн кепилдиктер Конституцияга эл аралык милдеттенмелерди аткаруунун алкактарында камтылганын да эске алуу керек.

Ушуга байланыштуу, колдонуудагы Конституциянын 20, 22-беренелеринде каралган жогоруда саналып өткөн кепилдиктерди КР Конституциясынын жаңы редакциясынын долбоорунун тийиштүү ченемдерине имплементациялоону сунуштайбыз.

**4. КР Конституциясынын жаңы редакциясынын долбоорунун 23-беренесине ылайык:**

1. Кыргыз Республикасында жалпыга таанылган баалуулуктарга, Кыргызстан элдеринин салттарына, ошондой эле эл аралык стандарттарга каршы келген басылмаларга, электрондук алып жүрүүчүдөгү басылмаларга, оюн-зоокторго жана коомдук иш чараларга тыюу салынат;

2. Мазмуну Кыргызстан элинин маданиятына жана адеп-ахлагына зыян келтириши мүмкүн болгон маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жайылтууга мыйзамга ылайык тыюу салынат же чектелет.

Ошол эле учурда Долбоордун 11-беренесине ылайык:

1. *Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматты алуу, эркин басып чыгаруу, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жана башка ыкма менен ар кандай көз караштарды билдирүү жана чагылдыруу укугуна кепилдик берилет.*

2. *Кыргыз Республикасында цензурага жол берилбейт. Жалпыга маалымдоо каражаттары эркин жана өз ишин мыйзамга ылайык жүргүзөт.*
3. *Маалыматты алууга жана таркатууга чектөөлөр мыйзам менен гана белгиленет.*

Ошентип, долбоордун 23-беренесинин жоболору КР Конституциясынын жаңы редакциясынын 11-беренесине карама-каршы келет.

## «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» кабыл алынган КР Мыйзамына Акыйкатчынын сунуштары

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан үч окууда кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын айрым ченемдери өз ара шайкеш келбегендиги төмөнкүлөрдөн көрүнөт.

**1. Кабыл алынган мыйзамда КР ЖПКнын 442-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пунктун алып салуу каралган, муну менен жазык ишин жаңы ачылган жагдай катары кайра кароо ушул жазык ишин Кыргыз Республикасынын соту тарабынан кароодо адам укуктары жана эркиндиктери бузулгандыгын Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерге ылайык эл аралык органдардын белгилөөсүнөн кийин кайра кароо мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылат.**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 25-беренесине ылайык, ченемдик укуктук актынын долбооруна карата маалымкат-негиздемеде ченемдик укуктук актыны кабыл алуунун натыйжасында жетишүү же чечүү болжолдонгон максаттар жана милдеттер камтылууга тийиш.

Бирок жогоруда көрсөтүлгөн кабыл алынган Мыйзамга маалымкат-негиздемесинде КР ЖПКнын 442-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пунктун алып салуунун негизинде болжол менен жетишиле турчу максат-милдеттер камтылган эмес.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамды кабыл алуу процессинде «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын» 25-беренесинин талаптары сакталган эмес.

Ушуга байланыштуу Акыйкатчы кабыл алынган Мыйзамдан КР ЖПКнын 442-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пунктун алып салуу жөнүндөгү ченемди алып коюуну сунуштаган.

**2. КР Жазык-аткаруу кодексинин 43-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-2-пункттарына ылайык, КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мекемелеринде (ЖАМК) Жазаларды жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын талаптагыдай аткаруу, соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин сактоо максатында контролдоону жана көзөмөлдөөнү камсыз кылуучу кызмат адамдары, мисалы өзүлөрүнүн аталган мекемелерге барууларын, ошондой эле ал мекемеде орун алган кемчиликтерди көрсөтүү үчүн тастыктоочу далилдерди тартып алуу үчүн (курулай сөз болбошу жана аныкталган фактылардын тууралыгын тастыктоо үчүн) сөзсүз түрдө фото- жана видеоаппаратураны пайдалануу укугуна ээ болушу керек.**

Ошондой эле белгилеп коюу керек, КР ЖАК 43-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Кыйноонун жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнүн жана жазалоолордун алдын алуу боюнча улуттук борборунун кызматкерлери ЖАМКнын жабык мекемелерине аудио/видео тартуу каражаттарын атайын уруксат албай туруп, алып кирүүгө укуктуу. КР Мыйзамдарына ылайык, бир кыйла кеңири ыйгарым укуктарга ээ болгон Акыйкатчы (Омбудсмен) институтуна караганда, аз ыйгарымдарга ээ болгон Кыйноонун жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадырын кемсинтүүчү мамилелердин түрлөрүнүн жана жазалоолордун алдын

алуу боюнча улуттук борборунун кызматкерлерине уруксатсыз аудио/видео каражаттарын алып кирүүгө мыйзам тарабынан жол берилип, ал эми Акыйкатчыга (Омбудсменге) мындай укуктун каралбашы, анын адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контроль жүргүзүү боюнча ыйгарымдарын кыйла чектөөгө, маанисин азайтууга алып келет. Ошондой эле белгилеп коюу керек, Акыйкатчы институту менен Улуттук борбордун максаттары белгилүү деңгээлде окшош, бирок кеңири ыйгарымдарга ээ болгон, анын ичинде контроль жүргүзүү функцияларына да (анын ичинде «биринчисине» карата да) ээ болгон «экинчисинин» ишмердигин жүзөгө ашырууда, эмне үчүндүр контролдоо обьектинин эркине жараша коюлуп калган.

Мындан сырткары, адамдын укуктарын колдоо жана коргоо менен алектенген улуттук укук коргоо мекемелери жөнүндө (Париж принциптери)[14] принциптердин улуттук мекемелердин статусуна тиешелүү 2-пунктунун талаптарына ылайык, Акыйкатчы институтуна мүмкүн болушунча көбүрөөк ыйгарым укуктар берилип, ал мыйзамдардын тиешелүү ченемдеринде чагылдырылууга тийиш.

Бирок, адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттардын ушул талаптарына карабастан, Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдарында, тилекке каршы, Кыргыз Республикасы Акыйкатчынын ыйгарымдарын негизсиз чектөө жолуна түшкөн. Мисалы, буга чейин колдонууда болгон 1999-жылдагы КР Жазык-аткаруу кодексинде Акыйкатчыга ЖАМК мекемелерине аудио жана видео тартуу каражаттарын өзү менен ала кирүү укугу каралса, ал эми 2019-жылдын башынан тартып колдонууга киргизилген КР Жазык-аткаруу кодекси, Акыйкатчыга мындай укукту карабайт.

Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын мындай кыскартуу анын зарылдыгынын кандайдыр бир обьективдүү негизине ээ эмес.

Жогоруда саналып өткөн жагдайларды эске алуу менен, КР Жазык-аткаруу кодексинин 43-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-сүйлөмүн толуктап, төмөнкүдөй редакцияда баяндоо менен: «Түзөтүү мекемелерине кино, фото жана видеоаппаратураларды алып өтүү жана аларды колдонуу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине), анын орун басарларына, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлерине жана ушул berененин 1-бөлүгүнүн 2-4-пункттарында көрсөтүлгөн адамдардын колдонуусу атайын уруксатсыз жүзөгө ашырылат» деген тиешелүү өзгөртүү киргизүү сунушталган.

Жогорудагылардын негизинде Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Президентине кайрылып, КР Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорун жогоруда саналып өткөн бардык сунуштарды эске алуу аркылуу кайчы пикир менен КР Жогорку Кеңешине кайрадан кайталап кароого кайтарууну сунуштаган.

*Мындан кийин, «Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдары чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору КР Жогорку Кеңешине каршы пикир менен кайтарылып берилген.*

## «Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбооруна Акыйкатчынын позициясы

2020-жылдын 31-мартында КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети тарабынан коомдук талкууга «Кыргыз Республикасынын Жарандык- процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору коюлган. КР Акыйкатчысы тарабынан жүргүзүлгөн анализдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталды.

[14] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1993-жылдын декабрындагы 48/134-резолюциясы менен кабыл алынган.http://www.un.org/ru/documents/ods.asp?m=A/RES/48/134.

**1. «Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорунда КР ЖПКнын 261-1 беренесине өзгөртүү киргизүү сунушталган, анда прокурорго тийиштүү маалыматтык материалдарды гана эмес (мурда ушундай эле), ошондой эле уюмду да экстремисттик же террористтик деп таануу жөнүндө арыз менен сотко кайрылуу ыйгарым укугу берилген.**

Мындай категориядагы иштерди сотто кароонун мөөнөтү, мыйзам долбооруна ылайык, беш күндөн ашпайт.

Акыйкатчы жарандык коомдун өкүлдөрүнүн буга чейин жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жайылтылган позициясы менен макул, бул мөөнөт өтө кыска болуп саналат жана (уюмдун өкүлдөрүнө) талаптагыдай даярданууга жана уюмдун кызыкчылыктарын сотто коргоого шарт түзбөйт.

Бул жагдай прокурор жана ага карата экстремисттик же террористтик деп таануу жөнүндө маселе коюлуп жаткан уюмдун өкүлдөрүнүн ортосундагы тараптардын тең укуктуулук принцибин бузууга алып келет.

Мисалы, прокурордо (ошондой эле ага сунуш киргизген адамда), сотко арызды демилгелөөдөн мурда тийиштүү материалдарды даярдоо үчүн, өз кайрылуусунун стратегиясын толугу менен түзүүгө жана өз позициясын сотто колдоо үчүн зарыл болгон тийиштүү материалдарды (анын ичинде далил базасын) даярдоого зарыл болгон убакыт жана мүмкүнчүлүк жетиштүү болот.

Жогоруда көрсөтүлгөн уюмдун өкүлдөрүндө болсо, иш жүзүндө мындай убакыт болбойт, анткени эреже катары, прокурор сотко кайрылгандан кийин үч күндүн ичинде кабардар кылышат. Ал эми жогоруда көрсөтүлгөн уюмдун өкүлдөрүндө иш жүзүндө мындай убакыт болбойт, анткени прокурор сотко кайрылгандан кийин үч күндүн ичинде кабардар кылышат. Мында соттук териштирүүнүн бардык мөөнөтү беш күндөн ашуун болбойт.

Бул мөөнөт уюмдун өкүлдөрү сотко чакыруу алгандан кийин өз кызыкчылыктарын сотто коргоо үчүн толук кандуу укуктук позицияны түзүүгө жетишсиз жана кыска болуп саналат. Бул өз кезегинде сот тарабынан уюмдун ишмердигин экстремисттик жана террористтик деп табуу маселесин 5 күндүн ичинде иштин үстүртөн, бир беткей, сапаттуу эмес каралышына алып келиши ыктымал жана алар боюнча ушундай эле чечим кабыл алуу тобокелдиги чоң.

Ушуга байланыштуу, мыйзам долбоорунда уюмду соттук тартипте экстремисттик же террористтик деп таануу сунушталгандыктан, азыркы учурда маалыматтык материалдарды экстремисттик же террористтик деп таануу үчүн белгиленген беш күндүк мөөнөткө караганда, мындай учурда соттук териштирүүнүн мөөнөттөрү беш күндүк мөөнөттөн кыйла көбүрөөк болушу керек.

**2. КР Жарандык-процесстик кодексинин 261–2-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболору сотко ишти уюмдун өкүлдөрүнүн (эгер алар сот отурумунун орду жана убактысы тууралуу талаптагыдай кабардар болсо) катышуусусуз кароо жана чечим чыгаруу мүмкүнчүлүгүн берет. Ошону менен бирге талаптагыдай кабардар кылынган уюмдун өкүлдөрү жүйөлүү себептер менен, мисалы, оор дарт, жакын тууганынын күтүүсүз каза болуусу ж.б. сыяктуу ар кандай адамды психологиялык кыйындыктарга дуушар кылуучу себептерден улам, сотко катышпай калышы мүмкүн.**

Жогоруда саналып өткөн жагдайлардын баарысы, мындай иштерди кароодо сот адилеттигин жүргүзүүнүн эң негизги принциптеринен болгон – тараптардын атаандашуучулугу жана тең укуктуулугу принциптеринин бузулуш ыктымалдуулугун күбөлөп турат.

Мында көңүлгө алуу үчүн маанилүүсү, сот тарабынан уюмду (маалыматтык материалды гана эмес) экстремисттик же террористтик деп табуу көпчүлүк учурларда өзгөчө коомдук мааниге ээ болот жана жарандардын конкреттүү чөйрөсүнүн укуктары менен кызыкчылыктарына тиешеси болуп, өзгөчө коомдук мааниге ээ болот. Анткени көбүнчөсүн, бир гана тараптын

катышуусу, бир гана тарапты угуу менен кабыл алынган соттук чечимдин айынан алар жабыркап калышы мүмкүн.

Ушуга байланыштуу тараптар жүйөлүү себептен келбей калган учурда сот отурумун кийинкиге калтыруу мүмкүнчүлүгүн мыйзамда бекитип коюу зарыл.

**3. КР Жарандык-процесстик кодексинин 261-3-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Соттун чечими ушул Кодекстин 40-бөлүмүндө (кассациялык инстанция сотундагы өндүрүш) каралган тартипте даттанылышы мүмкүн.**

Жогоруда көрсөтүлгөн ченемди жетекчиликке алуу менен, ушул категориядагы иштерди кароо боюнча түзүлгөн соттук тажрыйбага ылайык, биринчи инстанциядагы (райондук) соттордун вердикти (КР Жарандык-процесстик кодексинин 25-1-бөлүмүндө каралган) түздөн-түз (апелляциялык инстанцияны аттап өтүп) Жогорку сотко даттанылат жана кайра каралат.

Ошону менен мындай соттук тажрыйба КР Жарандык-процесстик кодексинин 351-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына (40-бөлүмдө каралган) карама-каршы келет, ага ылайык биринчи инстанциядагы соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген, апелляциялык тартипте даттанылбаган актылары, кассациялык тартипте кайра каралбайт.

Ошентип, ушул категориядагы иштер боюнча райондук соттун актыларын (апелляциялык инстанцияны кыйгап өтүп) түз эле кассациялык инстанцияда б.а. Жогорку сот тарабынан кайра кароо азыркы учурда колдо болгон соттук тажрыйба КР Жарандык-процесстик кодексинин 351-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына карама-каршы келет.

**4. КР Жарандык-процесстик кодексинин талаптарына ылайык, Жогорку сот райондук сотто иликтенген иштин материалдарын кароо менен эле чектелип, тараптар тарабынан берилген жаңы аргументтерди жана далилдерди карабайт. Ал эми материалдар биринчи инстанциядагы сот тарабынан гана өтө кыска мөөнөттө, тараптардын катышуусусуз каралгандыктан, мындай жагдай шексиз түрдө кырдаалды курчутуп, иштин бардык жагдайларын толук жана обьективдүү кароого тоскоолдук жаратып, Жогорку сот тарабынан адилеттүү соттук актынын чыгарылышына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.**

Мындай аргументтер уюмду экстремисттик же террористтик деп таануу апелляциялык инстанциядагы соттор тарабынан да каралышы керектигин, анткени ошондо гана тараптар өз аргументтерин толук чагылдырып, иштин бардык жагдайлары соттор тарабынан толугураак изилденээрине шарт түзөт.

**5. Мыйзам долбоору менен КР Жарандык-процесстик кодексинин 261–1-беренесине сунушталып жаткан өзгөртүүлөр бир эле учурда уюмду экстремисттик же террористтик деп таануу менен, ошондой эле тиешелүү маалыматтык материалдарды да экстремисттик же террористтик деп таануу мүмкүнчүлүгүнө жол коёт.**

Мындай учурда суроо келип чыгат, эгер сот ошол эле чечими менен маалыматтык материалды экстремисттик же террористтик деп тааныса, ошондой эле ушул материалды чыгарган/жарыялаган уюмдун өзүн да экстремисттик же террористтик деп тааныса, анда уюмдун кызматкерлери бул материалды жарыялоодо, алар тарабынан жарыяланып жаткан материал экстремисттик же террористтик мүнөздө экендигин билишкен эмес, анткени бул материалга карата мурда соттук чечим чыккан эмес, ал эми кызматкерлер (обьективдүү себептерден улам) укук мамилелеринин бул чөйрөсүндө эксперттик таанымдарга ээ эмес, демек, алар бул материалдарга тыюу салынгандыгын билиши мүмкүн эмес деген жагдай келип чыгат.

Ушуга байланыштуу ырааттуу мамилени мыйзамдуу бекитүү алгылыктуу болуп турат, алгач сот тарабынан маалыматтык материалдарды экстремисттик же террористтик деп таануу, ошондон кийин гана эгер кандайдыр бир уюм ал материалдарды (мурда сот тарабынан экстремисттик же террористтик деп таанылган) колдонсо, жайылтса, ошондо гана уюмду экстремисттик же террористтик деп таануу зарылдыгы жөнүндө маселени көтөрүү туура болмок.

Бул учурда соттук вердиктти (маалыматтык материалдарды экстремисттик же террористтик деп таануу жөнүндө) расмий жарыялоо кыйла мааниге ээ, анткени мындай болбогондо, калктын маалымдар эместиги ушундай сот актысынын бар экенин билбөөсүнө алып келиши мүмкүн.

Башкача айтканда, эгерде тигил же бул маалыматтык материалдын мыйзамга каршы экени коомчулукка маалымдалбаса, кызматкерлери алар жарыялап жаткан материалдарга соттук вердикттин жана анын расмий жарыялоосунун (калктын бул тууралуу малымдар болушу үчүн) жоктугунан улам тыюу салынгандыгын билбегендигинен улам уюмду механикалык түрдө экстремисттик же террористтик деп таануу логикага сыйбайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, биздин көз карашыбызча, эгер буга чейин сот тарабынан экстремисттик же террористтик деп таанылган жана бул соттук акт ЖМКда жана/же КР мыйзамдарында каралган маалыматтык булактарда расмий түрдө жарыяланган материалдар уюмдун атынан жайылтылган учурда гана уюмду экстремисттик же террористтик деп мыйзамдуу таануу мүмкүнчүлүгүн кароого болот.

**6. Жогоруда аталган соттук чечимдерди жарыялоо боюнча функцияларды аткаруу бийлигинин юстиция органдарынан Башкы прокуратуранын, улуттук коопсуздук жана ички иштер органдарына өткөрүп берүү тууралуу сунуш мыйзам долбоорунда пайда болушу эмнеге байланыштуу деген логикалык суроо келип чыгат.**

Биздин көз карашыбызда, жарыялоонун мындай «үчилтик» булагын (ал белгилүү башаламандыкка алып келиши мүмкүн) түзүүгө караганда, мурдагыдай эле бул категориядагы иштер боюнча соттук чечимдерди жарыялоонун бирдиктүү булагын юстиция чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинде калтыруу жакшы болмок.

Мында мыйзам долбоорунун авторлору маалымкат-негиздемеде жарыялоо боюнча функцияны юстиция органынан жогоруда саналып өткөн укук коргоо органдарынын пайдасына өткөрүп берүү зарылдыгы эмнеден келип чыкканы жана мындан кандай оң натыйжа болушу мүмкүндүгүн чечмелешкен эмес, түшүнүксүз бойдон калган.

Ошондой эле, биздин көз карашыбызда, маалыматтык материалды жайылтканы (же башка аракеттерди жасоо) үчүн жоопкерчилик сот тарабынан материалды экстремисттик же террористтик деп таанығандан кийин эле келип чыкпастан, аларды тийиштүү маалыматтык булакта расмий жарыялоодон кийин 10 күн өткөндөн кийин жоопкерчилик келип чыгышы керек деген жобону мыйзамдык тартипте бекитүү туура болмок. Анткени калктын маалымдар болушу эреже катары, соттук вердикт чыгарылгандан кийин эмес, аны расмий жарыялоону камсыздоодон кийин жана жарыяланган чечим менен таанышуу үчүн убакыт берилгенден кийин мүмкүн болот..

**7. Жарандык коомдун өкүлдөрүнүн уюмду сот тарабынан экстремисттик же террористтик деп таануунун кажети барбы, анткени мыйзам долбооруна маалымкат-негиздемесинде өлкөдөгү укук мамилелеринин ушул чөйрөсүндө абалдын курчуганы күбөлөндүрүп турган кандайдыр бир конкреттүү статистикалык маалыматтар же башка фактылар көрсөтүлгөн эмес деген позициясы менен (ММКда ачык билдирилген) макул болуу керек.**

Жогорудагылардын негизинде КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин дарегине кайрылуу жолдонуп, анда жогоруда аталып өткөн «Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорун жеткире иштеп чыгуу сунушталган.

Андан кийин КР Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинен 2020-жылдын 5-июнунда чыгыш №19863 жооп алынды, анда «Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору жеткире иштелип чыгылгандыгы жана мыйзам долбоору тарабынан сунушталган жогорудагы өзгөртүүлөр четке кагылгандыгы билдирилген.

## Коронавирус инфекциясы пандемиясы жайылган учурда мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөр боюнча Акыйкатчынын позициясы

Акыйкатчынын дарегине жарандык коомдун өкүлдөрүнөн «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актыларына (Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамынын (2020-жылдын 3-апрелиндеги №34) айрым ченемдерине карата суроолор менен кайрылуулар келип түшкөн, аталган Мыйзамга ылайык, КР «Бузуулар жөнүндө» кодекси 82-2-беренеси (Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал шарттарында укук тартибин бузуу) менен толукталган.

Мында бул берененин диспозициясы төмөнкүдөй баяндалат:«Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал жарыяланган аймактарда укук тартибин бузууга багытталган аракеттер, же болбосо анык эмес маалыматтарды жайылтуу жолу менен жасалган коомдук тартипти жана жеке адамдардын тынчтыгын бузган аракеттер 3-категориядагы айып пул салууга алып келет».

Бул учурда жайылтуучу жайылтылып/кайра жөнөтүлүп жаткан маалыматтардын анык эместигин билбей, жаңылышып калышы да мүмкүн. Ушуга байланыштуу жогоруда көрсөтүлгөн берененин ченемин квалификациялуу белги менен толуктоо максатка ылайыктуу, мында жайылтылып/кайра жөнөтүлүп жаткан маалыматтын анык эместигин адам билип туруп деген сөздөр менен толуктоо сунушталат. Башка көптөгөн укук бузууларда билип туруусу көрсөтүлөт (мисалы: билип туруп туура эмес которуу, билип туруп туура эмес эксперттик корутунду берүү, соттун туура эмес чечими ж.б.). Башкача айтканда, күнөөлүү адам өз аракеттеринин мыйзамсыздыгын билүүгө тийиш.

Адамдар интернет айдыңында ар кандай маалыматтар менен, анын ичинде тамашалуу маалыматтар менен бөлүшөөрүн эске алсак, бул берене боюнча кыйла көп адамдарды жоопкерчиликке тартууга болот эле.

Бул укук бузууда укук бузуучунун ниети ачылып берилбейт. Укук бузуу билип туруп жасалышы керекпи же билбей туруп жасалабы, так эмес. Ченемдин мындай жетишпестиги мыйзамдагы чектелбеген укук колдонуу тажрыйбасына алып келиши мүмкүн.

Бул укук бузуунун олуттуу квалификациялоочу белгиси болуп, «анык эмес маалыматты жайылтуу» болуп эсептелет, ал өз кезегинде «коомдук тартипти жана элдин тынчтыгын бузууга алып келиши керек» (экинчи квалификациялык белгиси).

Ушуга байланыштуу, КР Бузуулар жөнүндө кодексинин 82-2-беренесин жеткире иштеп чыгуу жана аны төмөнкүдөй редакцияда баяндоо маселесин карап көрүүнү сунуштайбыз:

*«$82^2$-берене. Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал жарыяланган аймактарда анык эмес маалыматты билип туруп жайылтуу Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуштук абал жарыяланган аймактарда жарандардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунучтар тууралуу анык эмес маалыматтарды билип туруп интернет тармактары жана ЖМКда жайылтуу – 3-категориядагы айып пул салууга алып келет».*

Мындан тышкары, эксперттердин пикири боюнча, жогоруда көрсөтүлгөн укук бузуу КР Жоруктар жөнүндө кодексинен орун табышы керек болчу, ошондо КР ЖПК алкактарында толук кандуу сотко чейинки өндүрүш жүргүзүлмөк.

Ошондой эле аталган мыйзам менен «КР Жоруктар жөнүндө» кодекси 119-1-берене (Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же аскердик абал режиминин талаптарын бузуу) менен мурда толукталган. Ченемдин диспозициясы «Өзгөчө кырдаал, өзгөчө же аскердик абал режиминин талаптарын бузуу» деген өтө кеңири түшүнүк. Буга комендanttын талабын да, ошондой эле «Өзгөчө кырдаал жөнүндө» КР Конституциялык мыйзамында белгиленген талаптарды да кошсо болот.

«Өзгөчө кырдаал жөнүндө» КР Конституциялык мыйзамы бузуулар үчүн санкцияны караган бир катар ченемдерди камтыйт. Кырдаалды курчуткан шартта ЖМКлардын үстүнөн

контроль киргизүү, мүлкүн алып коюу, кармоо. Мындан сырткары контроль киргизүү жөнүндө санкцияларда контроль чектеринин тактыгы жана түшүнүктүүлүгү жок, бул кайрадан эле ырааттуу эместикке жана чечимдердин ар түрдүү тандамал мүнөзүнө алып келет. Ошондой эле бир эле укук бузуу үчүн жоопкерчиликти конституциялык мыйзам боюнча карайбы же кодекс боюнчабы, белгисиз.

Белгилеп коюу керек, чаржайыт баяндалган мыйзамдар эмнелерге уруксат берилгенин же эмне кылууга тыюу салынганын жарандардын түшүнүүсүнө шарт түзбөйт, алардын негизинде укуктарды чектөө легитимсиз жана адилетсиз болуп саналат. Мыйзамдын мындай «чаржайыт» ченемдери ыйгарым укуктуу органдардын чечимдерди башаламан, өз кароосуна ылайык же саясий «максаттуулугуна» жараша кабыл алуусуна алып келиши мүмкүн.

Жогорудагылардын негизинде, укук ченемдеринин так эместигин жоюу жана шайкештигин камсыздоодо Акыйкатчы Жогорку Кеңешке Акыйкатчы тарабынан киргизилген сунуштарды эске алуу менен, мыйзамдардын жогоруда аталган ченемдерин жакшыртуу маселесин карап көрүү өтүнүчү менен кайрылды.

## «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын айрым ченемдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна шайкеш келтирүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 84-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнө ылайык, «Депутаттык мандаттардын теңинен көбүнө ээ болгон фракция же анын катышуусу менен фракциялардын коалициясы жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңештин биринчи жыйналышы өткөн күндөн тартып 25 жумушчу күндүн ичинде Премьер-министрдин кызматына талапкерди көрсөтөт.

Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкер Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет.

Эгерде жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт бүткөнгө чейин Жогорку Кеңеш программаны бекитпесе, Өкмөттүн түзүмүн жана курамын аныктабаса же болбосо шайлоонун жыйынтыктары боюнча саясий партиялардын бири да депутаттык мандаттардын жарымынан көбүн албаса, Президент фракциялардын бирине 25 жумушчу күндүн ичинде парламенттик көпчүлүктү түзүүнү жана Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүүнү сунуш кылат».

Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкер жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет.

Бирок «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын (мындан ары – конституциялык Мыйзам) 5-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 84-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүндө каралган укук мамилелерин жөнгө салуучу ченемдерине шайкеш эмес, анда Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү 15 жумуш күндүн ичинде жүргүзүлөт.

Ушул контексттен алганда, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүндө каралган:

«1. Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат.

2. Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынат» - деген ченемдерге карама-каршы келет.

Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, ченемдик укуктук акт өзүнөн жогору юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыга каршы келбеши керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын ченемдерин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерине шайкеш келтирүү максатында Акыйкатчы КР Өкмөтүнө кайрылып, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» КР конституциялык мыйзамына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө сунушу менен кайрылды, анда аталган Конституциялык мыйзамдын 5-беренесинин 1- жана 2-бөлүктөрүнө «15» деген санды «25» деп өзгөртүү, андан ары текст боюнча кетүүсү сунушталган.

## Мамлекеттик жана муниципалдык түзүмдөргө кызматка кирүүдөгү негизсиз жана объективдүү эмес ар кандай талаптар жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын (2011-жылдын 15-июлу №101) 42-беренесинин 3- жана 48-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, соттолгондугу мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлгандыгына же жоюлбагандыгына карабастан, оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон жарандар шаар мэри (айыл өкмөт башчысы) боло албайт.

Башкача айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн ченемге ылайык, оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасаган жарандар соттолгондугу мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлгандыгына же жоюлбагандыгына карабастан, шаар мэри же айыл өкмөтүнүн башчысы болуу укугунан өмүр бою ажыратылган.

Бирок жарандардын ушул эле категориясы, төмөнкү кызмат ордуларын ээлөөгө укуктуу:

- *Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты («Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 3-беренесинин 4-бөлүгү»);*
- *Кыргыз Республикасынын Премьер-министри, Өкмөт мүчөсү, административдик ведомствонун жетекчиси («Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 8-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пункту);*
- *Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы жана башка мүчөлөрү («Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Мыйзамынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пункту);*
- *«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Мыйзамдын 4-беренесинин 2-пункту).*

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамдын 62-беренесине ылайык, Улуттук банктын төрагасынын, төраганын орун басарларынын жана Башкармалыгынын мүчөлөрүнүн кызмат ордуна Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналган, кынтыксыз абройго ээ (ушул эле Мыйзамдын 108-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык), экономика чөйрөсүндө кылмыш жасагандыгы үчүн алып салынбаган же тындырылбаган соттуулугу жок катары түшүнүлгөн адамдар (алардын ичинде оор жана өзгөчө оор кылмыштар) дайындалышы мүмкүн.

Жогоруда саналып өткөндөрдүн өңүтүнөн, мыйзам чыгаруучулар шаар мэринин, айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна Мамлекет башчысы жана Кыргыз Республикасынын эң жогорку кызмат ордун ээлеген Кыргыз Республикасынын Президентине коюлуучу талаптарга караганда жогорку талаптарды коюшкан.

Ошентип, бир кыйла азыраак талаптар КР Премьер-министрине жана өлкө жетекчилигинин катарына кирүүчү же жалпы республикалык мааниге ээ болгон бир катар мамлекеттик органдардын жана административдик ведомстволордун бир катар жетекчилигинин катарына кирүүчү кызмат адамдарына коюлган.

Ошону менен бирге, бул жерде кызмат орундарына коюлуучу мындай бир кылка эмес талаптар, Акыйкатчынын көз карашы боюнча, ченем жаратуу иш-аракетиндеги төмөнкү принциптердин:

- *жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоо;*
- *мыйзамдуулук;*
- *негиздүүлүк;*
- *максатка ылайыктуулук;*
- *адилеттүүлүк принциптеринин бузулганын күбөлөндүрүп турат (Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө КР Мыйзамынын 3-беренеси).*

Биздин көз карашыбызча, мыйзамдын жогоруда белгиленген коньюнктурасы Конституциянын төмөндөгү талаптарына да шайкеш келбейт:

- *КР Конституциясынын преамбуласында баяндалган ченемдерге ылайык, Кыргызстан элинин укуктун үстөмдүгүн камсыздоо менен, социалдык адилеттикти орнотууга умтулат;*
- *КР Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, мыйзам алдында баардыгы бирдей.*
- *КР Конституциясынын 52-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, Жарандар мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө, мыйзамда каралган тартипте кызматка көтөрүлүүдө бирдей укуктарга, бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.*

Кыргыз Республикасынын мыйзамдар системасындагы мындай шайкеш эместик жана кайчылаштык тең салмактуулукту бузат жана жарандарда толук негиздүү наразычылыкты жаратат.

Албетте, Акыйкатчы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мурунку кылмышкерлердин же оор же өзгөчө оор кылмыштары үчүн жоюлбаган соттуулугу бар адамдардын кирип кетүү мүмкүнчүлүгүнүн тарапкери эмес.

Андай болгондо, Акыйкатчынын көз карашында, мындай чектөөлөр ушундай эле жол менен «жооптуу», өлкөнүн жогорку кызмат ордуна жана республикалык мааниге ээ болгон мамлекеттик түзүмдөрдүн жетекчилеринин жогорку кызмат орундарынын бир катарына да жайылтылышы зарыл деп эсептейт.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдериндеги шаар мэрине жана айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна өлкөнүн жогорку кызмат ордуна жана республикалык мааниге ээ болгон мамлекеттик түзүмдөрдүн жетекчилеринин жогорку кызмат орундарына караганда бирдей эмес жана обьективдүү эмес ашыкча талаптарды жоюуга багытталган мыйзам долбоорун демилгелеп, КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү сунушталат.

## 1.5. КР АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) 2020-ЖЫЛДАГЫ КӨҢҮЛ БУРУУ АКТЫЛАРЫ

2020-жылдын ичинде Акыйкатчы (Омбудсмен) мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү бийлик органдарына адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна байланыштуу укук бузууларды четтетүү жана кызмат адамдарын жоопко тартуу жөнүндө 90 Көңүл буруу актысын жөнөттү.

2020-жылдагы Көңүл буруу актыларына болгон талдоолор төмөнкү жыйынтыктарды көрсөттү. Акыйкатчынын Көңүл буруу актыларынын жалпы санынын жарымына жакыны оң жагына чечилген жана аларда камтылган талаптар канааттандырылган (бузулган укуктар калыбына келтирилген же тиешелүү адамдар жоопко тартылышкан).

Көңүл буруу актыларына ар кандай укуктук мамилелер кирген:

- *соттор (анын ичинде Жогорку сот) тарабынан КР мыйзамдарынын талаптарын одоно түрдө бузуу менен чечимдерди чыгаруу;*
- *соттук чечимдердин аткарылбай калышы менен коштолгон жарандардын турак-жайга болгон укуктарынын бузулушу;*
- *тергөө убагында кылмыш ишинин негизсиз токтотулушу;*
- *соттор тарабынан соттук отурумдарды өткөрүү тартибинин болушу;*
- *Акыйкатчынын өкүлүнүн ачык соттук отурумдарга киришине тоскоолдук келтирүү;*
- *райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн кызмат адамдары, ошондой эле билим берүү мекемелеринин администрациялары тарабынан жол берилген мыйзам бузуулар;*
- *сот өндүрүшүн ишке ашырууда сот органдары жана жактоочулар тарабынан жол берилген жарандардын процесстик укуктарынын бузулушу;*
- *жумуш ордун калыбына келтирүү боюнча соттук чечимдердин аткарылбагандыгы;*
- *Акыйкатчынын кайрылууларына мамлекеттик органдар тарабынан жооп бербегени же өз убагында жооп бербегени;*
- *соттор тарабынан соттук териштирүүлөрдүн ачыктык принциптеринин бузулушу;*
- *камакка алынган адамдарды кармоо режиминин бузулушу;*
- *жергиликтүү мамлекеттик администрация жана облустагы Өкмөттүн өкүлчүлүгү тарабынан «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» мыйзамдын талаптарынын бузулушу;*
- *жумушчуга карата эмгектик укук мамилелерин ишке ашырууда жумуш берүүчү тарабынан кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануусу;*
- *ачык соттук отурумдарга Акыйкатчы институтунун кызматкерлеринин киргизилишине баш тартуу билдирилген Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө тоскоолдуктар;*
- *мектеп администрациялары тарабынан окуучулардын коопсуз шарттарын жана саламаттыгын коргоону камсыз кылуу боюнча талаптардын аткарылбагандыгы;*
- *соттолгон аялдарды ЖАМКнын №2 түзөтүү мекемесинде кармоо шарттарынын жана режиминин бузулушу;*
- *Акыйкатчы тарабынан суралган маалыматты берүүдөн баш тартуу билдирилген Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиктин Акыйкатчынын ишмердүүлүгүнө тоскоолдугу.*

2020-жылы жолдонгон Акыйкатчынын Көңүл буруу актыларынын айрымдары боюнча төмөнкү учурларда (иштерде) кененирээк айтылат.

## Жаранды жактоочулук иш жүргүзүү укугуна болгон лицензиядан адилетсиз жана мыйзамсыз ажыратуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин 2017-жылдын 1-февралындагы №49 буйругу менен Токтоматов Марат Эсентурович жактоочулук иш жүргүзүү укугуна болгон лицензиядан ажыратылган.

Өз кезегинде М. Токтоматов КРнын Юстиция министрлигинин жогоруда айтылган буйругун жараксыз деп табуу жана анын 2015-жылдын 9-июнунда берилген №1471 жактоочулук иш жүргүзүү укугуна болгон лицензиясын калыбына келтирүү жөнүндө арыз менен кайрылган.

Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2017-жылдын 27-апрелиндеги чечими менен М.Токтоматовдун арызын канааттандыруудан Бишкек шаардык сотунун 2017-жылдын 20-июнундагы аныктамасынын негизинде баш тартылып, бул иш боюнча биринчи инстанциядагы соттун чечими күчүндө калтырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2017-жылдын 9-ноябрындагы токтому менен жогоруда айтылган биринчи жана апелляциялык инстанциядагы сот актылары жокко чыгарылып, иш кайра кароого жиберилген. Кассациялык инстанция өз чечиминде М.Токтоматовду адвокаттык ишмердүүлүк укугунан ажыратууда иште камтылган материалдардын ичинен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан КРнын

Өкмөтүнүн 2011-жылдын 28-февралындагы №79 токтому менен бекитилген «КРнын Юстиция министрлигинин алдындагы Жактоочулук иштин маселелери боюнча квалификациялык комиссия жөнүндө» Жобосунун 14- жана 15-пункттарынын талаптарынын сакталгандыгы белгисиз бойдон калгандыгын жүйө келтирген.

Жогоруда баяндалгандай, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2017-жылдын 9-ноябрындагы токтомунун резолютивдик бөлүгүндө КРнын ЖС соттук коллегиясы биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттук актыларды жокко чыгаруу, ишти кайра кароого жиберүү чечимин чыгарган. Ошол эле учурда, соттук коллегия өзүнүн жүйөлөөчү бөлүгүндө ишти кайра кароодо биринчи инстанциядагы сот жогоруда белгиленген кемчиликтерди четке кагып, мыйзам ченемдерине негизделген чечим кабыл алуусун белгилеген.

Андан ары Бишкек шаарынын райондор аралык соту ишти карап, кайрадан 2018-жылдын 6-февралындагы өзүнүн чечими менен М.Токтоматовдун арызын канааттандыруудан баш тарткан. 2018-жылдын 1-июнунда Бишкек шаардык сотунун аныктамасы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2018-жыл 6-августтагы токтому менен жогоруда айтылган Бишкек шаарынын Райондор аралык сотунун 2018-жылдын 6-февралындагы чечими өзгөртүүсүз, ал эми М.Токтоматовдун арыздары канааттандыруусуз калтырылган.

Бирок, аталган ишти кайрадан караган бардык үч инстанциянын жогоруда аталган соттук актыларында КРнын Өкмөтүнүн 28.02.2011-жылдагы №79 токтому менен бекитилген «КРнын Юстиция министрлигинин алдындагы Жактоочулук иштин маселелери боюнча квалификациялык комиссия жөнүндө» Жобосунун 14- жана 15-пункттарынын талаптарына ылайык, жактоочу Токтоматовду жактоочулук иш жүргүзүү укугуна болгон лицензиядан ажыратуу боюнча жол-жоболор сакталганбы же жокпу деген маселеге иликтөө жүргүзүүнүн зарылчылыгы айтылган биринчи инстанциядагы сотко жогоруда белгиленген кемчиликтерди четке кагуу тууралуу 2017-жылдын 9-ноябрындагы КР ЖС токтомунда айтылган жогоруда белгиленген көрсөтмөлөр аткарылган эмес.

Ошентип, жогоруда айтылып жаткан ишти кайра караган бардык үч инстанциянын соттору тарабынан «кассациялык инстанциянын сотунун актыларында камтылган көрсөтмөлөр ишти кайра караган соттор үчүн милдеттүү деп саналат» деп айтылган Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 265-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын бузууга жол берилген.

Ошондой эле, ишти кайра караган бардык үч инстанциянын соттору тарабынан иш боюнча сотту жаңылыш корутундуларга алып келген бардык кырдаалдар боюнча ар тараптуу жана толук иликтөөнүн зарылдыгы тууралуу КРнын Жарандык-процесстик кодексинин 10-беренесинин талаптары сакталган эмес.

Баяндалгандардын негизинде, Акыйкатчы сотторду (ишти кайра кароодо чечим кабыл алган жана 2017-жылдын 9-ноябрындагы КРнын Жогорку сотунун токтомдорунда камтылган көрсөтмөлөрдү аткарбаган Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун судьясы - Эгембердива А.Р., Бишкек шаардык сотунун судьялары - Албанова Дж.К., Горшковская И.В., Кожомбердиева Н.К., КРнын Жогорку сотунун судялары - Боронбаева Д.С., Мухамеджанов А.Ж., Джумашова К.О.) Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 331-беренесинде каралган кылмыштарды жасагандыктары үчүн (шалаакылык, башкача айтканда, аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо, жеңил-желпи же шалаакылыктан, кызмат адамынын байкабастыктан олуттуу зыян келтирүү менен өз милдеттерин аткаруусу) кылмыш жоопкерчилигине тартуу тууралуу маселени кароо өтүнүчү менен КРнын Башкы прокуратурасынын дарегине кайрылган.

Бирок, тилекке каршы, Башкы прокуратура тарабынан терс жооп келди, анда Токтоматовду жактоочулук иш жүргүзүү укугун берген лицензиясынан ажыратуу жөнүндө буйрукту чыгарууда Юстиция министрлиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган ыйгарым укуктарынын чегинде иш алып баргандыгы белгиленет.

Бизге белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан Токтоматовду жактоочулук лицензиясынан ажыратууда КРнын Өкмөтүнүн 28.02.2011-

жылдагы №79 токтому менен бекитилген «Жактоочулук иштин маселелери боюнча КРнын Юстиция министрлигинин алдындагы квалификациялык комиссия жөнүндө» Жобосунун 14- жана 15-пункттарынын талаптары сакталган эмес.

Мындай кырдаалдан чыгуунун натыйжалуу жолдорунун бири катары КРнын Жогорку Кеңешинин тармактык комитетинин сунушу боюнча соттордун укук колдонуу тажрыйбасынын конституциялуулугун карап чыгуу боюнча ыйгарым укуктарды КРнын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына берүүнү караган мыйзамдардын (биринчи кезекте КРнын Конституциясына) тиешелүү ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен сот системасын реформалоо зарылдыгы көрүнүп турат.

Аталган мыйзам чыгаруу демилгеси тууралуу ушул Баяндаманын «Мыйзамдарды жакшыртуу» бөлүмүндө кеңири айтылган.

## Жазык-процесстик мыйзамдар жаатында соттук коллизиянын болушу жана сотко жана соттук коргоого даттануу укугунан ажыратуу жөнүндө

КР ЖПК 149-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык, тергөө органдарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор токтоосуз түрдө, арыз, жасалган жазык же болбосо жорук тууралуу билдирүү алынган учурда же кылмыш, жорук жасагандыгы жөнүндө күбөлөндүргөн жагдайлар түздөн-түз табылганда, жазык ишинин же жоруктар жөнүндө иштердин бөлүп көрсөтүлгөн материалдары келип түшкөндө, ошондой эле чет өлкөлөрдөн сотко чейинки өнүрүштүн материалдары келип түшкөн учурдан 24 сааттан кечиктирбестен тиешелүү маалыматтарды Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизүүгө милдеттүү.

Бирок, азыркы учура иш жүзүндө жогоруда айтылган кызмат адамдары КЖБР тиешелүү маалыматтарды киргизүү боюнча КР ЖПК 149-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган милдеттерди аткарышпайт, алар КРнын Өкмөтүнүн 21.12.2018-жылдагы №602 токтому менен бекитилген Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө Убактылуу Жобонун (мындан ары – Убактылуу Жобо) 14-бөлүгүнүн 1-пунктундагы жобого таянышат, анда айтылгандай, эгер маалыматтарды каттоо журналында кылмыш же жорукту жасоо жөнүндө билдирүү жасалган кылмыш же жоруктун жасалгандыгы тууралуу күбөлөндүргөн белгилерди камтыбаса, же болбосо тергөө органдарынын тиешелүү ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор тарабынан болгон текшерүү учурунда ал тастыкталбаса, 24 сааттын ичинде (маалыматтарды каттоо журналына катталган учурдан баштап), укук коргоо органынын кызматтык адамынын рапортунун негизинде, жетекчинин же болбосо анын орун басарынын макулдугу менен кароосуз калтырылат (башкача айтканда, Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизилбейт – КЖБР) жана тастыктаган документтер менен бирге номенклатуралык иште (нарядда) сакталат.

Ошентип, КРнын Өкмөтүнүн 21.12.2018-жылдагы №602 токтому менен бекитилген Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө Убактылуу Жобонун 14-бөлүгүнүн 1-пунктундагы жобо (кылмыш/жорук жасалгандыгы тууралуу келип түшкөн маалыматтарды КЖБРга каттабоо мүмкүнчүлүгүн берген ченемдер) КР ЖПК 149-беренесинин 1-бөлүмүнүн талаптарына (кылмыш/жорук жасалгандыгы тууралуу келип түшкөн бардык маалыматтарды абсолюттук түрдө КЖБРга кечиктирбестен каттоону милдеттендирген ченемдер) карама-каршы келген учурда ченемдик укуктук актылардын коллизиясы пайда болот.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын 32-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык, ченемдик-укуктук актылардын ортосунда коллизия (кагылышуу) болгон учурда укуктук мамилелердин субъектилери жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алышат.

Ушул Мыйзамдын 6-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган ченемдик укуктук актылардын иерархиясына ылайык, өкмөттүк актыларга салыштырмалуу, кодекс жогорку юридикалык күчкө ээ.

Тиешелүү түрдө, тергөө органдарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор КРнын Өкмөтүнүн 21.12.2018-жылдагы №602 токтому менен бекитилген Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө Убактылуу Жобонун 14-бөлүгүнүн 1-пунктуна таянуу менен, КЖБРга каттоодон баш тартпастан (анткени КРнын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген актыга салыштырмалуу кодекс жогорку юридикалык күчкө ээ), ЖПК 149-беренесинин 1-бөлүмүнүн талаптарын жетекчиликке алууга милдеттүү (башкача айтканда кылмыш/жорук жасалгандыгы тууралуу келип түшкөн бардык маалыматтарды абсолюттук түрдө КЖБРга каттоого милдеттүү).

Андан тышкары, жогоруда айтылган Убактылуу Жобонун 14-бөлүгүнүн 1-пунктунда КЖБРга материалдарды (кылмыш/жоруктун болгондугу тууралуу маалыматтарды камтыган) кызматтык адамдын каттоодон баш тартуусу үчүн кылмыштын же жоруктун жасалгандыгы тууралуу тастыктоочу белгилердин жок болгондугу эсептелет, же болбосо эгер текшерүү учурунда ал (маалыматтар) тастыкталбаса негиз болуп саналат.

Белгилеп коюу зарыл, КР ЖПК 26-беренесинде иш боюнча өндүрүштү токтотуу үчүн ушуга окшогон негиздер камтылган, ал эми Убактылуу Жобонун 14-беренесинин 1-пунктундагы ушул эле негиздердин кошумча кайталанышы таптакыр ашыкча.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, 24 сааттын ичинде (маалыматтарды каттоо журналына катталган учурдан баштап) Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине кылмыш/жоруктун болгондугу тууралуу материалдарды каттоодо кароосуз калтыруу жана баш тартуу жөнүндөгү чечимдерди кабыл алуу боюнча тергөө органынын ыйгарым укуктуу кызматтык адамы, тергөөчү, прокурордун ыйгарым укуктарын караган ченемдерди андан алып салуу менен, КРнын Өкмөтүнүн 21.12.2018-жылдагы №602 токтому менен бекитилген Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри жөнүндө Убактылуу Жобого тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө жана КРнын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүүнү КРнын Өкмөтүнө тапшырууну КРнын Жогорку Кеңешинен сурайбыз.

## Соттолгон жарандардын ЖАМКнын Атайын комиссиясынын чечимин сотко даттануу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, анын ичинде соттолгондордун соттук коргоого болгон укугунан ажыратуу жөнүндө

Адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө маалым болгондой, КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын №2 мекемеси тарабынан соттолгон Ж.А. өтүнүчү боюнча аны жатак-абагына которуу тууралуу сунуштаманы КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын Атайын комиссиясынын кароосуна киргизген.

2020-жылдын 29-апрелинде КР Өкмөтүнүн ЖАМК Атайын комиссиясынын чечими (протоколу) менен соттолгон Ж.А. жатак-абагына которуудан баш тартылган, анткени анын жазык иши боюнча төлөнбөгөн материалдык доосу бар болгон.

Ушуга байланыштуу, соттолгон Ж.А. жактоочусу Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын Атайын комиссиясынын жогоруда көрсөтүлгөн чечимин (протоколун) жараксыз деп табуу жана жазанын өтөлбөгөн бөлүгүн жазанын жеңилирээк түрү – жатак-абагына алмаштыруу өтүнүчүн киргизген.

2020-жылдын 29-июлунда Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун токтому менен соттолгон Ж.А. жактоочусунун өтүнүчүн канааттандыруудан баш тартылган.

Сот, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде (2017-жыл, 2-февралдагы редакциясына ылайык) КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК органдарынын аракетине даттанууну кароо тартиби каралган эмес деген тыянакка келген.

Мындан соң, соттолгон Ж.А. жактоочусу Бишкек шаардык Административдик сотуна административдик тартипте ушундай эле өтүнүч киргизген.

Бирок, Бишкек шаардык Административдик соту соттолгон Ж.А. жактоочусунун өтүнүчүн кабыл алуудан баш тарткан, анткени Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 113-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде доо административдик сот өндүрүшүнүн тартибинде каралууга жатпаса, сот доо арызды алуудан баш тартат.

2020-жылдын 1-ноябрында Бишкек шаардык сотунун апелляциялык инстанциясынын аныктамасы менен Административдик соттун жогоруда көрсөтүлгөн аныктамасы өзгөртүүсүз калтырылган, ал эми жекече даттануу канааттандырылган эмес.

Белгилей кетүү керек, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык, соттук коргоого болгон укук эч кандай чектелүүгө тийиш эмес.

КРнын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, ар бир адамга ушул Конституция, мыйзамдар, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери жана ченемдери тарабынан каралган анын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоого кепилдиктер берилет.

Ошондой эле жарандардын соттук коргоого болгон укугу Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 8-беренесинде, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 14-беренесинде да бекитилген.

Ошентип, жогоруда белгиленген соттук тартипте ЖАМКнын Атайын комиссиясынын тиешелүү чечимин даттанууда баш тартылган учурда соттук коргоого болгон конституциялык укуктардын (соттолгон адамдардын) бузулушуна жол берилген фактыны баса белгилөөгө болот.

Анын себеби болуп, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик жана Жазык-аткаруу кодекстеринде ЖАМКнын Атайын комиссиясынын чечимин (протоколун) сотко же прокурорго даттануу жана кайра кароонун тартибин жөнгө салуучу ченемдердин жоктугу саналат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, соттолгон адамдардын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын Атайын комиссиясынын чечимдерине соттук тартипте, ошондой эле прокуратура органдарына даттанууга (макул болбогон учурларда) болгон конституциялык укугунун алар тарабынан ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн караган КРнын Жазык-аткаруу кодексине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун демилгелөө жана КРнын Жогорку Кеңешине алып кирүүнү КРнын Өкмөтүнө тапшыруу өтүнүчү менен КРнын Жогорку Кеңешинин дарегине кайрылабыз.

## 1.6. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫНЫН (ОМБУДСМЕНИНИН) 2019-ЖЫЛКЫ БАЯНДАМАСЫНДА КАРАЛГАН СУНУШТАМАЛАРДЫ АТКАРУУ ЖӨНҮНДӨ

Акыйкатчынын 2019-жыл үчүн баяндамасы азырынча Жогорку Кеңеш тарабынан карала элек, андыктан сунуштамаларды аткаруу парламенттин тиешелүү чечими менен кайсы бир органга тапшырылган жок. Ошол себептен Акыйкатчынын 2019-жылга баяндамасында каралган сунуштамалардын аткарылышы мезгил талабы бойдон калууда. Бул баяндамада сунуштамалардын тексти кайталанып берилген жок.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын 2019-жылга баяндамасында каралган сунуштамалардын аткарылышы канчалык зарыл болгонуна карабастан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан өз учурунда каралбай калганына бир нече факторлор себеп болду. Алардын айрымдарына токтолсок:

1. *Адатта, Акыйкатчынын (Омбудсмендин), ошондой эле Кыйноого алууларды жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жасоонун жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун (мындан ары КР КААУБ) баяндамалары чогуу бир мезгилде угулат. Ал эми КААУБдун баяндамасын Жогорку Кеңештин кароосуна сунуштаган учурда КААУБдун директорунун ыйгарым укуктары токтотулган болчу. Андыктан, Акыйкатчынын да, КААУБдун да баяндамаларын КААУБдун директору дайындалганга чейин кароосуз калтыруу чечими кабыл алынган.*
2. *Ошондой эле Омбудсмендин баяндамасында каралган сунуштамаларга карата КР Өкмөтүнүн сунуштары конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку кеңештин регламенти боюнча Комитетке өз учурунда сунушталган эмес.*
3. *COVID-19 пандемиясына жана бүткүл республика боюнча, ошондой эле бардык мамлекеттик органдарда карантин чаралары киргизилгендигине байланыштуу сунуштамаларды кароо процедурасы аргасыздан кийинкиге калтырылган.*

Буга карабастан, жарандын укуктары жана эркиндиктери биринчи орунда тургандыктан, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2019-жыл үчүн баяндамасында каралган сунуштамалары бардык жагдайларда эске алынууга тийиш.

Себеби Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2019-жылга баяндамасында каралган сунуштамалардын жардамы менен жана аларды аткаруу аркылуу жарандардын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары жаатында кездешүүчү коомдогу көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүнчүлүктөр ачылат.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамаларын аткаруу – өткөн жылдардагы сунуштамаларды белгилүү бир багыттар боюнча көзөмөлдөө дегенди билдирет.

Ошентип, Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2019-жылдагы баяндамасында мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жолдонгон сунуштамалар камтылган. Ал сунуштамалар адамдын укуктарын, эркиндиктерин республикада жана андан тышкаркы жерлерде коргоо маселелерине байланыштуу. Алар кайсы багыттарга тиешелүү экени төмөндө келтирилди:

- *Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жакшыртуу;*
- *экономикалык, социалдык жана маданий укуктар;*
- *жарандык жана саясий укуктар;*
- *аскер кызматкерлерине тиешелүү адамдардын укуктары;*
- *эмгек мигранттарынын укуктары;*
- *аялдардын жана балдардын укуктары;*
- *эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында кармалган адамдардын укуктары;*
- *жарандын соттордон иштин адилеттүү териштиришин талап кылуу укуктары;*
- *психиатриялык бейтапканаларда жаткан адамдардын укуктары.*

Бир катар сунуштар жана сунуштамалар буга чейинки жылдык баяндамаларда да байма-бай кездешет. Себеби адамдын жана жарандын укуктары, эркиндиктери мезгил-мезгил менен бузулуп тургандыктан, аларды коргоо азыркы күнгө чейин мезгил талабы бойдон калууда.

Алсак, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) баяндамасында чагылдырылган: «мигранттардын балдарын жана турмуштук оор жагдайларга кабылган балдарды маалымат базасына киргизүүгө көзөмөлдү күчөтүү» деген сунуштама бир нече жолу кайталанып киргизилүүдө. Балдар коомдун ажыратылгыс бөлүгү жана калктын аяр катмарынын биринен болуу менен, мамлекет тарабынан өзгөчө жардамга муктаж. Андыктан мамлекет алардын жыргалчылыгын камсыз кылууга өзгөчө басым жасашы керек.

Албетте, сунуштамалардын айрымдары тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан толук эске алынып, иш жүзүндө колдонулду.

Мисалга төмөндө келтирилген 2018-жылдагы жылдык баяндамада чагылдырылган сунуштамалардын аткарылгандыгы тууралуу маалыматка көңүл бурсак.

КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматына (мындан ары КРӨ караштуу ММК) «чет жактарда, анын ичинде Россия Федерациясында жүргөн КР жарандарына канча убактан бери ала албай жүргөн эмгек акыларын алууга көмөктөшүү» сунушталган. Буга байланыштуу тийиштүү чаралар көрүлгөн.

КРӨ караштуу ММК Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгүнө 2019-жылы 9 айдын ичинде Кыргызстандын 2743 жаранына эмгек акы (157 млн 325 миң 100 рубль) төлөнбөй калгандыгына байланыштуу 731 арыз келип түшкөн. Өкмөттүн кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн иш чаралардын, тактап айтканда, иш сапарларына чыгуу, эки тараптуу сүйлөшүү, кат алуу, кат жөнөтүү сыяктуу чара көрүүлөр аркылуу жарандарга 53 млн 75 миң 600 рубль төлөнгөн.

Бул маселе боюнча иштер КРӨ караштуу ММК Россия Федерациясындагы өкүлчүлүгү тарабынан дайым көзөмөлгө алынып келет.

Бирок, ар кандай факторлор таасир эткендиктен дагы деле болсо жүзөгө ашпай келе жаткан сунуштамалар бар. Аларга төмөнкүлөр кирет:

Штаттык санды көбөйтүүгө мораторий киргизүү.

КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын чет өлкөлөрдөгү (Россия Федерациясындагы жана Казакстан Республикасындагы) кызматкерлеринин штаттык санын көбөйтүү.

КР Тышкы иштер министрлиги Казакстан Республикасында КРӨ караштуу ММК өкүлчүлүгүнүн жок экенин маалымдаган. Ал эми Каржы министрлиги Россия Федерациясында КРӨ караштуу ММК өкүлчүлүгүнүн бар экенин жана өкүлчүлүктө канча адам иштээрин билдирген. Ошондой эле, мамлекеттик органдардын штаттык санын көбөйтүү республикалык бюджетке күч келтирээри да белгиленген. Андыктан бул сунуштаманы иш жүзүндө аткаруу мүмкүн болгон эмес.

Мамлекеттик органдар тарабынан колдоо көрсөтүлбөгөндүгү.

Юстиция министрлигине сунуштама жөнөтүлгөн.

Ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык комиссия жана Акыйкатчы аппаратынын өкүлдөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына инвентаризация жүргүзүшкөн. Инвентаризациянын максаты – ченемдик укуктук актылардын КР Конституциясынын 108-беренесине жана «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын ченемдерине канчалык деңгээлде шайкештигин аныктоо болгон.

Андан соң КР Юстиция министрлиги Акыйкатчынын аппаратына КР мыйзамдарына жогорудагы табыштаманы эске алуу менен өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча тийиштүү долбоорду киргизүү өтүнүчүн сунуштаган кат жөнөткөн. Бирок, Юстиция министрлиги тарабынан кодекстерге эле эмес, дагы башка көптөгөн ченемдик укуктук актыларга тиешеси бар КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштарына эч кандай көңүл бурулган эмес.

Андыктан азыркы учурда Акыйкатчынын (Омбудсмендин) 2019-жылга баяндамасында баса белгиленген сунуштамалар жана сунуштар азыркыга чейин аткарылбай келүүдө.



# 2-БӨЛҮМ

# СОЦИАЛДЫК, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ УКУКТАР

## 2.1. ЭРКИНЕН АЖЫРАТУУ ЖАНА ЧЕКТӨӨ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ ДЕН СООЛУГУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЧЕКТЕЛҮҮ АДАМДАРДЫН (ДМЧА) УКУКТАРЫ

Кармоочу жана жаза аткаруу жайларында кармалган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар тарабынан түшкөн кайрылуулардын негизинде 2019-жылы жалпы мониторинг жүргүзүлгөн. Айта кетчү нерсе, Кыргыз Республикасы Майыптардын укуктары жөнүндө Конвенцияга кошулган. Андыктан Кыргыз Республикасы эл аралык келишимдин жоболорун улуттук мыйзамдар катары иш жүзүндө колдонууга чараларды көрүүгө милдеттендирилет. Мониторинг жүргүзүү жаза аткаруу системасында ыңгайлуу шарттарды түзүүнүн, адамдын майыптыгын күбөлөндүрүүнүн бирдиктүү жол-жобосун кабыл алуунун жана ДМЧА менен иштешүүдө адистерди окутуп-үйрөтүүнүн зарылдыгын айкындады.

### Майыптардын укуктары жөнүндө Конвенциянын жоболорун иш жүзүндө колдонуу

Эл аралык стандарттардын жана Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын негизинде эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында кармалган адамдардын укуктары кепилденет. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдын жасаган кылмышы зордук-зомбулук менен байланыштуу болбогон учурларда, аны эркинен ажыраткан учурлар дээрлик жокко эсе болушу талап.

Майып адамдардын эркиндигин чектегенде, же эркинен ажыратканда алардын коомдо дуушар болуп жаткан кыйынчылыктары ого бетер күч алат. Убактылуу кармоочу жайларынын жана Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын (УКЖ, ЖАМК) администрациялары тийиштүү иш чараларды иштеп чыгып, аларды кабыл алууда майып адамдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуусу талап кылынат. Кыргыз Республикасынын майыптардын укуктары жөнүндө Конвенцияга кошулуусу менен Конвенциянын жоболору укуктук системада өз ордун таап, эл аралык келишимдин жоболорун улуттук мыйзамдар катары иш жүзүндө колдонууга чараларды көрүүгө милдеттер артылды.

Майыптардын укуктары жөнүндө Конвенциянын жоболорунун иш жүзүндө колдонулушуна шарттарды түзүү үчүн мониторинг жүргүзүлгөн. Конвенциянын жоболору жаза аткаруу системасында эмгектенген кызматкерлерди кызмат көрсөтүүгө даярдоого, тактап айтканда, майыптарга көп кырдуу көмөк көрсөтүүгө үйрөтүүгө багытталган. Андыктан кызматкерлер майыптарды жайгаштырууну, аларга медициналык жардам көрсөтүүнү, программалардан жана кызматтардан кантип пайдаланууга болорун түшүндүрүүнү, алардын коопсуздугун камсыз кылууну, аларды эркиндикке чыгууга даярдоону өздөштүрө алышат. Ошондой эле аларды кандай учурда мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотууга жана ырайым кылууга болорун үйрөнүшөт.

Дээрлик бардык эле өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да, абакта отурган мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын саны анча көп эмес. Бирок, алардын арасында улгайып калгандардын саны күн санап өсүүдө. Адам укуктарын коргоого багытталган органдар жана уюмдар көп убакыттан бери адам укуктарын жабык мекемелерде кантип коргоого болоруна байланыштуу маселелерди изилдеп келишет. Ал эми майып адамдардын укуктарын жабык мекемелерде коргоого байланыштуу маселелер толук изилдене элек.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) «Баланын укуктарын коргоочулар Лигасы» аттуу коомдук фонд менен биргеликте, ошондой эле жабык мекемелерге мониторинг жүргүзүүдө жана ДМЧАнын социалдык жана экономикалык укуктары канчалык деңгээлде сакталып жатканын анализдөөдө бай тажрыйбага ээ адистердин жана адвокаттардын катышуусу менен изилдөө жүргүзүү демилгесин колго алышкан.

## Мекемелерге жана адамдарга мониторинг жүргүзүлгөн мезгил

Чүй облусундагы КРӨ караштуу ЖАМКнын 6 мекемесинде жана ИИБдин 6 убактылуу кармоочу жайында 2020-жылдын ноябрь, декабрь айларында мониторинг жүргүзүлгөн. Сурамжылоого бардыгы болуп 59 адам катышкан, алардын арасынан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын саны 7 аял, 40 эркек, ал эми КРӨгө караштуу ЖАМКнын мекемелеринен жана жана КР ИИМ УКЖларынан 12 кызматкер катышышкан. Мониторинг учурунда эркиндигин чектөө жайларында жаткан адамдар сурамжыланган, мекеменин кызматкерлеринен маек алынган, ченемдик укуктук база жана мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар жаткан жайлардын абалы изилденген.

## Өзгөчө муктаждыктар жана көйгөйлөр

Абакта отурган мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын өзгөчө муктаждыктары айрым көйгөйлөр баарысы үчүн жалпы көйгөйлөр болсо да, алардын эмнени кылууга жөндөмсүз экенинен көз каранды. Сурамжылоодо, алардын жазыктык сот өндүрүшү системасынын ар кыл баскычтарында жагымсыз жагдайларга кабылышары айкын болгон. Алар сот адилеттигине жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой, медициналык жардам ала алышпай жана кармоочу жайларда жаман шарттарда күн кечирип, басмырланып келишет.

## Кодулоо

Кыргызстандын мыйзамдарында кодулоого тыюу салынган. Бирок мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар өмүр бою түз же кыйыр түрдө кодулоого кабылып келишет. Мындай көрүнүш азыркы

учурда коомдо да, кармоочу жайларда да улам барган сайын күч алууда. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн кызматтардан пайдалануу, түзөтүү мекемелеринин эрежелерин кармануу жана алардын иштерине катышуу оңойго турбайт. Себеби түзөтүү мекемелеринде мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын өзгөчө муктаждыктары эске алынбай келет. Түзөтүү мекемелери курулуп жаткан учурда, архитекторлор мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын да муктаждыктарын эске алуу менен, алар бир жерден экинчи жерге жылып жүрө алгыдай болуш үчүн, атайын ыңгайлуу шарттарды караштырышкан эмес. Андыктан алар ашканага, ажатканага, иштей турган жерлерине жана жолугушуу бөлмөлөрүнө баруудан кыйналышат. Ошондой эле мониторингдин жүрүшүндө абакта отурган жана көзү начар көргөндөр сурамжыланып, алар Брайл арибинде гана окуй алышкандыктан каттарды, эрежелерди, көрсөтмөлөрдү бирөөнүн жардамысыз окуй албашы да белгилүү болду. Мындан тышкары алар бирөөнүн жардамысыз каалаган жагына бара алышпайт. Алардын айтымында, аларга бир камерада чогуу отургандар барчу жагына жетелеп алып барып, жетелеп алып келип жардам беришет. Ал эми кулагы начар уккандар үчүн котормочунун кызматы караштырылган эмес. Андыктан алар абак ичиндеги күнүмдүк жашоодон такыр кабардар болушпайт. Мындан тышкары консультацияларга, аларга ырайым кылуу жана тартиптик териштирүү жол-жоболоруна катыша алышпайт.

## Медициналык жардам

Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар психотерапия, көздүн көрүүсүн, кулактын угуусун үзгүлтүксүз текшерип туруу сыяктуу медициналык жардамга муктаж болушат. Абакта отурган көптөгөн адамдарга алардын муктаждыктарына керектүү атайын жабдыктар зарыл. Ошондой жабдыктар менен камсыз болуп, тийиштүү жардам көрсөтүлгөндө гана алар абакта отурган учурда да адам укуктарын толук колдоно алышат. Андай атайын жабдыктарга угуу аппараттары, майыптар арабалары (коляскалары), таянып басуучу таяктар, ортопедиялык шаймандар кирет.

Эркиндикте жүргөн жарандарга медициналык кызмат кандай көрсөтүлсө, абакта отурган мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга да ошондой көрсөтүлүшү зарыл. Ошондой эле атайын медициналык жардам эркиндикте жүргөн жарандарга да, абакта отурган мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга да бирдей деңгээлде көрсөтүлүүгө тийиш.

## Улуттук мыйзамдар

Соттолгон жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктарына кандайдыр бир деңгээлде тиешеси бар азыркы ченемдик укуктук актылар КР Конституциясына жана «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө»[15], «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө»[16], «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө»[17], ошондой эле «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө»[18] жана башка мыйзамдарга негизделген.

«Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» КР мыйзамына ылайык, адамды майыптык белгиси боюнча басмырлоого болбойт. Тактап айтканда, адамдын саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же кайсы болбосун башка жааттагы бардык укуктарын жана негизги эркиндиктерин башкалар менен тең катарда таануусун, ишке ашыруусун же жүзөгө ашыруусун кемитүү же тануу максаты же натыйжасы болгон, майыптыгынын себеби боюнча кайсы болбосун айырмачылык, четке кагуу же чектөөгө болбойт».

«Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө» мыйзамда болсо, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга, ошондой эле

[15] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202329.
[16] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/943.
[17] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111258.
[18] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1602.

жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган жана реабилитациялык кызматтарга муктаж болушкан башка жарандарга социалдык кызматтар тарабынан кесиптик, социалдык, психологиялык реабилитациялык жардам көрсөтүлөрү баса белгиленет.

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Президенти «Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын ратификациялоо жөнүндө»[19] Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койгон. Майыптардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясынын[20] максаты – майып адамдардын бардык укуктарын жана негизги эркиндиктерин колдоо, коргоо жана алардын толук жана бирдей жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу, ошондой эле майып адамдардын кадыр-баркынын урматталышын колдоо болуп эсептелет. Мамлекет документти ратификациялагандан кийин ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын социалдык, экономикалык, саясий жана маданий чөйрөлөргө катышуусун камсыз кылууга, аларга коомдун башка жарандары менен бирдей эле деңгээлде шарттарды түзүп берүүгө милдеттендирилет. Эркинен ажыратуу түрүндөгү жазаны өтөөнүн тартиби бардык адамдар үчүн, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн да, КР жазык-аткаруу кодекси тарабынан жөнгө салынат.

КР жазык-аткаруу кодексинин 99-беренесине ылайык, оорукчандарга жана I жана II топтогу майыптарга жакшыртылган турмуш-тиричилик шарттары түзүлүп берилет жана тамактануунун жогорку ченемдери белгиленет. Ушул эле кодекстин 90-беренесинде, I жана II топтогу майыптарга аманат жиберүүлөрдү, берип жиберүүлөрдү медициналык корутундуда аныкталган санда алууга уруксат берилери айтылат. Ал эми, КР Жазык-аткаруу кодексинин 113-беренесине ылайык, отуз жаштан өткөн жана I жана II топтогу майып соттолгондор негизги жалпы жана жалпы орто билимди өздөрүнүн каалоосу боюнча ала алышат. Жазык-аткаруу кодексинде соттолгон майып адамдар кармалган жайларды атайын техникалык каражаттар жана ыңгайлуу шарттар менен камсыз кылуу керектиги да айтылат.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды абакта кармоого байланыштуу ички тартип эрежелери жана талаптар бар. Алсак, I жана II топтогу майыптар биринчи кабатта жайгашкан турак жайларга гана жайгаштырылат. Ошондой эле мекеменин администрациясы реабилитациялык иш чараларды өткөрүүгө көмөктөшүшү керек. Түзөтүү мекемесинин администрациясы соттолгон майыптарга күн тартибине жараша реабилитациянын техникалык каражаттарын колдонгонго мүмкүнчүлүк түзүп берет. Соттолгон майып адам реабилитациянын белгилүү бир түрүн же анын кайсы бир техникалык каражатын колдонор-колдонбосун өзү чечүүгө укуктуу. Ошондой эле ал кресло-коляскалар, протездик-ортопедиялык буюмдар, атайын арип менен басып чыгаруулар, үн күчөткүч аппаратуралар, сигнализаторлор, субтитр же сурдокотормосу менен видеоматериалдар, атайын тренажерлор жана башка ушу сыяктуу жабдыктарды колдонууну же колдонбоону өзү чечет. Соттолгон I жана II топтогу майып жаза камак жайына киргизилгенде, бир кишилик камерага, камералык типтеги жана убактылуу бөлүү үчүн караштырылган жайларга которулганда ага реабилитациянын техникалык каражатын өзү менен кошо алып жүрүүгө жол берилет. I жана II топтогу соттолгон майыптарга жана үзгүлтүксүз кам көрүүгө муктаж болгондорго түзөтүү мекемесинин аймагында катарга тизилип баспастан, эркин басып жүрүүгө уруксат берилет. Эгер медициналык көрсөтмөсү бар болсо жана түзөтүү мекемесинин шарттары жол берсе, I жана II топтогу соттолгон майыптарга күн сайын жуунуп турууга чаралар көрүлөт.

Белгилеп коюу керек, I жана II топтогу соттолгон майыптарды жана пенсия курагындагы адамдарды жалпы жана катуу тартиптеги түзөтүү абактарынан жатак-абагына которууга мыйзамдын негизинде тыюу салууну майыптарды жана жашы улгайып калган адамдарды (соттолгондор анча оор эмес кылмыштар үчүн жаза мөөнөтүнүн жарымынан көбүн өтөгөндөн кийин; оор жана өзгөчө оор кылмыштар үчүн соттолгондор же мурун эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазадан мөөнөтүнөн мурда бошотулган жана жазанын өтөлө элек бөлүгүнүн мезгилинде – жаза мөөнөтүнүн кеминде үчтөн экисин өтөгөндөн кийин – кайрадан кылмыш

[19] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111885.

[20] https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/disability.shtml.

жасагандар; өмүр бою эркиндигинен ажыратылган соң кеминде төрттөн үчүн өтөгөндөн кийин, ырайым кылуу тартибинде мөөнөтү кыскартылып, жыйырма жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратылгандар) басмырлоо деп баалоого болот.

Бириккен Улуттар Уюмунун камактагыларга мамиле кылууга карата минималдуу стандарттык эрежелеринде[21] бекитилген басмырлоого жол бербөө принциби камакта отурган майыптарга тиешелүү экенин эстен чыгарбоо зарыл. БУУнун Майыптардын укуктары жөнүндө конвенциясында камтылган принциптер бардык майыптарга, анын ичинде жазык куугунтугуна дуушар болуп жаткандарга, камакка алынгандарга же абакта отургандарга карата колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесине ылайык, «Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат. Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес».

Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 3-апрелинде чыккан «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө»[22] №38 Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жашаган жерине, майыптык категорияларына жана топторуна карабастан, мамлекет тарабынан кепилдик берилген социалдык жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын социалдык жактан корголуу укугу майыптык тобу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген учурдан тартып пайда болот».

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексинин 21-беренесине ылайык, «соттолгондор мыйзамдарда белгиленген тартиптеги жалпы негизде социалдык жана пенсиялык камсыз кылынууга укуктуу. Соттолгондорго ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу шарттары, ага тете социалдык коргоонун башка формалары жайылтылат. Жазаны жана жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруучу органдардын жана мекемелердин администрациясы соттолгондордун өзүнүн социалдык коргоого укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт».

Өкмөттүн 2012-жылдын 31-январында чыккан «Кыргыз Республикасындагы медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө» №68 Токтомунда майыптыктын тиешелүү тобун аныктоо тартиби регламенттелген.[23]

## Майып статусун алуу жана документтештирүү

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9, 47-беренелерине ылайык, «Кыргыз Республикасы социалдык жактан корголбогон жарандардын категорияларына колдоо көрсөтүүнү, эмгек акынын кепилдик берилген минималдуу өлчөмүн, эмгекти жана саламаттыкты коргоону камсыз кылат. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасы социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн системасын өнүктүрөт, мамлекеттик пенсияларды, жөлөкпулдарды, социалдык коргоонун дагы башка кепилдиктерин белгилейт. Ар ким ден соолугун коргоого укуктуу. Мамлекет ар бир адамды медициналык жактан тейлөө үчүн шарт түзөт жана саламаттыкты сактоонун мамлекеттик, муниципалдык жана жеке секторлорун өнүктүрүү боюнча чараларды көрөт. Акысыз медициналык тейлөө, ошондой эле жеңилдик шарттарындагы медициналык тейлөө мыйзамда каралган мамлекеттик кепилдиктердин чегинде жүзөгө ашырылат.

Мыйзамга ылайык, тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын майыптык тобу аныкталгандан кийин гана алар социалдык жактан корголуу укугуна ээ боло алышат.

[21] Караңыз: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/prison.shtml.

[22] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202329.

[23] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/54130.

Бирок Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген «Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө» Жобонун 30-пунктунда[24] МСЭК (медициналык-социалдык эксперттик комиссия) жазаны өтөө жайларында жүргөн жарандарга экспертиза жүргүзбөйт, – деп белгиленген.

«Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 6-беренесине ылайык, «ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жашаган жерине, майыптык категорияларына жана топторуна карабастан, мамлекет тарабынан кепилдик берилген социалдык жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат».

Мониторинг жүргүзүүгө көмөктөшүү максатында КР Өкмөтүнө караштуу Жазык-аткаруу мамлекеттик кызматы мониторинг жүргүзүүчү топко жаза өтөп жаткан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү 50 адамдын тизмесин сунуштаган. Бирок, жогоруда баса белгиленгендей, мониторингдин жыйынтыгынан жаза өтөп жаткандардын жана МСЭКтен өтүүгө тийиш адамдардын саны кыйла жогору экенин көрүүгө болот. Бул жагдайдан чыгуу үчүн компетенттүү органдардын жардамы талап кылынат. Мындан тышкары Кыргыз Республикасы Конвенциянын катышуучусу катары БУУнун Майыптардын укуктары боюнча Комитетине мезгил-мезгили менен улуттук баяндамаларын сунуштап турат. Андыктан тийиштүү статистикалык маалыматтарды чогултуу маселеси курч бойдон калууда.

Ченемдик укуктук актыларды анализдөөдө жана соттолгондордун майыптык статусун аныктоодо Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына караштуу дарылоо-профилактикалык мекемелери, ошондой эле адистештирилген врачтык-эмгек комиссиясы жана врачтык-эксперттик комиссиясы бар экени эске алынган. Аталган комиссиялар ЖАМКнын медициналык-санитардык жактан камсыз кылуу боюнча иштерди уюштура турган бөлүмдөрү болуп эсептелет жана «Адистештирилген врачтык жана врачтык-эмгек эксперт комиссиясы жөнүндө» жобонун негизинде жөнгө салынат. Адистештирилген врачтык жана врачтык-эмгек эксперт комиссияларынын курамдары жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын 2012-жылдагы №104 буйругу менен бекитилген.

### 2.1.1-мисал

*А.Б. аттуу соттолгон адамдан Акыйкатчынын дарегине арыз келип түшкөн. КР Акыйкатчысынын өкүлдөрү түзөтүү мекемесине караштуу дарыгерлер менен биргеликте А.Бнын тулку боюна көз чаптырганда А.Бнын бир буту хирургиялык жол менен алынып салынганы айкын болгон. Бирок, үч жылдан бери (2017-жылдан азыркыга чейин) анын майыптыгы анык деп табышкан эмес. Андан тышкары А.Б. мындан башка да бир канча оорулары бар экенин айткан. Ал оорулары тийиштүү түрдө текшерүүдөн өтпөгөндүктөн жана дарыланбагандыктан күчөп кеткен.*

### 2.1.2-мисал

*Соттолуп №47 түзөтүү абагында жазасын өтөп жаткан А.К. аттуу уулуна байланыштуу Ж.К. аттуу жаран Акыйкатчыга кайрылган. Уулунун ден соолугу күндөн-күнгө начарлап келе жатат. Сол көзү такыр эле көрбөй калды. Оң көзүнүн көрүүсү да начарлап баратат.*

*Бул кайрылуу боюнча Акыйкатчынын өкүлдөрү соттолгон адам менен жолугушуу өткөрүшкөн. Жолугушуудан кийин КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКга жана Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине соттолуучу А.К үчүн МСЭК экспертиза жүргүзүү маселесин кароону сунуштап каттар жөнөтүлгөн.*

[24] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/93624.

### 2.1.3-мисал

*КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын №47 абагында жазаларын өтөп жаткан бир нече адам биригип, КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) арыз менен кайрылышкан. Алар КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 31-январындагы №68 токтомуна (30-пункт) ылайык (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген «Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө ЖОБО), МСЭК абактагыларга экспертиза жүргүзбөгөндүктөн, аларды ДМЧА деп табуу үчүн КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКнын аймагында медициналык-социалдык экспертизадан өткөрүүгө көмөктөшүүнү суранышкан.*

*Бул арыздар боюнча КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМКга кат жөнөтүлгөн. Катта абакта жаткан 18 адамды медициналык кароодон өткөрүп, алардын аты-жөнү жазылган тизмени камсыз кылуу өтүнүчү камтылган. Арыздын негизинде 18 адам медициналык кароодон өтүшкөн. Алардын ден соолугунун абалы текшерилгенден кийин, майыптыктын белгилери аныкталган. Мындан көрүнүп тургандай, майыптуулук аныкталышы үчүн МСЭКтен өтүү маанилүү.*

Соттолгондордун абалына медициналык экспертиза жүргүзүүнүн жана алардын майыптыгын аныктоонун тартиби ЖАМКнын жогоруда келтирилген Жобосунда көрсөтүлгөн. «Адистештирилген врачтык жана врачтык-эмгек эксперт комиссиясы жөнүндө» Жобонун 4-бөлүмүндө комиссиянын ишин уюштурууга байланыштуу эрежелер бар. Алсак, 4.10.-пунктунда айтылгандай, «эгер социалдык камсыздоо органынын врачтык-эмгек эксперт комиссиясы адамды соттолгонго чейин майып деп тапса, анда ал комиссия тарабынан белгиленген мөөнөт ичинде майып деп эсептелет. Ал эми белгиленген мөөнөт аяктаганда соттолгон адам, ушул жобонун талабына ылайык, кайрадан медициналык экспертизадан өтүшү керек». 4.4. пунктунда баса белгиленгендей, комиссия бейтапты майып деп тапкандан кийин медициналык документацияга «1, 2 же 3-топтогу майып» же «медициналык кароодон өтүп жатат» деп жазат.

ЖАМКнын компетенттүү кызматкерлерин сурамжылоодо соттолгондордун канчасы ЖАМКнын жобосуна ылайык, 2012-жылдан 2020-жылга чейин медициналык кароодон өткөнү тууралуу маалымат жок болгондуктан буга байланыштуу так маалымат алынган эмес.

Мониторинг жүргүзүүчү топ соттолгондорду жана мекеменин кызматкерлерин сурамжылагандан кийин жана жогоруда айтылгандардын негизинде, 2012-жылдан бери соттолгондор медициналык экспертизадан өткөрүлгөн эмес жана алардын жардамга муктаждары майып деп табылган эмес деген жыйынтыкка келди. Албетте, мындай жагдай мүмкүнчүлүгү чектелүү соттолгондордун укугун коргоого, аларга мунапыс берүү жана шарттуу түрдө мөөнөтүнөн мурда бошотуу маселесин кароого терс таасир этпей койгон жок.

## Жаза аткаруу жайларында кармалган ДМЧАнын КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) кайрылууларын анализдөө

Эркинен ажыратуу жайларында жазасын өтөп жаткан адамдардан КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине майыптыкты тастыктоо маселесине байланыштуу көптөгөн кайрылуулар келип түшөт.

Жогоруда баяндалган кайрылуулардын баарына Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген «Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө» Жобого (30-пункт) негизделип, абактагылар үчүн МСЭК жүргүзүүгө мүмкүн эместиги тууралуу жооп берилген.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын социалдык жактан корголуу укугу майыптык тобу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан тастыкталган учурдан тартып пайда болот.

Соттолгондордун кайрылуулары негиздүү деп айта алабыз. Анткени жаза аткаруу жайларында кармалгандар ДМЧА үчүн мамлекет тарабынан кепилденген социалдык жөлөкпулдарды, компенсацияларды алуу жана кызматтардан пайдалануу укуктарынан ажыратылган. Мындай көрүнүш бир катар мыйзамдарга, анын ичинде «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына каршы келет.

Андыктан 2019-жылдын ноябрь айында КР Акыйкатчысы КР Өкмөтүнө кайрылып, андан медициналык-социалдык эксперттик комиссияга жаза аткаруу жайларында жаткан жарандарга экспертиза жүргүзүүгө ыйгарым укуктарды бере турган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун ишке ашыруу демилгесин колго алууну суранган.

2019-жылдын 22-декабрында КРӨ караштуу ЖАМК 2012-жылдын 31-январындагы «Медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө» КР токтомуна «Өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Өкмөтүнүн №68 Токтомунун долбоорун ишке ашырууну колго алган. Долбоор абакта жазасын өтөп жаткан жарандарга медициналык экспертиза жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүү максатында караштырылган.

КР Өкмөтүнүн токтомунун жогоруда кеп кылынган долбоору боюнча тийиштүү министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуулардын жүрүшүндө КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги (ЭСӨМ) макулдугун берүүдөн баш тарткан. Аталган министрлик соттолгондордун ден соолугунун абалы КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-ноябрында бекитилген №745 токтомуна ылайык, «оор дарт менен ооруган эркинен ажыратууга соттолгондорду медициналык күбөлөндүрүү жана аларды андан ары жаза өтөөдөн бошотууну сунуш кылуу» Тартибинде айтылгандарга ылайык келгенде гана ЖАМКнын атайын врачтык комиссиясы (АВК) аларды андан ары да эркинен ажыратуу жайларында кармоо зарылдыгы бардыгын же жоктугун чечүү максатында аларды медициналык экспертизадан өткөрүп, диагнозун аныктаарын баса белгилеген.

КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин айткандарын жүйөлүү деп айтууга болбойт. Себеби жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү деп табуу (ошону менен бирге майыптык тобун тастыктоо) тартиби КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы «Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам деп эсептөө жөнүндө» №675 Жобо аркылуу жөнгө салынат.

2020-жылдын 28-февралында ЖАМКнын, КР ЭСӨМдүн жана КР Акыйкатчысынын катышуусунда КР Өкмөтүнүн токтомунун долборун талкуулоо максатында жолугушуу өткөрүлгөн. Жолугушуунун жүрүшүндө КР ЭСӨМдүн өкүлдөрү, жаза өтөө жайларында отургандарга МСЭК тарабынан экспертиза, алар ал жактан бошотулгандан кийин жүргүзүлүшү мүмкүн болгондуктан коррупциялык схемалар пайда болушу мүмкүн экенин белгилешкен.

Ал эми Акыйкатчынын оюу боюнча мындай бир тараптуу көз караштар менен чектелүүгө болбойт. Коррупциянын орун алуу ыктымалдыгынын алдын алуу максатында эркинен ажыратуу жайларында МСЭК тарабынан экспертиза жүргүзүлүшүнөн баш тартуу туура эмес. Анын ордуна МСЭК экспертизаны кандай тартипте жана канчалык сапаттуу жүргүзүп жатканын кылдат текшерип туруу керек. Коррупция эркинен ажыратуу жайларында эле эмес, «эркиндикте» деле орун алышы мүмкүн.

Мындан тышкары эркинен ажыратуу жайларында узак мөөнөткө, атүгүл өмүр бою эркинен ажыратылгандардын саны кыйла көп экенин эске алуу зарыл. Андыктан алардын абактан бошотулушун күтүп отуруу, соттолгондордун ДМЧА үчүн караштырылган кепилдиктерден пайдалана албай калышына алып келет.

2020-жылдын 16-декабрында бул ишке кызыкдар министрликтердин, ведомстволордун жана Акыйкатчынын өкүлдөрүнүн катышуусунда, ЖАМКнын мекемелеринде жаза өтөп жаткан адамдарды медициналык-социалдык экспертизадан өткөрүү маселесин чечүү максатында жумушчу жолугушуу өткөрүлүп, анда төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынган:

1) *ЖАМК мекемелериндеги соттолгондордун арасында анализ жүргүзүү боюнча ЭСӨМдүн сунуштамасын эске алып, 2012-жылдын 31-январындагы «Медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө» Кыргыз Республикасынын №68 токтомуна «Өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Өкмөтүнүн Токтомунун долбоорун толук иштеп чыгуу милдетин ЖАМКнын укуктук камсыздоо бөлүмүнө тапшыруу, медициналык-социалдык экспертиза жүргүзүүнүн тартибин иштеп чыгуу, медициналык-социалдык экспертизага муктаж адамдарга кантип жана ким тарабынан диагноздоо жүргүзүлөрүн жана кайсы ведомство эмнеге жооптуу экенин көрсөтүү;*

2) *ЖАМКнын медициналык кызматына соттолгондордун арасында анализ жүргүзүү милдетин артуу жана медициналык-социалдык экспертиза жүргүзүлүшүнө муктаж болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар боюнча статистикалык маалыматты тактоо иишин тапшыруу;*

3) *2021-жылдын 15-февралына чейин Кыргыз Республикасынын бул ишке кызыкдар министрликтеринин жана ведомстволорунун катышуусунда жумушчу кеңешме уюштуруп, КР Өкмөтүнүн жогоруда айтылып өткөн долбоорунун токтому менен тааныштыруу.*

## Абактагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын муктаждыктары

Түзөтүү мекемелериндеги мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын туугандары, достору, дегеле коом менен байланышууга болгон муктаждыктары өтө сейрек канааттандырылат. Абакта жаткан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга сырттагылар менен байланышууга мүмкүнчүлүк түзүп берүү үчүн мекеменин администрациясы компенсациялоочу чараларды көрүүгө тийиш. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгынан белгилүү болгондой, мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон бир да соттолуучу түзөтүү мекемесинде жаткан учурда майыптыгы бар деп табылып, майыптыгы боюнча пенсияларын мыйзамдуу түрдө өзүлөрүнө каттатышкан эмес.

Ошондой эле ЖАМКнын мекемесинде жатып кургак учук менен ооруп калгандар да майыптыгы боюнча документ жасатуу үчүн медициналык кароодон өтүшпөйт.

Майыптыгы боюнча жөлөкпул алып жүргөн айрым адамдар түзөтүү мекемесине киргизилгенден кийин жөлөкпулдарын албай калышкандарын билдиришкен.

ЖАМК мекемелерине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында, андай мекемелерде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар бардык жайларга кирип-чыгып жүрө алгыдай болушу үчүн, атайын техникалык каражаттар камсыздалбаганы, ыңгайлуу шарттар түзүлбөгөнү айкын болгон.

Түзөтүү абагында жаткан, улгайып калган адамдардан маек алганда, алардын социалдык корголууга жана пенсия алууга болгон өзүлөрүнүн укуктары жөнүндө билишпестиги маалым болгон.[25]

Түзөтүү мекемесинин жетекчилиги абакта жаткан мындай адамдарды турган жери боюнча Социалдык фонддун кызматкерлеринен консультация алуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздашпайт. Бул өз кезегинде «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» КР мыйзамынын 25-1 беренесине каршы келет.

Соттолгондордун айтымында, абакта жаткан улгайып калган адамдар социалдык жөлөкпулдарын жеткиликтүү түрдө ала албай келишет. Молдовановка айылында жайгашкан №1 түзөтүү абагында жаткан пенсияга чыгуу курагындагы 15 адамды сурамжылаганда, алардын пенсиялары мыйзамдуу түрдө өзүлөрүнө катталбагандыктан, пенсия алышпай турганы белгилүү болгон.

[25] 2011-ж. 26-июлундагы №133 Мыйзам.

Айрымдар эркинен ажыратылганга чейин пенсия алып келишкенин, ал эми абакка киргизилгенден бери пенсия албай калышканын айтышкан. Сурамжылангандардын көбү соттолгонго чейин алып жүргөн пенсиялары азыркы учурда каяка кетип жатканын билишпейт. Андыктан улгайып калган адамдар абактан бошотулгандан кийин документтерин калыбына келтирүүгө, медициналык тейлөөгө, майыптыгы боюнча документ жасатууга, пенсиялардын жана жөлөкпулдардын дайындалып төлөнүшүнө, жумушка орношууга, ошондой эле материалдык жана башка жардамдарды алууга байланыштуу маселелерди чече алышпайт.

Абакта отурган мындай адамдар жашаган жери боюнча туруктуу/убактылуу эч жерге катталган эмес. Андыктан алар дээрлик эч жерге жумушка орношо алышпайт, медициналык тейлөө, социалдык жана башка коомдук кызматтардан пайдалана алышпайт. Алсак, №47 түзөтүү абагында жаза мөөнөтүн өтөп чыккан К.Т. аттуу жарандын пенсиясы мыйзамдуу түрдө өзүнө катталган эмес жана паспорту жок болгондуктан ага пенсия төлөнбөйт.

## Жаза аткаруу мекемелеринин кызматкерлери

Мекеменин кызматкерлеринин абактагыларга жасаган мамилесинен мүмкүнчүлүктөрү чектелүү соттолгон адамдардын укугунун корголушу жана абактарда орун алып жаткан басмырлоонун азаюусу көз каранды. Сурамжылоого катышкандардын 90%ы мекеменин кызматкерлери аларга сылык мамиле жасаарын жана кызматкерлерге эч кандай нааразычылыктары жоктугун айтышкан. Анткен менен, абакта отургандар мекеменин кызматкерлеринин ички тартипти бузушкандыгын маалымдашкан учурлар да жок эмес. Алсак, ЖАМКнын №1 мекемесинде жаза өтөп жаткан А. Б. аттуу адам таңкы текшерүүгө келбей калганы үчүн жазалангандыгын кабарлаган. Кызматкерлердин мындай ишке барганы түзөтүү мекемесинин ички тартип Эрежелерине каршы келет. Себеби ички тартип Эрежелерине ылайык, мекеменин кызматкерлери 1- жана 2-топтогу майыптардын жашаган жерине өздөрү барып текшериши керек.

Ошондой эле, сурамжылангандар абакта отурган адамдын колу же буту жок болсо да (сол буту ампутация болгонуна карабастан), ички тартип Эрежелерине баш ийип, башкалар менен бирдей эле таңкы текшерүүгө келүүгө тийиштигин айтышкан. Мекеменин кызматкерлери тарабынан көрсөтүлгөн мындай басмырлоо абактагы мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга катаал мамиле жасалып жатканынан кабар берет жана буга көз жумду мамиле кылууга болбойт.

## Сот адилеттигине жетүү мүмкүнчүлүгү

Соттолгон майыптарга абактагы башка соттолгон адамдар менен бирдей эле деңгээлде сот адилеттигине жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн, аларга каалаган учурда кечиктирилбестен жана үзгүлтүккө учуратпастан юридикалык консультация берилип турушу зарыл. Сурамжылангандардын 100%ы юридикалык консультация алууга мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү экенин айтышкан. Ал эми COVID-19га байланыштуу адвокаттардын кызматынан да пайдалануу мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондуктан, алар мындай укуктан таптакыр эле ажыратылып калды. Адам укуктарынын стандарттарына ылайык, адам укук коргоо органдары тарабынан кармалган учурдан тартып эле ага юрист менен сүйлөшүүгө шарттар түзүлүп берилүүгө тийиш.

# КОРУТУНДУЛАР

1. *Демейдеги соттолгондор абактарда кандай шарттарда кармалса, жардамга муктаж соттолгондор деле ошондой шарттарда кармалышат. Бирок көп учурда жардамга муктаждардын өзгөчөлүктөрү жана муктаждыктары эске алынбай жатканын катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жасоо жана жазалоо деп бааласа болот. Ошону менен бирге, абактагы башка соттолгондор бардык жайларга*

*кандай кирип-чыгып жүрө алышса, жардамга муктаж соттолгондор да ошондой кирип-чыга алгыдай болушу үчүн атайын техникалык каражаттардын жоктугу жана атайын шарттардын түзүлбөгөндүгү ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга катаал, адамгерчиликсиз мамиле жасоо болуп эсептелет.*

2. *Республиканын жазык-аткаруу мекемелеринде кармалган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын, жашы улгайгандардын, чет элдик жарандардын укуктарына байланыштуу адамдын кадыр-баркын басмырлай турган жоболорду ачыктоо жана жоюу максатында улуттук мыйзамдарды кылдат анализдөө зарылдыгы бар.*

3. *Жогоруда баяндалгандардын негизинде тийиштүү чараларды көрүү үчүн ырааттуу иш-аракеттерди аткаруу жана бул ишке бардык ыйгарым укуктуу органдарды катыштыруу зарылдыгын айта кетүү маанилүү.*

# СУНУШТАМАЛАР

## *КР Өкмөтүнө:*

1. *Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды абакта кармоо шарттары алардын муктаждыктарына шайкеш келер-келбесин аныктоо үчүн ЖАМКнын жана ИИМдин бардык мекемелеринин материалдык-техникалык базасына, медициналык-санитардык бөлүктөрүнө аудит жүргүзүү;*
2. *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 31-январында чыккан «Кыргыз Республикасындагы медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө» №68 токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизүү:*
   *Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө Жобого:*
   *- 17-пунктта:*
   *төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:*
   *«- эркинен ажыратуу жайларында турбаган жарандар үчүн ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген каттоо эсеби жөнүндө маалымкат»;*
   *Алтынчы абзацтагы «эркиндик» деген сөздөн кийин төмөнкү сүйлөмдү кошуу: «-эркинен ажыратуу жайларында турбаган жарандар үчүн»;*
   *- 30-пунктту төмөнкүдөй редакцияда баяндоо сунушталат:*
   *«30. Эркинен ажыратуу аркылуу жазалоо жайларында жаткан жарандарга МСЭК экспертизаны жалпы негизде жүргүзөт. Экспертиза жүргүзүү үчүн зарыл документтерди чогултууну жана дайындалган жарандарды аймактык МСЭКке жеткирүүнү түзөтүү мекемесинин администрациясы ишке ашырат».*

- *Эркинен ажыратуу аркылуу жазалоо жайларында жаткан жарандарга МСЭК экспертиза жүргүзөт.*
- *Экспертиза жүргүзүү үчүн зарыл документтерди чогултууну түзөтүү мекемесинин администрациясы ишке ашырат.*

## *КР Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматына:*

1. *Жазык-аткаруу мекемелеринде жеткиликтүү болбошу мүмкүн болгон (мисалы, физиотерапия, укалоо, ж. б. у. с) өзгөчө кызматтар менен камсыз кылуу жана абактагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн зарыл болгон медициналык кароолорду үзгүлтүксүз жүргүзүү максатында, ошондой эле абактагыларда кездешүүчү ооруларды дарылоо боюнча жарандык жана медициналык кызматтардын өз ара кызматташуусуна шарт түзүү;*

2. *Бардык жазык-аткаруу мекемелерин пандустар менен жабдуу жана абактагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар иш чараларга толук кандуу катыша*

*алышы үчүн, ошондой эле мекеменин ичиндеги ар кандай жайларга өзү басып бара алгыдай болушу үчүн шарттарды түзүп берүү;*

3. *Майыптыгы боюнча документ жасатууга, пенсияларды жана социалдык жөлөкпулдарды мыйзамдуу түрдө өзүлөрүнө каттатууга байланыштуу маселелерди чечүү багытында Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен ЖАМКнын иш аракетин бириктирүү;*
4. *I жана II топтогу майыптарды жана пенсияга чыгуу курагындагы адамдарды жалпы тартиптеги түзөтүү абактарынан жатак-абактарына которууга тыюу салууга багытталган жазык-аткаруу мыйзамдарынын адамды басмырлай турган жоболорун жоюу.*

### *КР Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине:*

1. *Майыптыгы боюнча документти тариздөөгө, пенсияларды жана социалдык жөлөкпулдарды мыйзамдуу түрдө өзүлөрүнө каттатууга байланыштуу маселелерди чечүү багытында Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги менен ЖАМКнын ишин бириктирүү;*
2. *Түзөтүү мекемелеринде отурган ДМЧАлар үчүн социалдык төлөмдөрдүн жана жөлөкпулдардын механизми ЖАМК менен биргеликте иштеп чыгуу;*
3. *Соттолгон ДМЧАлар боюнча өзүнчө статистика жүргүзүү сунушталат.*



## 2.2. САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

Саламаттыкты сактоо кызматкерлери өз милдеттерин аткарууда, оору жугузган адамдар менен тыгыз байланышта болууга туура келгендиктен COVID-19дун залакасы биринчилерден болуп аларга тийди. Ошону менен бирге, ошондой оор жагдайларда кантип натыйжалуу иш алып баруу керектигине байланыштуу маселелер көтөрүлдү. Жеке коргонуу каражаттары менен жетиштүү камсыз болуу маселеси курчуду. Андан сырткары, медиктер оорулар менен иштешип жатып, COVID-19 же пневмония жуктуруп алганы үчүн кенемте (компенсация) алууга байланыштуу көйгөйлөргө да дуушар болушту. COVID-19 жуктурган 84 832 кишинин 4 176сы медицина кызматкери болуп эсептелет. COVID-19дан баш-аягы 1 365 адам каза болду. Алардын ичинен 32 медицина кызматкери өмүр менен кош айтышты.[26]

COVID-19 эпидемиясы таралып жаткан учурдагы мезгилди талдай турган болсок, коргонуу каражаттарынын (колкап, беткап жана атайын костюм ж.б.) жетишсиздигинен улам, медицина кызматкерлери өздөрүн-өздөрү оорудан коргой алышкан жок. Андыктан бейтаптар менен тыгыз иштешүүгө туура келгендиктен, пандемиянын алгачкы күндөрүнөн тартып эле ооруну жугуза башташты.

2020-жылы пандемия учурунда Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын социалдык-экономикалык жана маданий укуктарды коргоо бөлүмүнүн кызматкерлери саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин укуктарынын сакталуу абалына байкоо жүргүзүшкөн. Жеке коргонуу каражаттарынын жетишсиздигине, ошондой эле медициналык мекемелердин жетекчилеринин мыйзамсыз иш-аракеттерине наразы болгон адамдардын кайрылуулары социалдык тармактарда тараган. Аппараттын кызматкерлери мындай кайрылуулардын жыйынтыктарынын негизинде сурамжылоо жүргүзүшкөн.

Омбудсмен аппаратынын 115 шыр байланышына, ошондой эле социалдык-экономикалык жана маданий укуктарды коргоо бөлүмүнө кайрылган саламаттыкты сактоо кызматкерлерин КР Акыйкатчысынын аппаратынын кызматкерлери сурамжылаган. Саламаттыкты сактоо кызматкерлери жетекчилер тарабынан куугунтукка кабылуудан чочулагандыктан жана оор

[26] 2021-жылдын 4-февралына карата маалымат. Кыргызстанда коронавирустун жайылуу картасы, https://akipress.org/

мезгилде жумуштан айрылып калуу коркунучу бар болгондуктан, алардын кайрылуусу купуя бойдон калышын суранышкан.

Саламаттыкты сактоо кызматкерлери сурамжылоонун жүрүшүндө төмөнкүлөрдү баса белгилешкен:

- *Пандемия башталгандан бери саламаттыкты сактоо кызматкерлери жеке коргонуу каражаттары менен тийиштүү түрдө камсыз болушкан эмес;*
- *Жумуш убактыларынан тышкары да иштеп, кошумча милдеттерди аткарышкан;*
- *Вирус жуктурган адамдар менен түздөн-түз байланышта болгон кызматкерлерге, башкача айтканда, «кызыл зонада» иштеген кызматкерлерге гана компенсация төлөнгөн. Ал эми регистратурада, кабылдамада иштегендерге компенсация төлөнгөн эмес. Анткени менен алар да бейтаптар менен иштешкендиктен вирус жуктурушуп, пневмония менен оорушкан;*
- *COVID-19 жуктурганы тастыкталган учурда полимераздык туташ реакциянын анализинин (ПТР/ПЦР-анализ) негизинде гана компенсациялар төлөнгөн. Ал эми кызматкердин милдеттерин аткарган учурларда ооруп калганы эске алынган эмес.*

Кыргызстандагы дарыгерлер өлкөдөгү айлыгы аз адистердин катарына кирет. БУУнун ден соолукка болгон укук маселелерине байланыштуу Атайын баяндамачысынын айткандарына караганда, «дарыгерлердин жана башка медициналык кызматкерлердин айлык акысы абдан төмөн. Өлкө боюнча ортодон төмөн. Башка сектордогу айлык акыларына салыштырмалуу ортодон төмөн».[27]

Атайын баяндамачы баса белгилегендей, «медициналык кызматкерлерге айлык акы жакшы төлөнбөгөндүктөн, алар өз ишин сапаттуу аткарышпайт жана бейтаптардан кошумча акча алууга аргасыз болушууда. Мындан тышкары башка өлкөдөн жумуш таап, көчүп кетүүгө же мамлекеттик эмес, жеке менчик ооруканаларда иштөөгө мажбур болушат. Андыктан мамлекеттик секторго караштуу медициналык мекемелерде дарыгерлер тартыш болууда». Чет өлкөлөрдө иштеп жүргөн айрым дарыгерлер, пандемия учурунда жардам берүү үчүн Кыргызстанга кайтып келген учурлар да болду.[28]

2005-жылы «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө»[29] КР Мыйзамы кабыл алынган. Аталган мыйзамга ылайык, саламаттык сактоо системасындагы кызматкерлердин эмгек акысынын (айлык акысынын) ставкаларынын баштапкы деңгээли Кыргыз Республикасындагы орточо эмгек акынын деңгээлинен төмөн болбогон өлчөмдө белгиленет.[30] Анткен менен бул ченем эч качан иш жүзүндө колдонулган эмес. Анткени Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин билдирүүсүнө ылайык, 2020-жылдын январь-ноябрь айларында саламаттыкты сактоо кызматкеринин же социалдык кызматкердин орточо айлык эмгек акысы болгону 10 733 сомду гана түзгөн. Ал эми ошол эле жылдын, ошол эле айларында бир жумушчунун бир айлык номиналдык эмгек акысы (чакан ишканаларды кошпогондо) 17 956 сомду түзгөн.[31]

---

[27] Кыргызстанга сапар: Ар бир адамдын дене-боюнун жана акыл-эсинин мүмкүн болушунча эң жогорку деңгээлдеги саламаттыгына болгон укугуна байланыштуу Атайын баяндамачынын баяндамасы. https://documents-dds-ny.un.org/doc/UNDOC/GEN/G19/132/99/PDF/G1913299.pdf?OpenElemen

[28] https://rus.azattyk.org/a/30721998.html

[29] «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» КР мыйзамы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1602

[30] Мыйзамдын 85-беренесин карагыла.

[31] 2020-жылдын 5-августундагы орточо айлык эмгек акы жөнүндө маалыматтар, Улуттук статистика комитетинин сайты. http://www.stat.kg/ru/statistics/trud-i-zarabotnaya-plata/

## Өлкөдөгү медицина кызматкерлеринин саны

| Бардыгы | 72 284 |
|---|---|
| Дарыгерлер | 13 709 |
| Орто медициналык персонал | 33 518 |
| Фармацевттер | 200 |
| Фармацевттердин ассистенттери | 122 |
| Тиш дарыгерлери | 639 |
| Кенже медициналык персонал | 12 508 |
| Башка персоналдар | 11 588 |
| **Анын ичинде тез жардам кызматында иштегендер:** | |
| Дарыгерлер | 189 |
| Орто медициналык персонал | 1 251 |
| Кенже медициналык персонал | 349 |

*Таблица КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан берилген.*

## Компенсациялык төлөмдөрдү алууга болгон чектелүү мүмкүнчүлүктөр

2020-жылдын 29-июнунда КР Жогорку Кеңеши «Медицина кызматкеринин статусу жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүү киргизген. Мыйзамда COVID-19 жуктурган бейтаптар менен иштешкен кызматкерлер ооруп калса, же кайтыш болсо, аларга компенсация төлөнүшү керектиги айтылат.

«Медицина кызматкеринин статусу жөнүндө» КР Мыйзамынын (11-берене, 1-пункт) жаңы талаптарына ылайык, өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал режиминин шарттарында саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

- *саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын медицина кызматкерлерин жашаган жеринен алардын иштеген жерине чейин жана кайра унаа менен жеткирүүнү уюштурууга;*
- *саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын медицина кызматкерлерин өзүлөрүнүн кесиптик милдеттерин коопсуз жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл жеке коргонуучу каражаттар (коргоочу беткаптар, коргоочу көз айнектер, медициналык колкаптар, коргоочу костюмдар, медициналык бахилалар, антисептик каражаттар жана жеке коргонуунун башка каражаттары) менен зарыл көлөмдө камсыз кылууга;*
- *саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын медицина кызматкерлерин кесиптик ишин жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл талаптагыдай эмгек шарттары менен камсыз кылууга;*
- *Кризистик кырдаалдан келип чыккан өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал режими мезгилинде өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарып жаткан жана өз ден соолугуна залал келтирүүнүн жогорку тобокелдигине дуушар болгон саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын медицина кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган, бирок ээлеп турган кызмат орду боюнча 4 маянадан кем эмес компенсация төлөнөт.*
- *Өзүнүн кесиптик милдеттерин санитардык-карантиндик зонада аткарып жаткан саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын медицина кызматкерлерине оор жумуштар жана зыяндуу жана оор эмгек шарттары менен иштөө режими белгиленет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган, бирок ээлеп турган кызмат орду боюнча 10 маянадан кем эмес компенсация төлөнөт.*

Саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын медицина кызматкери өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал режиминин шарттарында эмгек милдеттерин жана кесиптик парзын аткарууда алган оорунун кесепетинен каза болгон учурда, анын үй-бүлөсүнө жабыр тарткандын 20 орточо жылдык эмгек акысынан кем эмес өлчөмдө бир жолку акчалай жөлөкпул төлөнөт.[32] Бир жолку акчалай жөлөкпул Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан саламаттык сактоо уюмдарынын сунушу боюнча республикалык бюджеттик каражаттардын эсебинен төлөнөт.

Анткен менен саламаттыкты сактоо кызматкерлери үчүн компенсация алуу абдан түйшүктүү иш. Amnesty International аттуу Эл аралык укук коргоо уюму тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоодо оорусуна байланыштуу компенсация алуу үчүн кайрылган медицина кызматкерлери, ооруну иштеген жеринен жугузуп алганын далилдеши керек. Бирок муну далилдеш абдан оор, айрым учурларды такыр эле мүмкүн эмес. Көп учурда COVID-19 ордуна пневмония деген диагноз коюлуп калышы мүмкүн. Андайда медицина кызматкеринин компенсация алууга укугу жок болуп эсептелет.[33]

Мындан тышкары компенсация вирус жуктурган адамдар менен түздөн-түз байланышта болуп иштеген (кызыл зонада) же COVID-19 жуктургандар жаткан палатада кызмат кылган кызматкерлерге гана төлөнөт. Ал эми вирус жуктурган адамдар менен түздөн-түз байланышта болбогон жана башка медициналык мекемелерде (поликлиникаларда) иштеген медицина кызматкерлери, ооруну жуктурган же оорудан кайтыш болгон күндө да компенсация ала алышпайт.

Медицина кызматкери өз милдеттерин аткарууда ооруп же каза болуп калган учурларда, социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпул алууга болгон укугуна, анын ичинде социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдарды алуу укугуна кепилдик берүү зарыл. Социалдык, экономикалык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 7а-беренесине ылайык, саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин баарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө төлөмдөр өз убагында камсыз кылынышы керек. Ал эми COVID-19дан жана ага байланыштуу оорулардан каза боло турган болсо, компенсациялык төлөмдөр, вирус жуктурган адамдар менен түздөн-түз байланышта (кызыл зоналарда) иштеген кызматкерлерге эле эмес, жапа чеккен бардык саламаттыкты сактоо кызматкерлерине берилиши зарыл.

Ушул сыяктуу фактылар Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына келип түшкөн медициналык кызматкерлердин арыздарында да камтылат.

Медицина кызматкерлеринин арыздарына ылайык, компенсация ооруларды дарылоого катышкан жана вирус жуктурган адамдар менен түздөн-түз байланышта болуп («кызыл зоналарда») иштеген кызматкерлерге гана төлөнөт. Ал эми пневмония жана COVID-19 менен ооруган башка медицина кызматкерлери эсепке алынбайт. Айрым медиктерге болсо, ПТК анализ терс жыйынтык бергендиги үчүн компенсация төлөнбөйт. Арыз берүүчүлөрдүн айтымына караганда, оорукананын дээрлик бардык кызматкерлери COVID-19 менен да, ооруканадан сырткары өөрчүгөн пневмония менен да кандайдыр бир деңгээлде оорушкан.

Мындай жагдай медицина кызматкерлеринин арасында тең укуктуулуктун жоюлушуна, теңсиздиктин күч алышына, мамлекет тарабынан корголушу керек болгон саламаттыгын сактоо укугунун, ден соолукка келтирилген зыяндын ордун толтуруу укуктарынын бузулушуна алып келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 47, 48-беренелерине ылайык, медициналык кызматкер бардык жарандар сыяктуу эле ден соолугун коргоого жана ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруп алууга укуктуу.

---

[32] Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 29-июнундагы «Медицина кызматкеринин статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» №67 мыйзамы.

[33] Amnesty International «Кыргызстандагы саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин укуктары» аттуу баяндамсы, http://www.amnesty.org/.

## Медицина кызматкерлеринин айлык акыларынын өлчөмдөрү

| Аталышы | 2020-жыл |
|---|---|
| **Баштапкы медициналык-санитардык жардам** | |
| Дарыгерлер персоналы | 16 198,5 |
| Орто медициналык персонал | 10 048,4 |
| Кенже медициналык персонал | 6 650,9 |
| **Стационар** | |
| Дарыгерлер персоналы | 14 419 |
| Орто медициналык персонал | 10 620 |
| Кенже медициналык персонал | 8 982 |
| **«Тез жардам» медициналык кызматы** | |
| Дарыгерлер персоналы | 8 527 |
| Орто медициналык персонал | 10 034 |
| Кенже медициналык персонал | 5 381 |

*Таблица КР Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан берилген.*[34]

## Компенсация алышкан медициналык кызматкерлердин саны

2020-жылы Комиссиянын чечимине ылайык, 2 400 документ каралган, алардын арасынан 1 137 саламаттыкты сактоо кызматкерлерине төлөмдөрдү жүргүзүү жөнүндө чечим чыккан. 2021-жылдын 1-январына карата 925 медициналык кызматкерге 200,0 миң сомдон жана 32 каза болгон медициналык кызматкерлердин үй-бүлө мүчөлөрүнө 1,0 млн сомдон компенсация төлөнгөн.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча саламаттыкты сактоо кызматкерлерине жана оорунун очогунда иштешкен 110 852 медициналык кызматкерлердин компенсациялык төлөмдөрүнө 1 764 167,1 млн сом (бир миллиард жети жүз алтымыш төрт миллион жүз алтымыш жети миң сом) сарпталган.[35]

### 2.2.1-мисал

*Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсменине) Бишкек шаарынын Свердлов районунун №5 Бириккен үй-бүлөлүк медицина борборунун кызматкерлери жамааттык арыз менен кайрылышкан.*

*Арыздан көрүнүп тургандай, карантин учурунда медицина кызматкерлери жумуш орундарында болушкан. 2020-жылдын июнь-июль айларында коронавирус менен ооругандардын саны жогору болгон. Медицина кызматкерлери алардын баарына жардам көрсөтүшкөн.*

*Ушуга карабастан COVID-19 менен ооруган көптөгөн медиктерге азыркы убакка чейин 2020-жылдын июль айы үчүн компенсация төлөнө элек.*

*Социалдык, экономикалык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык пакттын 2-беренесине ылайык, катышуучу мамлекет бардык жаатта, ошондой эле адам укуктары жаатында да укуктук коргонуунун натыйжалуу ыкмалары, каражаттары менен камсыз кылууга милдеттүү.*

[34] КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин жообу, чыг.: 03-12-1195, 08.02.21-ж.

[35] КР ССМ жооп чыг. 08.02.21-ж. 03-12-1195.

*Массалык маалымат каражаттарында кабарлангандай, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) саламаттыкты сактоо уюмдарынын бардыгына ири суммадагы компенсация төлөгөн. Анткен менен, төлөм кандайча ишке ашырылгандыгы белгисиз.*

### 2.2.2-мисал

*Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппараты Чүй облусунун Ысык-Ата аймактык ооруканасында эмгектенген медицина кызматкерлеринен келип түшкөн арызды карайт. Арызда оорукананын жетекчилигинин 2020-жылдын 27-июнунан 10-июлуна чейин «кызыл зонадагы» бейтаптарды дарылоодо COVID-19ду жуктуруп алышкан медицина кызматкерлерине, ПТР анализдер терс жыйынтык берген үчүн эле компенсация төлөп берүүдөн баш тарткандыгы кабарланган. Арыз берүүчүлөрдүн айтымына караганда, оорукананын дээрлик бардык кызматкерлери COVID-19 менен да, ооруканадан сырткары өөрчүгөн пневмония менен да, кандайдыр бир деңгээлде оорушкан.*

*Жамааттан келип түшкөн арыз боюнча КР Саламаттыкты сактоо министрлигине кат жолдонгон. Катта Ысык-Ата аймактык ооруканасынын жетекчилиги ооруканада эмгектенген медицина кызматкерлерине компенсация төлөп берүүдөн чындап эле негизи жок баш тарткан- тартпагандыгы текшерилип, зарыл болсо, арыз берүүчүлөрдүн компенсация алууга болгон укугун кайрадан калыбына келтирип берүү өтүнүчү камтылган.*

*Министрликтен Акыйкатчынын дарегине өтүнүчкө жооп камтылган кат келген. Катта компенсацияларды мамлекеттик органдар тарабынан төлөөнүн эрежелери көрсөтүлүп, саламаттыкты сактоо кызматкерлеринин алдындагы милдеттенмелерди аткаруу боюнча ченемдик актылар саналып өткөн. Бирок, катта аймактык медициналык мекеменин кызматкерлеринин укуктарын бузгандарга кандай чаралар көрүлгөнү, жетекчилик медицина кызматкерлерине компенсация төлөп берүүдөн чындап эле негизи жок баш тарткан-тартпагандыгын текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө эч нерсе айтылган эмес.*

*Андыктан Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине, Ысык-Ата аймактык ооруканасында эмгектенген медицина кызматкерлеринин укуктарын калыбына келтирип берүү өтүнүчүнө олуттуу карап берүүнү суранып кайрадан кат жөнөтүлгөн.*

### 2.2.3-мисал

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратына Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы аймактык ооруканасынын медициналык кызматкерлери тарабынан кайрылуу жасалган.*

*Медиктер 2020-жылдын июнь, июль айларында COVID-19 менен оорушканын айтышкан. Буга байланыштуу бардык ырастоочу документтер Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине жөнөтүлгөн. Анткен менен, алар ушул убакка чейин компенсацияларын алыша элек.*

*Бул кайрылуу боюнча Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине кат жөнөтүлгөн. Катта кызматкерлерге компенсация төлөп берүү маселесин карап берүү өтүнүчү камтылган.*

Медициналык кызматкерлер арасында социалдык чыңалуу күч алып кетпеши үчүн алардын бардык кайрылуулары боюнча каттар КР Саламаттыкты сактоо министрлигине жана КР Өкмөтүнө жөнөтүлдү. Бул баяндама даярдалып жаткан учурда, жөнөтүлгөн каттарга жооптор келе элек болчу. Андыктан жоопторду бул баяндамага камтый алган жокпуз.

# СУНУШТАМАЛАР

## *Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине:*

1. *Медицина кызматкерлеринин, ошондой эле саламаттыкты сактоо жаатында эмгектенген техникалык жана «Тез жардам» кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун иштеп чыгуу;*
2. *Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал режими мезгилинде иштеген учурда COVID-19 менен ооруган саламаттыкты сактоо жаатында эмгектенген бардык медицина кызматкерлерине, анын ичинде техникалык кызматкерлерге, алардын «кызыл зонада» иштеген-иштебегенине карабастан, бекитилген акчалай компенсацияларды төлөп берүү сунушталат.*

## *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:*

1. *Медицина кызматкерлеринин, ошондой эле саламаттыкты сактоо жаатында эмгектенген техникалык жана «Тез жардам» кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун кабыл алуу маселесин кароо сунушталат.*



## 2.3. ЖАШЫ ПЕНСИЯ КУРАГЫНА ЖЕТЕ ЭЛЕК «БААТЫР ЭНЕЛЕРДИН» ЖӨЛӨКПУЛГА БОЛГОН УКУГУ

Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын 1-беренесинде Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет деп айтылганына карабастан, калктын айрым категориядагы жарандары мамлекет тарабынан социалдык жактан толук кандуу колдоо таппай келет. Мисалга алсак, Кыргызстанда пенсия курагына жашы жете элек, бирок «Баатыр эне» статусун алган энелерге мамлекет тарабынан жөлөкпул каралган эмес.

Анткени, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» мыйзамынын 13-беренесинин 1-бөлүгүнүн «з» бөлүкчөсүнө ылайык, «Баатыр-эне» ордендери менен сыйланган энелерге эсептик көрсөткүчтүн 1000 пайызы өлчөмүндө кошумча төлөм жаш курагы боюнча пенсия курагына жеткен баатыр-энелерге гана берилет.

Ошондой эле, «Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 10-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпул пенсиялык камсыз кылууга укугу болбогон учурда эмгекке жарамсыз адамдарга – баатыр энелерге 55 жаш курагына чыкканда гана дайындалат. Тагыраак айтканда, аталган мыйзамда орто жаш куракта «Баатыр эне» статусун алган энелерге (55 жашка чыга элек баатыр-энелерге) мамлекет тарабынан жөлөкпул каралган эмес.

Мыйзамда мындай талаптардын коюлушу коомдо социалдык адилетсиздикти пайда кылып, көп баланы өстүрүп-чоңойткон орто жаш курагындагы энелердин наразычылыктарын жаратууда. Анткени, 7 баланы төрөп, чоңойтуп түйшүк тартып, «Баатыр эне» статусун алган орто жаш курагындагы баатыр энелер, бирдей эмес коюлган талаптардын негизинде мамлекет тарабынан колдоо таппай келет.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратына пенсия курагына жете элек, бирок 7 баланы төрөп « Баатыр эне» статусун алган жаш энелер кайрылгандыктан, бул маселеге Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институту тарабынан көңүл бурулуп, аларга мамлекет тарабынан тиешелүү жөлөкпул каралышы менен, Кыргызстандагы көп балалуу үй-бүлөлөргө социалдык жактан колдоо көрсөтүү жана орто жана жаш куракгагы баатыр энерлердин жөлөкпулга болгон укугунун сакталышы үчүн мыйзамдагы мүчүлүштүктөрдү жөнгө салуу зарылдыгын белгилейбиз. Мындай чараларды көрүү орто жаш курактагы

энелердин укугугун сакталышына гана алып келбестен, Кыргызстан элинин демографиялык өсүшүнө да өбөлгө түзөт.

Азыркы күндө Кыргызстан боюнча пенсия курагына жашы жете элек баатыр энелердин так саны боюнча статистиканын жоктугуна байланыштуу, Акыйкатчы (Омбудсмен) институту бул маселени изилдөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө тиешелүү суроо-талап жөнөтүү менен бирге, азыркы күндө республика боюнча пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» санын аныктады.

Учурда Кыргызстан боюнча пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» саны – 3 699:

1. *Нарын облусу боюнча – 298*[36]
2. *Талас облусу боюнча – 181*[37]
3. *Ош облусу боюнча – 873*[38]
4. *Жалал-Абад облусу боюнча – 1 001*[39]
5. *Баткен облусу боюнча – 502*[40]
6. *Ысык-Көл облусу боюнча – 419*[41]
7. *Чүй облусу боюнча – 425*[42].

Ошондой эле, бул маселени кароого Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратына кайрылган орто жаш курактагы, бирок пенсия курагына жашы жете элек баатыр-энелердин арыздары себеп болду.

*КРнын Акыйкатчысына (Омбудсменине) 1981-жылы Нарын облусунда төрөлгөн, 7 баланын апасы, 2020-жылы «Баатыр эне» статусун алган жаран А.Г.З кайрылган.*

Бул маселе боюнча КР Акыйкатчы Институту тарабынан А.Г.З. кайрылуусунун мисалында КР Өкмөтүнө кайрылуу жолдонуп, анда мыйзамдардагы бул чөйрөдөгү боштукту толуктоо жана аталган мыйзамга өзгөртүү киргизүү тууралуу КР Өкмөтүнүн Токтомунун долбоорун иштеп чыгуу маселесин кароо сунушталган.

Кайрылууга Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинен[43] жана Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондунан «Баатыр энелер» пенсия курагына келгенде гана кошумча төлөм мамлекет тарабынан берилери тууралуу жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдардын негизинде жооп берилген.[44]

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасы социалдык кызматтар, медициналык тейлөө системасын өнүктүрөт, мамлекеттик пенсияларды, жөлөкпулдарды, социалдык коргоонун дагы башка кепилдиктерин белгилейт.

«Баатыр эне» статусун алууга жаш курак боюнча чектөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган эмес. «Баатыр эне» сыйлыгы КРнын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардактуу наамдары жөнүндө» Мыйзамынын 9–статьясында каралган жана жаш курагы боюнча шарттар киргизилген эмес.

Аталган мыйзамдын 9-беренесинин 1, 2, 3-пункттарына ылайык, «Баатыр эне» ордени менен энелер - жети жана андан көп бала төрөгөн жана татыктуу тарбиялаган, балдардын ден соолугу, билими, дене боюнун жана адеп-ахлактык өнүгүүсү жөнүндө талаптагыдай

[36] КРнын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг: №02-05/2001 27.11.20-ж.

[37] КРнын Өкмөтүнүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг: № 07-17-15/2900 26.11.20-ж.

[38] КРнын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг: № 04/1291 01.12.20-ж.

[39] КРнын Өкмөтүнүн Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг: № 03/1-04/2984 13.11.20-ж.

[40] КРнын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг: № 01-25/3460 17.11.20-ж.

[41] КРнын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг: № 3/8-165 26.01.2021-ж.

[42] КРнын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жообу, чыг: № ЭА-07-979 16.12.20-ж

[43] КР ЭСӨМ жообу, чыг: № 21/7582 11.11.20-ж.

[44] КР Социалдык Фонду, чыг: № 6-4/04.11.20-ж.

камкордуктун деңгээлин камсыз кылган Кыргыз Республикасынын жарандары сыйланышат. «Баатыр эне» ордени менен сыйлоо ушул берененин 3-бөлүгүнүн 2-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, жетинчи бала бир жашка толгондо жана башка балдары тирүү болгондо жүргүзүлөт.

«Баатыр эне» ордени менен сыйлоодо төмөнкү балдар да эске алынат:

1) *мыйзамда белгиленген тартипте асырап алынгандар, эгерде асырап алгандан кийин 3 жылдан көп убакыт өтсө жана багып алынган балдар чогуу жашаса;*
2) *Ата мекенди жана анын мамлекеттик кызыкчылыктарын коргоодо, адам өмүрүн сактап калуу, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу боюнча жарандык парзын аткарууда курман болгондор же дайынсыз жоголгондор.*

# СУНУШТАМАЛАР

## *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:*

1. *«Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына «Баатыр эне» орденин алган энелерге жөлөкпулду, алар орден алган учурунан тартып, алардын жаш курагына карабастан дайындоо тууралуу» өзгөртүү киргизүүнү караган КР Өкмөтүнүн токтомунун долбоорун кабыл алуу;*

## *Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигине:*

1. *«Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтом долбоорун иштеп чыгууда төмөнкү өзгөртүүлөрдү киргизүү;*

- *«Баатыр энелерге» сыйланаары менен пенсиялык куракка жетүү талабы коюлбастан, жөлөкпул төлөөнү кароо;*
- *«Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР мыйзамынын 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда көрсөтүлгөн баатыр-энелердин пенсия курагына жетүү (55 жаш) талабын алып салуу.*
- *Баатыр энелерге пенсия курагына жетүү талабы коюлбастан, алар сыйланган учурунан тартып жөлөкпул төлөө саясатын жүргүзүү максатында пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» эсебин жүргүзүү.*




# 3-БӨЛҮМ

# АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ

2020-жылы Балдардын, аялдардын жана үй-бүлөлөрдүн укуктарын коргоо боюнча бөлүм 173 кайрылууну карады. Акыйкатчынын дарегине жолдонгон кайрылууларда баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү өз убагында каттоого алуу жана алуу маселелери көтөрүлөт. Көпчүлүк учурларда балага документ алуу үчүн: ата-энесинин каржылык абалы, туулгандыгы тууралуу документтерди каттоо үчүн ата-энелерден керектүү документтердин өз убагында берилбеши же жок болушу, белгиленген мөөнөттү же жол-жобону бузгандыгы үчүн айып пул төлөө зарылдыгы тоскоолдуктарды жараткан. Алименттерди төлөө боюнча карызкорду жана алименттерди төлөө булактарын издөө актуалдуу бойдон калууда. Алимент төлөөчүлөр көбүнчө жашап жаткан дарегин өзгөртүшөт, мунун себебинен издөө мөөнөтү жана ошондой эле карыздардын көлөмү көбөйүп кетет.

## 3.1. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА COVID-19 ШАРТЫНДА ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРГЕ МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮК

2020-жылдын 24-мартынан баштап коронавирус пандемиясына байланыштуу Кыргызстандын бир катар облустарында өзгөчө кырдаал киргизилген. Мындай кырдаалдарда балдар үйлөрүндө, психиатриялык жана жабык мекемелерде жашаган калктын өзгөчө аялуу топторунун абалы чоң тынчсызданууну жаратты. Аталган мекемелерге кирүүнү чектөө шартында коронавируска каршы күрөшүүгө болгон даярдыктын деңгээли, адам укуктарынын сакталышы, медициналык жардамга жана дары-дармектерге жеткиликтүүлүк, COVID-19дун алдын алуу тууралуу маалыматтар ачык бойдон калууда, анткени аларда жайгаштырылган

адамдар түздөн-түз медициналык кызматкерлерден, көрсөтүлгөн кызматтардын сапатынан, мекеменин жетекчилигинен жана кызматкерлеринен көз каранды. 2020-жылдын экинчи жарымындагы COVID-19дун экинчи толкунун күтүү алдында мекемелердин учурдагы абалы жана оорунун жайылышы жөнүндө маалыматтар жаңыланды.

2020-жылы Бөлүм муктаждыктарды баалоо максатында коомдук жана эл аралык уюмдар – «Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо кыймылы, Европа биргилигинин КРдагы өкүлчүлүгү, ошондой эле «Баланын укуктарын коргоочулар лигасы» КФ менен биргеликте бир катар балдар интернаттарында мониторинг жүргүзүштү, мониторингдин жыйынтыктары боюнча отчеттор даярдалды. COVID-19 менен байланышкан чакырыктарга жооп кылып, Бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер боюнча сунуштар даярдалган жана КР Өкмөтүнө жиберилген. Жеке билим берүү мекемелеринде окуган балдардын ата-энелери өлкөдөгү экономикалык кырдаалдын начарлап кеткендигине байланыштуу окуулардын төлөмдөрүн төмөндөтүү мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу маселелер менен Акыйкатчынын аппаратына кайрылышты. Бул маселе дагы КР Өкмөтүнүн кароосуна жолдонду.

2020-жылдын апрель айында Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты керектөөлөрдү жана муктаждыктарды аныктоо үчүн Чүй облусундагы интернаттык жана психоневрологиялык 9 мекемеге биргелешкен мониторинг жүргүздү.[45] Мониторингдин жыйынтыктары боюнча мекемелерге токтоосуз жардам көрсөтүү өтүнүчү менен вице-премьер министр А. Исмаиловага кат даярдалган.[46]

2020-жылдын апрель-май айларында атайын балдар мекемелеринде жана үй-интернаттарында жайгашкан, мамлекеттин камкордугунда болгон жетим балдардын жана психикалык жактан жабыркаган адамдардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүлгөн:[47] Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында – 17 мекеме, Ысык-Көл жана Нарын облустарында – 8 мекеме, Чүй облусунда – 10 мекемеге мониторинг жүргүзүлгөн.[48] COVID-19га байланыштуу муктаждыктарды ыкчам баалоо үчүн болгон мониторинг тамак-аш азыктары, жекече коргонуу каражаттары, дары-дармектер ж.б.у.с. менен камсыздоо жөнүндө маалыматтарды топтоду.

Мониторинг жүргүзүүнүн графигин иштеп чыгууда баруулар үчүн түзүлгөн тизмеде мурда көргөзүлбөгөн үч мекеме (Жалал-Абаддагы «Ак-Жол» балдар комплекстүү борбору, Баткен облустук бириккен ооруканасынын Психонаркологиялык бөлүмү, Сузактагы карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн социалдык мекеме) кошумчаланган. Мындан тышкары, Жалал-Абад облустук Психикалык саламаттык борборунун имаратын капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүүгө жана ДМЧ балдар үчүн «Ак-Суу-Келечек» реабилитациялык борборуна жаңы имарат бөлүп берүүгө жардам көрсөтүү жөнүндө маселе көтөрүлдү.

2020-жылдын сентябрь айында Чүй облусундагы жана Бишкек шаарындагы 3 мектеп-интернатына, 1 балдар үйүнө жана 3 менчик балдар мекемелерине баруулар болду (Дмитриевка, Краснореченская, Беловодская, Военно-Антоновка көмөкчү мектеп-интернаттары, «Балдардын коргоого болгон укуктары» КФ, «Оберег» КБ, Ю. Якунинага караштуу үй-бүлөлүк балдар үйү).[49] Мониторинг жүргүзүү боюнча топко КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (ЭСӨМ) жана Билим берүү жана илим министрлигинин (БжИМ) өкүлдөрү дагы кирди.

Аткарылган иштердин натыйжасында балдар үйлөрүнүн тарбиялануучуларын коргоонун зарыл чаралары менен камсыз кылуу боюнча төмөндөгүдөй сунуштар берилди:

1. *Саламаттыкты сактоо министрлигине, ЭСӨМ, БжИМ – зарыл болгон дары-дармектер, жеке коргонуу жана дезинфекция каражаттары (ЖКК) менен үзгүлтүксүз камсыз болууларды камсыздоо;*

45 Мониторинг «Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо кыймылы менен кызматташтыкта жүргүзүлгөн.

46 Кат (чыг №10-1607, 15.04.2020-ж).

47 Мониторинг КР ЕБ өкүлдөрү менен кызматташтыкта жүргүзүлгөн.

48 КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 22.04. 2020-ж. №71 Буйругу.

49 Баруулар «Бир Дүйнө-Кыргызстан» укук коргоо кыймылы менен болгон кызматташтык жөнүндө макулдашуунун алкагында 2020-жылдын 22-сентябрынан 23-октябрына чейин болгон.

2. *Адамдар жайгашкан бөлмөлөр үчүн белгиленген температурага жана адам организминин жылуулукка болгон физиологиялык муктаждыктарына көңүл буруу менен, мекемелерди үзгүлтүксүз жылытуу менен камсыздоо;*
3. *КР Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментине – соц. мекемелердеги адамдардын тамактануусунун ченемдерин жана сапатын, көлөмүн жана түрүн карап чыгуу;*
4. *Вакцинацияга болгон маалымдалган макулдуктун милдеттүү формаларын киргизүү, анын ичинде майып адамдар жана балдарга тиешелүү ата-энелер, асырап алуучулар, мыйзамдуу өкүлдөр үчүн. Грипптен жана КРВИ (ОРВИ)/ COVID-19дан мажбурлап эмдөөнү алып салуу;*
5. *Бишкек шаарынын Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборуна – балдардан RW, ВИЧ/СПИДге, флюрография, боор тесттери, ж.б.у.с. негизсиз анализдерди алууну алып салуу, аларды көрсөтмөлөр боюнча жана тиешелүү даттануулар болгондо гана жүргүзүү сунушталат.*

Мониторингдин жыйынтыктары боюнча отчет даярдалып, басма сөз жыйыны өткөрүлүп, жыйынтыгында тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн КР Өкмөтүнө кат жолдонгон.[50]

## 3.2. ТУУЛГАНДЫГЫН КАТТООГО БОЛГОН УКУК – АР БИР БАЛАНЫН УКУГУ

КР «Балдар жөнүндө» Кодексинин 12-беренесинде ар бир бала ысымга жана жарандуулукка укуктуу экени көрсөтүлгөн жана төрөлгөндөн кийин дароо КР мыйзамдарында каралган тартипте катталууга тийиш. Ошондой эле бул укук туулгандыгы тууралуу күбөлүктү алууга болгон укукту жөнгө салуучу КР Үй-бүлө кодекси жана 2005-жылдын 12-апрелиндеги №60 «Жарандык абалдардын актылары жөнүндө» КР мыйзамы менен бекитилген.

Мындан тышкары, ар бир баланын ысымга жана жарандуулукка болгон укугу, ошондой эле улуттук өкмөттөрдүн бул маселелерге болгон жоопкерчилиги Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын 7- жана 8-беренелеринде бекитилген: «Бала төрөлгөндөн кийин дароо каттоого алынышы керек жана төрөлгөндөн эле ысымга болгон укукка, жарандык алууга болгон укукка ээ болушу керек... » (7-берене) жана «Мүчө-мамлекеттер өзүнүн жекелигин, анын ичинде жарандыгын, ысымын жана үй-бүлөлүк мамилелерин сактоого болгон баланын укуктарын сыйлоого милдеттендирилген... » (8-берене).

КР Өкмөтү жарандардын туулгандыгы тууралуу күбөлүк жеңилдетилген тартипте алууга мүмкүнчүлүгүн түзүп, 2019-жылдын 31-декабрына чейин туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдарды аныктоо жана документтештирүү боюнча Улуттук кампанияны өткөргөн.

КР Өкмөтүнүн БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) менен биргеликте ишке ашырган бул өнөктүктүн максаты – өлкөдө «көрүнбөгөн» балдар, документи жок балдар болбошу керек. ЮНИСЕФтин маалыматына ылайык, 5 жашка чейинки балдардын 97,7 пайызы төрөлду деп катталган. Бирок, төрөлгөндө катталбай калган балдардын көрүнбөгөн топтору дагы бар. Акыркы маалыматтарга таянсак, беш жашка чейинки курактагы 18 миңден ашуун баланын туулгандыгы тууралуу каттоосу жок.[51]

Туулгандыгы тууралуу мамлекеттик каттоосу жок балдарды аныктоо жана аларды акысыз негизде документтештирүү КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 11-майындагы №170-р Буйругу менен бекитилген, КР Президентинин 2020-жылдын 8-январындагы №1 «2020-жылды Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы деп жарыялоо

[50] Кат (чыг. №06-3888, 30.10.2020-ж.).

[51] Караңыз. https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru.

жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында балдарды колдоо боюнча иш чаралардын планына киргизилген.

Жогорудагы буйрук ЭСӨМдүн аймактык бөлүмдөрү тарабынан аткарылышы үчүн тиешелүү иштер аткарылууда, 2020-жылда туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок 920 бала аныкталган, алардын ичинен туулгандыгы тууралуу күбөлүк алгандары – 542.[52] 2019-жылы туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок 1 200 бала аныкталган.

Көпчүлүк учурларда ата-энелердин өздөрүндө документтери же паспорту жок болгондуктан, балдары үчүн туулгандыгы тууралуу күбөлүк ала алышпайт. Баланын энесинин өздүгүн күбөлөндүргөн документсиз баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн алууга мүмкүн эмес. Балага документтерди алуу үчүн энесинин документтерин калыбына келтирүү зарыл.

Бирок, эгерде үй-бүлө оор турмуштук кырдаалда (ОТК) жашап жаткан болсо, ЖААК органдары тиешелүү кызматтардын өтүнүчү боюнча баланы каттай алат (камкордукка алуу же социалдык коргоо органдары), алар өздөрүнүн арызында эмне себептен баланын энесинин документтери жок экендигин көрсөтөт.

Өз мекенинде төрөлүү менен жана кандайдыр бир себептерден улам документи жок болгон адам мамлекет тарабынан көрсөтүлүүчү бардык социалдык кепилдиктерден ажырайт.

191 мамлекет тарабынан Баланын укуктары жөнүндө конвенция ратификациялангандыгына карабастан, дүйнө жүзүндө миллиондогон балдардын төрөлүшү каттоого алынбайт. Катталбаган балдар жөнүндө маалыматтар болжолдуу болуп саналат. 29%дын тегерегиндеги өлкөлөр Туруктуу өнүгүүнүн максаттарын ар тараптуу камтуу максаттарына жетүүдө глобалдуу өнүгүүнү баалоо үчүн жеткиликтүү же жетишээрлик маалыматтарга ээ эмес. ЮНИСЕФтин баасы боюнча, бүткүл дүйнөдөгү 5 жашка чейинки курактагы балдардын төрттөн биринен көбү каттоого алынган эмес.

Баланын төрөлгөндүгүн каттоо балдарга жана анын ата-энесине өзүнүн жаш курагын жана улутун далилдөөгө, медициналык жардам алууга; билим алууга; никеге турууга; банкта эсеп ачууга; паспорт алууга; туугандарынан акча же мүлктү мураска алууга; шайланып келүүчү кызматка добуш берүүгө же талапкер болууга ж.у.с. укуктарды берет.

## КОРУТУНДУЛАР

Төрөлгөн баланын катталбай калуусунун көптөгөн себептери бар, анын ичинде социалдык жана маданий ишеним жана көз караштар; альтернативдүү документтер жана ысымдарды ыйгаруу аземдери; алыскы аймактар, начар инфраструктура; экономикалык тоскоолдуктар; кеңсе кызматкерлеринин, жабдуулардын жана окутуунун жетишсиздиги; укуктук жана саясий чектөөлөр; басмырлоо жана куугунтуктоодон коркуулар; согуштар, чыр-чатактар жана башаламандыктар же жөн гана системанын жоктугу.

Жарандыктын жоктугу дүйнө жүзү боюнча болжол менен 11-12 миллион адамдын күнүмдүк жашоосуна таасир этет. Балким, эң көп жабыркагандар ымыркайлар, балдар жана жарандыгы жок жаштар болушу мүмкүн. Алар ата-энесинин туруктуу жашаган жеринде туулуп-өскөндүгүнө карабастан, алардын бар экендиги расмий таанылбайт.

Документти алуу үчүн, ата-энеси катталган жердеги (эгер алар ар кайсы райондордо же калктуу конуштарда катталган болсо, ата-энесинин биринин) ЖААКка кайрылуусу керек.

Балдарды документтештирүүдө дагы бир көйгөй келип чыгат. Көпчүлүк учурларда, ар кандай себептерден улам (жоготуу, банкка күрөөгө коюу ж.б.) ата-энелеринин өзүндө документтери же паспорттору жок болгондуктан, балдар үчүн туулгандыгы тууралуу күбөлүк алууда

[52] ЭСӨМ каты (чыг. №15/1-7/584).

көйгөйлөр жаралат.

Ошондой эле, ата-энесинин өздүгүн тастыктаган документтеринин жоктугунан үйдө төрөлгөн же төрөт үйлөрүнөн медициналык маалымкат менен чыгарылган балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок. Кээде ата-энесинин бири чет өлкөлүк болуп саналат же ата-энесинин бирөөсүнүн өздүгүн тастыктаган документтери жок болот, ошондуктан бул дагы баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн берүүдө тоскоолдуктарды жаратат.

КР Бузуулар жөнүндө кодексинде «Баланын төрөлгөндүгүн каттоо мөөнөттөрүн бузуу» тууралуу 275-берене бар, анда эскертүү берүү же белгиленген мөөнөттү бузгандыгы үчүн 1000 сом айып пул салуу каралган. Айрым ата-энелер айып пулдун кесепетинен баласын документтештирүүнү кечиктиришет, бул өз кезегинде балдар үчүн бир катар көйгөйлөрдү жаратат. Мисалы: мектепке кабыл алуу, социалдык кепилдиктерди жана жөлөк пулдарды алуу ж.б. Мындай көйгөйдү Бишкек шаарынын Социалдык өнүгүү башкармалыктарынын биринин кызматкерлери айтышты.

Ошентип, иш кагаздарын жүргүзүүгө жардам сурап кеч кайрылгандардын көпчүлүгү – туруктуу жашаган жери жок адамдар, каржылык көйгөйлөргө дуушар болгон социалдык жакыр үй-бүлөлөр.

### 3.2.1-мисал

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине Чүй облусунун Сокулук районунун жашоочусу Д.Б. арыз менен кайрылып,[53] өзүнүн төрт небересине туулгандыгы тууралуу күбөлүк алууга жардамдашууну өтүнгөн.*

*Мындан улам, КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине кат жолдонгон.[54] Энеси балдарын кайындарына таштап кеткен жана эки жыл бою келген эмес. Балдардын апасы жок болгондугуна байланыштуу, аларга туулгандыгы тууралуу күбөлүк алууда кыйынчылыктар жаралган. Д.Б. балдарга күбөлүк алган.*

### 3.2.2-мисал

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине Бишкек шаарынын жашоочусу Т кызы А. арыз менен кайрылып,[55] туулгандыгы тууралуу күбөлүк алууга көмөк көрсөтүүнү өтүнгөн. Тиешелүү түрдө, ЭСӨМгө кат жолдонгон.[56] Т.А.нын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн жоктугуна апасынын паспортунун жоктугу себеп болгон. ЭСӨМдүн кийлигишүүсүнөн кийин апасына паспорт берилген жана кызга туулгандыгы тууралуу күбөлүк берилген.*

### 3.2.3-мисал

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине Кара-Суу райондук Эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынан кат келген,[57] анда Ош облусунун Кара-Суу районунун Катта-Талдык айыл аймагындагы Кызыл-Ордо айылынын жашоочусу Х.Ч. 2010-жылдын 5-мартында Россия Федерациясынын Москва шаарындагы төрөт үйүндө төрөгөндүгү айтылат. Бирок, жаран Х.Ч. өзүнүн жашы жете элек кызына азыркыга чейин туулгандыгы тууралуу күбөлүк албагандыгын билдирген. Буга байланыштуу, Кара-Суу райондук Эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгы Х.нын кызына туулгандыгы тууралуу күбөлүк алууга жардам берүүнү суранган. Акыйкатчы*

[53] Кириш. №128, 24.01.2020-ж.

[54] Чыг. №10-356, 27.01.2020-ж.

[55] Кириш. №Т-203, 04.02.2020-ж.

[56] Чыг. №10-563, 05.02.2020-ж.

[57] Кириш. №Х-842, 08.09.2020-ж.

*Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине тиешелүү кат жолдогон.[58] Баланын Москва шаарындагы төрөт үйүндө төрөлгөндүгү тууралуу документтерди Россия Федерациясынан суроо зарыл болду. Бул маселе менен КР ЭСӨМ иш алып барат.*

### 3.2.4-мисал

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине Чүй облусунун Сокулук районунун жашоочусу Ж.А. арыз менен кайрылып,[59] 27.11.2003-жылы туулган, жашы жете элек Т.К. үчүн туулгандыгы тууралуу күбөлүк алууга жардам кылууну суранган. Арызда баланын төрөлгөндөн бери эле туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок экендиги айтылган. Тиешелүү түрдө, ЭСӨМгө кат жиберилген.[60]*

Мисалдарда көрүнүп тургандай, балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүк алуусу үчүн КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппараты негизинен башка мамлекеттик органдарга дагы кайрылышы керек болот. Мындай тажрыйба балдардын укуктарынын бузулуп жаткандыгынан кабар берет жана алар автоматтык түрдө «көрүнбөгөн балдардын» категориясына кошулушат, мунун натыйжасында алар билим алууга, медициналык жардам алууга ж.б. мүмкүнчүлүгү жок болот. Ата-энелери убагында балага туулгандыгы тууралуу күбөлүк алуу үчүн кайрылышкан эмес, анткени баланын энеси аны атасына калтырып кеткен, ал эми атасынын акча каражаты жок. Бишкек шаарындагы №2 төрөт үйүнөн балага туулгандыгы тууралуу маалымкат алуу зарыл болду. Пандемияга байланыштуу маалымкаттар берилген жок, буга байланыштуу баланын туулгандыгы тууралуу медициналык маалымкатты берүү кечиктирилди.

## СУНУШТАМАЛАР

### *КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:*

1. *Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдарды аныктоо боюнча оор турмуштук кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга туруктуу негизде мониторинг жүргүзүү;*
2. *Балдарга туулгандыгы тууралуу күбөлүк алуунун эрежелери жөнүндө калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;*
3. *Райондук (шаардык) эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыктарынын кызматкерлеринин квалификациясын туруктуу негизде жогорулатуу.*

### *КР Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик каттоо кызматына:*

1. *Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөрдүн балдарына туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдү акысыз негизде берүү механизмдерин карап чыгуу;*
2. *Туулгандыгы тууралуу күбөлүктү даярдоо процесси жөнүндө маалыматтарды алуу максатында тиркемелерди (программаны, сайтты) иштеп чыгуу;*
3. *Туулгандыгы жөнүндө актыларды каттоо боюнча жарандык абалдын актыларын жазуу органдарынын ишин дистанттык формага өткөрүү;*
4. *Жарандык абалдардын актыларын жазуу органдарынын кызматкерлеринин квалификациясын, атап айтканда, башка өлкөлөр менен КРнын макулдашуулары жаатында туруктуу негизде жогорулатуу.*

[58] Чыг. №10-3222, 11.09.2020-ж.
[59] Кириш. №Ж-608, 17.06.2020-ж.
[60] Чыг. №10-2318, 18.06.2020-ж.

*КР Саламаттыкты сактоо министрлигине:*

1. *Балдардын туулгандыгы тууралуу маалымкаттарды алууда төрөгөн аялдарга жардам көрсөтүү.*
2. *Медициналык мекемелерде төрөгөн аялдарды тизмеге киргизүү үчүн, балдардын жашоого аралашуусун андан аркы көзөмөлдөп туруу үчүн электрондук порталды иштеп чыгуу.*

## 3.3. ЖАРАНДАРДЫН АЛИМЕНТТЕРДИ ӨЗ УБАГЫНДА АЛУУ УКУГУ

Алименттик милдеттенмелер институту бардык учурда үй-бүлөлүк укуктун олуттуу институттарынын бири болуп саналат. Азыркы заманбап шарттарда алименттик укук мамилелери жетишээрлик чыр-чатактуу мүнөзгө ээ жана ошон үчүн мамлекет тарабынан кылдат көңүл бурууну талап кылат.

КР Үй-бүлө кодекси сыяктуу эле КР Конституциясы балага өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого болгон укуктарды кепилдейт. Баланын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон жашоо-шарттарын камсыздоого болгон жоопкерчилик ар бир ата-эне же өзүнүн жөндөмдөрүнө жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша баланы тарбиялоочу башка адамдарга жүктөлгөн.

COVID-19 коронавирусунан келип чыккан кырдаал 2020-жылы көптөгөн кыргызстандыктардын каржылык абалын кыйындатты. Мындай учурларда калктын социалдык жактан өзгөчө аялуу катмары, анын ичинде алимент ала турган жалгыз бой энелер жабыр тартат, бирок алар ар кандай себептерден улам аны ала алышпайт. Белгилүү болгондой, эгерде мурдагы күйөөсү иштесе жана айлык акы алса, сот ага айлыгынын жана (же) башка кирешелеринин бардык түрлөрүнүн бир бөлүгүн ай сайын төлөп турууну милдеттендирет. Тилекке каршы, бул жакка расмий кирешелер эле кирет. Расмий түрдө көрсөтүлбөгөн кирешелерден алимент өндүрүү эч мүмкүн эместигин билүү маанилүү.

Бир балага айлык акынын 1/4 бөлүгү, эки балага – 1/3, үч же андан ашык балага – кирешелердин жарымы төлөнөт. Алименттердин көлөмү сот тарабынан ар бир учурда жекече, төлөөчүнүн материалдык жана үй-бүлөлүк абалына жараша, ошондой эле баланын каражатка канчалык муктаждыгына жараша белгиленет (КР Үй-бүлө кодекси, 86-беренесинин 1-пункту).

КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтарында көрүнүп тургандай, ажырашуулардын саны мурдагыдай эле жогорку деңгээлде калууда, бул сөзсүз түрдө өлкөдөгү жашы жете элек балдарды энеси же атасы тарбиялаган, толук эмес үй-бүлөлөрдүн өсүшүнө алып келет.

### Кыргыз Республикасындагы никелешүүлөрдүн жана ажырашуулардын саны [61]

| | 2019-ж. | 2020-ж. январь-ноябрь |
|---|---|---|
| Никелешүүлөрдүн саны | 49 431 | 34 905 |
| Ажырашуулардын саны | 10 992 | 8 057 |

Акыйкатчы институту тарабынан туруктуу негизде алименттерди өз учурунда алууга карата укуктардын сакталышына мониторинг жүргүзүлөт, бул маселелердеги кырдаалды

[61] Улуттук статкомдун каты, чыг. №11-2/86, 19.01.2021-ж.

жакшыртуу боюнча КР Өкмөтүнүн, КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин дарегине сунуштамалар иштелип чыгат, бул КР Акыйкатчысынын Жылдык баяндамасында чагылдырылат.

Балдардын, аялдардын жана үй-бүлөлөрдүн укуктарын коргоо боюнча бөлүмгө түшкөн, КР Акыйкатчысынын наамына келген арыздардын 60%ы алименттердин төлөнбөй жатышы жана алименттердин төлөнүшү, аталыгын таануу, ата-энелери ажырашкандан кийинки балдардын жашаган жерин аныктоо боюнча соттук процесстерге болгон мониторингдерге байланыштуу.

Кыргызстандагы аялдар сотко кайрылгандагы эң кеңири тараган доолор – ажырашуу жана алимент өндүрүү. Бул болжол менен соттордун кароосунда жаткан үй-бүлөлүк иштердин 85%ын түзөт.

Бул маалыматтардын жыйынтыгы бирөө эле – үй-бүлөлөр өтө тездик менен бузулууда. Статистика боюнча, Кыргызстанда ар бир бешинчи жуп ажырашышат. Ошондой эле, алардын дээрлик үчөөсү беш жыл никеде жашабай туруп ажырашышат. Жыйынтыгында 13, 3 миңдин тегерегиндеги балдар ата-энесинин бирөөсү жок калышат. Бул никеден төрөлгөн балдардын гана саны.

Эгерде биз статистикага жана өлкөдөгү алименттерди төлөө жана өндүрүү боюнча мамилелерди мүнөздөөчү сандарга көңүл бурсак, анда алар көңүл жубатарлык эместигин көрүүгө болот. Ошентип, 2019-жылы КР жалпы юрисдикциядагы сотторго жашы жете элек балдарды багууга алимент өндүрүү боюнча 4 076 миң арыз түшкөн.

2015-жылдан баштап, ар жыл сайын, Кыргызстанда 150 миңден ашык бала төрөлөт.[62] Алардын ичинен 11%дан ашыгын паспортунда расмий нике тууралуу штампы жок аялдар төрөшөт. Никеден тышкары төрөлгөн балдардын жарымында, «атасы» тилкесинде сызыкча турат. Эгерде келечекте баланын энеси алимент алууну кааласа, анда ал биринчиден, сотто аталыгын далилдеши керек болот.

КР Жогорку сотунун маалыматы боюнча,[63] кылмыштардын айрым түрлөрүн декриминалдаштырууга жана 2019-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирген КР Жоруктар жөнүндө кодексинин кабыл алынышына байланыштуу балдарды багууга ата-энелердин алимент төлөөдөн баш тартуусу үчүн жоопкерчилик КР Жоруктар жөнүндө кодексинин 77-беренесинде каралган.

Ушуга байланыштуу, 2019-2020-жылдарда алимент төлөөдөн баш тарткандыгы үчүн кылмыш иштери козголгон эмес. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин 77-беренесинде каралган жоруктарды жасагандыгы үчүн, республиканын соттору тарабынан 2019-жылы айыпка 445 адам, 2020-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча – 491 адам тартылган.

Мурда карызкорлорду КР ЖК 388-беренеси боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартып, 5 жылга чейинки мөөнөткө түрмөгө камай алышкан. Азыр, Жоруктар жөнүндө кодекске ылайык, аларды болгону 40тан 60 миң сомго чейинки суммада (533-800 АКШ доллары) айыпка тартышат, же болбосо коомдук жана түзөтүү иштерине жиберишет. Бирок, азырынча же механизмдери же ченемдери иштелип чыккан жок.

КР ЖС алдындагы Сот департаментинин маалыматы боюнча, 2020-жылы алимент төлөбөгөн 2 258 адам издөөдө болсо, 2019-жылы 2 634 адам издөөдө болгон. 2020-жылы Сот аткаруучулар кызматы бөлүмдөрүнө (САКБ) республика боюнча 47 351 аткаруу документи түшкөн (салыштыруу үчүн, 2019-жылы – 44 384 документ).[64]

Сот департаментинин сайтында, 2019-жылдын аягынан баштап, «Карызкорлорду издөө» бөлүмү ишке кирген. Бирок бул маалымат азыркыга чейин сайтта жок.

[62] Караңыз. Cabar.asia.

[63] Жогорку соттун каты, чыг. №03/47, 25.01.2021-ж.

[64] КР ЖС Сот департаментинин каты, чыг. №04-1-2/1424, 28.01.2021-ж.

КР Чек ара кызматынын карызкорлордун өлкөдөн чыгуу укугун убактылуу чектөө боюнча токтомдордун саны тууралуу маалыматы боюнча жалпы базада 22.01.2021-жылга карата 12 456 миң тапшырмалар бар.[65]

Акыйкатчынын аппаратына алименттерди өндүрүү боюнча жардам көрсөтүү өтүнүчү менен оозеки да, жазуу түрүндө да арыздар үзгүлтүксүз келип турат. Мурдагыдай эле келип түшкөн арыздарды талдоодо алименттердин төлөнбөй калышы карызкордун иши же туруктуу кирешеси жоктугуна, ал эми жумушу жана бейрасмий кирешеси бар болгон учурда, алименттерди өндүрүүгө мүмкүн болбогон кырдаал келип чыгат деген жыйынтыкты чыгарууга болот. Айрым учурларда карызкорлор карыздарын төлөө үчүн эле иштегилери келбейт же алименттерди төлөөнүн жол-жобосун билишпейт. Ошондой эле карызкордун кыймылдуу же кыймылсыз мүлктөрү бар экендигине байланыштуу иштер токтоп турат, анткени алар алименттерди төлөөдөн качуу максатында аларды үчүнчү адамдарга каттатып коюшкан. Чет өлкөгө чыгып кеткен ата-энелердин алимент төлөө маселеси да чечилбеген бойдон калууда. Чет мамлекеттердин аймагында жашаган жарандардан алимент өндүрүүгө байланыштуу маселелер да кылдат иликтөөнү талап кылат.

КР Акыйкатчысы тарабынан даярдалган жылдык баяндамаларда алименттердин төлөнбөй жатышына байланыштуу маселелер дайым көтөрүлөт, буга жараша аларды чечүү боюнча сунуштамалар иштелип чыгат жана мамлекеттик органдарга жиберилет. Ошентип, алимент төлөө боюнча милдеттенмелерди аткаруу маселеси Акыйкатчынын «2018-жылы Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы жөнүндө» жылдык баяндамасында чагылдырылган. Бир катар сунуштар жарым-жартылай аткарылды, аппарат тарабынан 2018-жылы алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлордун маалымат базасын түзүү боюнча сунуш да берилген. Белгилей кетүү зарыл, бул маалыматтардын базасы түзүлгөн, бирок учурда ал иштебейт, б.а. сунуш толугу менен аткарылган жок.

### 3.3.1-мисал

*Л.П. анын мурдагы жарандык күйөөсү алимент төлөбөй жаткандыгына арызданган.*[66] *Акыйкатчы аппараты тарабынан Соттук департаментке жана Бишкек шаарынын ШИИБине кат жолдонгон. Алынган жоопторго ылайык, 2019-жылдын 17-декабрында карызкорго аткарылуучу документтин талаптарын өз каалоосу менен аткаруу тууралуу сунуш берилген. Көрсөтүлгөн квитанцияларга ылайык, карызкор П.Л.С. пайдасына карызды төлөөнүн эсебине 5 900 сом которуп берген.*

*Ошондой эле сот аткаруучунун 2020-жылдын 10-январындагы токтому менен карызкорго КРнын аймагынан чыгуусуна убактылуу чектөө коюлган.*

*Б.Ю.Днын. алименттер боюнча акыркы эсептеги карызы 2020-жылдын 1-июнуна карата 220 297 сом 25 тыйынды түзгөн.*

*Бишкек шаарынын Ленин райондук ИИБи тарабынан түзүлгөн сотко чейинки өндүрүш аяктаган жана негизи боюнча кароо үчүн сотко жиберилген. Аппараттын кызматкерлери тарабынан соттук отурумга мониторинг жүргөн. Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун чечими менен арызданучунун пайдасына алимент өндүрүлүп берилген.*

[65] Мам. чек ара кызматынын каты, чыг.№3/162, 22.01.2021-ж.

[66] Кириш. № П 28(2), 01.06.2020-ж.

### 3.3.2-мисал

*Ю.Пнын.[67] айтуусунда, 2018-жылдын 24-сентябрында Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун чечими менен анын В.П. менен болгон никеси бузулган жана жашы жете элек эки баланы багуу үчүн В. П.дан алимент өндүрүлгөн. Бирок, арызданууучу В.П. өз убагында алимент төлөбөй жаткандыгын, карыз 87 000 сом болгондугун айткан жана жардам берүүнү сураган.*

*Акыйкатчы аппараты КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаменине кат жолдогон. Алынган жоопко ылайык, карызкордо кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө жеке менчик укугу катталган эмес. 2018-жылдын 26-декабрындагы КР Социалдык фондунун маалыматы боюнча, карызкорго болгон социалдык чегерүүлөр жок.*

*Соттун чечими аткарылбагандыгына байланыштуу, сот аткаруучунун 2019-жылдын 23-сентябрындагы чечими менен, карыз тарапка Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгуусу чектелген. Ошондой эле, Ю.П. 2019-жылдын 30-сентябрындагы арызы боюнча сот аткаруучу тарабынан Бишкек шаарынын Свердлов райондук ички иштер башкармалыгына карызкорду Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө Кодексинин 77- жана 167-беренелеринде көрсөтүлгөн мыйзам бузуулар боюнча жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуш жолдонгон.*

*Ошондой эле, сот аткаруучу тарабынан 2020-жылдын 27-январында карызкорго карата аткаруу кагазынын аткарылышын камсыз кылууга багытталган профилактикалык чараларды көрүү жөнүндө токтом чыгарылган. Аткаруу өндүрүшүн жүргүзүү учурунда карызкор тарабынан 17 000 сом төлөнгөн. Алимент боюнча карыздын 2020-жылдын 12-февралындагы эсеп көрсөткүчүнө ылайык, 2018-жылдын 3-августунан 2020-жылдын 3-мартына чейинки мезгил ичиндеги карыз 95 157 сомду түзгөн. Аткаруу иштери жүрүп жатат.*

## КОРУТУНДУЛАР

Алиментти өндүрүү боюнча иштер жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде каралган жана чечилген иштердин эң кеңири тараган категорияларынын бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу, алименттик милдеттенмелерди жөнгө салган колдонуудагы мыйзамдардын натыйжалуулугун жогорулатуу, коомдун эң аз корголгон миллиондогон мүчөлөрүнүн турмуштук кызыкчылыктарын түздөн-түз камсыз кылуу үчүн аны чечүү милдети өзгөчө мааниге ээ.

Ошентип, алиментти өндүрүү боюнча талаш-тартыштар нике жана үй-бүлө маселелеринин арасындагы негизги категория деп айтууга болот. Алимент боюнча карыздын болушу баланын ден соолугу чың жана гармониялуу өнүгүүсү үчүн алимент алуу укугу олуттуу бузулгандыгын билдирет. Соттор тарабынан каралган бардык жарандык иштердин ар бир онунчу бөлүгү – алиментти өндүрүү жөнүндө иш болуп саналат. Бул талаш-тартыштар аталыкты белгилөө боюнча ченемдерди, алименттик милдеттенмелер боюнча ченемдерди колдонууга түздөн-түз байланыштуу. Алименттик милдеттенмелерди изилдөөнүн негизинде учурдагы мыйзамдар канчалык өзгөргөндүгү жөнүндө тыянак чыгарууга болот: алимент алуучунун абалы жакшырдыбы, төлөөчүнүн позициясы эске алынабы, алимент төлөө тууралуу келишим түзүү мүмкүнчүлүгү ачылдыбы, мунун бардыгы тең демократиялаштырууну бекемдөөгө өбөлгө түзмөк.

Бул маселелер боюнча көптөгөн изилдөөлөргө карабастан, алименттик милдеттенмелер боюнча көп маселелер каралбай калган же талаш-тартыш жараткан мүнөздө, бул акыр-аягында

[67] Кириш. № П-205, 05.02.2020-ж.

үй-бүлөдөгү балдардын материалдык абалына терс таасирин тийгизет, ал эми биздин мамлекеттин келечеги так ушулардан көз каранды.

Алимент өндүрүү чөйрөсүндөгү иштин абалына, ошондой эле Кыргызстандагы алименттик милдеттенмелер жаатындагы мыйзамдардын аткарылышына жалпыланган талдоо айрым мамлекеттик органдардын ишинин сапаты жөнүндө тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. *Сот аткаруучулардын карызкор жөнүндө маалыматтарды алуудан гана турган (эмгек акы, иштеген жери, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк) мыйзамдарды аткаруу жаатындагы ишинин натыйжалуулугунун жетишсиздиги, алар сот аткаруучу катары ишти аткаруу чаралары боюнча иш-аракеттердин жаңы алгоритмин иштеп чыгуулары керек;*
2. *Мындан тышкары, учурдагы мыйзамдар боюнча алименттик милдеттенмелер жаатындагы бир катар маселелердин жөнгө салынбагандыгы белгиленди – КРнын «Сот аткаруучуларынын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө» Мыйзамынын 93-1-беренесин жана 12-беренесинин 1-бөлүгүнүн 15-1-пунктун аткарбоо.*

# СУНУШТАМАЛАР

## *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:*

1. *КРнын Жоруктар жөнүндө кодексинин 77-беренесине эмгекке жарамдуу карызкорду жумушка мажбурлап тартуу түрүндөгү түзөтүү киргизүү.*

## *КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине:*

1. *Мүмкүн болушунча кыска убакыттын ичинде «Сот аткаруучулардын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө» КРнын Мыйзамынын (12-берененин 1-бөлүгүнүн 15-1-пункту) ченемин аткарууда издөөдө жүргөн карызкордун сүрөттөрүн жана маалыматтарын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жайгаштыруу;*
2. *Мүмкүн болушунча кыска убакыттын ичинде алименттик милдеттенмелер боюнча карызкорлордун маалымат базасы жөнүндө «Сот аткаруучулардын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 93-1-беренесин аткаруу;*
3. *Изделип жаткан карызкорлорду бирдиктүү маалымат базасына киргизүү, ошондой эле мамлекеттик органдар, КРнын Ички иштер министрлиги жана КРнын Чек ара кызматы менен өз ара аракеттенүү механизмин иштеп чыгуу;*
4. *Сот аткаруучуларынын ишинин сапатын жогорулатуу максатында аларды туруктуу негизде окутуу.*

## 3.4. БАЛДАРДЫН ЖАТАК МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ БАЛДАРДЫ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТАН ЖАНА АЁОСУЗ МАМИЛЕЛЕРДЕН КОРГООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ

2019-жылдын октябрь айынан тартып 2020-жылдын февраль айына чейин балдардын жатак мекемелеринде балдарды зордук-зомбулуктан жана аёосуз катаал мамилелерден коргоонун натыйжалуулугун баалоо үчүн мониторинг жүргүзүлдү. Кызыкдар болгон мамлекеттик органдардын катышуусунда жүргөн мониторингдик баруулардын жыйынтыгы боюнча сунуштары менен отчёт даярдалган. Сунуштарда иш кагаздарын жүргүзүү, мекемелерде болуу шарттары, мекемелердин ишмердүүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле зордук-зомбулук болгон учурларда ага бөгөт коюу, аныктоо жана көңүл буруу тутумунун натыйжалуулугуна тиешелүү болгон маселелер камтылды.

Балдардын жатак мекемелерине мониторинг жүргүзүү КР Акыйкатчысы (Омбудсмени), «Баланын укуктарын коргоочулардын лигасы» КФ, Саламаттыкты сактоо министрлиги, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги, Ички иштер министрлигинин кызматташтыгы жана Борбор Азиядагы Эл аралык түрмө реформасынын аймактык өкүлчүлүгүнүн (Penal Reform International) колдоосу менен мүмкүн болду.[68] Ар бир мониторингдик топторго дарыгер-педиатр, юрист, психолог жана эксперттер катышты. Башкы максат – балдардын жатак мекемелериндеги кызматкерлер тарабынан болгон сыяктуу эле, балдардын ортосундагы зордук-зомбулукту жана аёосуз катаал мамилелерди жоюу. Мониторинг КР аймагындагы 10 мекемени камтыды.[69] Корутундулар жана сунуштар мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана ишмердүүлүк чөйрөсү БЖМ зордук-зомбулуктан жана аёосуз мамилелерден коргоого болгон балдардын укуктарын сактоо маселелерине тиешелүү кызмат адамдарына жолдонду. Айрым маселелер мекемелерди реформалоо программаларына жана үй-бүлөнүн курчоосунда баланы сактоонун артыкчылыгына байланыштуу болду.

Мониторинг төмөнкү милдеттерди алдыга койду:

1) *балдар арасында сыяктуу эле кызматкерлер тарабынан да балдарга карата жасалган зордук-зомбулуктун ар кандай түрлөрүнүн жайылуусун изилдөө (физикалык, психологиялык, сексуалдык, кайдыгер);*

2) *иштеп жаткан мыйзамдарга талдоо, балдарга карата жасалган зордук-зомбулукка каршы күрөшүү боюнча чаралардын таасирдүүлүгү;*

3) *мамлекеттик жатак мекемелеринин администрацияларынын ишин иликтөө, адистердин алдын алуу, каттоо, мекемелердеги балдарга карата жасалган зордук-зомбулук жөнүндө каттоо жана маалымдоо боюнча иштерди талдоо, балдарга карата жасалган зордук-зомбулукту аныктоо жана ага каршы күрөшүү;*

4) *зордук-зомбулукка каршы турууда колдонулган чараларды изилдөө, ыйгарым укуктуу органдардын ишин жана өз ара аракеттенүүсүн координациялоо.*

[68] Мониторинг Борбор Азиядагы Эл аралык түрмө реформасынын аймактык өкүлчүлүгүнүн (Penal Reform International) «Кыргызстандын жабык мекемелеринде кыйноолорду жана катаал мамилелерди алдын алуу боюнча мамлекеттин жана жарандык коомчулуктун демилгелерин колдоо» долбоорунун алкагында ишке ашкан, Кыргыз республикасындагы Улуу Британиянын элчилиги тарабынан каржыланган.

[69] Мониторинг төмөнкү мекемелерди камтыды: Жетим балдар жана ата-энесинин багуусусуз калган балдардын Чалдыбар мектеп-интернаты, К.Тилебалиев атындагы жетим балдар жана ата-энесинин багуусусуз калган балдардын Панфилов мектеп-интернаты, Жетим балдар жана ата-энесинин багуусусуз калган балдардын Чүй мектеп-интернаты, Жетим балдар жана ата-энесинин багуусусуз калган балдардын Военно-Антоновка балдар үйү, Талас атайын жалпы билим берүүчү (жардамчы) мектеп-интернаты, Дмитриевск атайын жалпы билим берүүчү (жардамчы) мектеп-интернаты, Краснореченск атайын жалпы билим берүүчү (жардамчы) мектеп-интернаты, психикалык акыл-эси кечиккен балдар үчүн Нижне-Чүй башталгыч мектеп-интернаты, сүйлөөсү начар балдар үчүн Сокулук адистештирилген мектеп-интернаты, улгайган, жалгыз бой карылар, майыптар жана жетим балдар үчүн Ош мэриясына караштуу «Боорукердик» үй-интернаты.

Укуктук талдоолор ачыктагандай, «Үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» КР Мыйзамы[70] үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алуунун укуктук негиздерин аныктайт, бирок жатак мекемелериндеги коргоого колдонулбайт. Иштеп жаткан 111 жана 115 «шыр байланыш» телефондору жатак мекемелериндеги балдар үчүн жеткиликсиз: стационардык телефондорго жеткиликтүүлүк, уюлдук телефондор жок же болбосо байланыш кызматтарына төлөгөнгө каражат, ошондой эле ар кандай кызматтарга жардам сурап кайрылуу көндүмү жок. Жатак мекемелериндеги балдардын 95%ы мониторингдик топтордун суроолоруна ачык жооп берүүдөн коркушту, анткени аларга мекеменин кызматкерлери эскертип коюшкан. Мониторинг жатак мекемелериндеги балдарга карата жасалган зордук-зомбулукка натыйжалуу көңүл буруу үчүн укуктук база жок экендигин көрсөттү.

Балдардын жатак мекемелери бардык мүнөзү боюнча жабык болуп саналат. Мониторинг жатак мекемесинин ичинде зордук-зомбулук болгон учурда сөзсүз түрдө каттоого алуу, балдардын администрацияга жана кызматкерлерге болгон даттануулары берүү, ошондой эле жатак мекемелеринин ишине көз карандысыз көзөмөл жүргүзүү механизмдеринин жок экендигин ачыктады. Муну менен бирге эле ыйгарымдуу мамлекеттик органдар (ЭСӨМ, БжИМ, ССМ) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мониторинг жүргүзүп, бирок каралып жаткан маселелерди өкүндөтүүнү жана баруулардын санын көбөйтүүнү талап кылышары аныкталды.[71] Райондук жана республикалык деңгээлде системалуу көз карандысыз көзөмөл керек.

Мамлекеттик жатак мекемелери республикалык бюджеттен каржыланат, мекемелерди БжИМ, ССМ, ЭСӨМ тутумунда кармоого ар жыл сайын болжол менен 500 млн. сом бөлүнөт. Бир жатак мекемени кармоого кеткен чыгымдардын сметасы 11ден 38 млн. сомго чейин айырмаланат, бир балага ай сайын 12-20 миң сом кетет. Каржылоо: жатак мекемелеринин кызматкерлеринин эмгек акысын, КР Соцфондуна төлөмдөрдү, коммуналдык кызматтарды, иш сапарларды жана башка чыгымдарды жабат. Бөлүнгөн каражаттын ичинен балага тамак-ашка төлөнгөн түрдө 15-25%ы артат.

Жатак мекемелеринде жашаган жетим балдар тереңдетилген медициналык текшерүүдөн чанда өтүшөт. Жатак мекемелериндеги балдарга медициналык текшерүү төмөнкү оорулардын бар экендигин аныктады: кайталануучу отиттер, атопикалык дерматит (экзема), кургак учук инфекциясы, таяныч-кыймыл аппаратынын патологиясы (дене келбетинин бузулушу, май тамандык), энурез жана башка неврологиялык реакциялар, адамдын папиллома вирусу (сөөл), педикулез, жүрөк кемтиги. Амбулатордук карталарда жатак мекемелериндеги балдар стационардык дарылоодон өткөндүгү тууралуу көрсөтмөлөр болгондо дагы белгиленген жазуулар жок. Көпчүлүк учурларда дарыгерлер тарабынан дарылоо көзөмөлгө алынбайт, дары-дармектер орто медициналык кызматкер тарабынан тиешелүү түрдө оңдоосуз берилет, бул кадимки шарттагы – жатак мекемелеринен тышкаркы балдардын дарылануусунан айырмаланат. Дээрлик бардык мекемелерде тиштерин дарылоого жана протездөөгө муктаж балдар бар.

Чоңураак курактагы балдарда тамак сиңирүү жана дем алуу органдарында оорулар бар, ал эми кенже курактагы балдарда – тубаса аномалия жана перинаталдык мезгилде пайда болгон айрым абалдар. Балдар салмагы жетпегендиктен жана бою кичине болгондуктан, физикалык саламаттыгынын көрсөткүчү абдан начар, алардын көбү саламаттыктын үчүнчү жана төртүнчү тобуна кирет. Алынган маалыматтар БЖМ жашаган балдардын саламаттыгы жөнүндө өзгөчө кам көрүү, сапаттуу текшерүүнү камсыздоо жана калыбына келтирүү менен профилактикалык иштерге басым жасоо менен, тиешелүү дарылоо жүргүзүүнүн зарылдыгын көрсөтүп турат.

Мекеменин администрациясы тарабынан балдар үчүн балдардын укуктары жөнүндө, кызматкерлердин жана башка балдардын аракеттерине болгон даттанууларды берүү жөнүндө семинарлар түрүндөгү (тренингдер) системалуу иштер жүргүзүлбөйт.

[70] Караңыз., http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111570.

[71] 2017-жылдагы БЖМ мониторинг жасоо боюнча өкмөттүк комиссия.

Балдарга карата жасалган зордук-зомбулукка жана аёосуз катаал мамилелерди аныктоо жана көңүл буруу боюнча персоналды даярдоо жана кайра даярдоо боюнча системалуу иштер аткарылбайт. Көпчүлүк мамлекеттик жатак мекемелеринде тарбиячыларды жана мугалимдерди тандоо квалификациялуу адистердин жоктугунан же каржылоонун жетишсиздигинен жабыр тартат. Айрым учурларда тарбиячы болуп бул ишке убактылуу алынган жөн гана адамдар иштеп калат.

Жатак мекемелеринин администрациясы тарабынан кызматкерлер ортосунда эмоционалдуу күйүп-бышуу синдромунун алдын алуу боюнча чаралар көрүлбөйт. Ата-энесинини камкордугусуз калган тарбиялануучулардын ата-энесинен ажырагандан улам келип чыккан же жабык социалдык коомдун шартында өөрчүгөн психологиялык көйгөйлөрү бар. Бул кырдаалдар кызматкердин ишинин психологиялык шарттарына өз таасирин тийгизет. Коммуникациялык-уюштуруучулук жөндөмү төмөн, эмпатия жана баарлашуу деңгээли төмөн болгон кызматкер ошол эле көйгөйдөгү балдар менен психологиялык-педагогикалык иш чараларды жүргүзөт.

Жатак мекемелериндеги балдардын жашоо шарты турмуштук оор кырдаалдагы балдарга социалдык кызматтарды көрсөтүүчү мекемелерде балдарды багуу, тарбиялоо жана коомго аралаштыруу боюнча минималдуу стандарттарга шайкеш келбейт. [72]

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү (Панфилов району) жатак мекемесинин администрациясы менен биргеликте балдарды үй-бүлөгө кайтаруу боюнча иштерди жүргүзбөйт (үй-бүлөлүк чөйрөнү камсыз кылуу жана биологиялык ата-энесине бириктирүү). Жатак мекемелерине келген балдарга карата аларды оор турмуштук кырдаалдан чыгаруу үчүн Балдарды коргоо боюнча индивидуалдуу пландар (БКИП) жана Үй-бүлө менен индивидуалдуу иштөө пландары (ҮИИП) иштелип чыккан эмес жана бекитилген эмес.

КР Балдар жөнүндө Кодексинин 37-беренесинин 1-пунктунун 1-бөлүмүнө ылайык,[73] жетим балдарды жана ата-энелик укуктарынан ажыратылгандыгына жана чектелгендигине, ата-энеси дайынсыз жоголгондугуна, аракетке жөндөмсүз (аракетке жөндөмсүз деп чектелген) деп таанылгандыгына, эркинен ажыратуу түрүндө жазасын аткарууга байланыштуу ата-энелери жок болгон балдарды менчигинин түрүнө карабастан жатак мекемелерине жиберүү балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын бүтүмүнө негизделген соттун чечими боюнча ишке ашат жана баланы үй-бүлөгө жайгаштыруу боюнча мүмкүнчүлүк түгөнгөн учурда акыркы чара катары колдонулат. Жетим балдар жана ата-энесинин багуусусуз калган балдардын Панфилов жатак мектебинде 213 бала тарбияланат, алардын ичинен 104ү интернатта жашашат, 109 бала келип окугандар, жетимдер жок. Буга окшогон кырдаалдар жетим балдар жана ата-энесинин багуусусуз калган балдардын башка жатак мектептеринде да бар.

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмү жеринде (Панфилов району) ар бир баланын кырдаалына ар тараптуу баа берүү иштерин жүргүзбөйт: баланы коргоонун индивидуалдуу пландары жана үй-бүлө менен индивидуалдуу иштөөнүн пландары шаблон боюнча толтурулат жана баланы жана үй-бүлөлөрдү оор турмуштук кырдаалдан чыгаруунун жолдорун камтыбайт. Мониторинг мекемелерде болуунун максималдуу мөөнөтүнүн жогорулашын аныктады, бул кошумча бюджеттик каражаттарды бөлүүгө алып келет.

[72] КР Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген, 9-октябрь 2012-жыл, № 691, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/93743.

[73] Караңыз. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203700.

# СУНУШТАМАЛАР

## *КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине жана КР Билим берүү жана илим министрлигине:*

*1. БЖМдеги аёосуз катаал мамилелерден жана зомбулуктан балдарды коргоо максатында механизмди иштеп чыгуу:*

*1) Мекеменин кызматкерлерине жана башка балдарга карата жашы жете электер тарабынан даттануулорды берүү;*

*2) Мекеменин ичиндеги зомбулук болгон учурларды каттоо;*

*3) Зордук-зомбулукка жана аёосуз катаал мамилелерге кабылган балдарга жардам көрсөтүү системасын иштеп чыгуу;*

*4) Жатак мекемелеринин ишмердүүлүгүн көз карандысыз көзөмөлдөө системасын иштеп чыгуу;*

*5) Балдардын 111 жана 115 ишеним телефондоруна жеткиликтүү болуу системасын ишке киргизүү;*

*6) Балдарга ар кандай кызматтарга жана ишеним телефонуна кайрылуу көндүмдөрүн окутуу.*

*2. Баланы үй-бүлөнүн курчоосунда сактоо максатында:*

*7) Балдардын жатак мекемелерин реформалоо саясатын ишке киргизүү, социалдык кызматтарды өнүктүрүү жана инклюзивдүү билим берүү;*

*8) Мүмкүн болгон бардык учурларда балдарды жатак мекемелерине жайгаштыруудан качуучу шарттарды камсыздоо, ал эми БЖМге жайгаштыруу акыркы чара катары кароо.*

*1. Балдарга үй-бүлөнүн кучагында болууну жана биологиялык ата-энесине кошулуусун камсыздоо максатында балдарды БЖМден үй-бүлөсүнө кайтаруу чараларын көрүү.*

*2. Жатак мекемелеринде жашаган ар бир балага байланыштуу турмуштук оор шарттан аларды чыгаруу боюнча Балдарды коргоо боюнча индивидуалдуу пландарын (БКИП) жана Үй-бүлө менен индивидуалдуу иштөө пландарын (ҮИИП) иштеп чыгуу жана бекитүү.*

*3. Майыптыгы бар балдардын үй-бүлөсүнөн ажыроону алдын алуу максатында алардын жашаган жери боюнча инклюзивдик билимге жана социалдык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн камсыздоо менен, майып балдарды балдар үйлөрүнө жана интернаттарга жиберүүнүн алдын алуу боюнча чараларды иштеп чыгуу.*

## *КР Саламаттыкты сактоо министрлигине:*

1. БЖМдин ишин тиешелүү деңгээлде уюштуруу максатында:

*1) Балдардын жатак мекемелерин «балдардын саламаттыкка болгон укуктарын» камсыздоо тууралуу маалымат менен бирге ченемдик-укуктук актылардын топтому менен камсыз кылуу;*

*2) БЖМ кызматкерлерин зомбулукту натыйжалуу документтештирүү (зордук-зомбулук жана катаал мамилелер) жана балдардын муктаждыктарына кайдыгер кароону камтыган саламаттыкты сактоонун биринчи деңгээли үчүн жаңы маалыматтар жана клиникалык протоколдор менен камсыздоо;*

*3) Мекемени документтер менен камсыздоо – форма 112-у, 003-у, 087-у ж.у.с.*

*4) Балдар жана өспүрүмдөр үчүн сексуалдык жана репродуктивдүү саламаттыктын мамлекеттик медициналык кызматтарын стандартташтыруу;*

*5) Медициналык жардам көрсөтүүнүн абалын жакшыртуу боюнча сунуштарын иштеп чыгуу менен, өлкө аймагындагы БЖМге ар дайым мониторинг жүргүзүү;*


6) *Зарыл болгон учурда кеңеш берүүчү, диагноз коюу жана дарылоонун ыктыярдуу купуялуу кызматтарын көрсөтө алган адистердин (гинеколог, уролог, психолог же психиатр) командасын аныктоо менен үй-бүлөлүк медицина борборлорунда (ҮДБ), жалпы дарыгерлердин тажрыйбасы борборлорунда (ЖДТБ) өспүрүмдөр кызматынын ишмердигин кайра калыбына келтирүү, ошондой эле өспүрүмдөргө карата сексуалдык жана башка зордук-зомбулук учурларын идентификациялоо жана документтештирүү;*
7) *КРнын медициналык кызматтарды көрсөтүү системасы жөнүндө балдардын жатак мекемелеринин бүтүрүүчүлөрүн маалымдар кылууну медициналык кызматкерлерге милдеттендирүү (медициналык жардам үчүн бүтүрүүчүлөр кантип жана кайда кайрыла алышат, мамлекеттик кепилдиктер программасы жөнүндө ж.у.с.).*
8) *Камкордукка алуу мекемелеринин медициналык кызматкерлеринин айлык акысын жогорулатуу үчүн каржылоонун кошумча жолдорун караштыруу.*

2. БЖМ кызматкерлеринин тиешелүү профессионалдык деңгээлин колдоо үчүн:

1) *Балдардын жатак мекемелеринин кызматкерлери үчүн квалификациясын жана адистигин жогорулатуучу курстарды бат-баттан өткөрүү;*
2) *Балдарды асыроочу мекемелердин дарыгерлери үчүн интернет-кызматтары аркылуу дарылоонун жаңы ыкмалары тууралуу кеңештерди алуу мүмкүнчүлүгүн кайра карап чыгуу;*

3. БЖМде жашаган балдарды саламаттыкты сактоонун тиешелүү кызматтары менен камсыздоо үчүн:

1) *Мекемелерде балдарды ар дайым педиатр, невропотолог, окулист, лор-дарыгери, ортопед, кыздардын – балдар гинекологу тарабынан динамикалуу текшерилип туруусун камсыздоо;*
2) *Тарбиялануучуларды акысыз жана сапаттуу стоматологиялык жардам менен камсыздоо; мектептеги тамактанууда кариес жаратуучу тамак-аштарды чектөө, стоматология жаатында агартуучулук иштерди жүргүзүү;*
3) *Өспүрүмдөргө анонимдүү кызмат көрсөтүү шартын түзүү;*
4) *Асыроо мекемелериндеги балдардын репродуктивдүү саламаттыгы боюнча окууларды өткөрүү, үй-бүлөнү пландоо ыкмаларын окутуу;*
5) *Стационардык дарылоого муктаж балдарды ооруканага жаткыруу, ыктыярчыларды, мисалы, Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (КМАА) студенттерин жана башка кызыкдар адамдарды тартуу менен, балдарды багуу үчүн кызматкерлерди бөлүү.*



# 4-БӨЛҮМ

# ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

2020-жылы Жарандык-саясий укуктарды, мигранттардын, чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жоктордун жана аскер кызматкерлеринин укуктарын коргоо бөлүмүнүн кароосуна жалпысынан 229 кайрылуу келип түшкөн. Негизинен алар эмгек мигранттарынын укуктарына, КРда жүргөн чет өлкөлүк жарандардын, аскер кызматкерлеринин укуктарына, жарандык маселелерине, паспортторду, документтерди, маалымкаттарды алууга, шайлоо укуктарына жана ошондой эле сот отурумдарына катышуу маселелерине караштуу болду.

Россия Федерациясында, жакынкы чет өлкөлөрдө жана араб өлкөлөрүндө жүргөн эмгек мигранттары оор жагдайга туш болушту. Биздин жарандар карантин жарыялангандан тартып, чет өлкөлөр өз чек араларын жапканга чейин, Кыргызстанга келүү үчүн колунда авиабилеттери туруп, өз убагында учуп кете алышпай, чет өлкөлөрдүн аэропортторунда жумалап калып кетишти. Жакынкы өлкөлөрдүн жолдору жабылып калып, транзиттик өтүп кетүүгө уруксат берилбей жатты.

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын 6-беренесинин 2-пунктуна ылайык, «Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагына өзгөчө же согуштук абалдын киргизилиши Омбудсмендин (Акыйкатчынын) ишин токтоттурбайт, чектебейт жана токтото албайт». Буга байланыштуу Аппарат кызматкерлери үзгүлтүксүз иштешти.

2020-жылы эмгек мигранттарынын маселелери боюнча Акыйкатчынын (Омбудсмендин) наамына 33 кайрылуу келип түшкөн, алар төмөнкүдөй маселелерге байланыштуу: коронавирус пандемиясынын учурунда Мекенге кайтуу; КР жарандарын Мекенге кайтып келүүсү үчүн авиакаттамдын жүргүнчүлөр тизмесине кошуу; жарандык маселелери; эмгек акы төлөөлөр маселеси; соттолгон жарандарды экстрадициялоо жана КРда жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн өткөрүп берүү; «Жүк 200дү» ташып келүү; укук коргоо органдарынын аракеттерине даттануулар жана барган өлкөсүндө адилеттүү соттук териштирүүнү камсыздоо маселелери;

РФнын убактылуу кармоочу жайларына баруууга КР Акыйкатчысынын коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн суроо-талаптары; маалымкаттарды жана документтерди алуу.

## 4.1. ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН УКУКТАРЫ

2020-жылдын 11-мартында Бүткүл дүйнөлүк саламаттык уюму COVID-19 инфекциясынын таркалышын пандемия катары мүнөздөдү.

2020-жылдын 18-21-март аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирус инфекциясын жуктурган жарандардын тастыкталган саны 12ни түздү: Жалал-Абад облусунун Сузак районунда – 8; ал эми Ош облусунун Ноокат районунда – 3; Баткен облусунун Баткен районунда – 1.[74]

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 64-беренесинин 9-бөлүгүнүн 2-пунктуна, «Өзгөчө абал жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3-, 4- жана 7-беренелерине ылайык жарандардын өмүрүн жана саламаттыгын сактоонун, алардын коопсуздугун жана коомдук тартипти камсыз кылуунун өзгөчө кызыкчылыгын көздөп, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка аймактарына коронавирустук инфекциянын жайылышын болтурбоо максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын аймагында 2020-жылдын 25-мартынан саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 10-майына саат 24.00гө чейин, Ош облусунун Ноокат жана Кара-Суу райондорунун аймагында 2020-жылдын 25-мартынан саат 08.00дөн баштап 2020-жылдын 30-апрелине саат 08.00гө чейин өзгөчө абал киргизилген. Ушундай эле өзгөчө абал Бишкек шаарында да киргизилген. Жогоруда көрсөтүлгөн шаарлардын жана райондордун комендатурасы жөнүндө Жобо бекитилген.

Казакстан Республикасында өзгөчө абалдын кириши менен, 15-апрелге чейин чет өлкөлүк жарандардын кирүүсүнө, Казакстан Республикасынын аймагын транзиттик кесип өтүүгө тыюу салынган. КР Тышкы иштер министрлиги Россия Федерациясында жүргөн КР жарандарына кайрылуу жасап, Кыргызстанга кайтуу ниетинде Россия-Казакстан чек арасы тарапка жер үстүндө жүрүүчү транспорт менен жолго чыкпоо тууралуу кайрылуу жасаган.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) Токон Мамытов Казакстан Республикасынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Азимовага кайрылып, Россия-Казакстан «Сагарчин» чек ара (Россия Федерациясы, Оренбург облусу) пунктунда турган Кыргызстандын жарандарын өз Мекенине кайтып келүүсүнө көмөк көрсөтүүнү суранды.[75]

COVID-19 коронавирусунун жайылышынан улам, Казакстан өз аймагына кирүүгө, ошондой эле анын аймагынан транспорттун бардык түрү менен чыгып кетүүгө чектөөлөрдү киргизген. Ага ылайык, Казакстан Республикасынын жана чет өлкөлүк дипломатиялык кызматкерлерге, ошондой эле Казакстан ТИМдин чакыруусу менен Казакстанга келе жаткан эл аралык уюмдардын делегациясынан башкаларга тыюу салынган.

Ал кезде Казакстан Республикасынын бийлиги тарабынан жүргүзүлүп жаткан вируска каршы иш чараларга байланыштуу КРнын 223 жараны «Сагарчин» чек ара пунктунда кармалып турууга аргасыз болушкан. Алардын арасында аялдар жана балдар бар эле. Казакстан Республикасы тарабынан киргизилген чектөөлөр тууралуу алар өткөрүү пунктуна келишкенде гана билишкен, ал жерде эч кандай шарттар жок эле жана адамдар автоунааларда жылынууга аргасыз болушкан.

Өзүнүн жообунда Казакстан Республикасынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Э. Азимова Казакстанда республиканын Президенти өзгөчө абал киргизгенин, чек аралар жабыктыгын, Казакстандын чек арачылары башка мамлекеттердин жарандарын өз аймагы

[74] Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин №6, 21.03.2020-ж. чечими

[75] https://mfa.gov.kg/ru/menyu---inostrannoe/novosti/novosti-i-sobytiya/informacionnoe-soobshchenie-mid-kr-ot-19-marta-2020-goda.

аркылуу өткөрө албай турганын маалымдаган. Бул жоопту эске алуу менен, Кыргызстан тиешелүү өтүнүч менен Россия Федерациясынын бийлигине Россиянын «Сагарчин» чек ара пунктунда турган Кыргызстандын жарандарына көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылган.

Казакстан Республикасынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Э.Азимова Алматы аэропортуна Гоадан (Индия) келген КРнын 18 жаранынын маселелерин чечүү үчүн Казакстан Республикасынын бийлигине нота жөнөтүү зарылдыгын кабарлаган. Ошондой эле Кыргызстандын жарандарын Алматыдан алып кетүү үчүн атайын жабдылган автоунаа менен адистерди жана дарыгер-эпидемиологдорду жөнөтүү зарылдыгын белгилеген. КР Өкмөтүнө жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар берилген жана Өкмөт тарабынан тиешелүү чаралар көрүлгөн.

## Пандемия жана жумушсуздук

Коронавирустук инфекция пандемиясынын айынан бардык авиакаттамдар токтотулган жана КРнын эмгек мигранттары болгон жарандар Россия Федерациясында, Европа өлкөлөрүндө, Азияда убактылуу чыга албай калышкан. Алар барган өлкөсүндө кыргызстандыктар үчүн уюшулган чартердик рейске илинүүгө аракет кылышкан, бирок чек аралар жабык болгондуктан эвакуация мүмкүн эмес эле.

Көптөгөн мигранттар күн көрүүгө каражаты жок жана үйүнө кетүүгө мүмкүнчүлүгү жок калышкан. Көпкө күтүүнүн айынан эмгек мигранттарында турак жай ижаралоого, тамак-ашка каражаты калган эмес, ал мигранттардын, айрыкча Россия Федерациясындагы жашоо-шартынын татаалданышына алып келген. Коронавирус пандемиясынын учурунда турмуштук оор жагдайга туш болгон жарандар үчүн КР Элчилиги жана кыргыз диаспорасынын өкүлдөрү тамак-аш жана өтө зарыл товарлар түрүндө гуманитардык жардам көрсөтүшкөн.

2020-жылдын мартында жакынкы чет өлкөлөр эпидемиянын жайылышын токтотуу максатында чек араларын кирүүгө жаап башташкан. Өзбекстан 2020-жылдын 16-мартынан, ал эми Тажикстан 20-марттан тартып авиабайланышты токтоткон. Ал эми Россиянын ири шаарларынын аэропортторунда аталган өлкөлөрдүн жарандары рейстерди күтүп кала беришкен, карантин алардын баарынын шаштысын алды. Россиядан чыга албай калган мигранттарга РФ президентинин 2020-жылдын 18-апрелиндеги Жарлыгы менен ай сайын төлөнүүчү жумушчу патент үчүн 5 350 рубль төлөбөөгө уруксат берилип, ал эми каттоо менен бирге документтерин алардын жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн тартып, 93 күн узартууга уруксат берилген. Ошентип, чет өлкөлүк жарандардын карантин учурунда өлкөдө болуусу легалдаштырылган.

Кыргызстанга Россиядан элчиликтин жардамы аркылуу кайтарылган жарандар дароо үйүнө бара алышкан эмес. Бардык учуп келгендер 14 күндүк карантинге, контейнерлерден салынган ыкчам түзүлгөн обсервацияга жайгаштырылган. Маалымат булактарында обсервациянын кармоо шарттарына, эң зарыл болгон суу, дары-дармектин жогуна даттанышкан.[76]

## Элчилик тарабынан үйгө кетүүчү каттамдарга тизменин түзүлүшү

КРнын РФдагы Элчилигинин Консулдук бөлүмү күн сайын Кыргыз Республикасына кайтаруу үчүн 800-1 000 жарандан билдирмелерди алып турган, чартердик каттамдардын чектелүүлүгүнө байланыштуу арыздардын баарын канааттандырууга мүмкүнчүлүк болгон эмес.[77]

КРнын РФдагы Элчилигинин алдында чартердик авиакаттамдар менен мекенине учуп кетүүнү каалаган кыргызстандыктардын айрым адамдардын мыйзамсыз аракеттерине даттанууларын кароо боюнча атайын комиссия түзүлгөн. Тизмеге биринчи кезекте өтө муктаж болгон

[76] https://kaktus.media/414599
[77] КРнын РФдагы Элчилигинин жообу (чыг. 26-025/2368, 10.09.2020)

адамдарды, көп балалуу үй-бүлөлөрдү, жалгыз бой энелерди, оорулууларды жана улгайган курактагы адамдарды кийиришкен.

Ошол учурда Мекенине кайтуу ниети менен кайрылган жарандардын саны 7 000ден ашкан. Андан тышкары, Россиянын окуу жайларында билим алган 4 000дей студент да Мекенге кайтууну күтүп жатышкан. Жарандардын мынчалык сандагы учуусун камсыздоо мүмкүн эмес эле.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан КР Премьер-министринин жана Тышкы иштер министринин наамына бир нече ирет суроо-талаптар жөнөтүлүп, анда КР эмгек мигранттарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча чараларды көрүү өтүнүчү менен кайрылган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимине ылайык, КР чет өлкөдөгү мекемелери тарабынан 2020-жылдын 26-августунан тартып, Кыргыз Республикасына чартердик каттам менен кайтаруу үчүн жарандардын тизмесин түзүү токтотулган.[78]

РФнын «Авиатрафик», «Аэрофлот», «Сибирь», «Тезжет», «Урал авиалиниялары» авиакомпания-ларына пландалып жаткан авиакаттамдарга авиабилеттерди өз алдынча, алардын баасынын өсүп кетпеши үчүн жеке менчик авиакассаларда жана авикомпанияларда жайылтпастан, ортомчулар жана алып сатарларды кийлигиштирбестен расмий авиакассалар же авиакомпаниялардын расмий сайттарынан онлайн сатуу укуктары берилген.

КРнын РФдагы Элчилигинин консулдук бөлүмү мурда күн сайын Кыргыз Республикасына кайтаруу үчүн 800-1 000 жарандан билдирмелерди алып турган, чартердик каттамдардын чектелүүлүгүнө байланыштуу арыздардын баарын канааттандырууга мүмкүнчүлүк болгон эмес.

Дүйнөдө коронавирустук инфекциянын жайылышына байланыштуу Кыргызстанда жана Россияда карантин киргизилгенге чейин, бул эки өлкөнүн ортосунда бир жума аралыгында 50дөй авиакаттам ишке ашырылчу. 2019-жылдын биринчи кварталында гана өз ара сапар тарткан жүргүнчүлөрдүн саны 350 миң кишини түзгөн.

Ошол эле учурда COVID-19 пандемиясынын мезгилинде жүргүнчүлөрдү авиаташуулар таптакыр токтотулган. Россия тарап менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында июнь-июль айларында Москвадан Кыргызстанга жумасына 2-3 чартердик рейс уюштурулса, сентябрь айында алардын саны 11ге жеткен.

Жогоруда баяндалган жагдайды эске алуу менен, РФдан КРга кайтууну каалаган жүз миңдеген мекендештерибиздин суроо-талаптарын аткарууга мүмкүнчүлүк болгон эмес.[79]

КР Акыйкатчысынын наамына Россия Федерациясынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Т.Н. Москальковадан кайрылуу келип түшкөн, анда Кыргыз Республикасынын жарандарынын Мекенине кайтууга болгон укуктарынын бузулуулары көрсөтүлгөн.

Кайрылууда көрсөтүлгөндөй, РФ аймагында сот чечиминин негизинде өзүнүн жарандыгы таандык болгон өлкөгө РФдан чыгарууну күтүп жаткандар бар, алар убактылуу кармоочу атайын борборлордо турушат жана КР жарандарын Мекенине кайтаруу боюнча зарыл чараларды көрүү өтүнүчү билдирилген. Бул кайрылуу боюнча КР Премьер-министринин наамына кат жолдонгон.

КР ТИМинен алынган маалыматка ылайык, РФ аймагында чет өлкөлүк жарандарды убактылуу кармоочу борборлордо КРнын 60тан ашуун жарандары кармалып турган, аларга карата депортациялоо же өлкөдөн чыгарып салуу чечимдери чыгарылган. Эл аралык жүргүнчүлөр авиакаттамы токтотулганына байланыштуу, бул жарандар аталган мекемелерде кармалып турушкан, алар Кыргызстанга 2020-жылдын аягында гана кайтарылышкан.

КР ТИМи маалымдагандай, эл аралык каттамдар токтотулган учурдан тартып, кыргыз өкмөтү тараптан өнөктөш өлкөлөр менен өз ара аракеттенүүнүн натыйжасында, КР жарандарын

[78] Жооп (чыг. №11-2691.04.08.2020-ж.)

[79] КРнын РФдагы Элчилигинин жообу (чыг. №26-025/2368.10.09.2020-ж.)

кайтарып алып келүү боюнча жүргүзүлгөн иштердин алкактарында КРнын 8000 жараны КРга кайтарылып алып келинген, анын ичинде 530 жаран БАЭден Дубай-Бишкек багыты боюнча чартердик авиакаттамдар менен 26-апрель, 3-май, 10-май күндөрү алынып келинген.[80]

Өнөктөш өлкөлөрдүн өз ара аракетинен улам, КРга 13 300дөн ашуун кыргызстандык кайтарылган, анын ичинде БАЭден 860 жаран алынып келинген.[81]

Жума сайын Москва-Ош жана Москва-Бишкек багыты боюнча эки авиакаттам ишке ашырылган. Ошондой эле, аймактардан каттамдарды уюштуруу боюнча иш жүргүзүлгөн. Санкт-Петербург шаарынан да каттам жүргүзүлгөн.

Жалпысынан, 2020-жылдын 20-мартынан 21-июнга чейин Кыргызстанга 10 904 жаран кайтарылган. Россиядан 51 авиакаттам ишке ашырылган жана мекендештерди 20 автобус менен Казакстан аркылуу транзит менен алып келүү уюштурулган.

КР ТИМ маалымдагандай, эл аралык каттамдар токтотулгандан тартып, КР жарандарын кайтарып келүү боюнча иштердин алкактарында кыргыз өкмөтү тараптан өнөктөш өлкөлөр менен өз ара аракеттенүүнүн натыйжасында КРнын 13 300 жараны кайтарылып алынып келинген, анын ичинде 860 жаран БАЭ, Кипр, Вьетнам, Корея, Түркиядан чартердик авиакаттамдар менен алынып келинген.

## 2020-жылы мигранттарга байланышкан кыйла олуттуу окуялар

### *Акыйкатчынын чет өлкөлүк өкүлчүлүктөрү менен иши*

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) жана Акыйкатчы аппаратынын тармактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери КР Акыйкатчысынын Россия Федерациясындагы коомдук башталыштагы өкүлдөрү, ошондой эле кыргыз диаспораларынын активисттери жана Россиядагы кыргыз мигранттарынын өкүлдөрү менен мекендештерибиз COVID-19 коронавирус пандемиясында туш болгон көйгөйлөрдү талкуулашты.

2020-жылдын 22-майында КР Акыйкатчысы жана тармактык бөлүм менен болгон онлайн-видео байланышка катышкандар: «Мекеним Ала-Тоо» «Орус-кыргыз мамилелерин өнүктүрүү борборунун» аймактык коомдук уюмунун башкармалыгынын төрайымы Жамилахан Бегиева; Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын Москва жана Москва облусундагы коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү У. Кошматов, Б. Өмүрзаков, Т. Кубатбеков, К. Кожоев, С. Расулов, Б. Абдылдаев; Урал федералдык округу боюнча Ж. Белеков; Приморск аймагы боюнча Б. Садиров; Хабаровск аймагы боюнча А. Мырзабаев; Челябинск облусу боюнча З. Бакирова; Оренбург облусунан У. Жамгырчиев; Краснодар аймагы боюнча А. Аргымбаева, Хакасия Республикасынан М. Садыков; ж.б. катышты

Онлайн жолугушуунун жүрүшүндө Акыйкатчы эмгек мигранттарын Кыргыз Республикасына кайтаруу ишине катышуусу жөнүндө айтып берди, ошондой эле катышуучуларды ачык диалогго чакырган интернеттеги видео-байланышка чакырды. Андагы көтөрүлгөн бардык маселелер жалпыланып иштелип чыккан соң, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жана республиканын тиешелүү мамлекеттик органдарына сунушталарын билдирди.

Диалогдун катышуучулары эң актуалдуу көйгөйлөр катарында, төмөнкүлөрдү белгилешти: авиажүргүнчүлөр эки жашка чейинки баласын алып учса болоорун, ал эми ошол эле ата же эненин 5 же 6 жаштагы баласын ажыратып калтырып коюу керектиги чоң көйгөй болуп жатканы белгиленди. Кыргыз Республикасынын бийлиги тарабынан Россия Федерациясынан Кыргыз Республикасына авиаташуулардын уюмдашпаганы, Ошко түз каттамдын жоктугу, мындай болгондо мигранттардын Бишкекке барып олтурбастан, андан ары Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарына үйүнө жетип алуусу бир топ жеңилдемек; «Жүк-200дү» коштоодогу көйгөйлөр айтылды.

[80] КРнын РФдагы Элчилигинин жообу (чыг. №26-025/2368.10.09.2020-ж.)

[81] КР ТИМ каты, 10.06. 2020.

Мындан тышкары, видео-байланыштын айрым катышуучулары Россиядагы мекендештерге колдоо көрсөтүү максатында бөлүнгөн гуманитардык жардамга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бир катар доомattарды айтышты. Алардын айтымында, гуманитардык жардамдар эмнегедир Москва шаарына жана Москва облусундагыларга гана берилип, Россиянын башка аймактарында жашаган жардамга муктаж эмгек мигранттарына жетпей калууда деп билдиришти.

Алардын айтылган суроо-талаптарын, сунуштарын угуп, талкуулап бүткөндөн кийин Акыйкатчы (Омбудсмен) сунуш-пикирлер жалпылаштырылып, иштеп чыгылып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Коронавируска каршы күрөшүү боюнча республикалык ыкчам штабга жана Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине кайрылуу жөнөтүлөөрүнө ишендирди. Жолугушуунун жыйынтыгында КР Премьер-министринин наамына кат жолдонуп, жарандарыбызды Мекенибизге кайтарууга көмөк көрсөтүү өтүнүчү билдирилди.

Акыйкатчы эмгек мигранттарына жана Россияда жүргөн Кыргызстандын жарандарына кайрылып, аларды сабырдуулукка чакырып, бири-бирине жардам көрсөтүү, чогуу аракеттенүү зарылдыгын белгиледи, ал эми укук бузуу фактылары орун алса, Акыйкатчы аппаратына электрондук почта, сайт аркылуу же сайтта жарыяланган кызматкерлердин телефондору боюнча кайрылууга чакырды. Ошондой эле эки тараптуу меморандумдардын түзүлгөнүн эске алуу менен, укуктук жардам сурап Россия Федерациясынын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Татьяна Москальковага кайрылууга болоорун билдирет.

### *РФнын Оренбург облусунун Сагарчин чек ара пунктунда туруп калышкан КР жарандары*

КРнын 223 жараны РФнын Оренбург облусунун Сагарчин чек ара пунктунда туруп калышкан. Алардын арасында аялдар жана балдар бар эле.[82]

2020-жылы 18-мартта Акыйкатчы аппараты тарабынан Казакстандын Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Э.А. Азимовага жана КР Премьер-министрине кайрылуу жолдонду.

КРнын РФдагы Элчилигинен алынган жоопко ылайык, 2020-жылдын 26-августунда РФнын Оренбург облусунун жана Казакстан Республикасынын чек арасынан 3 255 мекендештерибиз 54 автобус менен алынып келинген. Атап айтсак, Башкортастандан, Самара облусунан, Оренбург облусунун Соль-Илецк шаарынан жарандарыбыз алынып келинген. Белгилей кетчү жагдай, россиялык тарап узундугу 470 км аралыктагы россия-казак чек арасы аркылуу жөнөтүү үчүн 19 автобусту акысыз берген. Узундугу 2 225 км автожол менен ташуу ар бир жаранга 3 000 рублди түзгөн, балдар акысыз ташылган. КРнын РФдагы Элчилиги 52 жаранымызга паспортунун мөөнөтүн узарткан, ал эми 20 жаранга Мекенине кайтуу үчүн күбөлүк берилген.

Жакынкы өлкөлөр менен чек аралар жабылгандан тартып, Оренбург, Самара облустарынан Казакстан Республикасынын чек арасы аркылуу Кыргызстандын 8 229 жараны 149 автобуста кайтарылган.[83]

### *Вьетнам*

Вьетнамда бир айдан ашуун убакыт жүргөн КР жарандарынын өз мекенине кайтуу үчүн Кыргызстандын бийлигинен жардам сураган видеокайрылуусу социалдык тармактарда жарыяланган. КР Акыйкатчысы бул кайрылуу боюнча КР Өкмөтүнө жана КР ТИМине 7-майда суроо-талап жөнөткөн.

КР ТИМинин 2020-жылдын 1-июнундагы билдирүүсү боюнча, каттамдар токтотулган учурдан тартып, КРнын Кореядагы Элчилигинин консулдугу тарабынан Whatsapprтта чат түзүлүп, КР жарандары менен байланышуу жүрүп жатты. Кыргыз Республикасына 7 жаран кайтарылган

---

82 https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1511

83 КР Акыйкатчысынын №11-1599, 14.04.2020-ж. кайрылуусуна КР ТИМ жообу. 13.05.2020-ж.

(6 – Новосибирск ш., 1 – Усть-Каменогорск, Казакстан аркылуу), Казакстандын жана Россиянын Вьетнамдагы Элчиликтеринин консулдары менен байланыш түзүлгөн, визалары узартылган. 2020-жылдын 29-30-май күндөрү Корея, Япония, Филиппинден КРнын 64 жаранын алып келүү каралууда, анын ичинде Вьетнамдан да 5 жаран алынып келинет, - деп маалымдалган.

### *Эмгек мигранттары боюнча статистикалык маалыматтар*

Ар кайсы булактардагы маалыматтарга ылайык, 2020-жылга карата Кыргыз Республикасынын чектеринен сырткары, расмий жана расмий эмес маалыматтарга ылайык, Кыргызстандан убактылуу же туруктуу негизде 865 миңге жакын эмгек мигранты бар.

***4.1.1-таблица. КР жарандары – эмгек мигранттарынын барган өлкөсүндө болуусу (2019-жылдын маалыматтары боюнча))***

| | |
|---|---|
| Россия Федерациясында (Россия) | 737 929 |
| Казакстан Республикасында (Казакстанда) | 29 835 |
| Түркия Республикасында (Турция) | 28 598 |
| Америка Кошмо Штаттарында (АКШ) | 20 000 |
| Германия Федеративдүү Республикасында (ФРГ) | 9 115 |
| Канадада (Канада) | 6 000 |
| Корея Республикасында (Түштүк Корея) | 5 807 |
| Улуу Британияда (Англия) | 4 000 |
| Бириккен Араб Эмираттарында (БАЭ) | 3 051 |
| Италия Республикасында (Италия) | 6 000 |
| Өзбекстан Республикасында (Өзбекстан) | 5 000 |
| Француз Республикасында (Франция) | 2 400 |
| Украинада (Украина) | 1 240 |
| Бельгия Королдугунда (Бельгия) | 1 200 |
| Япония мамлекетинде (Япония) | 224. |
| Катар мамлекетинде (Катар) | 586 |
| Австрия Республикасында (Австрии) | 500 |
| Египетте (Египет) | 449 |
| Кытай Эл Республикасында (КЭР) | 353 |
| Тажикстан Республикасында (Тажикстан) | 300 |
| Сауд Арабия Королдугунда (САК) | 297 |
| Швейцария Конфедерациясында (Швейцария) | 250 |
| Пакистанда (Пакистан) | 245 |
| Кувейт мамлекетинде (Кувейт) | 210 |
| Малайзияда (Малайзия) | 150 |
| Белорусияда (Белорусия) | 116 |
| Башка өлкөлөрдө: | 989 |
| **Баардыгы:** | **864 844 адам** |

### *Чет өлкөлөрдө соттолгон эмгек мигранттары*

Чет мамлекеттердин пенитенциардык мекемелеринде КРнын 1 266 жараны жаза мөөнөттөрүн өтөп жатышат. Соттолгондордун эң көбү РФнын түзөтүү мекемелеринде (1 012 соттолгон) жана Казакстан Республикасында (93). Жакында эле Казакстанда КРнын 210 жараны жаза мөөнөтүн өтөп жатышкан эле.

***4.1.2-таблица. КР жарандарынын чет өлкөдө соттолгондорунун саны*[84]**

| Өлкө | Соттолгондордун саны (адам) |
|---|---|
| Россия Федерациясы | 1 012 |
| Казакстан Республикасы | 93 |
| Ирак | 43 |
| Өзбекстан Республикасы | 32 |
| Тажикстан Республикасы | 26 |
| Түркия | 14 |
| КЭР | 12 |
| Афганистан | 9 |
| Белорусь | 8 |
| БАЭ | 5 |
| АКШ | 5 |
| Литва | 3 |
| Украина | 1 |
| Грузия | 1 |
| Азербайджан | 1 |
| Чехия | 1 |
| **Баардыгы:** | **1 266** |

Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемелеринин маалыматы боюнча, мекендештерибиз көбүнчөсүн баңги каражаттарын мыйзамсыз жүгүртүү менен байланышкан кылмыштар үчүн, ошондой эле барган өлкөсүнүн миграциялык мыйзамдарын бузганы үчүн административдик жоопкерчиликке тартылышат.

2020-жылы Кыргызстанга жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн үчүн 31 мекендешибиз, ал эми жаза мөөнөтүн андан ары өтөө үчүн 50 адам алынып келинди, баардыгы болуп, башка өлкөлөрдөн 81 адам алынып келинген.

Салыштыруу үчүн: 2019-жылы Кыргыз Республикасына экстрадициялангандардын жалпы саны 219ду түздү (жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн – 75, Кыргызстанда жаза мөөнөтүн андан ары өтөө үчүн – 144), 2018-жылы Кыргызстанга экстрадициялангандардын жалпы саны 143 адам эле (жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн – 68, Кыргызстанда жаза мөөнөтүн андан ары өтөө үчүн – 75), 2017-жылы Кыргызстанга алып келингендердин саны 136 адам (жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн 89 адам, ал эми жаза мөөнөтүн андан ары өтөө үчүн – 47 адам) болгон.

[84] ТИМ жообу. Чыг. 13-025/633, 21.01.2021-ж.

### Эмгек мигранттарынын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун мисалдары

*Кыргыз Республикасынын Башкы консулдугу Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын РФнын Урал федералдык округундагы коомдук башталыштагы ыйгарым укуктуу өкүлү Ж.Белековго, К.Рахманбердиевге жана мекендештердин тобуна өз каражаттарынын эсебинен абдан зарыл медициналык аппараттарды алып бергени үчүн өзгөчө ыраазычылык билдирди.*[85]

*2020-жылдын 7-июлунда «Манас» эл аралык аэропортуна кыргызстандык мекендештер жана Екатеринбургдагы Башкы консулдуктун кызматкерлери тарабынан жыйналган, өлкөнүн медициналык мекемелерине арналган гуманитардык жардам алып келинген. Жардамдын курамына COVID-19 жайылган мезгилде оорулууларды дарылоо үчүн зарыл болгон медициналык аппараттар жана буюмдар (кычкылтек концентраторлору, пульсоксиметрлер, тест-сызыкчасы менен глюкометрлер, хирургиялык халаттар, медициналык чепчиктер жана бахилалар) кирген.*

*Башкы консул Руслан Бийбосунов 2020-жылдын 4-июлунда Свердлов облусунда коомдук уюмдар менен жолугушуу учурунда жардам сурап кайрылуусуна ыкчам жооп кайтарган мекендештерге ыраазычылык билдирген.*

*Ошондой эле аталган рейс менен өз Мекениндеги кесиптештерине жардам берүү ниетин билдирген кыргызстандык медициналык кызматкерлер (бир дарыгер жана үч медайым) Бишкекке келишкен.*

## СУНУШТАМАЛАР

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:*

1. *Пандемия шарттарында эмгек мигранттарын мекенине кайтаруу аракеттеринин алгоритмин иштеп чыгуу.*

# 4.2. ЖАРАНДАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫ

Адам укуктарынын жалпы декларациянын 21-беренесинин 1-пунктуна ылайык, «ар бир адам өз өлкөсүн түздөн-түз же эркин шайланган өкүлдөрү аркылуу башкарууга катышууга укуктуу» жана 3-пунктуна ылайык, «элдин эрки өкмөттүк бийликтин негизи болууга тийиш; бул эрк мезгилдүү жана бурмаланбаган шайлоо укугу аркылуу, жашыруун добуш берүү жолу менен жашыруун добуш берүүнүн эркиндигин камсыз кылуучу башка ар кандай бирдей маанидеги формалар менен жүргүзүлүүгө тийиш».

КР Конституциясынын 2-беренесинин 3, 4-пункттарына ылайык, «Мыйзамдар жана мамлекеттик маанидеги башка олуттуу маселелер референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлушу мүмкүн. Референдумду өткөрүүнүн тартиби, референдумга коюлуучу маселелердин тизмеги конституциялык мыйзам менен белгиленет», «Шайлоо эркин болуп саналат жана акысыз». Жогорку Кеңештин депутаттарын, Президентти, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын депутаттарын шайлоо жашыруун добуш берүү менен жалпыга бирдей жана түз шайлоо укугунун негизинде өткөрүлөт. 18 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жарандары шайлоо укугуна ээ.

[85] https://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1690

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРнын конституциялык мыйзамы Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын, аларды жүзөгө ашыруунун кепилдиктерин аныктайт, КР Президентин, КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого даярдык көрүү жана өткөрүүгө байланыштуу мамилелерди жөнгө салат.

КР Президенти 2020-жылдын 3-июлунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону 2020-жылдын 4-октябрына дайындоо жөнүндө» Жарлыкка кол койду.

КР Жогорку Кеңеши КР Конституциясынын 64-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна жана «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын 59-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык, өзүнүн токтому менен Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (мындан ары – БШК), КР Өкмөтүнө жана Башкы прокуратурасына, жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларына, Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерине, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жетекчилерине КР ЖК депутаттарын шайлоону өткөрүүнү тапшырган.

КР Жогорку Кеңешине шайлоону дайындоо жөнүндө КР Президентинин Жарлыгына кол коюлгандан тартып Акыйкатчынын (Омбудсмендин) аппараты тарабынан шайлоо алдындагы үгүт мезгилиндеги саясий партиялардын иш чараларына мониторинг жүргүзүлдү.

Шайлоо алдындагы үгүт иштери башталганга чейин саясий партиялар тарабынан шайлоо даректерин аныктоо үчүн жарандарды каттоо күч алган. Ошентип, шайлоо алдында Ош шаарында жарандарды массалык түрдө – бир айда 30 миңден ашуун каттоо байкалды. Шайлоо учурунда республика боюнча 500 миңден ашуун жаран шайлоо даректерин алмаштырышты (№2 форма боюнча).

Ушуга байланыштуу, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) БШКнын төрагасына №2 форма боюнча УШКларда массалык каттоо фактыларына ыкчам жана кылдат текшерүү жүргүзүү сунушу менен кайрылды. Каттоо дарегинин массалык түрдө алмаштырылышы коомчулукта күмөн саноолорду пайда кылды.

КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун алдында, ошондой эле COVID-19 пандемиясынын кесепетинен келип чыккан өлкөдөгү оор эпидемиологиялык кырдаалды эске алуу менен, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР жарандарынын шайлоо жана шайлануу боюнча конституциялык укуктарын жагымдуу, коопсуз жана ийгиликтүү жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү аркылуу чечиле турган бир катар маселелерге КР БШКсынын көңүлүн буруу менен, КР БШК төрайымы Н.К. Шайлдабековага бир нече ирет кат жолдогон. Ошондой эле, бир катар сунуштар жана маселелер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн компетенциясына жана милдеттерине тиешелүү болгон.

БШКнын 2020-жылдын 24-сентябрындагы «эгерде шайлоочу шайлоо күнү дене табы жогорулаган абалда шайлоо участкасына келсе, анда ал добуш бере албайт, анткени аны киргизишпейт» деген билдирүүсүнө байланыштуу КР Акыйкатчысы БШК тарабынан жасалган мындай билдирүүлөргө жана айрыкча жарандардын шайлоого жана шайланууга болгон конституциялык укуктарын ишке ашырууга тоскоолдук жараткан же тоскоолдук жаратуусу мүмкүн болгон кандайдыр бир иш-аракеттерге көңүл бурду. БШКнын шайлоо күнү дене табы көтөрүлгөн шайлоочуларды добуш берүүгө киргизбей коюу тууралуу чечими мыйзамдуу жана негиздүү болуп саналбайт.

Акыйкатчы (Омбудсмен) шайлоолор жөнүндө мыйзамдардын так аткарылышын, ошондой эле 04.10.2020-жылдагы шайлоонун жүрүшүндө дене табы жогору болгон жарандарга өз эркин билдирүүсү үчүн башкалар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүүнү суранды.[86]

86 КР БШК төрайымына кат. Чыг. №11-3537, 02.10.2020-ж.

Алсак, КР Коституциясынын 20-беренесинин 2-пункту адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүндүгүн аныктайт жана киргизилген чектөөлөр көрсөтүлгөн (КР Конституциясында жана мыйзамдарында) максаттарга шайкеш болушу керек. Мындан тышкары, бул берене менен адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектөөчү ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салынат.

Ошондуктан, Акыйкатчы шайлоо күнү дене табы көтөрүлгөн шайлоочуларды добуш берүүгө киргизбөө жөнүндөгү БШКнын чечими мыйзамдуу эмес жана негиздүү эмес деп эсептейт.

Акыйкатчынын кайрылуусунан кийин КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жана КР Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан депутаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү мезгилинде коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу тобокелчиликтердин алдын алуу, КР жарандарынын санитардык-эпидемиологиялык коопсуздугун камсыздоо жана саламаттыгын коргоо максатында бирдиктүү алгоритм иштелип чыккан. Алгоритм добуш берүүнүн алдыңкы күнүндө жана добуш берүү күнүндө шайлоочулардын тизмелери менен иштөө процессин уюштуруу боюнча шайлоо комиссиясына карата бир катар талаптарды, съезддерде талапкерлердин тизмесин жылдыруу жана шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү мезгилиндеги саясий партиялар үчүн талаптарды, ошондой эле шайлоо комиссияларынын ишине жардам берүүнү камсыз кылуу боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын жана өз алдынча башкаруу органдарынын ишине болгон талаптарды камтыйт.

Дезинфекциялоочу каражаттарды, коргоочу беткаптарды, бир ирет колдонуучу колкаптарды колдонуу, башка адамдар менен 1,5-2 м аралыкта социалдык аралыкты сактоо, кол алышуу жана башка түз байланышта болуу формалары биометрикалык жана жеке маалыматтар боюнча шайлоочуларды идентификациядан өткөрүү учурларын кошпогондо[87] шайлоо процесстеринин бардык тепкичтеринде шайлоо процесстеринин катышуучулары үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

## Шайлоо алдындагы кырдаал

Шайлоо мыйзамдарындагы эң талаштуу жаңылыктардын бири - саясий партиялардын Жогорку Кеңешке өтүүсү үчүн 9 пайыздык босогону киргизүү болду. Жогорку Кеңештин депутаттарынын бир бөлүгү жана айрым эксперттер мындай жогорку босого 2020-жылдагы парламенттик шайлоодо көпчүлүк саясий уюмдар үчүн кол жеткис болуучу чоң көйгөй болот деп эсептешкен.

Көпчүлүк саясий уюмдар үчүн иш жүзүндө кол жеткис болгон 9 пайыздык босого үчүн Жогорку Кеңештин 100 депутаты добуш беришти.

ЖК депутаттары шайлоо босогосун жана 2020-жылдагы шайлоонун алдындагы күрөөнү төмөндөтүүнү сунушташты. Мыйзам долбоорунун авторлору жогорку шайлоо босогосу жана күрөө көп партиялардын шайлоолорго катышуусуна тоскоолдук жаратат деп эсептешет. Жогорку Кеңештин бир нече депутаты 2020-жылдагы парламенттик шайлоо алдында партиялар үчүн шайлоо босогосун 5 пайызга чейин төмөндөтүүнү сунушташты.[88]

Пропорционалдуу шайлоо системасы киргизилген учурда, ЖКга келүү үчүн коюлган босого катталган шайлоочулардын жалпы санынын 5 же андан көп болгон пайызын түздү. Парламенттин алтынчы чакырылышы шайлоо босогосу 7 пайыз болгон 2015-жылы шайланган. 2017-жылы аны 9 пайызга чейин көтөрүштү. Мыйзам долбоорунун демилгечилери учурдагы кырдаалда кирүү босогосу 9 пайызды түзүп, ар кандай саясий күчтөрдүн пропорционалдуу өкүлчүлүгүнүн, ошондой эле жарандардын ЖКдагы өкүл болууга болгон конституциялык

87 Караңыз.: https://vesti.kg/politika/item/75819-tsik-razrabotala-algoritm-dejstvij-po-obespecheniyu-sanitarnoj-bezopasnosti-vo-vremya-provedeniya-parlamentskikh-vyborov.html.

88 Мыйзам долбоорун М. Жээнчороев, И. Масалиев, Ж. Акаев, Н. Никитенко жана Д. Бекешевдер демилгелешкен.

укуктарынын чектелишине алып келээрин белгилешти. Алардын айтымында, эгер 2015-жылы босого 9 пайызды түзсө, «Бир Бол» жана «Ата Мекен» партиялары парламентке өтпөй калмак, анткени алар аз добуш чогултушту. Бул алар үчүн добуш берген 258 930 шайлоочу парламентеги өкүлү жок калат дегенди билдирет.

«Шайлоо босогосу канчалык жогору болсо, саясий партиялар ошончолук көп «көчөдө» калышат, алар саясий кырдаалды дестабилдештирүү коркунучун жаратуу менен, элди митингдерге алып чыгууга жөндөмдүү күч болот», - деп белгиленет мыйзам долбоорунун маалыматтык негиздемесинде.

Документте: «Укуктук көз караштан алганда, шайлоо босогосу жарандардын укуктарына олуттуу чектөө болуп саналат, ошондуктан ага конституциялык корголгон баалуулуктарды камсыз кылуу боюнча милдеттерди чечүүгө мүмкүндүк берген деңгээлде гана жол берилет деп эсептесе болот», - деп айтылат.

Мындан тышкары, бардык саясий күчтөр, анын ичинде жаш партиялар шайлоого катыша алуусу үчүн шайлоо күрөөсүнүн өлчөмүн миллион сомго чейин кыскартуу сунушталууда. Азыр күрөө 5 миллион сомду түзөт. Парламентарийлер эске салгандай: 2010-жылы күрөө 500 миң сомду түзгөндө, шайлоого 29 партия катышкан, ал эми 2015-жылы – бардыгы 14 партия катышты, анткени күрөө 10 эсеге көтөрүлгөн.

«Шайлоо күрөөсүнүн абдан чоң көлөмдө болушу көптөгөн партиялардын каржылык-экономикалык абалына байланыштуу шайлоолорго катышуусуна тоскоол болот», – деп белгилешет демилгечилер.[89]

Ошол эле учурда ДМЧАлардын шайлоо укуктарын сактоо маселелерин белгилей кетүү керек. Ошентип, 2020-жылдын 4-октябрында Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери жана КР Акыйкатчысынын аймактык өкүлчүлүктөрү шайлоого байкоо жүргүзүү учурунда ДМЧАлар үчүн шайлоо участкаларына болгон жеткиликтүүлүк бар экендигине байланыштуу сурамжылоо (атап айтканда, майыптар колясkaсында отургандар үчүн пандустардын болушу) жүргүзүшкөн.

Социалдык-экономикалык жана маданий укуктарды коргоо боюнча бөлүмгө түшкөн 55 сурамжылоо каралып чыккан. Бардык 55 сурамжылоолордо пандустардын бар экендиги көрсөтүлгөн, бул маселе боюнча БШК тарабынан бардык УШКларды пандустар менен камсыз кылуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлгөн.

Бирок, 17 шайлоо участогундагы объектилердин функционалдык аймактарынын аталышы (аймак, кире бериш, кыймыл багыты, тейлөө аймагы) майыптар колясkaсындагы ДМЧАлар үчүн стандарттарга жооп берген жок.

## Кыргыз Республикасынын чегинен тышкаркы жерлерде добуш берүү

Кыргыз Республикасынын ар бир жараны шайлоо учурунда кайсы жерде жашабасын, шайлоого жана шайланууга укуктуу жана мамлекет ага добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү. Чет өлкөдө добуш берүү маанилүү милдеттерден болуп келген жана ал уланып келе жатат, бул жеке шайлоочулар сыяктуу эле жамааттык топтор тарабынан дагы бир нече жолу көтөрүлүп келген. Саясий партиялар да чет өлкөлөрдөгү шайлоочулардын катышуусун жакшыртуу жана добуш берүү процессинин сапатын жогорулатуу максатында чет өлкөлөрдө добуш берүү маселелерин мезгил-мезгили менен талкуулап келишет.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Конституциялык мыйзамынын 2-беренесинин 2-пунктуна ылайык, «Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жүргөн жарандар аккредитациялаган өлкөнүн тиешелүү органдары менен макулдашуу боюнча тышкы иштер маселелерин

[89] Караңыз. https://ru.sputnik.kg/politics/20191029/1046087414/kyrgyzstan-zhk-izbiratelnyj-porog-vybory-proekt.html.

тескеген органдын сунушу боюнча түзүлгөн шайлоо участокторунда, эреже катары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын чет өлкөдөгү өкүлчүлүктөрүнүн аймагында добуш беришет».

Добуш берүү мүмкүнчүлүгү КРнын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн жана консулдук мекемелеринин аймагына келе алган адамдарга гана берилет. Бирок, чет жактагы КР жарандарынын жашаган жерлери өтө эле чачыранды, ошондуктан шайлоо участкалары уюштурулган жерлерде бардыгы эле добуш бере алышпайт.

Чет өлкөлөрдөгү жарандардын укуктарынын сакталышы боюнча шайлоо алдындагы кырдаалга жасалган талдоолор төмөндөгүлөрдү көрсөттү:

- Добуш берүү үчүн консулдук каттоого туруу керек. Көпчүлүк мигранттар консулдук каттоого турууга кызыкдар эмес. Ушуга байланыштуу, чет жактагы шайлоочуларды каттоодо жана жарандарга добуш берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат берүүдө көйгөйлөр жаралат;
- Чет өлкөлөрдөгү жарандарга карата үгүт иштерин жүргүзүүгө болгон ченемдер жазылган эмес, ал эми мамлекеттер аралык келишимдерде мындай иш чаралар каралган эмес;
- Эреже боюнча, чет өлкөлөрдөгү УШКнын мүчөсү дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн кызматкерлери болот, мындан улам административдик ресурстарды колдонуу тобокелдиги келип чыгат;
- Добуш берүү үчүн, шайлоочу алдын ала биометрикалык каттоодон өтүшү керек. Чет өлкөлөрдөгү КР жарандарынын биометрикалык маалыматтарын каттоо үчүн мамлекеттин уюштуруу мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жана мигранттардын бардыгын же жок дегенде көпчүлүгүн каттоону камсыз кылышы керек.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматы боюнча, 800 миңден ашуун жаран чет өлкөлөрдө жашайт.[90]

2020-жылдын 2-сентябрында КРнын Россия Федерациясындагы Элчилигинде 2020-жылдын 4-октябрында өтө турган Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо маселелери боюнча Москва шаарындагы жана Москва облусундагы кыргыз диаспораларынын жаш лидерлери, блогерлери жана уюмдардын активисттери менен жолугушуу болуп өттү. Иш чарага 40ка жакын диаспоралардын бирикмелеринин өкүлдөрү катышты.

КРнын РФдагы Элчиси 2-сентябрга карата КРнын 4 774 жараны, анын ичинде 2 149 жашы жете элек балдар элчиликке катталгандыгын маалымдады. Демек, шайлоочулардын тизмесинде 2 625 жаран бар.

Диаспоранын сунушун эске алуу менен, шайлоочулар көбөйгөн учурда, Москвадагы элчиликтеги шайлоо участкаларын кошумча 10 урна менен камсыз кылуу жөнүндө сунуш КРнын БШКсына жөнөтүлдү.

Элчиликтин консулдук бөлүмүнө ар жумада 2 миңден ашуун жаран ар кандай маселелер боюнча кайрыларын эске алганда (паспортторду алмаштыруу, мекенге кайтуу боюнча күбөлүгүн каттоо, алардын бузулган укуктарын коргоо, «Жүк-200» каттоо, эмгек акыларын төлөбөй коюу, балдар үчүн документтерди берүү, нотариалдык иш-аракеттер, документтерди легалдаштыруу ж.б.), ошол эле учурда консулдар жетишсиз болсо, шайлоо алдында жана шайлоодо №2 форманы толтуруу жана элчиликке келген ар бир жаранга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү боюнча жарандарга жардам берүү үчүн активисттердин арасынан консулдук бөлүмгө ыктыярчыларды жиберүү жөнүндө диаспоралардын демилгеси колдоого алынды, - деп айтылат билдирүүдө.

[90] Булак: Борбордук Азиядагы стратегиялык анализ, диалог жана өнүгүү борборунун (CASCADD) добуш берүү маселелери боюнча аналитикалык күндөлүгү, директор Омуркулова-Озерска Э., http://ombudsman.kg/index.php?option=com_content&view=article&id=1787&lang=ru.

КР Тышкы иштер министрлиги БШК менен биргеликте чет өлкөлөрдө 44 шайлоо комиссиясын түздү. ТИМдин Консулдук кызмат департаментинин директору Алмаз Имангазиевдин айтымында, чет өлкөлөрдөгү шайлоочулардын саны 20 миңди түзөт.

Россиянын аймагында 11 шайлоо участкалары ачылган, анткени ал жерде көп сандагы мекендештер жашашат.[91]

Биринчи жана экинчи шайлоо участкалары Москва шаарында, КРнын дипломатиялык өкүлчүлүгүндө, ошондой эле Екатеринбург, Новосибирск, Санкт-Петербург, Красноярск, Владивосток, Якутск, Южно-Сахалинск, Сургут шаарларында жайгашкан.[92]

## КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо маселелери боюнча ишмердүүлүгү

КРнын Акыйкатчысы БШКга болгон кайрылуусунда шайлоо укуктарына байланыштуу маселелер боюнча төмөндөгүдөй көйгөйлөргө көңүл бурду:

«2020-жылдын 4-октябрында КР Жогорку Кеңешине кезектеги шайлоо өтөт. Бирок бул жолу COVID-19 коронавирус пандемиясына байланыштуу келип чыккан жаңы көйгөйлөрдү жана коркунучтарды эске алып эле койбостон, каршы туруу да зарыл. Буга байланыштуу, БШК жана Кыргызстандын Өкмөтү милдеттүү түрдө ишке ашырыла турган маселелерге жооптуу болушу зарыл. Атап айтканда, жагымсыз шартта жана өтө коркунучтуу санитардык-эпидемиологиялык кырдаалда биздин жарандар өздөрүнүн шайлоого жана шайланууга болгон конституциялык укуктарын кантип ишке ашыра ала тургандыгы тууралуу сөз болуп жатат.

Бул максатта ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан парламенттик шайлоону өткөрүү үчүн жагымдуу жана коопсуз шарттарды түзүү боюнча иштер аткарылган жана КР БШК бул максаттарга 60 миллион сом суммасында оптимизацияланган чыгымдардын сметасын жарыялады.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан шайлоочулардын жана талапкерлердин, ошондой эле КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча иш чараларга тартыла турган БШКнын жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин укуктарын коргоо жана ишке ашыруу маселелерин чечүүдө бир катар маанилүү жагдайларга өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы белгиленди.

Кооптонууну жана ал тургай тынчсызданууну жараткан маселелердин арасындагы биринчи маселе, бул шайлоодо кадимки жол менен добуш берүүдө кыйынчылыкка учураган жарандардын (ДМЧАлар, ден соолугу начар адамдар же аларды багуучулар, үй-бүлөлүк зомбулуктан жапа чеккен карыялар, COVID-19 менен ооруган, байланышкан же ооруларды баккан адамдар) укуктары шайлоонун жүрүшүндө кантип камсыз кылынат жана ишке ашырылат? Буга байланыштуу Акыйкатчы БШКга укуктары бузулушу мүмкүн болгон жарандардын категорияларына өзгөчө көңүл буруу өтүнүчү менен кайрылды.

### *Ден соолугунун көйгөйлөрүнө байланыштуу жарандардын добуш берүү укугу*

Ден соолукка байланыштуу көйгөйлөрү бар төмөнкү категориядагы жарандар үчүн шайлоо укуктарын камсыз кылууну караштыруу зарыл:

- *COVID-19 коронавирусу табылса же ага шектелгенде, өзүн-өзү обочо кармоого же медициналык мекемелерде болууга аргасыз болгон шайлоочулар, ошондой эле медициналык мекемеден айыгып чыккандан (чыгарылгандан) кийин белгилүү бир убакытка чейин өзүн обочолонууда калтырууга аргасыз болгондор;*

[91] Булак: https://24.kg/vlast/164993/.

[92] Булак: https://24.kg/obschestvo/165047/, https://24.kg/obschestvo/163892/.

- *тобокелдик тобуна кирген адамдар (улгайган адамдар, ошондой эле: кант диабети, АИЖВ/ИЖОС (ВИЧ/СПИД), кургак учук, онкология сыяктуу жана башка оорулар менен ооруган тобокел тобундагы жарандар;*
- *үйдө жана медициналык мекемелерде оорулууларды (атап айтканда, коронавирус менен, медициналык кызматкерлерди кошкондо) карап жаткандар;*
- *ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар (ДМЧА). Эске алып коюу керек, шайлоо участкаларына ДМЧАларды жеткирүү кандай ишке ашат, участкалардын инфраструктуралары кандай (майыптар арабасындагы адам үчүн жашыруун добуш берүүсүн ишке ашыруу кепилдиктери – УШКда атайын бөлүнгөн жайда жашыруун добуш берүү мүмкүнбү) жана башкалар;*
- *добуш берүү күнүндө жана COVID-19 коронавирус пандемиясында коопсуздук эрежелерин сактоонун шартында кичинекей балдарды багып жаткан адамдар (көбүнчө, аялдар);*
- *үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучу катары добуш берүү күнүндө үйдө калууга мажбур болгондор;*
- *КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы буга чейин шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоо жолу менен идентификациялоонун тартибин жарыялаган, бирок учурда пандемия шартында ушул жолдорду колдонууда санитардык-эпидемиологиялык ченемдер кандай сакталаары жөнүндө маалымат жок;*
- *шайлоо күнү дене табы жогору болгон жарандар; алар үчүн шайлоо жана шайлануу укугу камсыздалабы? Мисалы, мындай шайлоочулар үчүн дайым дезинфекциялап туруучу атайын терезелерди ачуу уюштурулабы? Мындай тажрыйбалар пандемия учурунда бир катар өлкөлөрдө болгон;*
- *чет өлкөлөрдө жүргөндөр үчүн – дүйнөнүн ар кайсыл өлкөлөрүндөгү КРнын элчиликтери жарандардын добуш берүү укуктарын ишке ашыруу коопсуздугун канчалык деңгээлде камсыздайт;*
- *ден соолугуна коопсуз жерде добуш берүү укугу (УШК шарты жана COVID-19дун таралышына каршы аракеттенүү үчүн алардын жабдылышы, добуш берүүчү имарат бат-баттан желдетилип турабы; добуш берүү жараяны жарандар үчүн канчалык деңгээлде коопсуз болот?)*

### *Шайлоолор тууралуу маалымат алууга болгон укук*

Адистештирилген мамлекеттик органдар калкка, анын ичинде ДМЧАларга жана КР чегинен тышкары жерлердеги эмгек мигранттарына, шайлоолорго жана шайлоо процесстерине байланыштуу КР мыйзамдары жөнүндө, ошондой эле саясий партиялар жана алардын талапкерлери жөнүндө жеткиликтүү жана объективдүү маалымат берүү үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

Шайлоочулар пандемияга жана COVID-19 коронавирусуна байланыштуу коопсуздук жана алдын алуу иш чараларына байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон добуш берүү процессиндеги бардык өзгөрүүлөр жөнүндө өз убагында жана жеткиликтүү түрдө кабардар болушу керек.

Шайлоо процессинин негизги катышуучулары (саясий партиялар, байкоочулар, БШК жана башка катышуучулар) менен добуш берүүнүн коопсуздугун камсыз кылуу чаралары жөнүндө «ар-намыс кодекстери» иштелип чыгып жана кол коюлабы? Бул добуш берүү күнү шайлоочулардын келүүсүн төмөндөтүүчү пандемия менен болгон кырдаалды ким болбосун, колдонуп кетүүдөн сактануу үчүн зарыл болот.

### *Шайланууга болгон укук*

Эгерде депутаттыкка талапкерлердин жеке катышуусу КР БШКдан каттоодон өтүү үчүн керектүү документтерди тапшырууда талап кылынса, анда аларга коронавирус пандемиясына байланыштуу ден соолугунун коопсуздугу боюнча тийиштүү шарттар түзүлүшү керек.

КРнын бардык талапкерлерине жана партияларына үгүт иштерин жүргүзүү үчүн бирдей шарттар жана мүмкүнчүлүктөр берилиши керек.

Шайлоо күнү участкалык шайлоо комиссияларынын (УШК) мүчөлөрү, БШКнын аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери зарыл болгон санда медициналык беткаптар жана жеке коргонуу каражаттары (ЖКК) менен камсыз кылынышы керек - бир адамга 10дон кем эмес медициналык беткап жана ЖКК зарыл.

Шайлоо процессине катышкан КРнын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын кызматкерлери, ошондой эле укук коргоо органдарынын кызматкерлери да мындай сандагы бетаптар жана ЖКК менен камсыз болушу керек.

Шайлоочулардын дене табын текшерүү үчүн шайлоо процессине катышкан медициналык адистер ишенимдүү жеке коргонуу каражаттары (ЖКК) менен камсыздалышы керек.

Бул пандемия шартында жарандардын шайлоого жана шайланууга бирдей укуктарын ишке ашыруу процессине терс таасирин тийгизе турган себептердин айрымдары гана.

КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери КР Конституциясынын 108-беренесинин жоболорун сактоо менен, парламенттик шайлоолорго көз карандысыз байкоолорду жүргүзүштү. Жарандардын шайлоо жана шайлануу укуктарын жүзөгө ашырууга байланыштуу маселелерди, даттанууларды же арыздарды кароо үчүн борбордук аппаратка, аймактык бөлүмдөргө кайрылууга, ошондой эле «115 шыр байланыш телефону» аркылуу чалууга мүмкүнчүлүк берилген.

КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) 2020-жылдагы парламенттик шайлоо ачык-айкын жана уюшкандыкта, эч кандай инциденттсиз жана мыйзам бузууларсыз өтөт деп ишенээрин билдирди.[93]

## КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) КРда боло турган парламенттик шайлоолордун жүрүшүндө жарандардын укуктарын ишке ашырууга байланыштуу кайрылуусу

БШКнын мүчөсү Атыр Абдрахматованын журналисттер менен биргеликте Бишкек шаарындагы УШКлар боюнча жүргүзгөн иликтөөлөрү, ошондой эле 12 партиянын өкүлдөрүнүн УШКлардагы №2 форма боюнча массалык каттоолорго байланыштуу териштирүү жүргүзүү өтүнүчү менен БШКга арызданышы өзүнчө териштирүүнү талап кылат.

Белгилеп коюу керек, 2020-жылдын 4-сентябрында саясий партиялар КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы менен меморандумга кол коюшкан, анда шайлоо өнөктүгүн ачыктык жана өз ара урматтоо принциптеринде, жарандардын кызыкчылыктарынын жана укуктарынын артыкчылыгында, мыйзам үстөмдүгүндө өткөрүүгө, шайлоо процессинде этикалык жана адеп-ахлактык ченемдерди сактоого, үгүт иштерин бири-бири менен болгон мамилелерде ыплас технологияларды колдонбостон жүргүзүүгө, ошондой эле добуштарды сатып алууда өздөрүнүн жана алардын өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын, партиянын мүчөлөрүнүн, үгүтчүлөрдүн, тууггандарынын, досторунун, тааныштарынын жана башка адамдардын катышуусуна жол бербөө, шайлоочуларды сатып алууга каршы бардык чаралар менен күрөшүү, анын ичинде укук коргоо органдарына жардам көрсөтүү жана башка бир катар милдеттенмелерди алышкан.

Акыйкатчы саясий партияларды мыйзамдын жана кол коюлган милдеттенмелердин алкагында үгүт жүргүзүүгө, ошондой эле жарандарды өз добуштарын сатпоого чакырат.

№2 форманы (катталган жеринен тышкары жерде добуш берүү үчүн шайлоо дарегин өзгөртүү жөнүндө арыз) колдонууга байланышкан кеңири жайылган коомдук резонанска байланыштуу,

[93] Акыйкатчынын (Омбудсмендин) КР БШК төрайымына жазган катынан, 11.08.2020-ж. (чыг. №6-2763).

БШКга бардык «№2 формаларды текшерип жана мыйзам бузуулар болсо, УШКларда катталуу боюнча чечимдерди жокко чыгаруу сунушталат.

2020-жылдын сентябрь айынан баштап, Акыйкатчы аппараты Борбордук Азиядагы Стратегиялык анализ, диалог жана өнүктүрүү борборунун (CASCADD) директору Элнура Омуркулова-Озерскинин методикалык колдоосу менен КР парламенттик шайлоо учурунда адамдын шайлоо жана шайлануу укугун көзөмөлдөй баштады. Акыйкатчы аппараты жана CASCADD эл аралык IDEA International уюмунан (www.idea.int) кайтарымсыз түрдө программалык камсыздоону жана аны орнотуу үчүн техникалык колдоону алышты. Сурамжылоого 300дөн ашуун адам катышкан. Эң аз чыңалуу Талас облусунда байкалган, ал учурда шайлоо процессине, шайлоочулардын коопсуздугу жана укуктарына салыштырмалуу көбүрөөк социалдык чыңалуу Жалал-Абад облусунда жана Бишкек шаарында аныкталган. Изилдөөнүн жыйынтыктары менен Акыйкатчы институтунун расмий сайтынан (www.ombudsman.kg), ошондой эле Борбордук Азиядагы Стратегиялык анализ, диалог жана өнүктүрүү борборунун сайтынан (www.cascadd.org) таанышууга болот.

Төмөнкү саясий партиялар тарабынан жүргүзүлгөн шайлоо өнөктүгүнө байланышкан коомдук наарazычылыкты жараткан жагдайларды да белгилей кетүү керек.

## «Кыргызстан» саясий партиясына байланыштуу кырдаал

2020-жылдын 25-августунда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы документтерди толтуруу эрежелеринин бузулгандыгына байланыштуу «Кыргызстан» партиясын каттоодон баш тарткан.

«Кыргызстан» саясий партиясын каттоодон баш тартуунун жагдайларын тактоо үчүн БШКнын жумушчу тобунун 2020-жылдын 25-августундагы «Кыргызстан» партиясынын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо боюнча документтерин кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө корутундусунун көчүрмөсүн берүү өтүнүчү менен кат жөнөттүк.[94]

КР БШКдан алынган жоопто, БШКнын мүчөлөрү тарабынан 25.08.2020-жылы мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө тиешелүү адам тарабынан тизме сунушталбагандыгына байланыштуу Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн берилген документтерди «Кыргызстан» саясий партиясына кайтарып берүү жөнүндөгү №94 чечим кабыл алышкандыгы маалым болду.

Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2020-жылдын 27-августундагы чечими менен БШКнын чечими мыйзамсыз деп табылган. КР Жогорку Сотунун 01.09.2020-жылдагы чечими менен Административдик соттун чечими күчүндө калтырылып, «Кыргызстан» саясий партиясына КР ЖКга шайлоого катышууга уруксат берилген.

## «Бүтүн Кыргызстан» саясий партиясына байланыштуу кырдаал

2020-жылдын 28-августунда «Эркин Кыргызстан» саясий партиясынын төрагасы Т.Бакир уулу өзү тизменин 18-катарында талапкер катары көрсөтүлүп жаткан «Бүтүн Кыргызстан» саясий партиясында талапкерлердин тизмеси бурмалагандыгына байланыштуу «Бүтүн Кыргызстан» саясий партиясынын талапкерлеринин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына арыз менен кайрылды.

Партиянын лидери А.К. Мадумаров баштаган бир топ адамдар өзүм билемдик менен аны талапкерлердин тизмесиндеги 18-орундан 22-орунга жылдырып, кийинчерээк тизмеден толугу менен четтетип коюшкан.

[94] Кат №11-3211, 10.09.2020-ж.

Акыйкатчы Т. Бакир уулунун арызын кароонун жыйынтыгы боюнча «Бүтүн Кыргызстан» партиясына байланыштуу расмий билдирүүнү даярдоо жөнүндө жумушчу топтун маалымкатынын (корутундусунун) көчүрмөсүн берүү өтүнүчү менен БШКнын төрайымынын наамына кат менен кайрылды.[95]

Алынган жоопто, Т. Бакир уулунун арызы шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топтун жана 2020-жылдын 1-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого саясий партиялардан документтерди кабыл алуу боюнча жумушчу топтун биргелешкен отурумунда каралгандыгы айтылат.

КР БШКнын 2020-жылдын 3-сентябрындагы №121 чечими менен, КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого саясий партиялардын документтерин кабыл алуу боюнча жумушчу топтун корутундусунун негизинде, «Бүтүн Кыргызстан» саясий партиясы тарабынан көрсөтүлгөн КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартылган.[96]

Борбордук шайлоо комиссиясы 9-сентябрдагы жыйынында «Бүтүн Кыргызстан» партиясынын тизмесин каттады.

Отурум «Бүтүн Кыргызстан» партиясынын арызы административдик сотто каралып, БШКнын талапкерлердин тизмесин көрсөтүүнүн жол-жобосун сактабагандыгы үчүн партияны шайлоо жарышынан чыгаруу жөнүндө 3-сентябрдагы чечими жокко чыгарылгандан кийин болду, БШКнын чечими мыйзамсыз деп табылган.

Шайлоо процессинин жигердүү этабын эске алып, БШК мүчөлөрү арыз жазбоо чечимин кабыл алышты жана Жумушчу топ «Бүтүн Кыргызстан» партиясынын тизмесин каттоодон өткөрүү сунушу менен өз корутундусун билдирди. Комиссиянын катышкан 8 мүчөсүнүн бардыгы партиянын тизмесин каттоого добуш беришти.

# СУНУШТАМАЛАР

### *КР Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына:*

1. *Электрондук онлайн добуш берүү программаларын киргизүү жана КРнын чет өлкөлөрдөгү элчилигинин жана мамлекеттик органдарынын аймагынан тышкары жерде шайлоо участокторун ачуу мүмкүнчүлүгү боюнча КРнын шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин өзгөртүү.*
2. *№2 форма боюнча жарандар тарабынан добуш берүү жокко чыгарылгандыгына байланыштуу, ички мигранттар үчүн добуш берүү маселесин чечүү.*

[95] КР БШК төрайымынын наамына жазылган кат. Чыг. №11-3112, 07.09.2020-ж.

[96] КР БШК жообу. Чыг. №04-02/928, 08.09.2020-ж.



# 5-БӨЛҮМ

# АДИЛЕТТҮҮ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮГӨ УКУК

## 5.1. СОТ ОТУРУМДАРЫНА ЖҮРГҮЗҮЛГӨН МОНИТОРИНГДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ (АДИЛЕТТҮҮ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮГӨ БОЛГОН УКУКТУН БУЗУЛУШУНА ДАТТАНУУЛАР)

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын түзүмүндө 2016-жылдан бери Сот органдары менен иштөө жана соттук процесстерге мониторинг жүргүзүү иштери боюнча бөлүм иштеп келет. Сот органдары менен иштөө боюнча бөлүмдүн аткарган иштери жана милдеттери абдан көп кырдуу болуп эсептелет. Аталган бөлүм бир чети, Кыргыз Республикасынын бардык сот инстанциялары караган иштерде жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин корголушуна мүмкүн болушунча толук жана ар тараптуу көмөк көрсөтсө, экинчи чети сот органдарынын иштерди кароодо көз карандысыз экенин эске алат.


Алсак, 2020-жылы аталган бөлүм тарабынан 484 арыз каралып, арыз берүүчүлөргө жооптор жөнөтүлгөн.

Бөлүмгө келип түшкөн арыздардын көпчүлүгүндө ар кыл сот инстанцияларындагы соттук процесстерге мониторинг жүргүзүү өтүнүчү камтылат. Сот органдары менен иштөө боюнча бөлүмдүн кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин)

«Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Мыйзамында бекитилген ыйгарым укуктарынын негизинде, 2020-жылы сот процесстерине 329 мониторинг жүргүздү. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы жоболорго негиздеп, 155 кайрылууну маани-маңызы боюнча карап чыгышты.

2020-жылы мониторингдер көбүнчө биринчи инстанциянын сотторундагы сот процесстерине жүргүзүлгөн. Алсак, биринчи инстанциянын сотундагы сот процесстерине 183 (55,6%) мониторинг жүргүзүлсө, экинчи инстанциянын сотундагы сот процесстерине 66 (20%), ал эми үчүнчү инстанциянын сотундагы сот процесстерине 80 (24,4%) мониторинг жүргүзүлгөн.

**Сот отурумдарына жүргүзүлгөн мониторингдерди инстанциялар боюнча жайгаштыруу диаграммасы**




Ошондой эле 2020-жылы бөлүм тарабынан сыртка 640 кат жөнөтүлдү. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) ар кыл инстанцияларга сот адилеттигин ишке ашырууга жана сот органдарынын ишине тоскоолдук кылган кызмат адамдарына карата жаза колдонуу өтүнүчү камтылган 8 Көңүл буруу актысын жөнөттү. Көңүл буруу актыларынын экөөсү канааттандырылып, мамлекеттик мекеменин үч кызматкери тартип жоопкерчилигине тартылды (Бишкек шаардык сотунун судьялары). Ал эми актылардын төртөөсү каралып жатат.

## Көңүл буруу актылары чагылдырылган таблица

| Кайрылуулар боюнча Көңүл буруу актылары | Кайда жөнөтүлгөн | Кандай мыйзам бузулган | Катыштыгы бар кызмат адамдары | Кайрылууларды кароонун жыйынтыктары |
|---|---|---|---|---|
| Рыспекова Э. | КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы | Соттук териштирүү тараптан укук бузууларга кайра-кайра жол берилиши | КР Бишкек шаардык сотунун судьялары | Эскертүү иретинде тартиптик жаза берилди |
| Токтоназарова Н. | КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы | Иштин адилеттүү каралышына болгон укуктун бузулушу | КР Жогорку сотунун судьялары | Канааттанды-рылган жок |
| Гильманова В. | КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы | Иштин адилеттүү каралышына болгон укуктун бузулушу (кароонун мөөнөтү) | Чүй облустук сотунун судьялары | Учурда каралууда |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Акыйкатчы аппаратынын кызматкерин сот отурумуна киргизбей коюу | КР Жогорку соту | Соттук териштирүүнүн ачык өтүлүшүнө болгон укукту чектөө | Талас райондук сотунун судьясы, сот сакчысы жана ошол эле соттун катчысы | Канааттандырылган жок |
| Акыйкатчы аппаратынын кызматкерин сот отурумуна киргизбей коюу | КР Башкы прокуратурасы | Соттук териштирүүнүн ачык өтүлүшүнө болгон укукту чектөө | Талас райондук сотунун судьясы, сот сакчысы жана ошол эле соттун катчысы | Талас облусунун прокуратурасы КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясына жана КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине сунуштама жөнөттү |
| Массалык маалымат каражаттарынан материал | Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун төрагасына | КР Акыйкатчысына маалымат берүүдөн баш тартуу | КР Свердлов райондук сотунун судьясынын жардамчысы | Учурда каралууда |
| Гильманова В. | КР Адвокатурасына караштуу Тартип комиссиясы | Мамлекет кепилдеген квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укуктун бузулушу | КР Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокат | Учурда каралууда |
| Сулайманов Р. | КР Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы | Чечимдин үстүнөн даттануу укугун чектөө | Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы | Канааттандырылган жок |

Сот органдары менен иштөө боюнча бөлүмдүн кызматкерлери келип түшкөн көптөгөн арыздарды кароодон тышкары, соттук чечимдерге даттануунун мөөнөттөрү жана кепилденген юридикалык жардам алуунун тартиби жөнүндөгү маалыматтар менен камсыз кылууга байланыштуу консультацияларды берет.

Э. Рыспекованын[97] иши каралган сот отурумуна мониторинг жүргүзүлүп жаткан учурда соттук териштирүүнүн катышуучуларынын процесстик укуктарынын кайра-кайра кайталанып бузулгандыгы ачыкталган. Мониторингдин жыйынтыгында соттолуучунун төмөнкү укуктарынын бузулгандыгы айкын болду:

2020-жылдын 21-майында Э. Рыспекованын Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 405-беренесинде (2017-ж. ред)[98] каралган прокурордун апелляциялык сунушуна каршы пикир менен чыгып сүйлөө укугу бузулган.

Соттордо сот өндүрүшү соттук териштирүүнүн тикелейлиги жана оозекилиги деген принциптин [99] негизинде жүргүзүлүүгө тийиш. Бирок, Бишкек шаардык сотунун соттор коллегиясы өз

[97] Э. Рыспекованын арыздары (№ Р-39 (08) 14.05.2020-ж., № Р-39 (10) 02.06.2020-ж., № Р-39 (11) 05.06.2020-ж. келип түшкөн арыздар).

[98] КР Жазык-процесстик кодексинин 405-беренесинин 3-бөлүгү, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530/10?cl=ru-ru.

[99] КР Жазык-процесстик кодексинин 280-беренеси, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530/10?cl=ru-ru.

укугунан пайдаланып, соттолуучунун прокурордун апелляциялык сунушуна каршы пикирин оозеки билдирүүсүнө тоскоолдук кылышкан. Соттор коллегиясы Э. Рыспековага прокурордун апелляциялык сунушуна каршы пикирин айтууга мүмкүнчүлүк бербестен, ошондой эле иш боюнча далилдерди иликтөө тартибин бекитпей туруп, сот процессин дароо эле соттолуучуну суракка алуу менен баштоого аракет кылган. Муну менен алар иш боюнча өндүрүштүн тартибин бузушкан. Иш боюнча өндүрүштүн тартиби Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 404-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган (2017-ж. ред.).[100]

2020-жылдын 21-майында Э. Рыспекова жабырлануучунун көрсөтмө берүүдөн баш тарткандыгы тууралуу фактыны аныктоо жана иш боюнча далилдерди келтирүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылган. Бирок соттук коллегия Э. Рыспекованын өтүнүчүн тиркөөнү жабырлануучунун иш-аракеттерине баа берүүдө кеңешме бөлмөсүндө чечим чыгарып жатканда чечишкен.

2020-жылдын 15-июнунда соттолуучу Э. Рыспекова 2020-жылдын 21- жана 28-майында өтүлгөн сот отурумдарынын протоколдоруна карата 2020-жылдын 3-июнунда берген сын пикирин кароону соттон өтүнгөн.

Бирок, соттук коллегия Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 299-беренесин бузуп, Э. Рыспекованын сот отурумунун протоколуна карата берген сын пикирин кароодон баш тарткан.

2020-жылдын 1-июнунда Э. Рыспекова Бишкек шаардык сотунун жазык иштери боюнча соттук коллегиясына ага карата кошумча коопсуздук чараларынын көрүлүшүн суранып, арыз менен кайрылган. Буга байланыштуу далилдер да тиркелген.

Жазык-процесстик кодексинин 79-беренесинин 4-бөлүгүнө (2017-жыл, ред.)[101] жана КР «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамынын[102] 19-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнө ылайык, сот арыз берүүчүнүн анын коопсуздугуна чараларды көрүү жөнүндө арызын алгандан тартып 24 сааттан кечиктирбестен, арызды канааттандырабы, жокпу, чечим кабыл алууга милдеттүү жана чыгарылган чечим тууралуу токтом чыгып, арыз ээсине тиешелүү токтомдун көчүрмөсүн жөнөтүү менен, ага кабыл алынган чечим жөнүндө билдирилиши керек.

Жетиштүү маалыматтар болгондо, сот, өз кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинде андай адамдардын өмүрүн, ден соолугун, ар-намысын, кадыр-баркын жана мүлкүн коргоого мыйзамда каралган чараларды көрүүгө милдеттүү.

Э. Рыспековага Т. Меринова тарабынан зомбулук колдонуу, мүлкүн жок кылуу же залалга учуратуу коркунучу келтирилгендиги тууралуу жетиштүү маалыматтар болгонуна карабастан, соттук коллегия Э. Рыспекованын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн чара көргөн эмес жана ага эч кандай токтом жөнөтүлгөн эмес. Соттолуучу Э. Рыспекова коопсуздугуна чара көрүүдөн баш тартылгандыгы боюнча жогору турган органга 10 күндүн ичинде даттанууга укуктуу. Бирок Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясы Э. Рыспекованы Жазык-процесстик кодексинин 79-беренесинин 5-бөлүгүндө (2017-ж. ред.) каралган даттанууга болгон процесстик укугунан ажыраткан.

Арыз берүүчүнүн укуктары бузулгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясына Бишкек шаардык сотунун судьялары – Ж. Сабитованы, Н. Чериковду жана З. Алгожоевди тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө сунуштама[103] жөнөтүлгөн.

[100] КР Жазык-процесстик кодексинин 404-беренесинин 1-бөлүгү, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530/10?cl=ru-ru.

[101] КР Жазык-процесстик кодексинин 79-беренесинин 4-бөлүгү, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530/10?cl=ru-ru.

[102] КР «Жазык сот өндүрүшүнө катышуучулардын укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 19-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрү, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1961?cl=ru-ru

[103] КР Омбудсменинин орун басарынын 26.06.2020-жылдагы сунуштамасы (жөнөтүлгөн №08-2402).

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын 2020-жылдын 2-октябрында чыккан чечиминин негизинде, аталган судьялар эскертүү иретинде тартип жоопкерчилигине тартылышкан.

Сот отурумдарына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарынан көрүнүп тургандай, көп учурда жарандардын соттук териштирүүнүн акылга сыярлык мөөнөткө созулушуна болгон укуктары бузулат.

Ал эми К. Интымакованын[104] арызы боюнча төмөнкү жагдайлар аныкталды. Кылмыш ишине эки жыл бир ай бою тергөө жүргөн. Аламүдүн райондук ички иштер бөлүмүнүн оперативдүү кызматкерлерине карата кылмыш иши (ЖИ 376-16-1-бөлүк.) 2016-жылдын 3-февралынан 2017-жылдын 9-мартына чейин Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунда каралган (судья Зикиров А. К.). Кылмыш иши Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда 2017-жылдын 13-июнунан тартып азыркыга чейин каралууда. Мындайча айтканда, бул иштин сот системасы тарабынан каралып жатканына 4 жыл 6 айдын жүзү болду.

Азыркы учурда бул иш КР Акыйкатчысынын көзөмөлүндө турат. Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотундагы соттук отурумдарга дайыма мониторинг жүргүзүлүүдө.

Судьянын статусу анын инсандыгына, квалификациясына жана жүрүм-турумуна бийик стандарттарды коюу менен аны алууга жана токтотууга жогорулатылган талаптар, судьялык ыйгарым укуктарды талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтүү, бийик статуска шайкеш келүүчү материалдык жана социалдык камсыз кылуу жана башка кепилдиктер менен аныкталат.[105] Анткен менен, судьялар дайым эле бийик статуска шайкеш келе бербейт.

Жоруктарга байланыштуу В. Гильманованын[106] иши боюнча Чүй облустук сотунда өтүлүүчү сот процесстерине КР Акыйкатчы (Омбудсмен) аппаратынын кызматкерлери тарабынан мониторинг жүргүзүлүүдө.

Жоруктарга байланыштуу бул ишти 2020-жылдын февраль айынан бери Соттук коллегия кароодо. Азыркыга чейин бул иш боюнча чечим чыга элек. Муну менен соттук териштирүүнүн мөөнөтүнө байланыштуу мыйзам бузулууда (КР Жазык-процесстик кодексинин 274-беренесинин 2-бөлүгү[107]). КР Жазык-процесстик кодексинин 274-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, «жорук жөнүндө иш аны сотто кароо башталган күндөн тартып 15 күндөн кеч эмес мөөнөттө судья тарабынан маңызы боюнча каралууга тийиш». Ал эми КР Жазык-процесстик кодексинин 402-беренесинин 4-бөлүгүнө[108] ылайык, «ишти кароо мөөнөтү белгилүү себептер менен өндүрүш өзүндө турган апелляциялык соттун аныктамасы боюнча бир айга узартылышы мүмкүн». Бирок бул кылмыш иши дагы эле бүтпөй, Чүй облустук соту тарабынан жети айдан бери каралып жатат.

2020-жылдын 16-сентябрына саат 16:00гө дайындалган сот отурумун соттордун бири себебин түшүндүрбөстөн токтотуп салган. Жорукка байланыштуу иши каралып жаткан В. Гильманова менен В. Гильмановалар сот отурумдарына жол кирege акчасын коротуп Чүй облусунун Жайыл районунан бери келишет. Чүй облусунун сотундагы соттордун шалаакы мамилесинен улам, 7 айдан бери иш каралып чечилбей келет.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын төрагасына, жогоруда аталган судьяларды жарандын укуктарынын бузулушуна жол беришкендиги үчүн, тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө сунуштама[109] жөнөтүлгөн.

104 К. Интымакованын арызы (келип түшкөн №И-11 (20) 27.10.2020-ж.).

105 КР « Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» Конституциялык мыйзамдын 4-беренесинин 1-пункту.

106 Г. Гильманованын арызы (келип түшкөн №Г-192 (2) 04.03.2020-ж.).

107 КР Жазык-процесстик кодексинин 274-беренесинин 2-бөлүгү.

108 КР Жазык-процесстик кодексинин 402-беренесинин 4-бөлүгү.

109 Кат (жөнөтүлгөн № 08-3484 29.09.2020-ж.).

# СУНУШТАМА

***Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна:***

*Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторуна сот иштерин кароодо жана аларды чечүүдө мыйзамдарды бекем жана кыйшаюусуз кармануу, ошондой эле соттук териштирүүлөрдү создуктурууга жол бербөөнү тапшыруу.*

## 5.2. АДИЛЕТТҮҮ СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮГӨ УКУК

Кыргыз Республикасынын Конституциясында Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет деп мүнөздөлгөн.[110]

Соттор КР Конституциясын жана башка мыйзамдарын бекем кармануу менен өз милдеттерин аткарышы жана ыйгарым укуктарын колдонушу керек. Ошондо гана сот адилеттигин ишке ашыруудагы мыйзамдуулук принциби сакталат.

Сот адилеттигиндеги мыйзамдуулук соттун ишмердүүлүгүн эле эмес, соттук териштирүүнүн максатын да билдирет. Андыктан соттор милдеттерин аткарууда жана укуктарын колдонууда процесстик жана материалдык укуктун ченемдерин туура түшүндүрүп, аларды бекем кармануусу зарыл.

Укуктун үстөмдүгү принцибине ылайык, сот ар бир иш боюнча өкүмүн же чечимин мыйзамдын тийиштүү ченемине негиздеп чыгарышы керек. Эгер ал эч бир мыйзамга негиздебей турган болсо, мыйзамдын ченеми негизсиз колдонулса, иштин жагдайы жана ишке катышы бар адамдардын мүнөздөмөлөрү эске алынбаса, ал чыгарган өкүм же чечим жогору турган соттук инстанция тарабынан жокко чыгарылышы ыктымал. КР Конституциясынын 99-беренесинин 4-бөлүгүнө[111] ылайык, «сот актысын жокко чыгаруу, өзгөртүү же токтото туруу сот тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылышы мүмкүн».

Албетте, ченемдик укуктук актылардын мазмунун дайыма эле туура, так жана бирдей нукта түшүнүү мүмкүн эмес. Мисалы, КР Жазык-процесстик кодексинин 439-беренесинин 1-бөлүгүнүн[112] 3-пунктунда кассациялык инстанциядагы соттун «биринчи жана апелляциялык инстанциянын соттун актысын толук же жарым-жартылай жокко чыгарууга же өзгөртүүгө жана эгерде материалдык укуктун ченемдерин колдонууда гана ката кетирилген болсо, кайра кароого жибербей жаңы чечим кабыл алууга» укуктуулугу айтылат.

Жарандык сот өндүрүшүндөгү кассациялык инстанция да ушундай эле ыйгарым укуктарга ээ. КР Жарандык-процесстик кодексинин 365-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунда «кассациялык инстанциядагы сот кассациялык даттануу (сунуштама) боюнча ишти карап чыгып,... биринчи же апелляциялык инстанциялардагы соттун актысын толук же айрым бөлүгүндө жокко чыгарууга же өзгөртүүгө жана эгерде материалдык укуктун ченемдерин колдонууда гана ката кетирилсе, ишти жаңыдан кароого бербестен жаңы чечимди кабыл алууга» укуктуулугу белгиленген.

110 Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгү. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913.

111 КР Конституциясынын 99-беренесинин 4-бөлүгү. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913.

112 КР Жазык-процесстик кодексинин 439-беренесиндеги 1-бөлүктүн 3-пункту. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530.

### 5.2.1-мисал. А. Токтоназарова

*А. Токтоназарованын[113] арызын карап жатканда төмөнкүлөр аныкталды:*

*Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2019-жылдын 28-июнунда чыккан чечиминин негизинде О.И. жана С.В. Аркатовалардын А. Токтоназаровага болгон доосу канааттандырылган эмес.*

*Бишкек шаардык сотунун соттук коллегиясынын курамынын 2019-жылдын 24-сентябрдагы аныктамасынын негизинде Биринчи май райондук сотунун чечими өзгөртүүсүз, күчүндө калтырылган.*

*КР Жогорку сотунун Токтомунун негизинде Биринчи май райондук сотунун чечими жана Бишкек шаардык сотунун аныктамасы толугу менен жокко чыгарылып, доогерлердин пайдасына жаңы чечим чыккан.*

*КР Жогорку соту 2019-жылдын 10-декабрында чыккан №ГД-138, 139/19БЗ[114] жогоруда көрсөтүлгөн токтомду кабыл алууда КР Жарандык-процесстик кодексинин 365-беренесине[115] таянган. Бул беренеде КР Жогорку сотунун (кассациялык инстанция) ыйгарым укуктары бекитилген.*

*Бул ченем кассациялык инстанциянын сотуна биринчи жана апелляциялык инстанциялардын сотторунун актыларын толук жокко чыгарып, жаңы чечим кабыл алууга ыйгарым укук бербейт.*

*Кассациялык инстанциянын соту кассациялык даттануу (сунуштама) боюнча ишти карап чыккан соң, «биринчи же апелляциялык инстанциялардагы соттун актысын толук же айрым бөлүгүндө жокко чыгарууга же өзгөртүүгө жана эгерде материалдык укуктун ченемдерин колдонууда гана ката кетирилсе (КР жарандык-процесстик кодексинин 365-беренеси)[116], ишти жаңыдан кароого бербестен, жаңы чечимди кабыл алууга» укуктуу.*

*Бул жагдайда кассациялык инстанциядагы сот биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттун актыларын жокко чыгарып, жаңы чечимди кабыл алууга укугу жок болчу.*

*КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) КР Жогорку сотунун судьяларын жоопкерчиликке тартуу жөнүндө КР Башкы прокуратурасына кат жолдогон. КР Башкы прокуратурасы катка жооп кайтарып,[117] КР Жарандык-процесстик кодексинин 365-беренесинде Жогорку соттун «жаңы чечимди кабыл алууга» укуктуулугун, бирок төмөн турган соттор тарабынан чыгарылган соттук актыларды жокко чыгарбай туруп, мындай укукту колдонууга болбой турганы айтыларын кабарлаган.*

*А. Токтоназарованын арызын кароонун жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна КР Жарандык-процесстик кодексинин 365-беренесиндеги 1-бөлүктүн 3-пунктун колдонуу тартиби тууралуу КР ЖСнын пленумунун токтомун түшүндүрүп берүү жөнүндө сунуштама даярдалган.*

---

[113] Н. Токтоназарованын арызы (келип түшкөн № Т-80 16.01.2020-ж.).

[114] КР Жогорку сотунун 2019-жылдын 10-декабрындагы №ГД-138, 139/19БЗ токтому

[115] КР Жарандык-процесстик кодексинин 365-berenеси, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111521?cl=ru-ru.

[116] КР Жарандык-процесстик кодексинин 365-беренеси, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111521?cl=ru-ru.

[117] Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жолдогон кат (жөнөтүлгөн № 10/2-21-20 10.04.2020-ж.).

### 5.2.2-мисал. С. Шиян.

*С. Шиян[118] аттуу жаран КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) Ысык-Ата районунун прокурорунун жардамчысы Н. Молдокеева тууралуу даттануу менен кайрылган. Н. Молдокеева С. Шиянга жогору турган жетекчиликтен кысым көрсөтүлүп жаткандыктан, Ысык-Ата райондук сотунун өкүмүн жокко чыгаруу жөнүндө Чүй облустук сотунун прокуроруна сунуштама бергенин айткан.*

*КР Жазык-процесстик кодексинин 390-беренесиндеги 2-бөлүккө ылайык[119], «сот чечимине даттануу укугу соттолгонго, акталганга, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө сот иши жүргүзүлгөн, же жүргүзүлүп жаткан адамга, алардын жактоочуларына жана мыйзамдуу өкүлдөрүнө, мамлекеттик айыптоочуга же жогору турган прокурорго, жабырлануучуга жана анын өкүлүнө таандык болот».*

*Андыктан Чүй облусунун прокуратурасына[120] бул фактынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келер-келбесин карап берүү өтүнүчү камтылган кат жөнөтүлгөн.*

*2020-жылдын 21-февралында Чүй облусунун прокуратурасынан жооп[121] келген. Жоопто Н. Молдокееванын негиздүү киргизилген апелляциялык сунуштаманы киргизгени үчүн С. Шиянга актанып, туура эмес сөздөрдү сүйлөп жатканы жаздырууну угуу аркылуу аныкталганы айтылган.*

*Ошондой эле Н. Молдокееванын иш-аракеттери Чүй облусунун прокуратурасынын ыкчам жыйынында каралып, сөгүш берүү менен, анын тартип жоопкерчилигине тартылгандыгы кабарланган.*

## СУНУШТАМАЛАР

### *Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна:*

1. *КР Жарандык-процесстик кодексинин 365-беренесиндеги 1-бөлүктүн 3-пунктун колдонуу тартиби жөнүндөгү КР Жогорку сотунун Пленумунун Токтомунун алкагында сотторго кошумча түшүндүрмө берүү маселеси каралсын.*

### *Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна:*

1. *Мамлекеттик айыптоочу катары соттук териштирүүлөргө катышкан КР прокурорлоруна карата кызматтык көзөмөлдү жана тартип жоопкерчилигин күчөтүү маселеси каралсын.*

---

118 С. Шияндын арызы (келип түшкөн № Ш-07(3) 13.01.2020-ж).

119 КР Жазык-процесстик кодексинин 390-беренесиндеги 2-бөлүк, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111530.

120 Чүй облусунун прокуратурасына жолдонгон кат (жөнөтүлгөн № 08-204 от 20.01.2020-ж.).

121 Чүй облусунун прокуратурасынын жообу (келип түшкөн № 09-116 21.02.2020-ж).

# 5.3. СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮНҮН АЧЫКТЫГЫН КАМСЫЗДОО КЕПИЛДИКТЕРИНИН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргыз Республикасынын Конституциясы иштерди териштирүү бардык соттордо ачык жүргүзүлөрүн белгилейт. Демек, ачык соттук учурларда ар кандай адамдын катышуусу камсыздалат, анын натыйжасы катары чечимдер ачыкка чыгарылат, муну менен соттук териштирүүнүн башкы принциби – сот чечимдеринин ачыктыгы жүзөгө ашырылат.

Маалымдуулук принциби сот адилеттигинин тарбиялоочу жана алдын- алуучу функцияларын камсыздоодо чоң мааниге ээ, соттордун көз карандысыздыгынын жана алардын мыйзамга гана баш ийүү принцибинин гана кепилдиги эмес, ишти кароочу соттун ишмердигин көзөмөлдөөнүн каражаты болуп саналат.

Мындан сырткары ачыктык судьялардын субъективдүүлүгүн төмөндөтүүгө шарт түзөт жана конституциялык мыйзамда жана регламентте белгиленген иштерди даярдоо жана сотто иштерди териштирүү процесстик жол-жоболорунун сакталышына бардык каалоочулардын ынануусуна шарт түзөт.

Соттук териштирүүнүн ачыктыгы дегенде ачык сот отурумун өткөрүүнү гана эмес, соттук жол-жоболордун ачыктыгын, айкындыгын, сот чечимин ачык жарыялоо, келип түшкөн даттануу менен тараптардын таанышуусу, сот отурумдарын өткөрүүнүн орду жана убакыты, мыйзамдуу күчүнө кирген соттук актылардын маалыматтар базасынын жеткиликтүүлүгү, анын ичинде тараптарга видео жана аудиоматериалдарын берүүнү түшүнүү керек.

КР Жазык-процесстик кодексинин 300-беренесинин 5-пунктуна ылайык, ишке катышуучу жактардын жана алардын өкүлдөрүнүн өтүнүчтөрү боюнча сот тарабынан аудио-, видео жазмалардын же сот отурумунун протоколунун көчүрмөсү берилет.[122] Бирок КР Жарандык-процесстик кодекси мындай ченемдерди камтыбайт.

### 5.3.1-мисал

*Мисалы, М.Турсуниязовдун[123] арызын кароодо КР Жогорку сотуна кат жолдонуп, соттук териштирүүнүн видео жана аудио жазма материалдарын берүү суралган.*

*Бирок КР Жогорку соту соттук териштирүүнүн видео жана аудио жазмаларын берүүдөн баш тарткан, мында алар КР Жогорку сотунун төрагасынын 2016-жылдын 22-декабрындагы №213[124] буйругуна шилтеме беришкен. Бул буйруктун 5-пунктунда КР Жогорку сотунун имаратында аудио, видео жазмалар системасы соттук териштирүүнүн катышуучуларынын коопсуздугун камсыздоо үчүн гана ишке ашырылат деп жазылган.*

*Акыйкатчы КР Жарандык-процесстик кодексине ишке катышуучу жактар соттордон аудио-, видео жазмалардын же сот отурумунун протоколунун көчүрмөсүн сурап алуу укугуна ээ боло турганын аныктоочу ченемди сунуштайт.*

---

[122] КР Жазык-процесстик кодексинин 5-бөлүгү.

[123] М. Турсуниязовдун арызы (кириш. №Т-219 (3), т 07.02.2020-ж..).

[124] КР Жогорку сотунун төрагасынын буйругу. 22.12.2016-ж. № 213.

## «Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексине» өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна салыштырма таблицасы

| Колдонуудагы редакция | Сунушталган редакция |
|---|---|
| **231-берене. Протоколду түзүү**<br>1. Протокол сот жыйналышында сот жыйналышынын катчысы тарабынан же жыйналыштан тышкары айрым процесстик аракет жасоодо түзүлөт.<br>2. Протокол компьютердик, электрондук (санариптик аудио жазууну кошо алганда) жазуу, машинада басуу же кол менен жазуу аркылуу түзүлөт.<br>3. Сот протоколду толук түзүүнү камсыз кылуу үчүн соттун жыйналышында же болбосо жыйналыштан тышкары айрым процесстик аракет жасалганда аудио жана видео жазууларды колдоно алат. Мындай учурларда аудио жана видео жазуулар протоколго тиркелет, протоколдо алардын колдонулгандыгы жөнүндө белги коюлат. Сот жыйналышын тастыктоонун кошумча материалдары сот жыйналышынын протоколуна тиркелет жана иштин материалдары менен бирдикте сакталат.<br>4. Ишке катышуучу адамдар жана алардын өкүлдөрү өздөрү иш үчүн олуттуу деп эсептеген жагдайлар жөнүндө маалыматтарды протоколго киргизүү тууралуу өтүнүч кылууга укуктуу.<br>5. Протокол сот жыйналышы аяктагандан кийин үч күндөн кечиктирилбестен түзүлүүгө жана кол коюлууга тийиш.<br>6. Татаал иштер боюнча сот жыйналышынын протоколу узагыраак убакытта, бирок сот жыйналышы аяктагандан кийин беш күндөн кечиктирилбестен түзүлүүгө жана кол коюлууга тийиш.<br>7. Чечим жарыяланганда протоколду түзүүнүн мөөнөттөрү жана аны менен таанышуу укуктары жөнүндө билдирилет.<br>8. Протоколго сот жыйналышынын төрагалык кылуучусу жана катчысы кол коёт.<br>9. Протоколго киргизилген бардык өзгөртүүлөр, толуктоолор, протоколдогу оңдоолор ага кол коюлганга чейин эскертилүүгө жана сот жыйналышынын төрагасынын жана катчысынын койгон колдору менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш. | **231-берене. Протоколду түзүү**<br>1. Протокол сот жыйналышында сот жыйналышынын катчысы тарабынан же жыйналыштан тышкары айрым процесстик аракет жасоодо түзүлөт.<br>2. Протокол компьютердик, электрондук (санариптик аудио жазууну кошо алганда) жазуу, машинада басуу же кол менен жазуу аркылуу түзүлөт.<br>3. Сот протоколду толук түзүүнү камсыз кылуу үчүн соттун жыйналышында же болбосо жыйналыштан тышкары айрым процесстик аракет жасалганда аудио жана видео жазууларды колдоно алат. Мындай учурларда аудио жана видео жазуулар протоколго тиркелет, протоколдо алардын колдонулгандыгы жөнүндө белги коюлат. Сот жыйналышын тастыктоонун кошумча материалдары сот жыйналышынын протоколуна тиркелет жана иштин материалдары менен бирдикте сакталат.<br>4. Ишке катышуучу адамдар жана алардын өкүлдөрү өздөрү иш үчүн олуттуу деп эсептеген жагдайлар жөнүндө маалыматтарды протоколго киргизүү тууралуу өтүнүч кылууга укуктуу.<br>5. Протокол сот жыйналышы аяктагандан кийин үч күндөн кечиктирилбестен түзүлүүгө жана кол коюлууга тийиш.<br>6. Татаал иштер боюнча сот жыйналышынын протоколу узагыраак убакытта, бирок сот жыйналышы аяктагандан кийин беш күндөн кечиктирилбестен түзүлүүгө жана кол коюлууга тийиш.<br>7. Чечим жарыяланганда протоколду түзүүнүн мөөнөттөрү жана аны менен таанышуу укуктары жөнүндө билдирилет.<br>8. Протоколго сот жыйналышынын төрагалык кылуучусу жана катчысы кол коёт.<br>9. Протоколго киргизилген бардык өзгөртүүлөр, толуктоолор, протоколдогу оңдоолор ага кол коюлганга чейин эскертилүүгө жана сот жыйналышынын төрагасынын жана катчысынын койгон колдору менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.<br>**10. Ишке катышуучу жактардын, алардын өкүлдөрүнүн өтүнүчү боюнча соттор тарабынан аудио-, видео жазмалардын же сот отурумунун протоколунун көчүрмөсүн берет. Иш жабык сот отурумунда каралган шартта, иште катышуучу тараптарга аудио-, видео жазмалардын же сот отурумунун протоколунун көчүрмөсү берилбейт. Аларга аудио, видео жазмалардын же сот отурумунун протоколунун көчүрмөсү менен таанышууу камсыздалат.** |

### 5.3.2-мисал

*КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) наамына Г.Б. Рыспаевадан арыз келип түшкөн,[125] арыз ээси сот отурумунун аудио жана видео жазмасын алууга көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен кайрылган.*

*Арызды талдап чыккандан кийин КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин директорунун наамына кат жолдонуп, сот отурумунун аудио жана видео жазмасын берүү суралган.*

*2020-жылдын 26-августунда КР ЖС караштуу Сот департаментинен жооп алынды. Анда сот отурумунун аудио, видео жазма жана автопротокол жүргүзүү жүргүзүлгөн эмес, анткени сот отурумун аудио, видео жазма жана автопротоколдоштуруучу программалык-аппарат комплекстер системасы техникалык себептерге ылайык иштебегендиги маалымдалган.[126]*

## СУНУШТАМАЛАР

### *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:*

1. *Мыйзам чыгаруу демилгеси укугун ишке ашыруу менен, КР Жарандык-процесстик кодексине ишке катышуучу жактар соттордон аудио, видео жазмалардын же сот отурумунун протоколунун көчүрмөсүн сурап алуу укугун белгилөөчү толуктоо киргизүүнү караган долбоорду иштеп чыгуу.*

### *Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Сот департаментине:*

1. Кыргыз Республикасынын бардык аймагында сот отурумдарында аудио-видео жазма жана автопротоколдоо системаларынын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздоо.

[125] Г.Б. Рыспаеванын арызы. кириш. № Р-130(11), 06.08.2020-ж.).

[126] КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин жообу 10.10.2020-ж.



# 6-БӨЛҮМ.

# ЭРКИНДИКТИ ЧЕКТЕГЕН ЖАНА ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТКАН ЖАЙЛАРДА ЖАТКАН ЖАРАНДАРДЫН УКУКТАРЫ

2020-жылда Укук коргоо органдары тарабынан жана эркинен ажыратуу жайларында адам укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышын көзөмөлдөө бөлүмү Ысык-Көл, Нарын, Талас, Чүй облустарындагы, Бишкек жана Ош шаарларындагы жабык мекемелерге 100дөн ашык мониторингдик баруулларды жүргүздү. Укук коргоо органдары жана сот системасынын кызматкерлерине карата ар кандай мазмундагы 322 жазуу түрүндөгү арыздар каралды. Алынган жыйынтыктар боюнча жол берилген укук бузууларды четтетүү үчүн 7 көңүл буруу актысы даярдалып, укук коргоо органдарынын 10 кызматкерине тартиптик чаралары жарыяланды. Соттор кеңешинин дисциплинардык комиссиясына 2 судья боюнча материалдар берилди. Бөлүм коронавирус пандемиясына каршы турууда өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шартында укуктарды жана эркиндиктерди чектөөнүн колдонулушуна байланыштуу маселелерди карады. Акыйкатчынын демилгеси менен түзүлгөн жумушчу топ менен биргеликте кармалган жаранды медициналык кароодон өткөрүүнүн Бирдиктүү формасы жана көрсөтмөсү иштелип чыкты жана ишке ашырылды.

Пандемияга карабастан, укук бузууларды болтурбоо үчүн аткарылган иштер менен катар эле (активдүү компонент), жарандардын кайрылууларын кароо Укук коргоо органдары тарабынан жана эркинен ажыратуу жайларында адам укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышын көзөмөлдөө бөлүмүнүн ишмердүүлүгүндөгү эң маанилүү компонент бойдон калууда.

2020-жылда Даттануулар жана арыздар бөлүмү тарабынан каралган арыздардын ичинен басымдуу бөлүгү ички иштер органдарынын, прокуратуранын кызматкерлеринин мыйзамсыз

аракеттерине же аракетсиздигине тиешелүү болсо, аз сандагысы – Улуттук коопсуздук кызматынын, экономикалык кылмыштар менен күрөшүү кызматынын, ошондой эле жазаларды аткаруу системасынын кызматкерлерине тиешелүү.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлерине карата болгон арыздар алардын өз милдеттерин тиешелүү түрдө аткарбагандыгы, ошондой эле жазык-процесстик мыйзамдардын ченемдерин бузууга байланыштуу болду.

Пандемиянын шартында Бишкек жана Нарын шаарларындагы тергөө изоляторлорунда саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө адам укуктарынын сакталышын камсыздоо максатында, Бишкектеги ЕККУнун Программалык кеңсесинин колдоосу менен, КР Кыйноолорду жана катаал мамилелерди алдын алуу боюнча улуттук борбору (КААУБ) жана «Эркиндик үнү» Коомдук фонду менен биргеликте ЖАМК тергөө изоляторлоруна текшерүү жүргүзүлдү, жыйынтыктары боюнча баяндама даярдалды.

Бөлүмдүн демилгеси менен Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлери, Саламаттыкты сактоо министрлигинин жана «Эркиндик үнү» фондунун алдындагы эксперттерден турган жумушчу топ түзүлүп, аткарылган иштердин жыйынтыгында кармалган жарандарды ички иштер органдарынын убактылуу кармоо изоляторлоруна (УКИ) жеткирүүдө медициналык кароодон өткөрүү жөнүндө КР Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан бирдиктүү форма жана көрсөтмө бекитилди.[127]

Эркиндигинен ажыратуу жана эркиндигин чектөө жайларында мыйзамсыз кармалгандарды аныктоо максатында 2020-жылда 100дөн ашуун мониторингдик баруулар ишке ашырылды. Анын ичинен 42 мониторингдик текшерүү Бишкек шаарындагы Ички иштер башкы башкармалыгынын УКИне, милициянын райондук жана шаардык бөлүмдөрүнө (РИИБ, МШБ), 21 мониторингдик текшерүү Ош шаарындагы Ички иштер башкы башкармалыгынын убактылуу кармоо изоляторуна, 7 мониторингдик текшерүү Бишкек шаарындагы №1 тергөө изоляторуна (ТИЗО) болду.

Түшкөн арыздарды чечүү үчүн мамлекеттик органдарга кат жүзүндө 30 суроо-талап жөнөтүлдү, жооп алынгандары боюнча арыз ээлерине консультациялар берилди, соттук отурумдарга 30дан ашык мониторинг жүргүзүлүп, текшерүүлөрдүн жана адам укуктарынын бузулушун аныктоонун натыйжалары боюнча жол берилген мыйзам бузууларды жоюу боюнча 7 Көңүл буруу актысы жиберилген, укук коргоо органдарынын 10 кызматкерине жана 2 судьяга тартипке чакыруу чарасы каралган.

Ошентип, 2020-жылда КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын Укук коргоо органдары, башка камакка алуу жана эркиндиктен ажыратуу жайларындагы органдар тарабынан адам укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын сакталышы боюнча бөлүмүнө укук коргоо органдарынын жана сот системасынын кызматкерлерине байланыштуу ар кандай мазмундагы 322 кат жүзүндөгү арыздар келип түшкөн.

## Арыздардын түзүмү боюнча сандык курамы

| | |
|---|---|
| КР ИИМ кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине) болгон даттануулар | 88 |
| Прокуратура кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине) болгон даттануулар | 19 |
| КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине) болгон даттануулар | 22 |
| Соттук чечимдерге болгон даттануулар | 12 |

[127] КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 24.03.2020-ж. №190 Буйругу.

| | |
|---|---|
| КР УКМК кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине) болгон даттануулар | 12 |
| КР Өкмөтүнө караштуу экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү мамлекеттик кызматынын (ЭКККМК) кызматкерлеринин аракетине (аракетсиздигине) болгон даттануулар | 6 |
| Экстремизм маселелери боюнча материалдар | 1 |
| Башкалар | 162 |

## 6.1. ӨЗГӨЧӨ АБАЛ ЖАНА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР ШАРТЫНДА УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫНЫН АРАКЕТТЕРИНЕ БОЛГОН ЖАРАНДАРДЫН ДАТТАНУУЛАРЫ

1995-жылы Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт[128] өзгөчө кырдаалды киргизүү «Пактта белгиленген жашоо укугунан ажыратуу, кыйноолорго же катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага тыюу салуу, кулчулукка тыюу салуу, эркиндигинен ажыратуу үчүн негиз боло албасын»[129] көрсөтөт.

КР Конституциясы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдарды кабыл алууга жол бербестиги жөнүндө ченемдерди карайт. Өзгөчө кырдаалдар жана өзгөчө абал режимин киргизүү адамдын жана жарандын көптөгөн конституциялык укуктарын, киргизилген чектөөлөрдүн кабыл алынышын камсыз кылуу маселелерин шарттады. Пандемия башталгандан тартып мамлекет тарабынан болгон адам укуктарын жана эркиндиктерин чектөө коронавирус инфекциясынын жайылышына каршы туруу үчүн адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна алып келе турган негизсиз же пропорционалдуу эмес чектөөлөр киргизилиши мүмкүн экендигин көрсөттү.

Улуттук мыйзамдарда каралган, өзгөчө же аскердик абалдын шартында адам укуктарын камсыз кылууга байланыштуу талаптар жалпы кабыл алынган эл аралык укуктардын принциптери менен шайкеш келүүсү маанилүү.

25-мартта Бишкек, Жалал-Абад, Ошто жана Кыргызстандын түштүгүндөгү бир катар башка райондорго өзгөчө абал режими киргизилип, коменданттар дайындалып, коменданттык саат киргизилген, аталган калктуу пункттарда сөзсүз түрдө аткарылуучу буйруктар кабыл алынган. Кийин коменданттык сааттар Нарын шаарына жана Ат-Башы районуна киргизилген.

Өкмөт тарабынан кетирилген бир катар кемчиликтер жарандар арасындагы көптөгөн курмандыктарга алып келди, мамлекеттик органдардын коркунучтуу ооруларга, анын ичинен COVID-19га каршы туруу үчүн жасалган даярдыгынын абалын көрсөттү. Түзүлгөн кырдаалда калк өз алдынча дарылануу чараларын көрүп, волонтерлорго, жарандык активисттерге, чет мамлекеттердин башчыларына жардам сурап кайрылып жатышты, бул начар божомолдоо жана тиешелүү мамлекеттик органдар менен кызмат адамдарынын, атап айтканда, социалдык маселелер боюнча вице-премьер министрдин, Саламаттыкты сактоо министрлигинин жана республикалык штабдын мүчөлөрүнүн ишти начар уюштургандыгынан кабар берет.

[128] Карагыла: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml.

[129] ЖСУЭП 4-беренеси, о.э. укуктар менен эркиндиктерге жол берилген чектөөлөр жөнүндө Жобо.

## Өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал режимдеринин шартында жарандарды кармоонун жол-жобосу

Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу механизминде негизги орунду жарандардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоого атайын ыйгарым укуктуу болгон ички иштер органдары ээлейт. Бул максатта ички иштер органдарынын кызматкерлери бир жагынан, жарандардын укуктарын, өмүрүн жана тынчтыгын коргоону жүзөгө ашыруу менен, кеңири ыйгарым укуктарга ээ, ал эми экинчи жагынан – мыйзамды бузуу менен, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин чектешет.

Өзгөчө абал режиминин шартында негизги күч болуп саналган ички иштер органдарынын ишиндеги адамдын укуктары жана эркиндиктерин камсыз кылуу маселелерине өзгөчө көңүл бурулду. Тажрыйба көрсөткөндөй, ички иштер органдарынын кызматкерлери дайым эле мыйзамдуулук принциптерине баш ийбегендиги белгилүү болду.

Өзгөчө абал мезгилинде ички иштер органдарынын кызматкерлеринин иш-аракетин талдоо КРнын «Өзгөчө абал жөнүндө» конституциялык мыйзамы Негизги мыйзамга карама-каршы келээрин ачыкка чыгарды. Алсак, КР «Өзгөчө абал жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесине ылайык, коменданттык сааттын тартибин бузууга жол берген адамдар милиция же аскердик патрулдар тарабынан коменданттык саат бүткөнгө чейин кармалат, ал эми жанында өздүгүн тастыктаган документи жоктор – ким экендиги такталганга чейин, бирок өзгөчө абал киргизилген жердеги ыйгарым укуктуу ички иштер органдарынын же комендатуранын кызматкерлери тарабынан милдеттүү түрдө протокол түзүлүү менен үч суткадан ашык эмес убакытка кармалат. Аталган мыйзамдын 34-беренеси мындай мыйзам бузуулар үч сутка ичинде райондук (шаардык) соттун судьялары же болбосо, ички иштер органынын башчысы (орун басары) же болбосо аймактык бөлүмдүн комендантынын жеке кароосунда болорун дайындайт.

Ошентип, коменданттык сааттын тартибин бузгандыгы үчүн жарандарды кармоо милдеттүү түрдө протокол толтуруу, ошондой эле жоопкерчиликке тартуу (эгер жагдайлар такталган болсо) менен, процессуалдык мажбурлоо чараларынын аналогу болуп саналат.

Акыйкатчынын пикири боюнча, «Өзгөчө абалдар жөнүндө» конституциялык мыйзамдын жобосу жогорку юридикалык күчкө ээ Конституциянын 4-бөлүгүнүн 24-беренесине түздөн-түз каршы келет, бул берене боюнча соттун чечимисиз эч ким 48 сааттан ашык мөөнөткө камалбашы керек. Ар бир кармалган адам кармалгандан тартып 48 саат ичинде токтоосуз түрдө жана кандай учур болбосун, аны кармоонун мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко алып барылышы керек.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык кепилдик өзгөчө кырдаал же өзгөчө абал режимдеринде сакталышы керек. Кармалган адамдардын саны жоопко тартылган адамдардын санына шайкеш келиши керек. Андай болбой калган учурларда кармоонун мыйзамдуу эместигине же башка коррупциялык көрүнүштөрдү камтый турган кыянатчылыктарга болгон шектенүүлөргө негиз жаратат.

### 6.1.1-мисал

*КР Акыйкатчысынын наамына «Юристтер адам укуктары үчүн», «Эркиндик үнү», «Коомдук кызыкчылыктарды коргоо борбору» коомдук фонддору жана «Реформа жана жыйынтык үчүн» жарандык биримдиги коомдук бирикмесинен Бишкек шаарындагы Октябрь райондук ИИБ имаратынын короосунда 2020-жылдын 30-мартында саат 22.50дө видеого жашыруун тартылган эркек адамды сабоо фактысы боюнча кайрылуу келип түшкөн.*

Конституциянын 22-беренесинде: «эч кандай өзгөчө жагдайлар, алар кандай гана болбосун, мейли согуштук абал же согуш коркунучу, ички саясий туруксуздук же башка өзгөчө кырдаал болобу, кыйноолорду актай албайт» деп жазылган. Мындан адамдын кадыр-баркынын

жана кыйноолордон жана башка катаал, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлаган мамиленин же жазанын түрлөрүнөн коргонуу кепилдиги ал чече турган кырдаалга карабастан (өзгөчө кырдаалга да карабастан), мамлекеттин жана анын ишмердүүлүгүнүн көз алдында калышы керек. Эркек адамды сабаган укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракеттери Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 143-беренесинде («кыйноо») каралган кылмыштын курамын камтыйт.

Мындай аракеттерге жол берилбейт жана ага каршы туруу керек. Өзгөчө кырдаалдын шарттарында калктын бардык катмары өзгөчө аялуу абалда болот.

Бул учурга байланыштуу КР Акыйкатчысы Башкы прокуратурага ишти Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине (КЖБР) каттоо, сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү жана күнөөлүүлөрдү жоопко тартуу өтүнүчү менен кат жөнөткөн. Тилекке каршы, прокуратура органдары расмий жооп менен гана чектелип, анда кармалган жаран мас абалында болуп, милиция кызматкерлерине каршылык көрсөткөнү айтылган. Ошентип, Акыйкатчынын талаптарына карабастан, аталган окуя көзөмөл органы тарабынан толук каралып чыккан жок жана милиция кызматкерлерине карата тиешелүү чаралар көрүлгөн жок.

Өзгөчө кырдаал учурунда бир катар медиа-эксперттер Жазык кодексине, Жоруктар жана Бузуулар жөнүндө кодекстерине киргизилген жаңы өзгөртүүлөр боюнча өз пикирлерин билдиришти. Кыргыз Республикасынын «Бузуулар жөнүндө» кодексине, тактап айтканда, 82–2-беренесине киргизилген өзгөртүүлөр сынга алынды. Бул беренеге ылайык: «Укук тартибин бузууга багытталган иш-аракеттер же коомдук тартипти жана адамдардын тынчтыгын бузган, туура эмес маалыматтарды жайылтуу менен, өзгөчө кырдаал, өзгөчө же согуш абалы жарыяланган аймакта жасалган иш-аракеттер, 3-категориядагы (жеке жактар үчүн – 55 эсептик көрсөткүч (5,5 миң сом), юридикалык жактар үчүн – 170 эсептик көрсөткүч (17 миң сом) айып салуу каралган».

Бул беренеде олуттуу тобокелчиликтер бар, мында өтө маанилүү суроо туулат: таратылган маалыматтын аныктыгын же болбосо, так эместигин ким жана кандай жол менен аныктайт. Ошондой эле, «Өзгөчө абал жөнүндө» КРнын конституциялык мыйзамы бузуулар үчүн санкцияларды, кырдаал курчуп кеткен учурда жалпыга маалымдоо каражаттарына көзөмөлдү киргизүү, мүлкүн конфискациялоо, адамдарды кармоо боюнча бир катар ченемдерди камтыйт. Көзөмөлдү киргизүү жөнүндө санкцияларда анын чектеринин так эместиги жана түшүнүгүнүн жоктугу чечимдерди кабыл алууда шайкеш келбестикке жана тандалмачылыкка алып келет.

Чагымчыл ушактардын жайылышына каршы күрөшүү боюнча укук коргоо органдарынын кызматкерлери мындай ар бир фактыны Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине (КЖБР) каттоого милдеттүү. Жарандардын фотосүрөттөрүн жана жеке маалыматтарын жарыялоо, алардын өкүнгөндүгү жана коомчулуктан кечирим сурагандыгы, Жазык кодекси, Жоруктар жөнүндө кодекс же Бузуулар жөнүндө кодекс боюнча жоопкерчиликке тартылбагандыгы менен коштолгон, укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин иш-аракеттерин документтештирүү жок болгон учурларда кылмыш жоопкерчилигине алып келе турган ыйгарым укуктардан аша чабуу катары каралышы керек.

Ошол эле учурда, КРнын Конституциясынын 33-беренесине ылайык, «ар бир адам маалыматты эркин издөөгө, алууга, сактоого, колдонууга жана оозеки, жазуу жүзүндө же башка жол менен жайылтууга укуктуу». Ушул берененин жобосунда: «ар бир адам мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен юридикалык жактардын, ошондой эле республикалык жана жергиликтүү бюджеттен каржыланган уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алууга укуктуу. Адамды каралаган жана кадыр-баркын түшүрүп, кемсинткен маалыматтарды тараткандыгы үчүн эч ким кылмыш жазасына тартылбайт». Бул маселелер жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде каралышы керек.

Муну эске алып, чагымчыл иштердин жайылышынын ар бир фактысы боюнча жарандардын иш-аракеттеринде мыйзамсыз аракеттердин болгондугу жөнүндө юридикалык баа берилиши керек эле. Болбосо, көйгөйлөр жана оорулардын учурлары, оорулардын очокторун ачыктоо жана андан аркы сунуштар жөнүндө ыйгарым укуктуу органдар тарабынан калкты ыкчам түрдө маалымдар кылуу жок болсо, маалыматтык боштук чындыкка дал келбеген имиштер жана божомолдор менен толукталат.

Ошондой эле, Конституция ар бир адамга мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагындагы маалыматтарга жеткиликтүүлүктү кепилдей тургандыгын белгилей кетүү зарыл.

### 6.1.2-мисал.

*УКМК кызматкерлери №64 мектептин мугалими Татьяна Шагееваны видеокамера аркылуу кыргыз элинен кечирим суроого мажбурлашкан*

*Педагогдун айтуусунда, 2020-жылдын 30-мартында, ал дүкөндөгү башка кардарлардын Көк-Жар айылынан 50 киши коронавирус инфекциясын жуктурду делип шектелип, обсервацияга алып кетишкендиги тууралуу айтып жатышканын уккан.*

*Т. Шагеева бул тууралуу коллегасына – №64 мектептин окуу бөлүмүнүн башчысына маалымдап, өзүнүн жумушта жоктугунун себебин айткан, анын айтуусунда, Көк-Жардын жашоочуларын айылдан чыгарбай жатышкан. Окуу бөлүмүнүн башчысы мындан кийин ал маалыматты мугалимдерге, ал эми мугалимдер – ата-энелерге жиберген. Ошентип, бул маалымат ылдам эле тарап кеткен. Андан кийин Т. Шагеева көпчүлүккө маалым болгон 50 кишини обсервацияга алып кеткендиги тууралуу аудиобилдирүүнү окуу бөлүмүнүн башчысына жиберген.*

*Мугалимдин айтуусунда, кийинки күнү ага милиция кызматкерлери байланышып, ага карата кылмыш иши ачылгандыгы жөнүндө айтып коркутуу менен, аны Чүй облусунун Аламүдүн райондук ИИБине чакырышкан.*

*Андан соң, мугалимдин маалыматы боюнча, укук коргоо кызматкерлери анын кошунасына Т. Шагееванын жалган маалымат тараткандыгы тууралуу арыз жазуусун сурашкан. Бөлүмгө келген УКМК кызматкери видеокайрылуу аркылуу кечирим суроону талап кылган, болбосо кылмыш иши ачылат деп коркуткан. Мугалим коркуп, берилген текстти окуп берүүгө мажбур болгон.*

### 6.1.3-мисал

*Акыйкатчы аппаратына шаар аралык жүк ташуучу унаанын айдоочусу З.Т. Азизбаев арыз менен кайрылып, аны кызмат адамдарынын иш-аракеттерине болгон даттануу укугунан ажыратуу менен, КР ЖПК ченемдерин одоно түрдө бузган ЭКККМК Чүй облусу боюнча тергөөчүсү Т. Сариевдин жана Чүй облусунун прокурорунун орун басары З. Бейшекеевдин үстүнөн даттанган.*

*2020-жылдын 5-декабрында тергөөчү Т. Сариев З.Т. Азизбаевге КРнын Жазык кодексинин 223- (экономикалык контрабанда), 320- (кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу), 359- (жасалма документтер) беренелери боюнча кылмыш жасоого шектелгендиги жөнүндө билдирүү берген. З. Азизбаев жактоочусу менен бирге иштин материалдары менен таанышып, кылмыштын курамы жок болгондугуна байланыштуу кылмыш ишин токтотуу жөнүндө өтүнүчтү тергөөчүгө алып барган. 2020-жылдын 7-декабрындагы токтому менен тергөөчү Т. Сариев коргоонун өтүнүчүн четке каккан. 2020-жылдын 8-декабрында тергөөчүнүн бул өтүнүчтү четке каккан токтому менен таанышууда жактоочу прокурорго арыздануу тууралуу тергөөчүгө билдирген.*

*КР ЖПК 246-беренесине ылайык, өтүнүчтү канааттандыруудан баш тарткан учурда баш тарткандыгы тууралуу токтомдун көчүрмөсүн даттануучу алган учурдан тартып 3 сутка ичинде прокурорго арызданса болот. Даттанууну берүү ал чечилгенге чейин ишти прокурорго берүүнү токтотуп турат.*

*Коргоо тарабынан 2020-жылдын 9-декабрында күндүн биринчи жарымында Чүй облустук Прокуроруна тергөөчүнүн иш-аракетине болгон даттануу берилген. Ушул эле күнү, тергөөчү Т. Сариев З. Азизовду жана анын жактоочусун өзүнө чакырып, прокурордун орун басары З.Бейшекеев тарабынан бекитилген айыптоо актысы менен таанышкандыгы тууралуу бланканы берген. Таанышуу бланкасына З. Азизбаевдин колу коюлган эмес. Буга карабастан, тергөөчү Т. Сариев ЖПК бардык ченемдерин бузуу менен, ишти Ысык-Ата райондук сотуна жиберген. Сот тарабынан ЖПК ченемдеринин бузулушу эске алынып, ишти прокурорго кайтаруу жөнүндө аныктама чыккан.*

Акыйкатчы аппараты тарабынан прокуратура жана ЭКККМК кызматкерлери жол койгон мыйзам бузууларды жоюу үчүн көңүл буруу актысы берилген.

Кайрылууларга болгон талдоолор көрсөткөндөй, жарандардын көпчүлүгү ИИМ, УКМК кызматкерлеринин мыйзамсыз иш-аракеттерине же аракетсиздигине жана прокуратура тарабынан көзөмөлдүн жоктугуна нааразы болушат. Муну эске алуу менен, прокуратуранын ишмердүүлүгү адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышын, укуктук тартиптин сакталышын камсыз кылуучу укук коргоо органдары тарабынан кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугуна натыйжалуу көзөмөл жүргүзүүнүн кепили болушу керек.

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын кызматкерлери тарабынан каралган укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан жасалган кылмыштардын (укук бузуулардын) жалпы түрлөрү бул – кыйноолор, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу, мыйзамсыз кармоо же эркинен ажыратуу, убара тарттыруу жана тергөөнүн аракетсиздиги, КЖБР автоматташтырылган маалымат системасына каттоодогу создуктуруу, жактоочулары жок суракка алуу же «дежур» делген жактоочуларды берүү, ж.б. тергөөдөгү мыйзам бузуулар.

## СУНУШТАМАЛАР

### *Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна:*

1. *Натыйжалуу прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу жана жогоруда көрсөтүлгөн адам укуктарынын бузулушунун алдын алуу боюнча чараларды көрүү.*
2. *Укук коргоо органдарындагы сотко чейинки процесстерге көзөмөлдү күчөтүү жана билдирүүлөрдү Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине (КЖБР) каттоо.*
3. *Укук коргоо органдарынын иш-аракеттеринин мыйзамдуулугуна прокурордук көзөмөлдү күчөтүү зарылдыгына көңүл буруу, анын ичинде ӨК жана ӨА киргизүү мезгилинде.*

# 6.2. ПАНДЕМИЯНЫН ШАРТЫНДА ТЕРГӨӨ ИЗОЛЯТОРЛОРУНДА АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАНА САЛАМАТТЫГЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## Пандемиянын шартында тергөө изоляторлорунда медициналык жана инфекциялык коопсуздуктун жана адам укуктарынын абалы

2020-жылдын январь айында Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму SARS-CoV-2 вирусуна байланыштуу эпидемиянын келип чыгышын эл аралык маанидеги өзгөчө кырдаал деп, ал эми 2020-жылдын 11-мартында пандемия деп жарыялады. COVID-19дун ыкчам жайылышына байланыштуу, көпчүлүк өлкөлөрдүн өкмөттөрү экономикасына, жарандардын укуктары менен эркиндиктерине олуттуу таасир тийгизген масштабдуу чектөө чараларын көрүштү. Бүтүндөй калкка караганда, эркиндигинен ажыратылган адамдар камакта отургандыгына жана бири-бирине жакын болгондугуна байланыштуу COVID-19 эпидемиясына каршы турууда алсызыраак экени далилденди.

БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссары Мишель Бачелет атайын билдирүүсүндө, COVID-19 пандемиясына ар тараптуу жооп кайтаруунун алкагында, өкмөттөрдү жана бийликтин тийиштүү органдарын камактагы адамдардын санын кыскартууга жана алардын өмүрүн жана ден соолугун коргоо үчүн кечиктирилгис чараларды көрүүгө чакырды.

Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын бир катар укук коргоо мекемелери жана адам укугун коргоочу уюмдары жашы жете элек балдарга, жалгыз бой аялдарга жана балдары бар эркектерге, 60 жашка чейинки карыларга, ошондой эле I, II, III топтогу майыптар жана зордук-зомбулуксуз кылмыш жасаган адамдарга байланыштуу иштер боюнча өндүрүштү пандемия жүрүп жаткан мезгилде токтото туруу сунушу менен бийлик органдарына кайрылышты.

КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) тарабынан Жогорку Кеңешке, Премьер-министрге, Жогорку Сотко, ЖАМКга соттук териштирүүлөр учурунда камакта отурган адамдардын санын пандемия шартында кыскартуу сунушу менен кайрылуулар даярдалган жана жиберилген. 2020-жылдын 8-майында, өзгөчө абалдын шартында «1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 75 жылдыгына жана 2010-жылдагы Элдик Апрель революциясынын 10 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө» КРнын Мыйзамы кабыл алынды, ага ылайык, пенитенциардык мекемелердеги адамдардын саны кыйла кыскарган.

Алсак, ЖАМКнын маалыматы боюнча, 2020-жылдын 1-апрелине карата жабык мекемелерде 9 511 адам, алардын ичинен 1 832си тергөө изоляторлорунда отурушкан. «Мунапыс жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 1-беренеси боюнча мунапысты колдонуунун натыйжасында камактагы 69 адам бошотулуп, 3-берене боюнча 836 адамдын өтөлө элек жаза мөөнөтү кыскарды, ушул эле берененин 1-бөлүгүнө ылайык, 155 соттолгондордун 1/2 бөлүгүнүн өтөлө элек жаза мөөнөтү кыскартылды жана оор кылмыштар үчүн соттолгон 429 адамдын 1/3 бөлүгүнүн өтөлө элек жаза мөөнөтү кыскарган, 255 соттолуучунун 1/4 бөлүгүнүн өтөлө элек мөөнөтү кыскарган. Мындан тышкары, КРнын Президентинин алдындагы Ырайым берүү боюнча комиссияга жолдонгон кайрылуунун жыйынтыгында, 230 адам бошотулуп, 38 соттолуучунун мөөнөттөрү кыскартылды.

Пандемия учурундагы адам укуктарынын абалын изилдөө жана сактоо максатында, КРнын Акыйкатчы (Омбудсмен) институту тарабынан ЕККУнун Бишкектеги Программалык кеңсесинин колдоосу менен, Кыйноолорду алдын алуу боюнча улуттук борбор жана «Эркиндик үнү» коомдук фонду менен биргеликте ЖАМКнын тергөө изоляторлорунда изилдөөлөр жүргүзүлүп, анын жыйынтыктары боюнча доклад даярдалды. Анда пандемия учурунда адам укуктарынын сакталышына байланыштуу маселелер боюнча алгачкы жалпыланган жыйынтыктар жана корутундулар камтылган, бул жабык мекемелерде адам укуктарын коргоо жана өнүктүрүү

боюнча мындан аркы иштерде пайдалануу үчүн КРнын Өкмөтүнө, министрликтер менен ведомстволорго, укук коргоочу жана эл аралык уюмдарга таанышуу үчүн берилген.

Жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча, камактагылардын кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болушу, жеке кол тийбестиги, адилеттүү соттук териштирүүлөр, жакын туугандарына жолугуу жана медициналык жардамга жеткиликтүүлүк сыяктуу укуктарынын сакталышына таасир эткен факторлор талданды. Эң «толгон» жана «алыскы» деп Бишкектеги ТИЗО-1 жана Нарын шаарындагы ТИЗО-4 тандалды.

Жактоочулар жана укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрүнүн камактагыларга жолугуусу үчүн чектөөлөр бар экени аныкталды. Анткени, тергөө изоляторлорундагы адамдарга жолугууда инфекциялык коопсуздукту камсыздоо максатында, укук коргоо уюмдары жана жактоочуларга карата ЖАМК тарабынан ички акт түзүлгөн, ага ылайык, ТИЗОго кирүү үчүн ПЦР-тестинин терс натыйжалары менен маалымкатты көрсөтүү зарыл, анын жарактуулук мөөнөтү – 14 күн. Ушул каралган 14 күндүн ичинде анализдин өзү эле үч күндүн ичинде жүргүзүлөт. Туугандары жана жакындары менен болгон жолугушуу да чектөөлөргө дуушар болуп жатат.

Маселенин бардык жагдайларын изилдөөдө төмөнкүлөр айкын болду. ПЦР-тестти тапшырууда анын баасы 2400 сомдун тегерегинде, бул эки жумада бир өтүү талаптарын эске алганда, арзан иш чара эмес. Практика көрсөткөндөй, ПЦР-тесттин баасы адвокаттардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн кымбатташына таасирин тийгизүү менен, адвокаттык ишмердүүлүктү толук кандуу жүргүзүүгө тоскоолдук жаратат. Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамдын шарттарында жактоочу берилген учурда да терс тесттерди жасалмалоо, ошондой эле өлкөнүн бюджетине кошумча жүк келүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу да мүмкүн эмес. Аны менен бирге, ЖАМКнын чектөөлөрдү киргизүү боюнча иш-аракеттери биринчи кезекте айыпталуучулардын жана соттолгондордун өздөрүнүн коопсуздугун сактоого багытталгандыгын да эске алуу керек.

КР Конституциясы жана адам укуктарын коргоо жаатындагы ратификацияланган эл аралык келишимдерде кыйноолордон жана катаал мамилелерден эркин болуу сыяктуу адамдын негизги укуктарын чектөө үчүн эч кандай жагдай себеп боло албайт деп айтылат. Адам укуктарын коргоо боюнча улуттук институттар (Кыргыз Республикасында – Акыйкатчы жана ККУБ) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, мыйзам бузууларды көзөмөлдөө жана алдын алуу укугуна ээ. Ошондой эле, жактоочулар үчүн терс ПЦР-тесттин болуу талабы Жазык-процесстик жана Жазык-аткаруу кодекстеринде, «Адвокатура жөнүндө» КРнын Мыйзамында жана башка адвокат менен чектөөлөрсүз жана керектүү убакта жолугушууну белгилеген ченемдик укуктук-актыларда каралган эмес.

Ошентип, эпидемия учурунда ЖАМК тарабынан укук коргоо институттарынын жана жактоочулардын ишине тоскоолдук жараткан чектөөлөрдүн киргизилиши объективдүү (инфекциянын болушуна жеке коргонуу каражаттарын сатып алууга бюджеттик каражаттын жетишсиздиги жана системдик тестирлөө) сыяктуу эле субъективдүү факторлор (мекемелердин ички буйруктарын жарыялоо, ПЦР-тесттерди талап кылуу) болуп айтылды.

Буга карабастан, адам укуктарын чектөө менен жугуу коопсуздугун күчөтүүгө багытталган ЖАМКнын ички актылары Конституцияга, Жазык-процесстик жана Жазык-аткаруу кодекстерине, «КР Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» мыйзамга жана башка ченемдик укуктук актыларга карама-каршы келет.

Сот системасы өзгөчө кырдаал жана пандемия мезгилинде сот отурумдарын видеоконференциялар аркылуу өткөрүү тажрыйбасын киргизген, бул биздин оюбузча, коргоо үчүн бир катар кыйынчылыктарды жаратат. Анткени, сот отурумун видеоконференциялар аркылуу өткөрүү адвокаттардын өзүнүн кардары менен тыныгуу учурунда сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат жана муну менен адвокаттардын ишинин сапатын жана айыпталуучунун адилеттүү соттук териштирүүлөргө болгон жеткиликтүүлүгүн төмөндөтөт.

ЖАМКнын алгачкы расмий маалыматы боюнча, ведомстволук мекемелердеги айыпталуучулардын жана соттолуучулардын арасында COVID-19 менен ооруган бейтаптар болгон эмес. Ошол эле учурда, ЖАМКнын маалыматы боюнча, изилдөө жүргүзүлүп жаткан мезгилде ПЦР-тестирлөө абактагы 22 адамга гана жүргүзүлгөн, бул түзөтүү колонияларында жана түзөтүү изоляторлорунда отурган адамдардын жалпы санынын 0,2%ынын тегерегин гана түзөт. Кийинчерээк, ЖАМК 30 кызматкерге COVID-19, ал эми 55 кызматкерге жугуштуу пневмония диагнозу коюлгандыгы тууралуу маалымдады. Бул факт кызматкерлер менен айыпталуучулардын/соттолгондордун ортосундагы түздөн-түз байланышты эске алганда, ЖАМКнын маалыматтарынан шек саноого алып келет.

Ошого карабастан, сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча айыпталуучулардын/соттолгондордун 18%ы, б.а. дээрлик ар бир бешинчи адам өздөрүндө коронавирус инфекциясынын белгилери бар экендигин билдирди. 31 айыпкер/соттолуучу симптомдор тууралуу администрацияга оозеки билдиришкен, алардын ичинен төртөөнө гана медициналык текшерүүдөн өтүүгө уруксат беришкен. Башка учурларда, коронавирустук инфекциянын белгилери менен кайрылгандарга карата администрация тарабынан дене табын ченөө, дары-дармек берүү, рентгенге тартуу, камераны дезинфекциялоо сыяктуу кошумча каржылоону же квалификациялуу медициналык жардамды талап кылбаган чаралар көрүлгөн.

Ал эми 2020-жылга карата статистика пандемия мезгилинде ЖАМК мекемелеринде көз жумгандардын саны көбөйгөндүгүн көрсөтүп турат. Алсак, 2020-жылдын 1-январынан 1-ноябрына чейинки убакытта ЖАМК мекемелеринде 47 адам каза болгон:

*2 адам – кургак учуктан;*
*4 – пандемия мезгилиндеги COVID-19 жана пневмония;*
*6 – онкологиялык оорулар;*
*1 – бангизаттары менен уулануу;*
*2 – өз жанын кыйган.*
***32 адам – соматикалык оорулардан, алардын ичинен:***
*10 – жүрөк-кан тамыр системасынын оорулары;*
*11 – курч мүнөздөгү жүрөк-дем алуу жетишсиздиги;*
*3 – нерв системаларынын оорулары;*
*6 – боордун циррозу;*
*2 – дем алуу органдарынын оорулары (пневмония);*

Ошондой эле, расмий маалыматтарга ылайык, 2019-жылы ЖАМК мекемелеринде соматикалык оорулардан 4 адам каза болгон, б.а. 2020-жылга караганда сегиз эсе аз.

Ошентип, пандемия учурунда соматикалык оорулардан жапа чеккендердин арасында өлүмдүн көбөйүшү, ПЦР-тесттеринин аз санда алынгандыгы жана анонимдүү анкеталардын натыйжалары COVID-19дун ЖАМКнын жабык мекемелерине чейин киргендиги тууралуу божомолдоого негиз берет. Ошондой эле ЖАМК жетекчилигинин маалыматка жеткиликтүүлүктү чектөө боюнча иш-аракеттери аталган ведомствонун жабык мекемелеринде эпидемиянын чыныгы кесепеттерин баалоого мүмкүндүк берген жок.

Медициналык таштандыларды жайгаруу, башкаруучулук (административдик) иш чаралар, изоляция системалары, гигиена, экологиялык жана техникалык көзөмөл, персоналды жеке коргоо сыяктуу инфекциялык коопсуздукту камсыз кылган критерийлерге болгон талдоолор көрсөткөндөй, инфекциялык коопсуздук системасынын бир дагы компоненти толук кандуу аткарылган эмес.

Дарылоо-диагностикалык иш чараларды баалоо медициналык жардамдын, текшерүүнүн лабораториялык-инструменталдык түрлөрүнүн, дары-дармектер жана медициналык буюмдар менен камсыз кылуунун төмөнкү деңгээлин, коронавирус инфекциясын дарылоонун протоколдорунун жоктугун, ошондой эле квалификациялуу медициналык персоналдын жетишсиздигин көрсөттү.



*Колониялардагы медициналык абал*

# КОРУТУНДУЛАР

Эпидемия учурунда камактагылардын укуктарын сактоо маселелери боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгы эпидемия учурундагы ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү механизминин жоктугун көрсөттү, камалгандардын коргонууга, адилеттүү соттук териштирүүлөргө, процесстик мөөнөттөрдү негизсиз узартуу жана камакта кармоо мөөнөттөрү, сот иштеринин жылдырылышы, камакка алынгандарга жана соттолгондорго жактоочулардын жана укук коргоо уюмдарынын жеткиликтүүлүгүнө болгон укуктарынын бузулушуна алып келди.

Коронавирустук инфекциянын жайылуу коркунучунун алдын алуу үчүн тиешелүү медициналык чаралар толугу менен көрүлгөн эмес, бейтаптарга медициналык жардам баштапкы текшерүүнүн деңгээлинде жана ошого жараша төмөнкү сапатта көрсөтүлгөн.

Кармалгандарга коомдук маалымат алуу укугу берилген эмес жана өз кезегинде коомчулук пандемиянын шартында пенитенциардык системадагы чыныгы абал жөнүндө маалымдар болгон эмес.

Ушуга байланыштуу, адам укуктарын сактоо максатында улуттук укук коргоо институттары тарабынан жабык мекемелерге тыштан болгон текшерүүлөрдү токтотпоо өтө маанилүү, ЖАМКнын жана укук коргоо органдарынын медициналык коопсуздук режимин күчөтүү боюнча жергиликтүү ченемдик-укуктук актылары процесстин тараптарынын кызыкчылыктарын эске алуу жана адам укуктарын сактоо менен кабыл алынуусу керек.

Пенитенциардык системада болуп жаткан коркунуч, инфекциянын алдын- алуу чаралары, өлкөдөгү оору-сыркоонун жалпы абалы жөнүндө коомчулукту жана пенитенциардык системада кармалып турган адамдарды өз убагында маалымдоо маселелерине өзгөчө көңүл буруу керек.

# СУНУШТАМАЛАР:

***КР Өкмөтүнө:***

1. *Жабык мекемелерде жана бүтүндөй республика боюнча инфекциялардын жайылуу коркунучунун алдын алуу жана азайтуу боюнча улуттук иш чаралардын пландарын иштеп чыгуу, жугуу коопсуздугу боюнча колдонулуп жаткан чараларды карап чыгуу жана*

*жабык мекемелерде кармалып жаткан адамдарга өз убагында, үзгүлтүксүз медициналык жардам көрсөтүү, изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган мыйзам бузууларды жоюу, пенитенциардык мекемелердеги оордуктарды азайтуу багытында өз ара кызматташуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топту түзүү, укук коргоо институттарынын үзгүлтүксүз иштеши үчүн шарттарды камсыз кылуу.*

## *КР Жогорку Сотуна:*

1. *Мыйзамдарды жана эл аралык укукту колдонуу маселелери боюнча соттук тажрыйбаларды жана сотторго жетектөөчү көрсөтмөлөрдү берүүнү карап чыгууну сунуштоо, эпидемия мезгилинде инфекция жугуунун жана адам укуктарынын бузулушунун тобокелдик факторлорун эске алуу менен, баш коргоо чараларын кароодо адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу.*

## *КР Башкы прокуратурасына:*

1. *ТИЗОдо, укук коргоо органдарынын УКЖда删 кармоо мөөнөттөрүнө жана шектүүлөрдү (айыпталуучуларды) тергөө изоляторлоруна өз убагында которууга көзөмөлдү күчөтүү.*

## *КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК:*

1. *Эпидемия учурунда жана өлкөгө ӨК же ӨА режими киргизилгенде, эркиндигинен ажыратылган ар бир адамдын укуктарынын сакталышын камсыз кылуу.*
2. *Адвокаттардын жана укук коргоо институттарынын кызматкерлеринин тоскоолдуксуз келип турушу максатында, ӨК же ӨА шартында адвокаттардын жана укук коргоочу улуттук институттардын мекемелерге баруусу үчүн альтернативдүү чараларды кабыл алуу.*
3. *Ведомстволор алдындагы мекемелерде инфекциялардын коркунучун азайтуу боюнча иш чаралардын пландарын иштеп чыгуу жана жарыялоо, пенитенциардык системада кармалгандардын жугуштуу жана башка ооруларды жуктуруп алгандарына жана ооругандардын санына байланыштуу ишенимдүү маалыматтарды калкка жана мамлекеттик органдарга өз убагында берүү.*
4. *ӨК же ӨА режиминин таасиринин шартында видеобайланыш аркылуу туугандары менен байланышуунун альтернативдик каражаттарынын мүмкүнчүлүгүн карап көрүү.*
5. *Калкка белгиленген деңгээлде болгон тиешелүү өз убагындагы жана сапаттуу медициналык жардам көрсөтүү.*
6. *Жугузуп алган жана оорулуу адамдарды аныктоо үчүн камактагылардын бардык категориялары үчүн саламаттыкты сактоо органдарынын сунуштарына ылайык (ПЦР-тесттер, антителолорду аныктоодо кан анализдери), системалык негизде лабораториялык текшерүүлөрдү жүргүзүү.*
7. *ЖАМКнын дарыгерлеринин жарандык саламаттыкты сактоо дарыгерлери менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу, анын ичинде ЖАМКнын мекемелеринде кармалган жана Саламаттыкты сактоо министрлигинин аймактык дарылоо мекемелериндеги адистештирилген дарыланууга муктаж болгон адамдарга квалификациялуу медициналык жардам көрсөтүү.*
8. *ТИЗОго медициналык жардам сурап кайрылган соттолуучулардын азыркы учурдагы тартибин өзгөртүү, сапатын көзөмөлдөөнү камсыз кылуу менен дары-дармектердин кыскартылбаган көлөмүн түзүү.*
9. *Дарыгерлерди жана лаборанттарды диагностикага үйрөтүү боюнча чараларды көрүү, камералардын, тамактануу жайларынын, суу менен камсыздоо булактарынын ж.б.у.с. санитардык абалына көзөмөлдү күчөтүү. Кабыл алынган дүйнөлүк тажрыйбага ылайык, вирустун таасирине туш болгон жана камактагыларга, түрмөлөрдүн кызматкерлерине жана жолугууга баргандарга жеткиликтүү болгон бардык аймактарды дезинфекциялоону камсыз кылуу.*




# 7-БӨЛҮМ.

# ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫ

«Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамына ылайык, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын алдында КР Психиатриялык мекемелериндеги бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы иштейт. 2020-жылы аталган Кызмат КРнын аймагындагы психиатриялык мекемелерге мониторинг жүргүзүп, бейтаптардын жана кызмат алуучулардын жашаган шарттарын, ооруканага жаткыруунун мыйзамдуулугун, мекемелердин материалдык-техникалык жактан камсыздалуу абалын, дары-дармек менен камсыздоо жана тамак-аш азыктарынын белгиленген талаптарга шайкештигин текшерди.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык саламаттыгынын абалы терс көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт. КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, акыркы он жылда психикалык жактан жабыркоонун кесепетинен майыптардын саны өскөн. Алардын ичинен көпчүлүгү 1- жана 2-топтогу майыптар. 2020-жылы диспансердик көзөмөлдөгү медициналык мекемелердеги адамдардын саны 56 497 болгон.




***Таб. 7.1. Калктын психикалык бузулууларга чалдыгуусу***[130]

[130] «2015-2019-ж.ж. КР калкынын саламаттыгы жана саламаттыкты сактоо уюмдарынын ишмердүүлүгү» статистикалык жыйнагы.

Психикалык патологиянын өсүшүнүн негизги себептери болуп, өлкөдөгү социалдык-экономикалык кырдаал, социалдык жактан корголбогондук, жумушсуздук, улуттар аралык жана этностор аралык чыр-чатактар, аргасыздан болгон ички жана тышкы миграция жана башка стресстик жана психотикалык эмес абалдардын өнүгүшүнө шарт түзгөн факторлор эсептелет.

Ошондой эле, оорунун көбөйүшүнө 2020-жылы COVID-19 коронавирусунун жайылышы, өзгөчө абалдын, андан соң өзгөчө кырдаалдын жарыяланышы, карантиндин киргизилиши да себеп болду. Буга бүгүнкү күндө психопрофилактика жана психогигиена жаатында республикалык жана аймактык деңгээлдеги аткаруу бийликтеринин органдарынын иш-аракеттеринин жана чечимдеринин дал келбестигин кошууга болот.

Кырдаал адис-психологдордун, социалдык кызматкерлердин, юристтердин жетишсиздиги, эмоционалдык-стресстик бузулууларды алдын алуучу социалдык-психологиялык кызматтын иштеп жаткан ишинин натыйжасыздыгынан улам оорлошот. Мыйзам бузуулар болгондо калктын маалыматтык-психологиялык коопсуздугу жетишээрлик камсыздалбайт.

Психикалык жактан жабыркаган жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо укук коргоо ишиндеги маанилүү аспект болуп саналат.

Алсак, 1991-жылдын 17-декабрында Бириккен Улуттар Уюму Психикалык жактан оорулуу адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамды жакшыртуу принциптерин бекиткен (№46/119 БУУнун Башкы Ассамблеясынын резолюциясы), тактап айтканда, анда саламаттыкты сактоо, билим берүү жана социалдык кызматтар системасынын бөлүгү болуп саналган квалификациялуу психиатриялык жардам алууга бардык адамдар укуктуу делет.

## Бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы

КРнын психиатриялык мекемелериндеги адамдардын укуктарын коргоо КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) аппаратынын алдындагы Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы тарабынан, «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамына ылайык ишке ашырылат. Ошондой эле, психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоону камсыз кылуу максатында, психиатриялык мекемелерде жайгашкан Бейтаптардын укуктарын коргоо кызматы тарабынан өлкөдөгү социалдык-стационардык мекемелерге, психикалык саламаттык борборлоруна жана психиатриялык ооруканаларга мониторинг жүргүзөт.

## Бейтаптардын медициналык жардамга жеткиликтүүлүгү

Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын психикалык саламаттыкты коргоо системасындагы медициналык жардамдарга болгон жеткиликтүүлүгү психикалык жардам көрсөтүү каражаттарынын бири болуп саналат. Ошол эле учурда, психиатриялык мекемелердеги бейтаптарга медициналык жардам көрсөтүүдө психикалык саламаттыкты сактоо жаатындагы жөнгө салынуучу мамлекеттик саясат дарылоонун натыйжалуулугун жана көрсөтүлгөн категорияларды калыбына келтирүүдөгү жетишкендиктерди бекемдейт.

Психиатриялык мекемелердеги бейтаптарды медициналык жардам менен камсыз кылуу ар кандай факторлордун негизинде психиатриялык кызматтарды көрсөтүү жолу менен ишке ашат. Психикалык саламаттыкты коргоо чөйрөсүндө медициналык жардамдын натыйжалуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө экономикалык, социалдык-маданий жана башка факторлор таасир этет. Психикалык саламаттыкты сактоо кызматын уюштуруу коомдук саламаттыкты сактоо системасы менен макулдашылган, анткени баштапкы медициналык-санитардык звенолор системасындагы психикалык саламаттыкты сактоо боюнча медициналык жардамды, анын ичинде дарылоо жана алдын алуу деңгээлдерин уюштуруу, психикалык бузулууларды аныктоо жана дарылоо, психикалык саламаттыкты сактоонун чөйрөсүндө медициналык жардам көрсөтүү үчүн атайын көндүмдөр жана даярдыктар талап кылынат.

КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигинин системасында 3 психикалык ден соолук борбору (РПСБ, Ош жана Жалал-Абад ПСБ), чоңдор үчүн 2 республикалык психиатриялык оорукана (Чым-Коргон, Кызыл-Жар айылдарында) жана Ивановка айылындагы Республикалык балдар психиатриялык ооруканасы (мындан ары РБПО) бар.

2020-жылдын 1-декабрына карата республиканын психиатриялык оорукараларында 9 674 бейтап стационардык дарылануудa болгон.

КРнын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин (мындан ары ЭСӨМ) системасында 8 психоневрологиялык мекеме бар: анын алтоо чоңдор үчүн, экөө балдар үчүн.

2020-жылдын 1-ноябрына карата бул мекемелерде толук мамлекеттик колдоодогу 1 250 чоң киши жана 292 бала психоневрологиялык диагноз менен жатышат.

Ошентип, калктын психикалык саламаттыгын коргоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» КР конституциялык мыйзамынын 10- жана 17-беренелерине ылайык, 2018-жылы Өкмөттүн 2018-2030-жылдарда республиканын калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча программасы бекитилген, Программаны ишке ашыруу боюнча 35 иш чарадан турган беш жылдык алгачкы план бекитилген.

2018-2022-жылдарга карата иш чаралардын Планын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын калкынын психикалык саламаттыгын сактоо боюнча 2018-2030-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Программасын ишке ашыруунун биринчи беш жылдык этабы катары төмөнкү иш чаралар жүргүзүлдү.

COVID-19 пандемиясы бүтүндөй дүйнө жүзүндө медициналык жардам көрсөтүү тармагын үзгүлтүккө учуратып, психикалык саламаттыкты коргоо боюнча сапаттуулугу, экономикалык жактан жеткиликтүүгү ансыз да чектелүү болгон кызматтарда кыйынчылыктарды жаратты. Республикадагы пандемияга жана өзгөчө кырдаалга байланыштуу масштабдуу иш чаралар өткөрүлгөн жок.

ҮМКБдун, райондордун ҮМБнун дарыгер-психиатрлары калкты тейлөө кызматтарын санариптештирүүгө өткөрүү жана «Психикалык жактан жабыркап расмий каттоодо турган адамдар жөнүндө» маалымат базасына кирүүгө даярдыктарды көрүү максатында психикалык жактан жабыркаган бейтаптарды реестрге киргизүү боюнча иштерди жүргүзүштү. КР ССМ 27.12.2018-жылдагы №900 «Калктын психикалык саламаттыгын сактоо планын камсыздоону жана жүзөгө ашырууну жакшыртуу боюнча БМСЖда көп тармактуу командаларды түзүү жөнүндө» буйругунун негизинде, Ош, Жалал-Абад, Кара-Суу шаарларына тажрыйба алмашуу жана көп тармактуу командаларды ишке киргизүү боюнча теориялык сапарлар уюштурулуп, 2020-жылдын башынан тартып пилоттук долбоорго Ленин районунун ҮМКБ киргизилген жана көп тармактуу командалардын уюмдарды түзүү боюнча психотерапевт, психиатр жана психолог, кабинеттик жана көмөкчү медайымдардын курамында түзүлгөн, бейтаптардын маалыматтары базага киргизилген (57 психикалык жактан оорулуулар жана депрессиялык оорусу бар 24 бейтап), бейтаптар менен колдоо иштери жүргүзүлдү.

Мамлекеттик программага ылайык, аймактарда 11 пилоттук дисциплиналар аралык топтор иштей баштады (мындан ары ДАТ), алардын курамына психиатрлар, психологдор жана патронаждык медайымдар кирген. ДАТтын негизги милдети – жашаган жери боюнча, жеринде психиатриялык жардам көрсөтүү. Ошону менен бирге, стационардык психиатриялык мекемелерге кайрылбаган адамдар жабыркоого азыраак кабылышкан.

«Социалдык өнүктүрүү институту» коомдук фонду жүргүзгөн изилдөөгө ылайык, психиатриялык ооруканаларга караганда ДАТта дарылоо 42 эсе арзан. Социалдык активдүүлүк 70%га жогорулады, ДАТта дарыланган психикалык жактан жабыркагандардын жашоо-турмушка активдүүлүгүнүн чектелиши 83%га төмөндөдү.[131]

[131] Коомдук деңгээлде психиатриялык саламаттык кызматын көрсөткөн дициплиналар аралык командалардын экономикалык натыйжалуулугун изилдөө боюнча отчет. «Социалдык өнүктүрүү институту» КФ.

Адамдын, атап айтканда, КРнын аймагында жайгашкан атайын балдар мекемелериндеги жана интернаттардагы жетим балдардын жана психикалык бузулууларга дуушар болгон, мамлекеттин камкордугу алдындагы адамдардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышын камсыз кылуу үчүн интернат тибиндеги балдар мекемелерине, атайын психоневрологиялык стационардык мекемелерге (АСМ) жана Ош, Баткен, Ысык-Көл, Нарын, Чүй жана Жалал-Абад облустарында жайгашкан психиатриялык дарылоо мекемелерине мониторинг жүргүзүлгөн.[132]

Калктын социалдык жактан аялуу катмарына социалдык колдоо көрсөтүү жана COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу киргизилген өзгөчө кырдаал/өзгөчө абалдын шартында социалдык туруктуулукту камсыз кылуу максатында, КРнын Өкмөтүнүн 12.03.2020-жылдагы №146 токтомуна ылайык, адистештирилген мекемелерге карантин киргизилген.

Облустун борборунда адистештирилген медициналык жардам көрсөтүү үчүн Нарын облустук бириккен ооруканасы иштейт, анын базасында психиатриялык жана наркологиялык бөлүм бар. Психо-наркологиялык бөлүм 20 орунга ылайыкташтырылган, анын ичинде психикалык жактан жабыркаган бейтаптар үчүн 10 орун жана баңгиликтен улам саламаттыгы жабыркаган бейтаптар үчүн 10 орун каралган.

Психо-наркологиялык бөлүмдүн башчысы Д.М.нын айтымында, өткөн жылдын 28-мартында Нарын облустук бириккен ооруканасынын администрациясы аталган мекемеде коронавирус инфекциясын дарылоо чечимине байланыштуу психо-наркологиялык бөлүмдүн бейтаптарын таркатуу боюнча оозеки буйрук берген. Бөлүм башчысы Д.М.нын жана бейтаптардын туугандарынын алардын оорулары алардын жана башкалардын өмүрүнө түздөн-түз коркунуч келтирип жаткандыгын эскертүү аркылуу бул контингентти таратпоо өтүнүчү менен кайрылгандыгына карабастан, оорукананын администрациясы өз чечимин күчүндө калтырган жана оор абалда жаткан бейтаптарды тез жардам кызматы менен Бишкектеги ПСРБга жөнөтүү сунушун берген.

29-мартка караган түнү, психикалык саламаттыгы оор абалдагы 5 бейтап бөлүм башчы Д.М.нын коштоосунда Бишкек шаарындагы ПСРБга келген.

Ушул убакыт аралыгында ооруканага психикалык жана баңгиликтен улам саламаттыгында көйгөйлөрү бар бейтаптар жана алардын туугандары кайрылышкандыгына байланыштуу, 2020-жылдын 15-апрелинде оорукананын администрациясы бейтаптарды стационардык дарылоо үчүн башка бир бөлмө бөлүп берген.

Баруу учурунда бөлүмдө 10 бейтап стационардык дарылануудан өтүп жаткан.

## Токмоктогу №1 психоневрологиялык социалдык стационардык мекеме

Искра айылындагы №1 Токмок психо-неврологиялык социалдык стационардык мекемесине барган учурда 18 жана андан жогорку жаштагы 267 эркек киши жаткан. Тамак-аштар тендер аркылуу сатылып алынат, 1 айлык ундун запасы бар болгон. Дары-дармектер квартал сайын сатылып алынат. ЭСӨМ тарабынан берилген аз сандагы антисептикалык каражаттар түгөнгөн. Өзгөчө жардамга муктаж 60тан ашуун төшөктө жаткан бейтаптар бар.

Мониторинг көрсөткөндөй, бул кризис убагында системалаштырылган жана натыйжалуу жардамдарсыз калган аялуу мекеме, персонал сыяктуу эле социалдык кызматтарды алуучу катары коронавирустан коргонуу жана алдын- алууда зарыл болгон каражаттар менен камсыздалуу үчүн медициналык сыяктуу эле техникалык каражаттарга да муктаж.

Керектөөлөр: хлор – 1 айга 10 кг; гипохлорит (45-65%) – 1 айга 40 кг; антисептик – 1 айга 50 литр; 267 кызмат алуучулар үчүн бактерияга каршы самын; кир жуугуч порошок – 1 айга 100 кг;

[132] КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 22.04. 2020-ж. №71 буйругуна ылайык.

54 кызматкер үчүн коргоочу костюмдар, беткаптар, бахилалар; ун 1-2 тонна; дан акшактары, кант.

КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Чүй облусунун Чүй районуна караштуу Искра айылында жайгашкан жана ооруканадагы психоневрологиялык диагноз менен жаткан 18 жаштан жогорку эркек адамдарга социалдык кызмат көрсөтүүгө багытталган №1 Токмок стационардык социалдык мекемесинин имараттары оңдоп-түзөөнү талап кылары жана санитардык-гигиеналык ченемдерге жооп бербегендиги тууралуу маселени бир нече ирет көтөргөн.

## Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борбору

Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борборуна (ЖОПСБ) болгон мониторинг учурунда 64 бейтап болгон. Кызматкерлердин саны – 92 (11 дарыгер, 28 орто медкызматкер, 29 кенже кызматкер, 24 – жөнөкөй).

Имарат жана бөлмөлөрдүн абалы. Имаратка капиталдык оңдоп-түзөөлөр талап кылынат. ЖОПСБ жайгашкан имарат талап кылынган стандарттарга жооп бербейт (мурда бул имарат жатакана болгон), буга байланыштуу мекеменин жетекчилиги тарабынан КР Саламаттыкты сактоо министрлигине арыз берилген.




*7.1. Сүрөт. ЖОПСБ баргандагы сүрөттөр*

**Кургак учук таякчасын аныктоо фактылары боюнча санитардык-эпидемиологиялык чаралар.** Жалал-Абад шаарындагы балдардын психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесине барганда белгилүү болгондой, 2020-жылдын 28-февралында интернаттын 17 тарбиялануучусуна кургак учук таякчасы жуккандыгы аныкталып, үч баланын анализинин жыйынтыгы терс чыккан. Ушуга байланыштуу Г.Бауэр атындагы облустук оорукананын адистери тарабынан (облустун СЭС дарыгерлери тарабынан) карантин боюнча жана балдарды дарылоо боюнча иш чаралар жүргүзүлгөн. Аталган факт боюнча облустук прокуратура тарабынан текшерүүлөр болуп, маселе КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Жалал-Абад облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн көзөмөлүндө болгон.

**COVID-19га байланыштуу карантин.** Жалал-Абад облусунун Кызыл-Жар айылындагы Республикалык психиатриялык ооруканага (мындан ары РПО) мониторинг жүргүзүлгөн учурда карантин жарыяланган мезгил болчу. Стационардык дарыланууда 266 бейтап жаткан. Карантиндик бөлүм уюштурулуп, мониторинг учурунда 17 бейтап жаткан (психикалык саламаттыгы кескин курчуп кеткен абалдагы). Бардыгы болуп 315 штаттык бирдик бар, анын 290у иштейт, калгандары бош.

**Акыйкатчынын мурдагы сунуштарынын ишке ашырылышы.** КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) «2018-2019-жылдарда КРдагы адам укуктарынын жана эркиндиктеринин

сакталышы жөнүндө» ар жылдык отчетторунда, Кызыл-Жар айылындагы РПОдо жуунуу үчүн элементардык шарттардын, ошондой эле жылытуу системасынын жоктугунан бейтаптардын укуктарынын бузулуусу тууралуу маселе бир нече жолу көтөрүлгөн.

Натыйжада мончо жана жылытуу системасы оңдолду. Тамак-аштын запасы бар, дары-дармектер сатылып алынды. Коргоочу каражаттар (антисептиктер, беткаптар, кол каптар) жетиштүү өлчөмдө. Айлана-тегереги күн сайын санитардык тазалоодон өтөт. Мындан тышкары, мажбурлап дарылоо бөлүмүнө тосмо куруу иштери жүрдү. Бирок, карантин киргизилгендигине байланыштуу, курулуш иштери убактылуу токтотулган.



*7.2. Сүрөт. Кызыл-Жар айылындагы РПОнун сүрөттөрү*

**Мекемелерде болуунун мыйзамдуулугу.** 2020-жылдын сентябрь айында Кызыл-Жар РПОнун №8 бөлүмүндө катуу режимде жаткан бейтап Н.М.нын мыйзамсыз жатканы аныкталган. Материалдар менен таанышканда, 2020-жылдын 15-июнунда Ноокен райондук сотунун чечими менен (2020-жылдын 25-июнунда күчүнө кирген) бейтап Н.С. Меймановду катуу тартипте (мажбурлоо) дарылоо режиминен күчөтүлгөн тартипте дарылоо режимине которуу керектиги аныкталган.

**Даттануу берүүнүн мөөнөттөрүн бузуу.** Аталган соттун токтому Ноокен райондук прокуратурасынын апелляциялык сунуштамасы мөөнөттү бузуу менен Жалал-Абад облусунун облустук сотуна берилбегендигине байланыштуу аткарылган эмес, бул иштин материалдары 07.07.2020-жылы облустук сотко келип түшкөн, Жалал-Абад облустук соту 28.07.2020-жылы апелляциялык арызды карабай, апелляцияны берүү мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу ишти Ноокен райондук сотуна кайтарып берген (КР ЖПК 394-беренеси).

Бул факт боюнча Жалал-Абад облустук прокуратурасына кат жөнөтүлүп жана анын жыйынтыгы боюнча прокуратуранын канцелярия бөлүмүнүн башчысы Б. Бекеевге сөгүш жарыяланды, ошондой эле Ноокен районунун прокуроруна жана улук жардамчысына эскертүү берилди. Мындан тышкары, КРнын Судьялар кеңешинин алдындагы Тартип комиссиясына судья К. Абыловго карата өзүнүн кызматтык милдеттерине шалаакы мамиле жасагандыгы үчүн тартиптик иш козгоо жөнүндө сунуш жөнөтүлдү.

**Милдеттенмелердин аткарылбагандыгына көңүл буруу.** Кадамжай үй-интернатына жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө ал жерде жашагандардын иштери менен таанышуу учурунда, Жалал-Абад шаарынын Социалдык өнүгүү башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан өздөрүнүн кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгынын натыйжасында тагылган милдеттерине шалаакы мамиле жасалгандыгы аныкталды.

Тактап айтканда, жаран М.С. өзүнүн психикалык оорусуна байланыштуу (диагноз: параноиддик шизофрения) 2010-жылдын 7-декабрынан бери Кадамжай АСМ жаткырылган.

Бирок, Жалал-Абад шаарынын Социалдык өнүгүү башкармалыгы тарабынан Жалал-Абад шаардык сотуна М.С. дайынсыз жоголду деп табуу жөнүндө арыз берилген жана сот 13.08.2012-жылы СӨБнын арызын канааттандырган.

Бул факт боюнча Кызмат тарабынан КРнын Эмгек жана Социалдык өнүктүрүү министрлигине М.С.га байланыштуу Жалал-Абад шаардык сотунун 2012-жылдын 13-августундагы №ГД-645/12Д-4 чечимин жокко чыгаруу боюнча чара көрүү жөнүндө кат жиберилген. Жалал-Абад шаарындагы СӨБ тарабынан М.С. боюнча 13.08.2012-жылдагы соттун чечимин өзгөртүү тууралуу арыз берилген.

**Таза абада сейилдөө укугу.** Сейилдөө укугу психиатриялык ооруканада жаткан ар бир бейтаптын, анын ичинде мажбурланып ооруканага жаткырылган бейтаптардын ажырагыс укугу болуп саналат. Буга байланыштуу ооруканалардын администрациялары бейтаптар үчүн сейилдөөлөрдү уюштурууга милдеттүү. Бул үчүн ооруканалар сейилдөөчү аянтчалары менен жабдылган. Ошол эле учурда сейилдөөчү жайлар коопсуздук талаптарына да, сакаюу жана калыбына келтирүү максаттарына да жооп бериши керек.

2020-жылдын 26-ноябрында КАУБ аймактык өкүлү А. Эрматов жана КАУБ эксперти М. Апсатаров Жалал-Абад облустук психикалык саламаттык борборуна (ПСБ) барышып, бейтаптар бир жыл бою сейилдөөгө чыккан эмес деген жыйынтыкка келишкен, муну алар бөлүмдөрдөгү сейилдөөлөрдү жазып турган журналдын жоктугуна негиздешкен.

«Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамында жана психиатриялык кызматтардын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларда сейилдөө журналын жүргүзүү тууралуу каралбайт жана күнүнө эки ирет сейилдөө тууралуу айтылбаган. Бул борбордогу бейтаптар өз ыктыяры менен дарылануудан өтүшөт жана алардын психикалык абалына жараша дарыгер-психиатр диагноз коюп, иштелип чыккан планга ылайык дарылоо жүргүзүлөт.

Тергөөнүн жүрүшүндө башкы дарыгердин бөлмөсүндөгү байкоо камерасы текшерилип, байкоо камерасынын оперативдүү сактоосу болгону 30 күндүк экендиги аныкталды.

Ошондой эле дарыгерлер сейилдегенге 1 (бир) жылдап уруксат берилбейт дегенге макул эместиктерин айтышат, анткени клиникалык протокол боюнча дарылоонун узактыгы 45 күндөн 65 күнгө чейин, андыктан бейтапты жылдап сейилдөөгө чыгарбай коюуга болбойт.

Изилдөөдө бир жактуулукка жол бербөө үчүн палаталардагы бейтаптарга дарыгердин уруксаты менен маектешкенче сейилдөө (медициналык кызматкерлер катышпаган) жана жылуу кийим жоктугунан суукка байланыштуу сейилдөөдөн баш тартуу сунушталды. Бейтаптардын арасынан О.Д., Н.Х., Э.А. тарабынан жазуу жүзүндө түшүндүрмөлөр берилген.

Психикалык дартка чалдыккан адамдарды коргоонун жана психикалык жардамды жакшыртуунун 1-принцибинин 5-пунктуна ылайык, ар бир психикалык оорулуу Адам укуктарынын жалпы декларациясында[133] таанылган бардык жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий укуктардан,[134] Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт[135] жана башка Майыптардын укуктары жөнүндө декларация[136] жана кандай формада болбосун, кармоого жана камоого туш болгон бардык адамдарды коргоо Принциптеринин жыйындысы[137] сыяктуу тиешелүү документтерди пайдаланууга укуктуу.

---

[133] Караңыз. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml.

[134] Караңыз. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactecon.shtml.

[135] Караңыз. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml.

[136] Караңыз. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/disabled.shtml.

[137] Психикалык дартка чалдыккан адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамдарды жакшыртуу Принциптери https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/detent.shtml. Башкы ассамблеянын 17-декабрь 1991-жылдагы №46/119 Резолюциясы http://www.un.org/ru/documents/ods.asp?m=A/RES/46/119.

Ошондой эле, «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүү учурунда жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, психикалык жактан жабыркаган адамдар КРнын Конституциясында каралган бардык укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланышат. КРнын мыйзамдарында каралган учурларда гана чектөөлөргө жол берилет. Жаранды иш-аракетке жөндөмсүз деп табуунун тартиби КРнын Жарандык кодексинин 64-беренесинде көрсөтүлгөн.

Кызыл-Жардагы республикалык психиатриялык оорукананын администрациясы тарабынан жогоруда айтылган мыйзамдардын талаптары аткарылган эмес, натыйжада 223 бейтап КРнын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо добуш берүү укугунан ажыратылган. Жогорудагы көрсөтүлгөн факты боюнча Жалал-Абад облустук прокуратурасына кат жөнөтүлдү жана жүргүзүлгөн текшерүүлөр менен ырасталды. Жыйынтыгында, Таш-Көмүр шаарынын прокуратурасы тарабынан 2020-жылдын 26-ноябрында КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигине мыйзам бузууну четтетүү боюнча сунуш жиберилген.

Психикалык дартка чалдыккан адамдарды коргоо жана психиатриялык жардамды жакшыртуунун 4-Принцибинин 3-пункту – Үй-бүлөлүк же жумуштагы чыр-чатак же тиешелүү адам жашаган коомдо өкүм сүргөн адеп-ахлактык, социалдык, маданий же саясий баалуулуктарга же диний ишенимдерге дал келбөө психикалык оорулар бар экендиги тууралуу диагнозду коюуда эч качан аныктоочу фактор боло албайт.

КРнын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) дарегине Ш.А. кайрылып, өзүнүн иниси Ш.А.Анын Бишкек шаарындагы №1 Республикалык психикалык саламаттык борборунун (РПСБ) бөлүмүнө мажбурлоо менен жаткырылгандыгы жөнүндө арызданган. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укугун коргоо кызматы тарабынан РПСБнын директору У.Исмаилов менен сүйлөшүү жүргүзүлүп, анда Ш.А. ИИМдин бейтапканасындагы иш ордунда чыккан чырдан кийин РПСБга мажбурланып жаткырылганы аныкталган. Кызматтын өкүлдөрү мажбурлап ооруканага жаткыруунун негиздемесин берүүнү талап кылышты.

«Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КРнын Мыйзамынын 32-беренесине ылайык, Мыйзамдын[138] 29-беренесинде каралган негиздер боюнча психиатриялык ооруканага жаткырылган адам 72 сааттын ичинде ооруканага жаткыруунун негиздүүлүгү жөнүндө чечимди кабыл ала турган психиатриялык мекеменин дарыгер-психиатрларынан турган комиссиясынын текшерүүсүнөн милдеттүү түрдө өтүшү керек. Ш.А. туугандары менен бирге РПСБга комиссияга барган, бирок, арыз ээсинин бир тууганын ооруканага жаткырган дарыгер жок болгондуктан, толук маалымат алуу мүмкүн болгон эмес. Кайра барып териштирген учурда 2020-жылдын 15-августунда Ш.А. дарыгерлерден турган комиссия тарабынан текшерилип, ооруканага жаткыруу зарылдыгы аныкталган эмес. Буга байланыштуу ал дароо ооруканадан чыгып, туугандарына өткөрүлүп берилген.

## Көз карандысыз психиатриялык экспертиза

Психикалык жактан жабыркоолор, алардын жайылышынын кесепети жана аны менен шартталган оорунун оорлугу жана майыптык дүйнөдөгү коомдук саламаттыкты сактоонун эң олуттуу көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат. Депрессия, тынчсыздануу жана шизофрения сыяктуу психикалык саламаттыктын бузулушу көптөгөн өлкөлөрдө турмуштук мүмкүнчүлүктөрдүн чектелип калышынын, пенсияга эрте чыгуунун негизги себептери болуп саналат жана экономикага чоң жүк алып келет, ошондуктан стратегиялык иш-аракеттерди талап кылат (ДССУ, 2013). Психикалык саламаттык адамдын өз жөндөмүн ишке ашыра ала турган жыргалчылык абал сыяктуу, адам кадимки турмуштук стресстерге туруштук бере алат, үзүрлүү эмгектенип, өз жамаатынын жашоосуна салымын кошо алат, коомдун бардык түзүмү, анын маданиятын, идеологиясын жана жөнгө салынган укуктук жана административдик чараларынын кеңири жыйындысын камтыган социалдык саясаты менен камсыздалат.

[138] Караңыз. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/225?cl=ru-ru#st_29.

Психикалык саламаттыктын начар сапатынын көпчүлүк себеби болуп басмырлоо, каралоо жана адам укуктарын бузуу болуп эсептелет.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (ДССУ) программалык документтеринде психикалык жактан жабыркаган адамдар каралоо жана басмырлоодон коркуп, психикалык саламаттыкты коргоо кызматтарына кайрылгылары келбейт, буга байланыштуу мамлекеттерге «заманбап билимдерге жана адам укуктарын сыйлоого негизделген психикалык саламаттык жаатындагы саясатты, программаларды жана мыйзамдарды орнотуу» сунушталган жана «өкмөт жана физикалык жактар тарабынан психикалык жактан жабыркаган адамдарды басмырлоодон жана башка адам укуктарын бузуудан коргоо системасын түзүү» тапшырмасы коюлган (2001).

2013-2020-жылдарга карата психикалык саламаттыкты коргоо боюнча иш-аракеттердин Европалык планында «ар бир учурду көз карандысыз түрдө карап чыгуу, эркиндигин чектөө шарттарында адамдардын кармалуу шарттарын текшерүү, арыздарды берүү мүмкүнчүлүгү, көз карандысыз укуктук жардамга жана башка зарыл болгон колдоолорго жеткиликтүүлүк сыяктуу адам укуктарын коргоонун ишенимдүү кепилдиктери иштеши керектиги» көрсөтүлгөн.

Көп тармактуу кызматташтык жана өнөктөштүк да маанилүү милдет деп таанылат, анткени «Психикалык саламаттыкты коргоо жоопкерчилигин коомдун бардык тармактары жана чөйрөлөрү көтөрөт. Бул жаатта ар бир мамлекеттик жана мамлекеттик эмес ведомстволор менен мекемелердин өзүнүн ролу бар жана алардын ар бири коомдук иште өз салымын кошууга тийиш», «психикалык саламаттык системалары башка секторлор менен так макулдашылган өнөктөштүктө иштеши керек» (ДССУ, 2013).

Психикалык дартка чалдыккан адамдарды коргоо жана психикалык саламаттыкты сактоону жакшыртуунун 18-принцибинин 3-пункту бейтап жана бейтаптын жактоочусу бардык соттук угууларда көз карандысыз психиатриялык корутундуну жана башка ар кандай бүтүмдөрдү, ошондой эле ишке тиешелүү жана алгылыктуу болгон жазуу жүзүндөгү жана оозеки түрдөгү далилдерди сурай аларын жана көрсөтө аларын кепилдейт.

Кыргыз Республикасында соттук-психиатрдык экспертизанын бардык түрлөрү (амбулатордук, стационардык, көз жумгандан кийинки, жашы жете элек балдарды экспертизадан өткөрүү жана башка) «Кыргыз Республикасындагы жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө»,[139] «Соттук-эксперттик ишмердүүлүк жөнүндө»[140] КРнын мыйзамдарына ылайык, экинчи жана үчүнчү деңгээлдеги мамлекеттик психиатриялык мекемелерде жүргүзүлөт.

Статистикалык маалыматтарга ылайык, 2015-жылы республика боюнча комплекстүү жана комиссиялык экспертизаларды кошкондо, бардыгы болуп 2 939 соттук-психиатриялык экспертизалар жүргүзүлгөн, бул 2013-жылдагы көрсөткүчтөн дээрлик эки эсе көп (1554). Соттук-психиатриялык экспертизалардын негизги бөлүгү Республикалык психикалык саламаттык борборунун эксперт-психиатрлары тарабынан жүргүзүлөт, алардын саны 1 829ду (62,2%) жана Ош облустук психикалык саламаттык борборунда – 889ду (30,2%) түзгөн. 2015-жылы Чым-Коргон айылындагы жана Кызыл-Жар айылындагы республикалык психиатриялык ооруканаларда 91 (3,1%) жана 130 (4,4%) соттук-психиатриялык экспертизалар жүргүзүлгөн .

Албетте, башка түрдөгү психиатриялык экспертизалардын түрлөрү менен иш алып барган дарыгерлердин жүктөмү чоң. Алсак, бир жылдын ичинде РПСБ дарыгерлери 3000дин тегерегиндеги соттук-психиатриялык жана башка психиатриялык экспертизалардын түрлөрүн жүргүзүшөт.

КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин КРдагы психикалык саламаттык жаатында жүргүзүлүп жаткан саясаты ДССУнун позицияларына карама-каршы келет, айрыкча тармактар аралык өз ара аракеттенүү жана психикалык саламаттыкты сактоодогу кызмат көрсөтүүлөрдүн өкмөттүк эмес секторун өнүктүрүү бөлүгүндө.

[139] Караңыз. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1602?cl=ru-ru.

[140] Караңыз. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/11840.

Атап айтканда, КР ССМ 21.04.2017-жылдагы №337 буйругу менен «Кыргыз Республикасынын аймагындагы саламаттыкты сактоонун мамлекеттик эмес (жеке) секторундагы медициналык ишмердүүлүктүн тыюу салынган түрлөрүнүн тизмеси» бекитилген (3-тиркеме), анда тыюу салынган медициналык ишмердүүлүктүн түрлөрүнө психиатрия жана соттук-психиатриялык экспертиза киргизилген, б.а. коомдун бүтүндөй мамлекеттик эмес (жеке) секторлору психикалык саламаттыкты коргоо маселелерине катышуудан четтетилген, ал эми мамлекеттик сектор психикалык саламаттык маселелери боюнча дарылоо-диагностикалык жана соттук-эксперттик иш-аракеттерге толугу менен ээлик кылат. Мындай монополиянын кесепеттери эмнеге алып келээри Советтер Союзундагы психиатрияны кыянаттык менен пайдалануу тажрыйбасынан улам белгилүү, бул СССРдин психиатриялык коомчулугун Дүйнөлүк психиатрлар ассоциациясынын курамынан чыгарууга алып келген.

КР ССМ аталган буйругу ДССУнун позициясына эле эмес, КРнын мыйзамдарына жана 2018-2030-жылдарга КРнын калкынын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча Мамлекеттик программасына да карама-каршы келет.

Мисалы, буйрук «Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамына каршы келет, анда психиатриялык жардамды буга уруксат алган мамлекеттик, мамлекеттик эмес психиатриялык жана нейропсихиатриялык мекемелер жана тажрыйбалуу жеке дарыгер-психиатрлар көрсөтө алат деп белгиленген (18-берене).

Бул буйрук ошондой эле «Соттук-эксперттик ишмердүүлүк жөнүндө» КР Мыйзамына да карама-каршы келет, анда соттук-эксперттик ишмердүүлүктү чектөө жалпы соттук-психиатриялык экспертизаларга эмес, стационардык соттук-психиатриялык экспертизага гана тиешелүү (13-берене).

Буйрук Психикалык саламаттыкты коргоо боюнча мамлекеттик программанын принциптерине да карама-каршы келет, анда адам укуктарын сактоо жана көп тармактуу мамиле аталган мамлекеттик программанын негизги принциптери деп жарыяланган, ал эми декларацияланган милдеттерге төмөнкүлөр кирет: а) уюмду өркүндөтүү жана психикалык саламаттыкты медициналык-социалдык жана соттук-медициналык экспертизалардан өткөрүү (4.6-бөлүм), ошондой эле б) психикалык саламаттыкты сактоо жаатында мамлекеттик жана жеке кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишмердүүлүгү үчүн бирдей шарттарды түзүү (4.7-бөлүм).

Жеке психиатриялык тажрыйба дүйнөдөгү дээрлик бардык өлкөлөрдө өнүккөн, бирок, Кыргыз Республикасында мыйзамсыз ведомстволук тыюу салуу өлкөдө мамлекеттик эмес психиатриялык клиникалардын жана жеке тажрыйбалуу дарыгер-психиатрлардын жоктугуна алып келди, бирок жогоруда белгиленгендей, мыйзамдар психикалык саламаттыкты коргоо жаатында жеке кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ишмердүүлүгүнө тыюу салбайт.

Салыштыруу үчүн, РФда амбулатордук психиатриялык кабыл алууну камсыз кылган бир нече ондогон жеке медициналык борборлор бар (ДССУнун эксперттери Москвадагыдай өнүккөн психиатриялык жардамдын амбулатордук кызматы дүйнөнүн эч бир жеринде жок деп моюнга алышкан), ал эми бир нече жеке ДПМ стационардык жардам көрсөтүү үчүн лицензиясы бар жана аларга кайрылгандардын саны туруктуу өсүп, жылына орто эсеп менен 20%га көбөйүп турат (Филашихин В.В., 2012). Коңшу Казакстанда жана Өзбекстанда (2018-жылдан бери уруксат берилген) жеке психиатриялык клиникалар бар, ал эми Түркмөнстан менен Тажикстандын мыйзамдары мамлекеттик эмес психиатриялык мекемелердин жана жеке дарыгер-психиатрлардын ишине тыюу салбайт.

Жеке психиатрияга жана ага болгон мамлекеттик монополияга тыюу салынгандыгына байланыштуу, бүгүнкү күндө өлкөдө психиатриялык жардам көрсөтүүнүн сапатын текшерүү боюнча көз карандысыз кызмат да жок, бул бейтаптарга психиатриялык диагноздорду жокко чыгарууга жана медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатына даттанууга жол бербейт.

Бир катар Батыш Европа өлкөлөрүндө, мисалы, Норвегия менен Данияда айыпталуучу расмий эксперт менен катар эле өз экспертин да чакырууга укуктуу, ал эми Голландияда сотко соттор

дайындаган эксперттер гана эмес, тараптар тарабынан чакырылган эксперттер да катыша алат. Ушул сыяктуу салттар Италиянын сот өндүрүшүндө да сакталып калган. Германияда мамлекеттик эксперттик институттар үчүн чыныгы атаандаштыкты түзүү менен, узак мезгилдерден бери ийгиликтүү иштеп келе жаткан жеке менчик эксперттик институттардын тармагы өнүккөн.

## СУНУШТАМАЛАР:

### *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө: :*

1. *2018-2030-жылдарга карата калктын психикалык саламаттыгын коргоо боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашыруу маселелерин карап чыгуу;*
2. *Аталган Мамлекеттик программаны каржылоону камсыз кылуу;*
3. *Көз карандысыз эксперттер тарабынан психиатриялык экспертиза жүргүзүүгө уруксат берүү жөнүндө «Соттук-эксперттик ишмердүүлүк жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүү киргизүү.*

### *Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине:*

1. *Психиатриялык бузулуулардан жапа чеккен адамдардын ооруларын, майыптуулугунун алдын алуу боюнча иш чаралардын аткарылышын камсыз кылуу;*
2. *Республиканын бардык аймактарына амбулатордук деңгээлде психикалык жардам кызматын көрсөткөн дисциплиналар аралык топтун (ДАТ) тажрыйбасын жайылтуу;*
3. *Психиатриялык жардам маселелери боюнча бардык ведомстволук ченемдик актыларга текшерүү жүргүзүү.*

### *КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигине:*

1. *Психикалык жактан жабыркап, атайын стационардык мекемелерге (АСМ) келген адамдардын келүү шарттарын жакшыртуу боюнча каржылык маселелерин карап чыгуу;*
2. *COVID-19 пандемиясынын шартында АСМди жеке коргонуу каражаттары, беткаптар менен толук камсыз кылуу.*

# ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-Тиркеме. 2020-жылы жарандын жана адамдын укуктарын бузган, КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) сунуштамалары менен эсептешпеген мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеси

| № | Маморгандын, ишкананын, мекеменин, уюмдун аталышы | Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндигин бузган кызмат адамынын Ф. А. А. | Ээлеген кызматы | Адамдын кандай укуктары жана эркиндик-тери бузулган | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишмердигинин натыйжасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ысык-Көл облусунун ИИБ | П. Тентимишов<br>С. Мусабаев | Башчы<br>Тергөөчү | Аракетсиздик жана чараларды өз убагында көрбөө | Катуу сөгүш, алдын-ала эскертүү, №313 буйрук, 28.08.2020-ж.. |
| 2. | Аламүдүн районунун ИИБ | Э. Турдалиев | Тергөөчү | Аракетсиздик жана чараларды өз убагында көрбөө | Катуу сөгүш, № 269 буйрук, 12.03.2020-ж. |
| 3. | Талас облустук райондор аралык эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы | С. Джанузакова<br>Т. Эралиева | Социалдык кызматкер<br>Соцалдык кызматкер | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Сөгүш, №170-171 буйруктар, 13.05.2020-ж. |
| 4. | Талас шаардык ички иштер бөлүмү | Н. Медеров | Милициянын лейтенанты | КР Бузуулар жөнүндө кодексинин 312-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу | Сөгүш, №52 буйрук, 30.03.2020-ж. |
| 5. | Фрунзе атындагы № 24 мектеп | Д. Абдувахапова | Директор | КР Эмгек кодексинин 146-беренесин бузуу | Сөгүш, №32/03-02 буйрук, 12.06.2020-г. |
| 6. | Ноокен районунун прокуратурасы | Б. Бекеев | Башчы | Аракетсиздик жана чараларды өз убагында көрбөө | Алдын ала эскертүү, №14 буйрук, 20.08.2020-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7. | Нарын облустук ЖККМИ (Обл МАИ) | К. Айсаналиев | Башчы | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Алдын ала эскертүү, прокурордун сунуштамасы, чыгыш №8-136-20, 06.05.2020-ж.. |
| 8. | Нарын облустук ИИБ | А. Токтосунов | Башчы | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Алдын ала эскертүү, прокурордун сунуштамасы, чыгыш №8-136-20, 06.05.2020-ж.. |
| 9. | Ат-Башы райондук ИИБ | Э. Осмонов | Улук инспектор | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Алдын ала эскертүү, прокурордун сунуштамасы, чыгыш № 8-136-20, 06.05.2020-ж. |
| 10. | Ат-Башы райондук ИИБ | С. Жумашов | Милициянын улук сержанты | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Алдын ала эскертүү, прокурордун сунуштамасы, чыгыш № 8-136-20, 06.05.2020-ж. |
| 11. | КР Жогорку сотунун Сот департаментинин Чүй облустук башкармалыгы | Ч. Амиров | Башкы адистин милдетин аткаруучу | Кайрылууну кароо мөөнөтүнүн сакталбашы | 2020-жылдын 4-сентябрында өз каалоосу менен бошотулганы менен чектелген |
| 12. | Ош обл, Ноокат районунун мамлекеттик нотариалдык конторасы | А. Капаров | Мамлекеттик нотариус | Кызматтык милдеттерин аткарбоо | Алдын ала эскертүү, №42 буйрук, 27.07.2020-ж. |
| 13. | Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти Каракол ш. | Э.Т. Исаев | Башкы адис | Аракетсиздик жана чараларды өз убагында көрбөө | Алдын ала эскертүү, №11 буйрук, 27.08.2020-ж. |
| 14. | Кочкор району Чолпон айыл өкмөтү | А. Карбозов | Айыл өкмөтүнүн башчысы | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Алдын ала эскертүү, прокурордун сунуштамасы, чыг. №11-95а.20, 30.09.2020-ж. |
| 15. | Нарын мамлекеттик университети | Т. Сияев | НМУ ректору | Эмгек укуктарынын бузулушу | Прокурордун алдын ала эскертүүсү, чыг. № 1-166а-20, 24.07.2020-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 16. | Сокулук РИИБ | А. К. Өзүбеков<br>Д. Д. Атабеков<br>Ч. Т. Эшимов<br>Б. Мырзабек уулу | Улук инспектор<br>Инспектор<br>Милиционер<br>Милиционер | УКИнин ички иш тартиби эрежелеринин талаптарын бузуу | Тартиптик чара, ар бирине эскертүү, ИИБ № 492 буйругу, 30.12.2020-ж. |
| 17. | Ленин райондук тергөө кызматы | Ч. Ерикова | Тергөөчү | КР ЖПК ченемдерин бузуу | Эскертүү, буйрук ИИБ №183 буйругу, 19.03.2020-ж. |
| 18 | Ленин райондук тергөө кызматы | С. Жусупов | Тергөөчү | КР ЖПК ченемдерин бузуу | Эскертүү, ИИБ №128 буйругу, 28.02.2020-ж. |
| 19 | Р. Азимов атындагы №13 мектеп | Э. Кушубакова | Директор | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Сөгүш, 05.01.2021-ж. №237 буйрук |
| 20. | Биринчи май РИИБ | М. Абдраев | Ага тергөөчү | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Сөгүш, 18.08.2020-ж. № 429 буйрук |
| 21. | Бишкек шаардык соту | Н. Чериков<br>Ж. Сабитова<br>Ж. Алгожоев | Судья<br>Судья<br>Судья | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Алдын ала эскертүү (КР Судьялар кеңешинин тартип комиссиясынын каты, чыг. 12.10.20-ж.. № Д-1056/20) |
| 22. | Ысык-Ата районунун прокуратурасы | Н. Молдокеева | Прокурордун жардамчысы | Кызматтык милдеттерин талаптагыдай аткарбоо | Сөгүш, № 29 буйрук 12.02.2020-ж. |

## 2-тиркеме. КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) 2020-жылга бюджеттик каражаттары боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет

КР Финансы министринин 2018-ж.25-
декабрдагы №137 буйругуна

2-форма. Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет

| | |
|---|---|
| Мекеме: | 4402011101000268 Акыйкатчы аппараты |
| Отчеттук дата: | 01.01.2021-ж. карата |
| Отчеттук мезгил: | жылдык 2020-ж. |
| Өлчөө бирдиги: (сом) | |
| Ведомстволук классификация: | 21110 |
| функционалдык классификация | 70337 |

| Көрсөткүчтөр | Беренелердин жана элементтердин коддору | Смета боюнча бир жылга бекитилгени | Отчеттук жылга смета боюнча такталганы | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар | Милдеттенмелер жана контракттар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **ЧЫГЫМДАР** | | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **Эмгек акы** | **211** | **39109200** | **39109200** | **37566445** | **37 511 445** | **0** |
| Негизги эмгек акы | 21111100 | 0 | 0 | 13382126 | 13 327 126 | 0 |
| Үстөк акылар | 21111200 | 0 | 0 | 7932641 | 7932641 | 0 |
| Кошумча төлөмдөр жана компенсациялар | 21111300 | 0 | 0 | 16251678 | 16251678 | 0 |
| **Мүчөлүк акылар/социалдык керектөөлөргө чегерүүлөр** | **212** | **6280400** | **6280400** | **5597888** | **5 598 888** | **0** |
| Пенсиялык фондуга камсыздоо акылары | 21211100 | 0 | 0 | 5597888 | 5597888 | 0 |
| **Товарларды жана кызматтарды пайдалануу** | **221** | **3712700** | **2086600** | **1582754** | **1582754** | **0** |
| Транспорттук чыгымдар | 22111100 | 0 | 0 | 20647 | 20647 | 0 |
| Мейманкана чыгымдары | 22111200 | 0 | 0 | 53950 | 53950 | 0 |
| Суткалык чыгымдар | 22111300 | 0 | 0 | 98000 | 98000 | 0 |
| Телефон жана факсимилдик байланыш кызматтары | 22122100 | 0 | 0 | 340257 | 340257 | 0 |
| Уюлдук байланыш кызматтары | 22122200 | 0 | 0 | 37379 | 37379 | 0 |
| Почта байланышы кызматтары | 22122400 | 0 | 0 | 165710 | 165710 | 0 |
| Байланыштын башка кызматтары | 22122900 | 0 | 0 | 272821 | 272821 | 0 |
| Имараттарды жана жайларды ижаралоо | 22131100 | 0 | 0 | 93298 | 93297 | 0 |
| Бензин, дизель жана башка күйүүчү майлар | 22141100 | 0 | 0 | 217500 | 217500 | 0 |
| Запастык бөлүктөрдү сатып алуу | 22141200 | 0 | 0 | 16650 | 16650 | 0 |
| Транспорттук каражаттарды тейлөө | 22141300 | 0 | 0 | 20900 | 20900 | 0 |
| Маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү кызматтар | 22151400 | 0 | 0 | 73050 | 73050 | 0 |
| Санитардык кызматтарды сатып алуу | 22152100 | 0 | 0 | 62914 | 62914 | 0 |
| Имараттарды күтүү үчүн башка кызматтарды сатып алуулар | 22152900 | 0 | 0 | 547 | 547 | 0 |
| Мамлекеттик кызматкерлерди окутуу үчүн чыгымдар | 22153100 | 0 | 0 | 6000 | 6000 | 0 |
| Маалыматтык кызматтар үчүн төлөмдөр | 22154300 | 0 | 0 | 61630 | 61630 | 0 |
| Башка кызматтарга төлөө менен байланышкан башка чыгымдар | 22154900 | 0 | 0 | 41500 | 41500 | 0 |
| **Товарларды жана кызматтарды сатып алуулар** | **222** | **2224300** | **103100** | **55844** | **55844** | **0** |
| Предметтерди жана материалдарды башка сатып алуулар | 22221200 | 0 | 0 | 55844 | 55844 | 0 |
| **Коммуналдык кызматтар** | **223** | **666400** | **666400** | **417198** | **417198** | **0** |
| Суу үчүн төлөм | 22311100 | 0 | 0 | 14502 | 14502 | 0 |
| Электр энергиясына төлөм | 22311200 | 0 | 0 | 94934 | 94935 | 0 |
| Жылуулук энергиясына төлөм | 22311300 | 0 | 0 | 307762 | 307762 | 0 |